# МАШАЙАКЧЫЛЫК ИШЕНИМ НЕГИЗДЕРИ

Доктор Стивен Гибсон

Some material for this course was adapted from the book *I Believe*,
by the faculty of God's Bible School and College, in Cincinnati, Ohio.

shepherds
GLOBAL CLASSROOM

# Мазмуну


Курстун максаты жана киришүү 5

Мугалимдер жана студенттер үчүн колдонмо 7


## Сабактар


(1) Кудайдын Китеби 11

(2) Кудайдын өзгөчө мүнөзү 25

(3) Үчбирдиктүү Кудай 35

(4) Адамзат 47

(5) Күнөө 57

(6) Рухтар 67

(7) Машайак 79

(8) Куткарылуу 95

(9) Куткарылуу жөнүндө болгон суроолор 109

(10) Ыйык Рух 125

(11) Машайакчылыктагы ыйыктык 137

(12) Жыйын 147

(13) Түбөлүктүк 157

(14) Акыркы убактттагы окуялар 167

(15) Байыркы ишеним белгилери 177

# Курстун максаты жана киришүү

### Киришүү

Бул курс - Кудай, Машайак, күнөө, куткарылуу жана башка маанилүү суроолор боюнча машайкчылык теологиясынын негизги окутууларын түшүнүүнүгө камсыз кылат. Студент доктриналык каталардан кантип качууну үйрөнөт жана башкаларга машайакчылык окутууларды үйрөтүүнү үйрөнөт.

### Курстун максаты

(1) Машайакчылык ишениминин негизги окутууларын үйрөнүү.

(2) Ыйык Китепти окутуулар үчүн ишенимдүү булак жана бийлик катары туура колдонуу.

(3) Окутуулардагы олуттуу каталарды аныктоо.

(4) Кудай менен болгон мамилебизди тереңдетүүгө жардам берген түшүнүккө ээ болуу.

(5) Окутуунун мазмуну жана методдору жөнүндө билимди өткөрүп берүү.

## Мугалимдер жана студенттер үчүн колдонмо

Бул колдонмолор, бул курсту кантип натыйжалуу берүү деңгээлде окутуу керектигин сүрөттөйт. Класс жетекчиси бул стандартты “Койчумандардын Дүйнөлүк Окуу борбору” тарабынан сертификат алган студенттер үчүн сакташы керек. Сунуш кылынган талаптарга жооп бере албаган студенттик-топторго, мугалим студенттердин мүмкүнчүлүгүнө ылайык башкага күбөлүк бере алат.

Биздин эсептөөлөр боюнча, ар бир сабак 90 мүнөт же андан көп убакытты алат. Андыктан ар бир сабакты бүтүрүү үчүн топ эки жолу чогулуп турса натыйжалуу болот. Топ эки жолу чогулса, кээ бир көрсөтмөлөрдү ылайыкташтыруу керек болушу мүмкүн. Мисалы, тест бир гана жолу өткөрүлөт.

## Мугалимдер үчүн колдонмо

Ар бир студентке тесттик суроолордун жооптору бар баракчадан тышкары сабактардын материалдарынын толук көчүрмөсү керек.

Сабактын башында өткөн сабак боюнча тест өткүрүңүз. Ар бир студент эсине жараша жоопторду өзү жазышы керек. Эгерде жооп бере албай калса, анда кайра тапшырууга мүмкүнчүлүк бериңиз.(Болжолдуу убакыт: 10 мүнөт).

Тесттен кийин өткөн сабактагы максаттардын тизмесин кайталоо суроолору катары колдонуңуз. Ар бир максат боюнча суроо бериңиз жана студенттерге өз ойлорун бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз. (Болжолдуу убакыт: 15 мүнөт).

Жаңы теманы сабакта көрсөтүлгөн аятты студентке окутуу менен баштаңыз. Сабактын темасы жөнүндө бул аятта эмне деп айтылгандыгы тууралу студенттерге кыскача талкуулоого уруксат бериңиз.(Болжолдуу убакыт 10 мүнөт).

Ар бир бөлүмдү окуп, түшүндүрүп берүү менен сабакты өтүңүз. Кээ бир студенттер даярдап айрым бөлүмдөрдү кайталап өтүп берсе жакшы болот.( Болжолдуу убакыт 45 мүнөт).

Курста **Ыйык Жазуу** көп колдонулат. «Окугула» деген сөз менен башталган Ыйык Жазуунун шилтемелери класста үн чыгарып окууга тийиш. Жана башка шилтемелер тексттеги билдирүүлөргө кошумча келтирилген. Класста бул үзүндүлөрдү карап же окуунун кереги жок.

“�” - белгиси талкууланып жаткан суроону билдирет. Суроо кээде жаңы бөлүмгө киришүү, кээде мурунку материалды карап чыгуу катары колдонулат. Эгерде суроо темага киришүү болсо, жоопту толук түшүндүрүүнүн кереги жок.

Класс ар бир сабактын аягында «Ишеним билдирүүсүн» эки жолу чогуу окуш керек.

Сабактын аягында ар бир студентке тизмеден аяттан үзүндү берилиши керек. Студенттер үзүндү окуп, үзүндүдө сабактын темасы жөнүндө эмне деп айтылганы жөнүндө кыскача текст жазышы керек. Бул ишти алар кийинки сабакта мугалимге көрсөтүүлөрү керек.

Сабакты өздөштүрүп жатканда, ар бир студент, жыйында, үй тобунда, же башка топтордо бул сабакты, кайталоо иретинде, жетидей кем эмес жолу өтүшү зарыл. Тапшырманы ар бир сабактын аягында эскертип, эгер студент сабакты өткөн болсо, анда кандай өтүлгөндүгүү жөнүндө айтып берүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз.

Сабактын аягында студенттерге кийинки сабакты окуп келүүсүн эскертүү керек.(Кулактадыруу жана тапшырмаларды берүүнүн болжолдуу убактысы: 10 мүнөт).

Эгерде студент **“Койчумандардын Дүйнөлүк Окуу борбору”** сертификатын алгысы келсе, ал класстык сессияларга катышып, тапшырмаларды аткарышы керек. Эгерде студент сабакты калтырса, ал калтырган сабакты окуп, тест тапшырып, жазуу тапшырмасын аткарышы керек. Курстун аягында аткарылган тапшырмаларды жазуу үчүн форма берилет.

## Студенттер үчүн колдонмо

Талкууга түшүнүү менен катышуу үчүн, ар бир сабактын материалын, сабак башталганга чейин, окуп келүү керек.

Ар бир сабактын башында, өтүлгөн сабак боюнча тест берүүгө даяр болуңуз. Сизге берилген тесттик суроолор боюнча материалды окуп чыгыңыз.

Ар дайым Ыйык Китепти, сабактын басылган көчүрмөсүн жана өзүңүздүн жазууларыңызды кошуу үчүн калемди алып келиңиз.

Мугалимдин суроолоруна жооп берүүгө, Ыйык Китептеги көрсөтүлгөн аяттарды ачууга, сабакты талкулоого даяр болуңуз.

Сабактын аягында сизге Ыйык Китептен үзүндү берилет. Кийинки сабактын алдында үзүндүнү окуп, үзүндүдө сабактын темасы жөнүндө эмне деп ойлойсуз деп жыйынтыктап көрүңүз. Аткарылган тапшырманы жетекчиге көрсөтүңүз.

Бул курстун жүрүшүндө, жок эле дегенде, жети жолу, сиз бул курска катышпаган адамдарга сабакты же сабактын бир бөлүгүн үйрөтүшүңүз керек. Сабакты жамааттык топто, үй тобунун чогулушунда же башка шарттарда окута аласыз. Курстан тышкары сабак бергениңизде жетекчиңизге кабарлаңыз.

# 1 - Сабак
# Кудайдын Китеби

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Жалпы аян жана жеке ачылыш жөнүндө түшүнүк.
(2) Ыйык Китептин тактыгын далилдөө.
(3) Ыйык Жазуу "Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган" жөнүндө туура түшүнүк.
(4) Эмне үчүн "Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган" деген, Ыйык Жазууда «ката жок» дегенди билдирет.
(5) *«Ыйык Рухтун жетеги», «жаңылбас», «катасыз»* деген түшүнүктөр жөнүндө.
(6) Ыйык Китеп эмне үчүн толук жазылып бүткөн жана Ыйык Китепке бир нерсе кошууга мүмкүн эмес.
(7) Ыйык Китеп эмне үчүн окуунун негизги булагы жана акыркы бийлиги болуп саналат.
(8) Машайакчылардын күнүмдүк жашоосундагы Ыйык Китептин маанилүүлүгү.
(9) Ыйык Китеп жөнүндө ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – бул турра эмес окутуулардан сак болуу жана Ыйык Китепти чектелген максат менен изилдөөдөн алыс болууну үйрөөнү.

## Ыйык Китеп

*Ар бир сабак өткөн сабактын максатын кайталоо менен жана тесттен башталат. Бул биринчи сабак болгондуктан, төмөнкү Ыйык Жазууну окууга өтүңүз.*

*Забур 118:1-6 чогуу окуугула. Бул үзүндүдө Ыйык Китеп жөнүндө эмне деп айтылып жатат? Талкуу жүргүзгүлө.*

Ааламдын Жаратуучусу Кудай сүйлөдү. Ал Өзүн жана жаратуу максатын ачып берди. Кудай бизге ачып берген чындык "аян" деп аталат. Ыйык Китепте "Аян" деген китеп бар, бирок бул сөздү Кудай ачып берген бардык чындыктарга колдонсо болот.

� Кудай бизге чындыкты кандай жолдор менен ачып берди?

## Аяндардын ар түрдүүлүгү

Кудай чындыкты ар кандай жолдор менен ачып бергендиктен, биз эки түрдөгү аян жөнүндө сөз кылабыз: жалпы аян жана жеке ачылыш.

### Жалпы аян

Жалпы аян – бул Кудай жараткан нерселерди карап, Кудай жөнүндө түшүнө алатурган нерсе. Кудайдын укмуштуудай акылын жана күчүн, ааламдын кооздомунан көрөбүз.

Кудай жөнүндөгү маанилүүлүктү адамдын жаратылышынан көрөбүз: ой жүгүртүүбүз, сулуулукту баалаганыбыз, жаман менен жакшыны айырмалай алганыбыз ( жеткилең болбосо да). Мунун баары Жаратканыбыз ушул жөндөмдөргө жогорку деңгээлде ээ болушу керектигин көрсөтөт.

Жалпы аян бизге Кудайдын сүйлөй алаарын көрсөтүп жаткандыктан, биз жеке ачылыш болушу мүмкүн экендигин түшүнөбүз. Кудай сүйлөй алгандыктан, анда Кудайдан келген билдирүүлөр бар, ал тургай, Кудайдан келген китеп болушу мүмкүн.

Жалпы аян аркылуу адамдар Кудай бар экендигин, Ага баш ийишибиз керектигин жана Ага баш ийбей коюшканын билишет[1]. Бирок жалпы аян Кудай менен кандайча туура мамиледе болуш керектигин көрсөтпөйт. Жалпы аян бизге жеке ачылышка муктаж экендигибизди көрсөтөт, анткени адамдар Жараткандын алдында күнөөкөр жана "кечиримсиз" экендигин көрсөтөт, бирок жалпы аян бизге чечүү жолун айтпайт.

### Жеке ачылыш

Жеке ачылыш ушул нерселерден келип чыккан: Ыйык Китеп Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган жана Ыйса Машайак денеде келген. Жеке ачылыш жалпы аяндын абалын ("биз күнөөкөр табиятыбыз үчүн кулап калганбыз жана күнөөкөр экендигибизди") түшүндүрөт. Жеке ачылыш Кудайды, күнөөнүн киришин жана Кудуреттүү Кудай менен кантип элдешүүгө болорун көрсөтөт.

Элестетип көрсөңүз, Ыйык Китеп бар экендигин билбейсиз. Силер Кудай бар экенин түшүнөсүңөр. Анын алдында күнөөкөр пенде экениңерди да түшүнөсүңөр. Өлгөндөн кийин эмне болоорун, бул жашоонун маңызын жана Кудайга кантип кайрылууну билбейсиңер.

[1] Римдиктерге 1:20да биз Кудай жөнүндө билгенибизди айтып берет, Кудай жараткан дүйнөнү байкап.

Анан кимдир бирөө сизге бир китепти көрсөтүп, бул суроолорго жооп берүү үчүн Кудайдан келген деп айтса. Бул китеп канчалык баалуу болорун элестете аласызбы?

### Кудайдын сөзү тууралуу Ыйык Китептеги далилдер

� Ыйык Китеп өзү жөнүндө эмне дейт? Ыйык Китеп Кудайдын сөзү экендигин ырастаган мисалдарды келтиргиле.

Келгиле Ыйык Китеп Өзү жөнүндө айткан билдүрүлөр жөнүндө сүйлөшөлү. Андан кийин, Ыйык Китептин чындык экенине далилдерин карап көрөлү. Ыйык Китеп Кудайдын сөзү экендигин жарыялайт. Байыркы Келишимде "Теңир мындай дейт"- деп башталган 3000 ден ашуун билдирүү бар[2]. Ыйса Байыркы Келишимди Кудайдан шыктандырылган деп эсептеген[3]. Жаңы Келишимдин Жазуучулары Эски Келишимди Кудайдан[4] жана Жаңы Келишим Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган деп эсептешкен[5].

Эгер адам Ыйык Китепин өзү жөнүндө айткан ырастоолорун кабыл албаса,анда ал сырткы далилдери карап чыкса болот.

Ыйык Китеп жөнүндө билбегениңизди дагы бир жолу элестетип көрүңүз. Сиз Кудайдын инсан экендигин жана кааласа сүйлөй алаарын билесиз. Демек, Кудайдан келген китеп мүмкүн экендигин билесиң. Анан кимдир бирөө сизге китеп көрсөтүп, бул Кудайдан келген китеп деп айтса.

«Бул [Кудайдын] мыйзамы - түбөлүк жашаган Теңирдин бузулбаган элеси. Эч ким эч качан көрбөгөн Кудай адамдарга жана периштелерге өзүнүн табиятын көрсөттү. Бул Кудайдын жүзү; Кудай Өзүнүн жаратууларына, алар көтөрө аларын ачып берди; Алар Кудайды көрүп, жашашы үчүн, аларды жок кылуу үчүн эмес, өмүр берүү үчүн ачылган. Бул Кудайдын жүрөгү адам үчүн ачылган» - Джон Уэсли, «Кудайдын мыйзамынын келип чыгышы, касиеттери жана колдонулушу»

� Ыйык Китеп чындыгында Кудайдын сөзү экендигин кайдан билебиз? Ал китеп кандай болушун күтөт элеңиз?

Жакшы Кабар таратылган жерде, дүйнөнүн кайсы бурчунда болбосун, аны уккан адамдар чындыкты сезип, ичинде кылган иштерине өкүнөт. Жакшы Кабарга ишенгенден кийин, Кудайдын алдында тобо кылганда, алар кечиримди

[2] Мисалдар үчүн Сандар, 34:1, 35:1, и 35:9 аяттарын караңыз.
[3] **Окугула.** Матай, 5:17-18; Жакан, 10:35; Марк, 12:36.
[4] **Окугула.** Элч.иш., 3:18; 2 Пет., 1:20-21; 2 Тим., 3:16.
[5] **Окугула.** 1 Кор., 14:37; 2 Пет., 3:16.

сезип, жашоосундагы өзгөрүүлөрдү көрүшөт. Көпчүлүк адамдарга Ыйык Китепке ишенүүгө үчүн биринчи себеби ушул болот[6].

Экинчи далил: Ошентип, Кудай менен мамилелешкен адам үчүн, Кудайдын Руху Ыйык Жазуу аркылуу сүйлөйт, түшүнүк жана ишеним берет. Ыйык Рух Ыйык Китепти колдонуп жатканы – бул Кудайдын сөзү экендигинин далили[7].

Кудай менен болгон мамилебиз өскөн сайын, Ыйык Китеп бизге Кудайдын табиятын ачып, бизде жана биздин жашоодо иштеп жатканын көрөбүз. Ыйык Жазуу Кудай менен мамилени кантип баштоо керектигин жана Аны менен мындан ары да мамилелешүүнүн жолу көрсөтөт. Ошол себептен Ыйык Китеп – Кудайдын сөзү экенин далилдейт[8].

Бирок өзүңөрдүн руханий тажрыйбаңарга негизделбеген далил керек болсочу? Башка диндердеги адамдарда да руханий тажрыйбасы бар, бирок алардын тажрыйбасы чындыкка негизделбейт. Биздин тажрыйбабыз чындыкка негизделгенин кайдан билебиз?

� Ыйык Китепте жазылган маалыматтын тактыгына далилдер барбы?

Ыйык Китеп 1500 жыл ичинде, кырктан ашуун авторлор жазган, алардын көпчүлүгү бири-бирин тааныган эмес. Ушундай шарта жазылган китептен эмнени күтсө болот? Анда ар кандай каталар жана карма-каршылыктар бар деп божомолдобой, андан көрө фактыларга көңүл буралы: Ыйык Китептеги миңдеген географиялык жерлер азыр да бар; Ыйык Китепте айтылган миңдеген тарыхый окуялар жана инсандар тарыхта тастыкталган; бир да илимий ачылыштар Ыйык Китепти жокко чыгарган эмес; Ыйык Китепте да карама-каршылыктар жок. Буга чийин жазылган бир дагы китеп жөнүндө ушундай сөздөр айтылган эмес. Далилдер Кудай Ыйык Китепти Ыйык Рухтун жетеги менен жаздырткнын ырастайт.

Ыйык Китеп – Кудайдын Сөзү экендиги жөнүндөгү далилдерди алты нерседен жыйынтыктай алабыз.

(1) Ыйык Китептеги миңдеген фактылар тастыкталган.
(2) Ыйык Китептеги бир дагы билдирүү жокко чыгарылган эмес.
(3) Ыйык Китеп өзүнө карама-каршы келбейт.
(4) Жакшы Кабар анын таасири менен далилденет.
(5) Кудайдын Руху Ыйык Китеп аркылуу сүйлөйт.
(6) Кудай менен болгон мамилебизди Ыйык Китеп жетектейт.

---

6 **Окугула.** 1 Тесалоникалыктарга, 1:5.
7 **Окугула.** Эфестиктерге 6:17.
8 **Окугула.** Забур, 118:1-2.

## Кудайдын Рухунун жетегинин аныктамасы

� Ыйык Китеп Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган деп айтканда эмнени билдирет?

Кээде адамдарга шыктандыруу келгенде, сонун идеялар менен күйүп баштайт, бирок Ыйык Китеп Кудайдын жетеги менен жазылганын айтканда, андан да көптү билдирет.

“Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн оңдоо үчүн пайдалуу”[9].

«Кудайдын рухунун жетеги менен берилген» деген сөз айкашы «Кудайдан дем алган» дегенди билдирет. Ыйык Китеп адамдын колу менен жазылганына карабастан, бул аят Ыйык Китептин Кудайдан экенин баса белгилейт. Ыйык Китеп Кудайдан болгондуктан, ал окутуулар үчүн ишеничтүү. Бул адамдардын колунан келген эң жакшы нерседен да жакшыраак.

“Себеби пайгамбарчылык эч качан адамдын каалоосу менен айтылган эмес. Аны Кудайдын ыйык адамдары Ыйык Рухтун жетеги менен айтышкан”[10].

2 Петирде, бул аятта Ыйык Рухтун жетегинде жазуучулар жүргөндүгү түз мааниде айтылат. Алардын жазгандарынын тактыгы жеке билимине көз каранды эмес. Ыйык Рухтун аларды жетектегени - бул Кудай жазуунун ишенимдүүлүгүнө көз каранды экенин көрсөтүп турат. Ыйык Китеп Кудайдын Өзү сыяктуу эле ишенимдүү.

Ыйык Рухтун жетеги - бул Кудай Өзүн ачып берген жана ошол аянды жазуу түрүнө келтирген табияттан тышкаркы иш. Ыйык Китеп — бул Кудайдын Рухунун жетегинин акыркы жемиши. Ыйык Китеп — Кудайдын жетеги менен жазылган жалгыз китеби. Ыйык Китептин Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылганы анын толугу менен, акыркы сөзүнө чейин, Кудайдын Сөзү экенин билдирет.

## Кантип Ыйык Рух жетектеген?

�Ыйык Китепти жазган адамдар кантип чындыкты Кудайдан алышкан?

---

[9] 2 Тиметей, 3:16.
[10] 2 Петир 1:22.

Кээде адамдар Ыйык Рух аларды кантип жетектегенине таң калышат. Кудай өзүнүн чындыгын кантип билдирген жана анын так жазылганына кантип ынанган? Кудайдын аяны жөнүндө айтыла турган биринчи чындык – бул анын көп түрдүүлүгү. Ал белгилүү бир ыкма менен чектелбейт[11].

Кээде Кудай Муса менен сүйлөшкөндөй угумдуу үн менен сүйлөчү.[12] Башка учурларда ал түш, аян берип, жазуучу аларды сүрөттөгөн.[13]. Балким, Ыйык Жазууну "Кудай сөөймөү менен жазган эки таш лоокторy", Ысрайыл менен түзгөн келишими болгон[14]. Ыйык Жазуунун башка бөлүктөрү Кудай тарабынан жазылган болушу керек; Чыгуу, Лебилер жана Сандар китебиндеги улуу үзүндүлөр: «Жана Теңир Мусага сүйлөдү» деген сөздөн кийин жазылган.

Кудайдын Рухунун жетеги менен айтылган сөздөр, Кудай жазуучуга уккулуктуу үн менен айткан дегенди билдирбейт. Биз ар кандай авторлорду, ар кандай инсандарды жана жазуу стилин көрөбүз. Мисалы, Пабылдын стили Петирдикинен такыр башкача. Биздин "Ыйык Рух жетектеген" деген түшүнүгүбүз - Кудайдын адам жазуучуларынын инсандарын, сөз байлыгын, жазуу стилин, билимин жана тарыхый изилдөөлөрүн камтышы керек.

"Ыйык Рух жетектеген" деген туура көз караш – бул Кудай жазуучуну жазуу процесси аркылуу Кудайдын Руху тарабынан толугу менен жетеленип, фантазиясын жана инсандыгын колдонуп, Кудайдын чындыгын ачып берүү үчүн гана эмес, толук тактыкты камсыз кылуу үчүн аны да көзөмөлдөгөн.

> «Демек, Эски жана Жаңы Келишимдин Жазуусу – бул Кудайдын акыйкатынын эң бекем жана баалуу системасы. Ар бир бөлүгү Кудайга татыктуу; жана бардыгы бир бүтүн денени түзүшөт, анда эч кандай кемчилик жок, ашыкча эч нерсе жок. Бул асмандагы акылмандыктын булагы, анын даамын татып көрө алгандар даанышман, илимдүү, ыйык болсо да, адамдардын бардык жазууларынан артык көрүшөт»
> - Джон Уэсли, Жаңы Келишимдеги эскертүүлөрдүн түшүндүрмөсү

Кээ бирөөлөр Кудай эмнени айткысы келгени жөнүндө жөн гана түшүнүк берген деп эсептешет, ал эми адам аларды колунан келишинче түшүндүрүп, сөзсүз майда-чүйдөсүнө чейин адамдык каталарды кетирген дешет. Мындай көз караш Ыйык Китепте Кудайдын Рухунун жетеги жөнүндөгү сүрөттөлүшкө туура келбейт. Ыйык Китепте жазуучулар Кудайдын Руху тарабынан жетектелгени сүрөттөлөт, ошондуктан биз алар

[11] **Окугула.** Эврейлерге 1:1
[12] Мисирден чыгуу 33:11.
[13] Аяндардын мисалдары үчүн Даниел 7, 8 жана Аян китебинин көптөгөн бөлүмдөрүн караңыз.
[14] Мыйзамды кайталоо 9:10.

өз атынан жазбаганын жана ката кетирбегенин билебиз.

Ыйык Китеп – Кудайдын сөзү болгондуктан, анда адашуу жок, анткени Кудай ката келтирбейт[15].

Кудай Өзүн Ыйык Китепте жазылган тарыхта ачып бергендиктен, биз Кудайдын ишенимдүү ачылышына ээ болушубуз үчүн, майда-чүйдөсүнө чейин так болушу керек. Ошондуктан, Ыйык Рухтун жетеги сүрөттөлүшү аркылуу, биз Кудай жазууну туура жолго салганын билебиз.

## Ыйык Китептин тактыгын коргоо үчүн колдонулган терминдер

### Ыйык Рухтун жетеги

Ыйык Китептин Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылганы анын Кудайдын Сөзү экенин билдирет. Башында бул термин Ыйык Китептин толук ишенимдүүлүгүн жана тактыгын коргоо үчүн жетиштүү болгон, бирок азыр Ыйык Китеп Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган деп эсептеген кээ бир адамдар анын толук так экенине ишенишпейт.

Төмөнкү терминдер Кудайдын Рухунун жетегинин маанилүү аспектилерин коргоо үчүн колдонулуп башталган.

### Жаңылбас

Бул термин "жаңылышсыз" дегенди билдирет. Ыйык Китеп кемчиликсиз деп айтканда, биз ага ишене аларыбызды жана ал бизди эч качан адаштырбайт деп айтабыз. Ыйык Китеп окуулары боюнча гана эмес, ар бир билдирүүсүндө да жеткилең.

### Акыйкат

Бул термин "катасы жок" дегенди билдирет. Ыйык Китепте ар бир билдирүү так жазылган. Кудай жалган сүйлөбөйт жана ката кетирбейт [16]. Эгерде кимдир бирөө Ыйык Китепте каталар болушу мүмкүн, анткени аны жазууда адамдар катышкан деп айтса, ал 2 Петир 1:21-22деги Ыйык Рухтун жетегин сүрөттөлүшүн унутуп койгон болот: жазуучуларды Ыйык Рух «алып барган». Ыйык Рухтун жетеги жөнүндө Ыйык Китептик – тарыхый көз караш - бул бүт Ыйык Китеп, атүгүл ар бир сөз, Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылганын билдирет, андыктан анда эч кандай ката жок[17].

---

[15] **Окугула.** Накыл сөздөр 30:5.
[16] **Окугула.** Титке 1:2.
[17] **Окугула.** Матай 5:18.

**Кол менен нечен ирет көчүрүүдө ката кетиши мүмкүнбү?**

Басма сөз пайда болгонго чейин Ыйык Жазуу кол менен көчүрүлүп, жазылган. Бизде Пабылдын, Ышайанын же Мусанын кол жазмаларынын түп нускасы дагы деле жок. Грек жана еврей тилдериндеги миңдеген байыркы колжазма нускалардын арасында анча-мынча айырмачылыктар бар жана биз түпнускадагы сүйлөмдүн эмне экенин дайыма биле албайбыз. Бирок, айырмачылыктар ушунчалык кичинекей болгондуктан, эч кандай доктринага шек келтирүүгө болбойт. Биз Ыйык Китептин ар бир сөзүнө ишене аларыбызды билебиз, анткени түпнускалардын катасыз экенин жана көчүрмөлөрүнүн ортосундагы айырмачылыктар абдан аз экенин билебиз.

� Ыйык Китеп нечен ирет көчүрүлгөнүнө карабастан, анын тактыгына кантип ишенүү керек?

� Адамдардын Ыйык Китепте каталар бар деп ойлошуна кандай себептер бар?

**Эмне үчүн кээ бир адамдар Ыйык Китепте каталар бар деп ойлошот?**

Кээде адамдар Ыйык Китепте каталар бар деп айтышат, анткени алар Ыйык Китепте эмне деп айтылганын түшүнүшпөйт.

Ыйык Китепте кадимки баарлашуунун үлгүлөрүн колдонулат. Мисалы, күндүн асманда жылып жүргөнү тууралуу бир аят бар. Биз чындыгында күн эмес, жер айланарын билебиз. Бирок муну билгендер күн чыгат, күн батат деп да айтышат. Бул ката катары эсептелбейт. Бул жөн эле, биз бул көрүнүштү кандай көргөнүбүздү сүрөттөйт.

«Адырлар козудай секирди» же «бак-дарактар алакан чапты», деген поэтикалык туюнтмалар да бар. Бул адабий стиль, ошондуктан аны түз мааниде кабыл албаш керек.

Жазуу стилинде айырмачылыктар бар. Башка авторлордун, анын ичинде Кудайдын Руху жетектебегендердин цитаталары бар. Булардын бири да Кудайдын Рухунун окутуусу үчүн көйгөй эмес. Кудай жазуу процессине акыркы продукт Анын Сөзү экенине ынануу үчүн жетектеген.

Кээде адамдар Ыйык Китептен карама-каршылыктарды көрөбүз деп ойлошот, бирок алар ошол жерлерди кылдаттык менен карап чыгышы керек. Мисалы, Лука 8:26-27 жана Марк 5:1-2 Ыйса тарабынан куткарылган жин оорулуу адам жөнүндө айтылат. Матай 8:28де жин

оорудан эки киши куткарылганы жөнүндө айтылат. Бул карама-каршылык эмес. Лука менен Марк, бир эле адам куткарылды деп айтышпайт, бирок алар ошол жерде белгилүү болгон адамга көңүл бурууну чечишкен. Эгерде Ыйык Китепте ачык-айкын карама-каршылыктуу көрүнгөн жерлер бар болсо, анда тез жыйынтык чыгарууга болбойт, тескерисинче, контекстти түшүнүүгө убакыт бөлүү керек.

## Машайакчы үчүн Ыйык Китеп

� Машайакчылар Ыйык Китепти кантип колдонушу керек?

Ыйык Китеп — Кудайдын бизге берген мыйзамы. Мыйзам бизди куткарбайт, бирок Кудай бизди кандай жашашыбызды каалаарын көрсөтөт. Кудайдын мыйзамы бизге Кудайдын табиятын көрсөтөт. Биз Кудайдай болгубуз келгендиктен, Анын мыйзамына баш ийишибиз керек. Биз Кудайды сүйгөндүктөн, анын мыйзамын да сүйүшүбүз керек.118 Забур китебинде Кудайга табынган адам Кудайдын мыйзамынан бакыт табаары жазылган. Кудайды сүйгөн адам анын жүрөгүн Кудайдын эркине ылайык өзгөртүү үчүн Кудайга сыйынат. Кудайды сүйгөн адам, Кудайды кантип ыраазы кылам деп тынчсызданбаганы бул мүмкүн эмес.

Кудайдын Сөзү - Жарык. Элчи Петир бизге дүйнө руханий караңгылыкта экендигин, ал эми Кудайдын сөзү бизди жетектеп турган жарык экендигин айттат[18]. Бул бизге жол көрсөткөн Жарык. Эч качан Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келген ойлорго жана сезимдерге ээрчибеш керек. Ыйык Рух эч качан адамды Ыйык Китепке туура келбеген нерселерди жасоого чакырбайт.

> «Биз Машайак жана анын элчилери жерде жашаган мезгилден бери, адамдын же жыйындын куткарылышы үчүн, Кудайдын Рухунун жетегинен башка эч нерсе кереги эмес деп эсептейбиз. Ал ар бир адамда, ар бир коомдо толук жана жеткилең түрдө берилген жана Ыйык Жазууда жашайт».
> - Иаков Арминий, «Ыйык Китептин жеткилеңдиги жөнүндө дискуссия»

Кудайдын Сөзү — биздин рухий азыгыбыз. Жакшы табит – ден соолуктун белгиси, ал эми машайакчы Кудайдын Сөзүн бала сүт каалагандай эңсейт[19]. Машайакчы чоңойгон сайын, бала катуу тамакты жегенге үйрөнгөндөй эле, Кудайдын чындыгын түшүнүүгө жана сиңирүүгө жөндөмдүү болуп калат[20]. Машайакчы күн сайын Кудайдын Сөзү менен тамактанышы керек.
aaz

---

[18] **Окугула.** 2 Петир 1:19-21; Забур 118:105.
[19] 1 Петир 2:2.
[20] 1 Коринттуктарга 3:2.

Ыйык Китеп биздин шайтандан коргойт. Биз рухий куралдар менен жабдылышыбыз керек. Ыйык Рух бизге тартуулаган кылыч – бул Кудайдын Сөзү[21]. Ыйса Шайтандын азгырыктарына Ыйык Жазуунун сөздөрү менен жооп берген[22].

Кудайдын Сөзү – бул бизди өзгөрө ала турган чындык. Ыйса аны себилген үйрөнгө[23] салыштырган. Айрым уруктар жер даяр болбогондуктан чыкпай калган. Кудайдын Сөзү биздин жашообузда жемиш алып келсин деп сыйынышыбыз керек.

## Ыйык Китеп – Кудайдын сөзү болгондуктан...

- Ал эч качан эскирбейт жана актуалдуулугун жоготпойт. Ыйык Китеп бардык адамдарга, бардык жерлерге жана бардык убакыттарга ылайыктуу.

- Бул Кудайдын эркин билүү үчүн көрсөтмө, анткени Кудай эч качан Өз оюн өзгөртпөйт жана Өзүнө карама-каршы келбейт.

- Бул жашоонун эң жакшысын алуу үчүн биздин жол көрсөтүүчүбүз, анткени Жаратканыбыз Кудай аны бизге көрсөтмө катары берген.

- Анда куткарылуу жана Кудай менен мамиледе болуу үчүн биз билишибиз керек болгон нерселердин баары камтылган.

Жыйын башчыбыздан жана жыйындан биз каада-салттарынан көп нерселерге үйрөнсөк да, Ыйык Жазууга карама-каршы келген ойлорду кабыл албашыбыз керек, анткени Ыйык Жазуу акыркы бийлик.

Ыйык Рух бизге Кудайдын Сөзүн ачып берет жана бизди Ага баш ийүүгө жетелейт.

� Кудай дагы эле сүйлөп жатса, анда Ыйык Китепке дагы бир нерсе кошулат деп күтүшүбүз керекпи?

## Ыйык Китеп жазылып бүткөнбү?

Акыркы элчи өлгөндөн бери жыйын Ыйык Китепти толук китеп катары карап келет. Жыйын Ыйык Жазуу деп аташ үчүн "каттарды" жөн эле тандап эле койгон эмес; тескерисинче, жыйын айрым "каттарды" Кудайдын рухунун жетеги менен жазылганын жана Ыйык Жазуунун

[21] Эфестиктерге 6:17.
[22] Матай 4:3-4.
[23] Лука 8:11-15.

негизинде бийликке ээ экенин түшүнүшкөн. Ыйык Жазуу катары таанылган жазуулар кийинчерээк эч ким жооп бере албаган талаптарга жооп берген.

Байыркы Келишимдин китептери үчүн, жыйын ысрайылдыктар Ыйык Жазуу катары сактаган жазууларды тандашкан. Жаңы Келишим болсо төмөнкү талаптарга жооп берген: элчилер менен тарыхый байланыш, тактык, жыйын менен бир добушта кабыл алынган, Эски Келишимди урматтоо менен колдонуу, адаштырган окутууларга каршы туруу.

Кудай дагы эле сүйлөйт, бирок Ыйык Китепке азыр бир нерсе кошсо болобу? Бир дагы жаңы жазуу Ыйык Жазуунун түп нускасына кошулуу үчүн коюлган талаптарга жооп бериши мүмкүн эмес. Мисалы, бир жаңы жазууну элчилер менен байланыштырууга болбойт, анткени алар азыр жок. Ошондой эле, дүйнө жүзү боюнча жыйындар бир добуштан эч кандай жазууларды кабыл алышпайт.

Ыйык Жазуу – толук, куткаруу үчүн жана Машайакчылык жашоо үчүн жетиштүү[24]. Ыйык Жазуу маанилүү жана керектүү эч нерсе кошууга болбойт, анткени анда бизге керектүү нерселердин баары бар. Жаңы аян алып жатам деген адамдар, тескерисинче, убактысын Кудай берген аянды изилдөөгө жумшашы керек. Алар ошол жерден керектүү нерселердин баарын табат жана адашуудан сактанышат.

*Студенттер төмөнкү маалымытты түшүндүрүп берсе болот.*

**Адашуудан сак болуу.**
**Ыйык Китептин бийлигине шек келтирүү**

Сиздин түпкү аброюңуз эмне? – көптөгөн машайакчылар өздөрүнүн бийлигин Ыйык Китеп деп айтышат, бирок чындыгында алар өздөрүнүн сезимдерине көбүрөөк ишенишет. Туура эмес иш кылганы үчүн өздөрүн күнөөлүү сезбегендиктен, адам бул нерселерди кылуу туура деп ойлошу мүмкүн. Андай адам Ыйык Китепти эмес, өзүнүн сезимдерин акыркы бийлик кылат.

Кээде адамдар башкалардын таасири астында болгондуктан, Ыйык Китепти олуттуу кабыл албайт. Ал адамдар Ыйык Жазуудагы осуятка баш ийишпейт, анткени өзүн машайакчы деген адамдар ага баш ийишпейт. Алар машайакчылыктын ыңгайлуу, пайдалуу түрүн карманат, бирок Ыйык Китептеги машайакчылык, адатта, ыңгайлуу, пайдалуу эмес.

---

[24] 1 Тиметей 3:14-16.

Кээде адам башкалардын таасиринен улам Ыйык Китепти олуттуу кабыл албайт. Машайакчылар баш ийбей турган кээ бир осуяттар дуроого алып келет. Ыйык Китептеги машайакчылар көпчүлүктүн колдоосуна ээ болгон эмес.

**Чектелген максат менен Ыйык Китепти изилдөө**

Ыйык Китеп окуулардын негизги булагы болуп саналат. Ал ар кандай доктриналдык суроо боюнча эң жогорку бийлик. Бирок, бир көйгөй бар - адамдар Ыйык Китепти өздөрүнүн окутууларын далилдөө үчүн гана окушат. Алар Ыйык Китепти рухий тамак катары колдонушпайт. Алар кимдир бирөөгө өзүнүн туура экенин кантип далилдей аларын гана ойлошот. Биз Ыйык Жазуунун негизинде окутууларыбызды иштеп чыгып, коргогонубуз туура. Бирок, эгерде бул Ыйык Китепти колдонуунун жалгыз максаты болсо, анда биз Ыйык Китепти Кудай менен болгон мамилебизде колдонуудан алган кубанычыбызды жоготобуз.

Кээ бир адамдар Ыйык Китепти шыктандыруу үчүн гана окушат. Ыйык Китептин максаты ашкерелөө жана оңдоо экенин унутпашыбыз керек. Биз өзүбүздү жакшы сезип турган убадаларды издеп, Ыйык Китептеги буйруктарды аттап кетпешибиз керек. Балким, Кудай бүгүн силерди ашкерелеп, насаат айткысы келет.

## Жалган окутуулардын каталары

Кээ бир диний топтор Ыйык Китепке ишенебиз дешет, бирок алардын акыркы бийлиги деп башка нерсени ырасташат. Алар Ыйык Китепти аян аркылуу же аларда гана болгон атайын система аркылуу гана түшүндүрө алабыз дешет. Алардын эң маанилүү окутууларын Ыйык Китеп колдобойт.

Алардын Ыйык Китептен башка дагы башка китептери болушу мүмкүн. Алар котормодогу же көчүрүүдөгү каталардан улам Ыйык Китепти ишенимсиз деп айтышы мүмкүн.

Жогорудагы ойлор Ыйык Китепти жеткилең Кудайдын Сөзү деп ырастабайт: алар үчүн башка нерселер да ишенимдин негизи болуп бере алат.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Ыйык Китеп – Кудайдын Сөзү. Жазуучуларды Кудайдын Руху жетектегендиктен, алар Ыйык Жазууну катасыз жазышкан. Ыйык Китепте

күнөөдөн тазалануу жана Кудай менен мамиледе болуу үчүн билишибиз керек болгон нерселердин баары камтылган. Ыйык Китеп — окутууларыбыз үчүн негизги булак жана акыркы бийлик. Машайакчылар Кудай жөнүндө жакшыраак билим алуу, жетекчилик жана рухий азык алуу үчүн Ыйык Китепти күн сайын изилдеши керек.

*Ар бир студентке төмөндө келтирилген шилтемеден сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент берилген аяттарга, тема жөнүндө эмне деп жатканы тууралуу ой жүгүртүү жазып келүүу керек.*

**Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар**

Забур, 118:33-40; Забур, 118:129-136; Накыл сөздөр, 30:5-6; Аян, 22:18-19; Матай, 5:17-19; 2 Тиметей, 3:15-17; 2 Петр, 3:15-16.

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, кеминде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

**Басылып чыгарылган булактар**

Dockery, David S. Christian Scripture, Nashville:
Broadman and Holman, 1995.

**Ыйык Китеп**
**Тесттин суроолору**

1. Жалпы аян деген эмне?
2. Кудай жеке ачылышты кандай жолдор менен көрсөткөн?
3. Жалпы аян аркылуу ачылбаган кандай чындыктар жеке ачылыш аркылуу ачылат?
4. Ыйык Китеп өзү жөнүндө эмне дейт?
5. Кайсы алты себептен улам Ыйык Китепти Кудайдын Сөзү катары кабыл алабыз?
6. Эмне үчүн Ыйык Китеп "үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу."?
7. Жазуучуларды жаңылышкан жок деп ынандырыш үчүн Кудайдын Рухунун жетеги Ыйык Китепте кандай сүрөттөлөт?
8. Кудайдын Рухунун жетеги кандай ыкмаларды колдонгон?
9. Ыйык Китеп Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган деген далилди кандай түшүнсөк болот?
10. Ыйык Китептин жаңылбас дегендиги эмнени билдирет?
11. Ыйык Китептин акыйкат дегендиги эмнени билдирет?

**Ыйык Китеп**
**Тесттин суроолоруна жооптор**

1. Бул Кудай жараткан нерселерди карап, Кудай жөнүндө түшүнө алатурган нерсе.
2. Ыйык Китеп Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган жана Ыйса Машайак денеде келген.
3. Кудай менен болгон мамиленин бузулганын, күнөөнүн киришин жана Кудай менен кандайча элдешүүгө болоорун көрсөтөт.
4. Ыйык Китеп Кудайдын Сөзү экенин жарыялайт.
5. (1) Ыйык Китептеги миңдеген фактылар далилденди; (2) Ыйык Китептеги чындыктар жокко чыгарылган жокко чыгарылган жок; (3) Ыйык Китепте карама-каршылыктар жок; (4) Жакшы Кабарда Кудайдын күчү көрүнөт; (5) Ыйык Рух Ыйык Сөз аркылуу сүйлөйт; (6) Ыйык Сөз Кудай менен болгон мамилени бекемдейт.
6. Ыйык Китеп Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган.
7. Кудайдын Ыйык адамдары Ыйык Рухтун жетеги менен айтышкан (2 Петр 1:21)
8. Угузаа сүйлөгөн, түш жана көрүнүш берген, рухтун жетеги болгон, руханий көздөрүн ачкан.
9. Ыйык Китеп толугуу менен Кудайдын Сөзү.
10. Ыйык Китеп ишенимдүү, эч качан уятка калтырбайт.
11. Ыйык Китепте ката жок, баардык негиздери чындык.

# 2- Сабак
# Кудайдын өзгөчө сапаттары

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Эмне үчүн Адамдын Кудай жөнүндө түшүнүгү абдан маанилүү?
(2) Кудай – Жаратуучу катары, Ал башкалардан кантип айырмаланат.
(3) Кудайдын өзгөчө саппаттары: Инсан, Рух, Түбөлүктүү, Үчбирдиктүү, Кудуреттүү, Бир эле убакта баардык жерде, Өзгөрүлбөс, Баарын билүүчү, Ыйык, Адилеттүү, Сүйүү.
(4) Кудайдын ар бир сапатты биздин Аны менен болгон мамилебиз үчүн канчалык маанилүү.
(5) Кудайдын эгемендиги жөнүндө Ыйык Китептин көз-карашы.
(6) Кудай жөнүндөгү ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – бул студенттерге табынуунун түрлөрүнүн маанисин түшүнбөй ката кетирбөөгө үйрөтүү.

## Кудайдын өзгөчө сапаттары

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын материалын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Ышайа, 40-бөлүмдү чогуу окугула. Бул үзүндү Кудай жөнүндө эмнелерди айтып жатканын талкуулагыла.*

� Эмне үчүн Кудайды туура түшүнүү адам үчүн ушунчалык маанилүү?

Кудай ким? А. У. Тозер бул маселенин маанилүүлүгүн көрсөтүп мындай деген: «Мен окуутулардагы же машайакчылык жүрүм-турумдагы ар бир катачылык - Кудайды туура эмес түшүнүүдөн келип чыгат деп ишенем»[25]. Ыйса кудуктун жанындагы самариялык аялга, самариялыктардын негизги көйгөйү, алар кимге сыйынып жаткандыгын билбегендигин айткан. Ар бир адамдын эң негизги өзгөчөлүгү – анын Кудай жөнүндөгү түшүнүгү. Адамдын Кудай жөнүндө түшүнүгү анын дининин пайдубалы. Кудайдын ким экендигин билбеген адам, опурталдуу адашууга барышы мүмкүн.

[25] Ыйыкты таануу, 10.

Бардык салыштыруулар Кудайды толугу менен сүрөттөй албайт, анткени Ал бизден чексиз жана жогору. Атүгүл Ыйык Китеп да бизге Кудайды толук ачып бербейт, бирок бардык жерде Анын катышуусун жана күчүн сүрөттөйт. Башталыш китебинде Кудай асман менен жерди, күндү, айды, жылдыздарды; өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды жана акыры адамды кандайча жаратканы айтылат. Ыйык Жазуунун биринчи сабагы абдан айкын: Кудай бардык нерсенин Жаратуучусу. Ал жаратылган нерселерден айырмаланып турат, анткени Ал жаратылган эмес.

Бирок Ыйык Китепте Кудай жөнүндө көптөгөн билдирүүлөр бар. Дин адистери Ыйык Китептеги маалыматтарды кылдаттык менен чогултуп, Кудайдын сапаттарынын тизмесин түзүшкөн. Биз аларды адамдык акылыбыз менен толук түшүнө албайбыз. Бирок, Кудайдын сапаттарын урматтоо менен изилдөө баалуу рухий көнүгүү болуп саналат. Ошондуктан, биз Кудай жөнүндөгү төмөнкү билдирүүлөрдү карап чыгабыз. Алар Ыйык Китепте Кудай Өзүн ачып бергендигине негизделген, ошондуктан биз алардын чындык экенине толук ишенсек болот.

**Кудайдын өзгөчө сапаттары**

Биз Кудайдын сапаттарынын толук тизмесин эмес, эң негизгилерин карап чыгабыз.

� Кудайдын канча сапаттарын айтып бере алсыз?

**Кудай-Инсан**

Кудайдын акылы, сезимдери жана эрки бар болгондуктан - Ал реалдуу, тирүү Инсан экендигин билдирет. Ал жаратылыш мыйзамдарынын, электр же тартылуу күчү сыяктуу жөн эле күчтөрдүн натыйжасы эмес. Ал жаратат, иш кылат, билет, каалайт, пландаштырат жана сүйлөйт.

► Эгер Кудай Инсан болбогондо, биз үчүн эмне өзгөрмөк?

Анын Инсан болушу, бизге Аны менен мамиле түзүүгө мүмкүндүк берет. Эгер Кудай Инсан болбосо, Ага сыйына албайт элек жана Кудайга жагууга же Аны капа кылууга мүмкүн эмес эле.

**Кудай-Рух**

«Кудай – Рух. Ага табынуучулар да рух менен, чындык боюнча табынуулары керек”[26].

[26] Жакан 4:24

Кудай – Рух болсо, анда Аны менен болгон мамилебиз жана сыйнуубуз рухта болот. Сыйынуу жана табынуу материалдык нерселерге, дененин өзгөчө абалына, пландаштырылган программага же имаратка көз каранды эмес. Бул нерселер көңүлдү сыйынууга багыттоого жардам бериши мүмкүн, бирок сыйынуу алардан көз каранды эмес.

Кудай Рух болгондуктан, Кудай Өзүнүн көзгө көрүнгөн сүрөттөлүштөрүн жаратууга тыюу салгандыгынын бирден бир себеби болуп саналат[27]. Рух катары Кудай биз үчүн көрүнбөйт [28], кээде Кудай каалаган учурда көрүнгөн [29]. Чектелген мүмкүнчүлүктөрүбүздү эске алып, эч ким эч качан Кудайды толук көргөн эмес десек туура болот[30], кээде Кудай көрүнсө да.

**Кудай-Түбөлүктүү**

Кудай жок болгон учур болгон эмес, жана Ал жок болгон учур эч качан болбойт; Кудайдын башталышы да, аягы да жок. Ал ачып берген ысым – Мен Бар Болуп Туруучумун[31]. Жакан Аны башынан бери эле бар болгон, азыр бар болуп турган жана келе жаткан, Кудуреттүү Теңир катары сүрөттөйт.[32] Муундан муунга Ал Кудай[33]. Айрым диндерде алардын кудайлары качан туулгандыгы жөнүндө уламыштар бар, бирок чыныгы Кудай Түбөлүктүү.

**Кудай-Үчбирдиктүү.** Үчбирдиктүү Кудай жөнүндөгү окууту, бир эле Кудай бар, бирок Анын табиятында үч инсан бар дегенди, Ыйык Китеп ырастайт. Бир гана Кудай бар, бирок анын табиятында үч инсан бар. Ата, Уул жана Ыйык Рух чогуу Кудайдын бардык сапаттарына ээ болгондуктан, Алардын ар бирин Кудай деп атоого болот жана Алардын ар бирине Кудай катары сыйынууга болот.

**Кудай-Кудуреттүү.** Ал каалаганын кыла алат. «Биздин Кудайыбыз асманда: эмнени кааласа, ошону кылат»[34]. Бир гана чек – Ал эч качан өзүнүн ыйык табиятына каршы иш кылбайт жана дайыма убадаларын аткарат. Кудай үчүн мүмкүн эмес же кыйын нерсе жок. «Анткени

---

[27] **Окугула.** Мисирден Чыгуу 20:4-6.
[28] 1 Тиметей 1:17.
[29] Башталыш 18:1; Ышайа 6:1.
[30] Жакан 6:46; Жакан 1:18; Мисирден Чыгуу 33:20.
[31] Мисирден Чыгуу 3:14.
[32] Аян 1:8.
[33] Забур 1:8.
[34] Забур 113:11

бардыгын кармап туруучу Кудай – Теңир падышачылык бийликти колуна алды»[35]

� Кудайдын кудуреттүүлүгүн билүү бизге эмнени берет??

Бул бизди бекемдейт, анткени биз кыйынчылык учурунда Ал «биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да, же ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай»[36]. Баары көзөмөлдөн чыккандай болсо да, биз Кудайдын улуу планы ишке ашарын билебиз. Биз Кудай ар кандай кырдаалга кийлигише алат деп ишеним менен сыйынсак болот.

> «Мен түбөлүктүү жана көзкарандысыз бир нерсе бар деп эсептейм, жана анын бирден көп болушу мүмкүн эмес, ошондуктан бул бир Кудай баарынын Атасы деп эсептейм… Бул Ата ойлогонун гана кылбастан, ошондой эле каалаганын жасоо жана качан жасоо укугуна ээ, Өзү жараткан нерсеге эркин ээлик кылып, башкара алат. Ал Өзүнүн жакшылыгы менен асман менен жерди жана алар үчүн болгон нерселердин баардыгын жараткан»
> - Джон Уэсли, «Кат Римдеги католике»

**Кудай-Баардык жерде.** Ал болбогон жер жок жана Ал болуп жаткан нерсенин баарын көрүп турат. «Теңир мындай дейт: «Асман Менин тагым, жер болсо-буттарымды кое турган жер»[37]. Ал ааламдын Кудайы жана Анын күчү бир аймак менен чектелбейт. «Адам Мен көрбөй турган жашыруун жерге жашынып кала алабы? – дейт Теңир. Асман менен жерди толтуруп турган Мен эмес бекем? – дейт Теңир»[38]. Бул Кудай биздин абалыбызды жана бардык көйгөйлөрүбүздү билет дегенди билдирет. Ошондой эле эч ким Кудайдан жашыруун же Ага көрсөтпөстөн күнөө кыла албайт дегенди билдирет. Анын көз алдында баары ачык – айкын»[39].

**Кудай-Өзгөрбөс.** Кудай Кудайга айланган учур болгон эмес жана Ал эч качан Кудай болушун токтотпойт [40]. Кудай өнүүгү процессинде деп эсептеген диндер бар, бирок Ыйык Китепте Кудай Өзүнүн табияты, сапаттары жана ой-ниеттери боюнча өзгөрүлбөйт деп айтылат [41]. Ал ар дайым чындыкты сүйөт жана калпты жек көрөт. Түбөлүктүү Кудай Мусага «Мен Бар Болуп Туруучумун» дегендей, Кудай бүгүн да бар, чексиз, түбөлүктүү жана акылмандыгы, ыйыктыгы, адилеттүүлүгү, жакшылыгы

[35] Аян 19:6.
[36] Эфестиктерге 3:20.
[37] Ышайа 66:1.
[38] Жеремия 23:24.
[39] Эврейлерге 4:13.
[40] Жакып 1:17.
[41] Малахия 3:6

жана чындыгы менен өзгөрүлбөс. Бирок Сен ошол бойдонсуң, Сенин жылдарыңдын аягы жок[42].

**Кудай-Баарын билүүчү Кудай.**

«Анын акылы чексиз»[43]. Кудай үчүн эч кандай үйрөнүү процесси жок, анткени Ал баарын билет. Кудай эч кимден эч нерсе үйрөнгөн эмес жана Ага кеңеш бере турган эч ким жок[44]. Кудай келечекти билет, ошондуктан Ал эч качан, эч нерсеге таң калбайт; Кудай даяр эмес болгон, учурлар болгон эмес [45].

� Кудай бардык нерсени билет деген түшүнүк жашообузду кандайча өзгөртө алат?

Кудайдын даанышмандыгы – Кудайдын акылына байланыштуу, аны биз жаратууда жана өзгөчө куткаруу планында көрөбүз[46]. Кудайдын жетктилең акылы болгондуктан, Ал баарын алдын ала билет. Кудайдын эрки биз үчүн ар дайым жакшы, анткени Кудай ар бир кырдаалды толук түшүнөт жана ар бир иш-аракеттин жыйынтыгы кандай болорун билет.

**Кудай-Ыйык.** Кудай Өзүн биринчи кезекте Ыйык деп атаган. Ышайа пайгамбар да дайыма Кудайды «Ысрайылдын ыйыгы» деп атаган. Периштелер Анын алдында ар дайым «Себайот Теңири Ыйык, Ыйык, Ыйык» деп айташты[47]. Кудайдын ыйыктыгы табынуу жараткан: «Сенин улуу жана коркунучтуу ысымыңды даңкташсын. Ал ыйык…»[48]. Ал адептүүлүктүн, жеткилеңдиктин туу чокусу. Анын иш-аракеттери жакшылыкка толгон, эч кандай жамандык жок, башкача болушу мүмкүн эмес. Кудайдын ыйыктыгы, адамды Кудайдын ыйрайымы менен өзгөрүлбөсө, Кудайга кызмат кылууга жана сыйынууга жараксыз экендигин көрсөтөт[49]. Кудай бизди, Өзү сыяктуу ыйык болушубузду каалайт. «Бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, антени силерди чакырып алган Кудай ыйык. Себеби Ыйык Жазууда: Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын», - деп жазылган[50].

---

[42] Забур 101:28.
[43] Забур 146:5.
[44] Ышайа 40:13-14.
[45] Забур 138:4
[46] Забур 103:24; Римдиктерге 11:33.
[47] Ышайа 6:3.
[48] Забур 98:3.
[49] Ышайа 6:5.
[50] 1 Петир 1:15-16.

**Кудай-Адилеттүү.** Кудайдын иш-аракеттери ар дайым туура, анткени Анын табияты ыйык [51]. Анын табияты эң жакшы үлгү. Ал убадасына бекем жана калп айтпайт[52].

� Кудайдын адилеттүүлүгүн түшүнүү эмне үчүн маанилүү?

Кудайдын адилеттүүлүгү – бул Анын мыйзамынын негизи, биздин Кудайдын жана башкалардын алдындагы милдетибиздин жеткилең ченеми. Анын мыйзамдары абийирди соттойт жана тынчтык берет. Ал кыйналгандарды жана азап чеккендерди сооротуп, ошол эле учурда ар бир адам өзүнүн туура эмес иштери үчүн жооптуу экенин эскертет.

«Теңиридин буйруктары адилет»[53]. «Кудай ар бир адамга иштерине жараша тиешесин берет»[54]. «Баарыбыз Кудайдын сотуна келебиз»[55].

**Кудай – бул Сүйүү.**

Кудайдын бул мүнөзү абдан маанилүү. Кудай кудуреттүү, адилеттүү жана ар нерсени билип туруп, бизди сүйбөсө, кандай гана коркунучтуу болоорун элестетип көрүңүз. Кудай бизди сүйөт[56] жана жаратканды баарын баталайт[57]. Айрынча адамзат үчүн бул дүйнөнү жаратты, кубанып жашасын деп жаратты[58]. Кудайды сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка болоорун билебиз[59]. Ал сүйгөндүктөн Анын ырайымы, кайрымдуулугу, сабырдуулугу жана тынчтыгы бизди куурчап турат[60].

Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди[61]. Ал – биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн чалынган ырайым курмандыгы[62]. "Сүйүү деген мындай: биз Кудайды сүйгөн жокпуз, бирок Ал бизди сүйгөндүктөн, биздин күнөөлөрүбүз үчүн Өз Уулун ырайым курмандыгы катары берди"[63]. Кудай баардык адамдарды улуттуна, байлыгына, билмине, бийлигине карабай

[51] Мисирден Чыгуу 32:4
[52] Сан. 23:19; 2 Шем. 7:28.
[53] Забур 18:9.
[54] Римдиктерге 2:6.
[55] Римдиктерге 14:10.
[56] Лука 18:19; Забур 118:68.
[57] Башталыш 1:22, 28.
[58] Забур 8:4-6; Забур 22; Забур 35:5-10; Забур 102.
[59] Римдиктерге 8:28.
[60] Чыг. 34:6; Эф. 1:7, 2:4-5.
[61] Жакан 3:16.
[62] 1 Жакан 2:2.
[63] 1 Жакан 4:10

сүйөт. "Кудайда бет кармалык жок. Ошондуктан Кудай биздин бардык адамдарды сүйүшүбүздү жана бизди капа кылгандарды кечирүүгө даяр болушубузду каалайт. Сүйүү жана кечирүү Кудайдын балдарынын өзгөчөлүгү [64].

Биздин өмүрүбүз чектелүү, Ал түбөлүктүү болсо да, Кудай бизди Өзүнө окшош кылып жаратты. Ал бизди Өзү үчүн, сүйлөшүп туруу үчүн, сүйүү үчүн жаратты. Августин айткандай Кудайдан гана тынчтык таба алабыз. Жердегиге караганда өзүбүздү Кудайга арнасак, чыныгы канагаттануу ала алабыз. Анын ырайымы менен куткарылып, жаратылган пенде катары Ага табынып, Асмандагы Атабызда ишенип, Анын эркин бүтүндөй жашообузга чакыралы.

> «Оо, Теңир, Сен бизди Өзүң үчүн жараттың, жүрөгүбүз Сенде тынчтык тапмайынча тынч болбойт».»
> - Ыйык Августин

� Кудайга табынуу үчүн бизге имарат жана ар кандай буюмдар керекби?

**Табынуунун түрлөрүнүн маанилүүлүгүн туура эмес түшүнүүдөн алыз болуңуз**

Кудай – Рух, биз Ага рухта табынабыз. Имараттар, эмеректер, музыкалык аспапттар, тизе бүгүү, ырдоо, окуу сыяктуу физикалык көрүнүштөр табынуунун негизин түзбөйт. Кантип, кайда табнып жатканыбыз маанилүү, бирок табынуунун шарты деп айттуга болбойт.

Бул жерде адам болуп жашагандыктан ар кандай шарттарды, кыймыл-аракетерди табынуу үчүн колдонобуз.

Ушул себептен улам Кудай табынуу жөнүндө түшүнүк берген: Эски Келишмде ибадатканада ыйык кызмат кылуу боюнча көрсөтмөлөрдү берген. Жаңы Келишимде чөмүлдүрүү, нан сындыруу, Ыйык Китепти окуу, даңктоо, чогуу сыйынуу тууралуу көрсөтмөлөр бар. Ыйык Китеп – китеп түрүндө материалдык нерсе.

Айрым адамдар табынуунун ыкмасын чексиз өзгөртүүгө болот деп ойлошот. Кудайга өзүбүздү арноо, сүйүү, сый-урматыбызды көрсөтүүгө жардам берген табынуунун ыкмасына муктаж экенибизди унутпашыбыз керек. Табынуунун ыкмасы максатка жетүү үчүн керек.

*Студенттер төмөнкү маалымытты түшүндүрүп берсе болот.*

---

[64] Матай 5:43-45.

## Кудай Эгемен

Кудайда чексиз күч жана бийлик бар. «Биздин Кудайыбыз асманда: эмнени кааласа, ошону кылат»[65].

Баардыгын Өзүнүн каалосу боюнча жасайт, эч кимге баш ийүүнүн кажети жок[66]. Ал кылам дегени сөзсүз ишке ашат, аны эч ким токтото албайт, эч кандай жагдай тоскоол боло албайт [67]. Ал жердеги бийликтин иш-аракеттерин каалаган убакта көзөмөлдөйт[68].

Бирок Кудай адамдарга тандоо мүмкүнчүлүгүн берген. Алар жакшы нерселерди тандай алышат, ошондой эле жакшы менен жаманды да тандай алышат. Алар Кудайга баш ийүүнү же баш ийбөөнү тандай алышат. Ал жараткан биринчи адамдар күнөөнү тандашкан. Ошол учурдан баштап ар бир адам тандоо жасайт, кээ бир адамдар жакшы тандоо жасаса да, бардык адамдар Кудайдын алдында күнөөкөр болушат.

Эгер Кудай бардыгынын Теңири болсо, миллиарддаган жаратуулар өз алдынча чечим чыгарган дүйнөдө Ал кантип Өзүнүн эркин аткарат?

Бул Анын эрки жана каалоосу, өз алдынча чечим чыгарган жаратуулардын болушу. Бул Кудай алар үчүн тандоо жасабайт дегенди билдирет. Бул ошондой эле ар бир тандоонун реалдуу натыйжалары бар экенин билдирет, антпесе бул чыныгы тандоо болбойт. Эгер Кудай кандайдыр бир жол менен адамдын иш-аракетинин натыйжасын көзөмөлдөп турган болсо, эч кандай жамандык болбошу үчүн, анда ал адамдан жамандыкты тандоо мүмкүнчүлүгүн тартып алгандай болмок.

Кудайдын адилеттүүлүгү чыныгы акыйкаттык, анткени Ал адамдарды өз ыктыяры менен кылган иштери үчүн соттойт[69]. Эгер Кудай иш-аракеттерди башкарып турганда, жаза менен сыйлыктын мааниси жок болмок.

Кудай адамдардын туура нерсени тандоосун каалайт, бирок баарынан мурда, туура тандоо кылышын каалайт. Ошон үчүн дүйнө кандай болсо, азыр да ушундай. Бул дүйнө - Кудайдан келген жакшы нерселердин, адамдын жакшы жана жаман иш-аракеттеринин натыжаларынын жана Кудай жаман иштерден да тапкан жакшылыктардын татаал аралашмасы.

[65] Заб. 113:11; Заб. 134:5-6.
[66] Эфестиктерге 1:11.
[67] Ышайа 46:9-11.
[68] Баш. 50:20; Элч.иш. 4:27:28.
[69] Аян 20:12-13.

Биз Кудай үчүн эң маанилүүсү куткаруу планы экенин көрөбүз. Ал бардыгына куткарылууну сунуш кылат жана бардыгынын куткарылышын каалайт. Ал бардыгына Жакшы Кабарга жооп берүүгө күч берет, бирок аларды жооп берүүгө мажбурлабайт. Ошондуктан Ыйык Жазуунун бардык жеринде биз Кудайдын чакырыгын көрөбүз. Кудай адамдарга тандоону сунуш кылат жана анын кесепеттерин сүрөттөйт.[70].

Биз ар бир адам толук ишеним менен куткарыла турган Жакшы Кабарды таратабыз. Биздин милдет — адамдарды Кудайга баш ийүүгө ынандыруу үчүн Ыйык Рух менен кызматташуу[71].

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Ааламды жараткан жана бардыгынын Эгеси болгон бир Кудай бар. Ал Түбөлүктүү жана Өзгөрбөс Рух. Ал Кудуреттүү, Баарын билүүчү жана бир эле убакыта бардык жерде. Ал Өзүнүн кулк-мүнөзү боюнча толугу менен ыйык жана бардык кылган иштеринде адил. Ал Өзүнүн жаратууларына оң батасын берет, ар бир адамды сүйөт жана куткарылууну, Аны менен мамилелешүүнү сунуш кылат.

*Ар бир студентке төмөндө келтирилген шилтемеден сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент берилген аяттарга, тема жөнүндө эмне деп жатканы тууралуу ой жүгүртүү жазып келүүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Ышайа, 46; Накыл сөздөр, 9:10; Забур 138:1-4; Аян 4:9-11; Жунус 1:3;

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, кеминде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

### Басылып чыгарылган булактар

Purkiser, W.T., ed. Exploring Our Christian Faith.
Kansas City, MO: Beacon Hill Press, 1960.
Tozer, A.W. The Knowledge of the Holy. New York; Harper and Row, 1961.

[70] Ыш. 1:18; Жаш. 24:14; Аян 3:20; Ыш. 55:1; Мыйз. 30:15, 19; Жез. 18:31.
[71] 2 Корунттуктар 5:11.

**Кудайдын мүнөздөрү**
**Изилдөө суроолору**

1. Адамдын эң маанилүү мүнөздөмөсү кайсы?
2. Адам кандай олутту ката кетирип алышы мүмкүн?
3. Ыйык Китепте Кудай жөнүндө биринчи сабак кайсы?
4. Ар бир мүнөздөмөгө туура келген Кудайдын мүнөздөрүн санап бергиле:
    а) Биз Кудайдын сырткы келбетин сүрөттөй албайбыз.
    б) Кудай ар убакта бар болгон.
    в) Кудай жон эле күч эмес.
    г) Кудайдын табияты олку-солку эмес.
    д) Кудай каалаган нерсесин кыла алат.
    е) Кудай баарын көрүп турат.
    ё) Анын ырайымы менен Кудай Уулун жерге жиберди.
    ж) Кудайдын табияты үч инсанды камтыйт.
    з) Кудай жеткилең табиятка ээ.
    и) Кудайдын иш-аракеттери ар дайым адилеттүү.

**Кудайдын мүнөздөрү**
**Тест суроолоруна жооп**

1. Кудайды түшүнүү.
2. Кудайдын ким экенин билбей адашуу.
3. Ал Жаратуучу ( Табияты бизге окшош эмес)
4. Мүнөздөрү:
    а) Рух;
    б) Түбөлүктүү;
    в) Эгемен;
    г) Өзгөрүлбөс;
    д) Кудуреттүү;
    е) Баардык жерде;
    ё) Мээримдүү (сүйүү);
    ж) Үчбирдиктүү;
    з) Ыйык;
    и) Адилеттүү.

# 3 - Сабак
# Үчбирдиктүү Кудай

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Аалам Үчбирдиктүү Кудайдын табиятынын кантип сүрөттөйт.
(2) Ыйык Китептин Үчбирдиктүү Кудай окутуусунун негиздери.
(3) Эмне үчүн Үчбирдиктүү Кудай жөнүндөгү окутуу - Жакшы Кабарда негизги орунда турат.
(4) Үчбирдиктин ичиндеги мамиленин түзүлүшү.
(5) Үчбирдике берилген мамилелеринин мисалы адамдарга кантип үлгү берет.
(6) Үчбирдиктүү Кудайга болгон ишенимибиз, кантип бизге табынууга багыт берет.
(7) Үчбирдиктүү Кудай жөнүндө ишеним билдирүүсү.

Сабактын тажрыбалык максаттарынын бири – студентке Үчбирдиктүү Кудайдын маңызын түшүнүүдө кетирилген каталардан алыс болууга жардам берүү.

## Үчбирдиктүү Кудай

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Жакан 14 бөлүмдү чогуу окуугула. Бул бөлүм Үчбирдиктүү Кудай жөнүндө эмне деп айтып жатканын талкуулагыла.*

Үчбирдик жөнүндөгү окутуу көптөгөн адамдарды чаташтырат, анткени анда Кудай үч инсанда бир Кудай деп айтылат.

Эгерде биз ааламды карай турган болсок, анда дагы үч бирдиктүүлүктү көрөбүз. Ааламдын үч жагы бар: мейкиндик, убакыт жана материя. Ушул үч нерсенин бири болбосо, аалам болбойт эле.


Алардын ар бири өз кезегинде үч өлчөмдөн турат.






**Мейкендик** узундуктан, бийиктиктен, кенендиктен турат – үчөө бир. Бул өлчөмдөрдүн бири болбосо, мейкиндик болмок эмес

**Убакыт** өткөн чак, учур чак, келер чактан турат – үчөө бирди түзөт. Бул аспектилердин бири болбосо, убакыт да болмок эмес.




Материя - кыймылдагы энергиядан турат, үчөө бир кубулушту пайда кылат. Энергия жок болсо, кыймыл да, кубулуш да болбойт. Кыймыл болбосо, энергия да, кубулуш да болмок эмес. Эгерде кубулуш болбосо, анда энергия же кыймыл жок болгондуктан болмок.

Аалам Үчбирдиктин үлгүсү катары жаратылгандай көрүнөт. Балким, Кудай ааламды өзүнүн жеке табиятын чагылдыруу үчүн жараткандыр.

Демек, Ыйык Китепте Үчбирдик жөнүндө эмне айтылат? Бул ааламдын жалгыз Кудайы катары аныкталган үч башка Инсандын бар экенин ачык-айкын ырастайт. Бул карама-каршылык эмес, анткени биз Кудайды бир Инсан жана ошол эле учурда үч Инсан деп айтпайбыз. Ошондой эле биз Кудайды бир Кудай жана үч Кудай деп айтпайбыз. Биз Кудайды табияты бир, инсаны үч деп айтып жатабыз. Бир аалам мейкиндиктен, убакыттан жана материядан тургандай, бир Кудай Атадан, Уулдан жана Ыйык Рухтан турат.

## Үчбирдиктүү Кудай жөнүндө Ыйык Китептеги далилдер

### 1-чи шартын негизи: Бир гана Кудай бар.

«Кулак сал, Ысрайыл: силердин Кудай-Теңириңер – бир Кудай» (Мыйз. 6:4).

«… Анткени Мен Кудаймын, Менден башка Кудай жок, Мага окшош эч ким жок» (Ышайа, 46:9).

### **2-чи шартын негизи**: **Ата, Уул жана Ыйык Рух - баары Ыйык Жазууда Кудай катары аныкталган.**

«...Кудай Ата...» (Гал. 1:1).

«...Сөз Кудай болгон... Сөз адам болуп келди» (Жакан, 1:1, 14).

«...Эмне үчүн шайтанга жүрөгүңдөн орун берип, Ыйык Рухту алдап?.. Сен адамдарды эмес, Кудайды алдадың» (Элч.иш, 5:3-4).

**3-чү шартын негизи: Үчөө бири-бири менен жана дүйнө менен үч башка Инсан катары өз ара аракеттенишет.**

�Биз кайдан билсек болот, бир эле Кудай үч башка ролду ойноп жатабы же Кудай үч башка инсанбы?

Марк 1:10-11 ден Ыйсанын чөмүлдүрүүсүн көрөбүз. Ыйык Рух көгүчкөн сымал түшкөндө, асмандан үн угулду: «Сен Менин сүйүктүү Уулусуң, Мен Сага ыраазымын». Бул жерде биз Ата, Уул жана Ыйык Рух бир Инсан боло албастыгын көрөбүз; Алар бир эле учурда ар кандай ролдорду аткарышат.

Кызматынын аягында, Ыйса Атадан бизге «*Сооротуучу*» – Ыйык Рухту (Жакан 15:26) жиберүүсүн суранат. Бул суранычта үч башка инсанды катышканын байкадыңызбы?


Эгер Жакан, 14-17ни окусаңыз, анда Ата, Уул, Ыйык Рухтун мамилеси жөнүндө көптөгөн аяттарды таба аласыз.

**Жыйынтык: Ыйык Китептеги жалгыз чыныгы Кудай Өзүн үч башка инсан катары көрсөткөн: Ата, Уул жана Ыйык Рух. Кудай үч башка инсандыгы бар бир Кудай болуп саналат.**

Ошондуктан, Ыйык Китепте *Үчбирдик* деген сөз жок болсо да, Үчбирдик жөнүндөгү окутуу Ыйык Китептеги ачык-айкын сөздөргө негизделген.

Жыйын бул Ыйык Китептик окутууну элчилердин доорунан бери окутуп келет. Төмөндө, сиз жыйын Үчбирдикти сүрөттөө үчүн кылымдар бою колдонгон диаграмманы көрөсүз.

## Үчбирдиктин салттуу диаграммасы



**Үчбирдик жөнүндөгү окутуу абдан маанилүү.**

�Адамдын Үчбирдиктүү Кудайга ишениши эмне үчүн маанилүү?

Үчбирдик жөнүндөгү окутуу - окутуулардын негизи жана Жакшы Кабардын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Мисалы, Үчбирдике ишенбеген кээ бир адамдар, Ыйсаны Кудай экенине да ишенишпейт. Бирок сен Ыйсанын Кудай экенине ишенбесең, анда сени куткара турган Ыйса жок!

Ошондой эле, эгерде биз Ата, Уул жана Ыйык Рух өзүнчө, айырмаланган Инсандар экенине ишенбесек, анда биз Кудайды жана Анын чыныгы Жеке Инсандыгын кабыл албайбыз. Мисалы, Кудай түбөлүктө – сүйүчү Кудай болбосо, анда Ал кимдир-бирөөнү сүйүш үчүн жаратуусун жаратканга чейин күтүшү керек болчу. Бирок, эгерде Кудай бир Инсандан көп болсо, анда бул Инсандар бири-бирин түбөлүккө сүйө алышат. Мамиле түзгөн Кудайга (курмандык сүйүүнү камтыган) ишенүү маанилүү, анткени бул биздин бири-бирибиз менен жана Кудай менен болгон мамилебизге таасирин тийгизет.

Балким, эң негизги нерсе – бул биз чыныгы Кудайга гана табынышыбыз керек. Үчбирдиктүү Кудайга ишенбеген адамдар көбүнчө Ыйсаны жана Ыйык Рухту Кудай катары кабыл алышпайт жана Аларга сыйынышпайт. Адам жасай турган эң чоң жаңылыштык – бул Кудай эмес бирөөгө табынуу же Кудай болгонго табынбоо.

> «Биздин куткарылуубуздун булагы жана себеби – бул бизди уулу Ыйса Машайактын каны менен куткарууну каалаган Кудай-Атанын сүйүүсү; биздин каргыштарды өз эрки менен алган, жана өзүнүн жеңиштерин, баталарын берген Ыйса Машайактын ырайымын биздин жүрөктөргө жеткирген Ыйык Рух»
> - Джон Уэсли, «Уильямга жазылган кат»

## Ата, Уул жана Ыйык Рух - өз ара мамиледе жашаган Инсандар

Ата, Уул жана Ыйык Рухтун ар бири өзүнчө Инсан жана ар дайым бири-бири менен жеке мамиледе болуп келген. Алар бири-бири менен мамиледе жашагандыктан, биз аларды инсан деп атайбыз. Алар Бири-Бирин сүйүшөт, Бири-Бири менен сүйлөшүп, Бири-Бири менен бөлүшүп, Бири-Бири үчүн жашашат. Бул Алардын ар бири өзүнчө Инсан экенин көрсөтүп турат.

### Үчбирдиктин түзүлүшү

Ата, Уул жана Ыйык Рух ар дайым түзүмдүк байланышта болгон. Ата – Башы, анын Уул, андан кийин Ыйык Рух. Бул үч түбөлүктүү жана бирдей

Инсандар, бири-бири менен болгон мамилелеринин негизинде бийлик орундарына ээ. Бийликтин мындай түзүлүшү үй-бүлөдө жана жыйында чагылдырылган. Үчбирдиктин мүчөлөрү сыяктуу эле, үй-бүлөнүн же жыйындын бардык мүчөлөрү бирдей баалуулукка ээ, бирок баары бирдей бийликке ээ эмес.

## Ата менен Уулдун мамилеси

Уул менен Атасынын ортосунда кандай байланышы бар? Ыйса айткан: «Атанын Өзүндө өмүр бар болгон сыяктуу эле, Уулунда да Атасы берген өмүр бар»[72]. Түбөлүктөн бери Уулу Атасынын «жалгыз Уулу» болуп келген.[73] Уул Кудай катары түбөлүктүү өзүнөн-өзү бар Атасы сыяктуу табиятка ээ болгон, бирок Анын бар болушу Атадан. Түбөлүккө, Уул Атанын Уулу болгон, ал эми Ата Уулдун Атасы болгон, бирок физикалык жактан эмес.

Уулу Атасы менен Уул катары түбөлүк мамиледе, ошондуктан Ал Атага түбөлүк баш ийет. Ал баш ийүүчү ролду аткарат. Ошондуктан Ыйса «Атам Менден улук», - деген.[74]

Ыйсанын бийлиги Атадан төмөн болсо дагы, Ал табияты боюнча Атасына тең. Жана биз Ага Атабыздай сыйынып, Аны даңкташыбыз керек. Ыйса « «Атасы кандай урматталса, Уулун да урматтасын»,— деген. [75]

## Ыйык Рухтун Ата жана Уул менен болгон мамилеси

Жакан 15:26да Ыйса: «Атамдан чыгып келе турган» Ыйык Рухту жиберерин айткан. Рух Атадан келсе да, Ал Ата жана Уул менен бирдей жана бирдей урматталышы керек. Бул процесс бири-бири менен сүйүү мамилесинде жашаган үч Инсандын ортосунда болуп жатканын унутпаңыз.

## Кемчиликсиз баш ийүү

Ыйса: ««Мен жана Атам бирбиз»» деп, Алардын бирдей экенин баса белгилеген, бирок Ал дайыма Атасына баш ийерин айткан. Үчбирдиктеги бийлик жана моюн сунуу Бирөөнүн Экинчисинен жогору экенин билдирбейт. Бийлик - бир мүчөнүн табияты боюнча башкаларга караганда чоң экенин билдирбейт.

---

[72] Жакан 5:26.
[73] Жакан 3:16.
[74] Жакан 14:28.
[75] Жакан 5:23.

Биз адам жашоосунда бийлик менен теңчиликтин мисалдарын көрөбүз. Үй-бүлө мүчөлөрү тең табияты боюнча адам катары бирдей жана алар Кудайдын бейнеси боюнча бирдей баалуу адамдар, бирок үй-бүлөнүн иштеши үчүн бийлик маанилүү. Башка адамдык жетекчилик кызматтар жөнүндө да ушуну айтууга болот.

## Кудайдын биримдигин коргоо

Үчбирдиктин үч Инсанын өзүнчө кароого болбойт. Алардын биримдиги - бул Алардын бир табияттан экенин, үч Инсандын бири-бири менен дайыма тыгыз байланышта экенин жана Бардыгы бирдей сапаттарга ээ экендигин көрсөтөт. Ата, Уул жана Ыйык Рух бири-бири менен адам түшүнө албаган жакын мамиледе.

Биз – адам, инсан жана жеке жандарбыз. Кудай үч инсан, бирок ошол эле учурда бир Кудай. Үчбирдиктин Ыйык Китептеги көз карашын коргоого жардам берүү үчүн, биз Үчбирдиктин мүчөлөрү бири-биринен өзүнчө эмес, бири-биринен айырмаланган деп айтабыз. Биз Алар жөнүндө адамдар катары эмес, Инсан катары айтабыз.

## Биз Кудайдын инсандыгын жана мамилесин чагылдырабыз

Кудай бизди жеке инсан катары жана бири-бирибиз менен байланышууга жөндөмдүү кылып жараткан. Бизде мамилелерди издеген акылыбыз, эркибиз жана сезимдерибиз бар.

## Жекече биз толук эмеспиз

Адам атаны жараткандан кийин Кудай: «Адамдын жалгыз болгону жакшы эмес»[76], — деген. Анан Обо энени жараткан. Адам ата Обо энесиз толук эмес болчу, анткени Адам менен мамиле түзө турган башка адам болгон эмес. Мындан тышкары, Ыйык Жазууда бир үзүндүсү Адам менен Обо эненин *чогуу* Кудайдын бейнесин чагылдырганын көрсөтүп турат: «Ошентип, Кудай адамды (руханий жагынан) окшош кылып, аны Кудайдын бейнеси боюнча, эркек-аял кылып жаратты».[77] Адам ата менен Обо эненин ортосундагы мамиледе бир нерсе бар эле, алар биригип, Адам атанын жалгыз өзүнө караганда, алар чогуу Кудайдын бейнесин чагылдырган.

[76] Башталыш 2:18.
[77] Башталыш 1:27.

## Кудайдын бейнесин чагылдырган мамилеле

Кудайдын табияты менен жыйындын табиятынын ортосунда сонун салыштыруу бар. Кудайдын жана жыйындын ичинде биримдик жана ар түрдүүлүк бар. 1 Кор. 12ге ылайык, Машайактын денеси бир, ошондой эле бир максатка умтулган көптөгөн мүчөлөрдөн турат. Машайактын денеси кантип Кудайдын бейнесин чагылдырарын көрө аласызбы? Элчи Пабыл жыйындын бардык мүчөлөрү Машайактын жолунда чогуу өсөт деп күткөн. Пабыл биз үчүн мындай деп сыйынган:

> «Чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсүшүбүз үчүн дайындады. Анын башчылыгы астында өз ара бириккен бардык муундардын жардамы менен бириктирилген жана түзүлгөн дене өзүн сүйүү менен бекемдеп, ар бир мүчөнүн өз алдынча кылган аракетине жараша өсөт»[78].

Бул аят баарыбыз бири-бирибизге Машаяктын биримдигинде өсүүгө жардам берүү үчүн белектерибизди жана жөндөмдүүлүктөрүбүздү колдонушубуз керектигин айтат. Кудай биздин бири-бирибизге ырайымдуулукта өсүүгө жардам берүү менен анын мамилелүү табиятын чагылдырышыбызды каалайт. Рухий өсүү - башка ишенгендер менен тыгыз, берилген жамаатта ишке ашат. Бул Кудайдын коомдук табиятын көрсөтөт.

Үчбирдиктин мүчөлөрү түбөлүккө бири-бирине болгон сүйүү менен жашаса, биз да башкалар менен сүйүү мамилесинде жашашыбыз керек. Биз Кудайдын бейнеси боюнча социалдык, байланыштуу жандыктар катары жаралганбыз, ошондуктан өзүбүзгө эмес, башкаларга көңүл бурушубуз керек. Биз өзүбүздүн инсандыгыбызга караганда коомчулукка көбүрөөк басым жасашыбыз керек. Башкалар менен болгон мамилебизде Анын Үчбирдиктүү образын чагылдырууга аракет кылсак, Кудай бизге батасын берет.

## Тринитариазимдеги[79] табынуу

Үчбирдикке ишенгендиктен, биз сыйынганыбызда, Уулдун күнөөдөн арылтуучу курмандыгынын негизинде, Ыйык Рухтун жардамы менен Атага келерибизди түшүнөбүз. Үчбирдикке ишенип, биз Ыйык Рухтун жардамы менен Уул аркылуу Атабызга сыйынабыз.

---

[78] Ефесянам, 4:15-16.

[79] бүтүн Үчбирдик жөнүндөгү окутуу.

Табынуубуздун маанилүү максаты – Үчбирдиктин мүчөлөрүнүн ортосунда сүйүү мамилесин түзүү. Ата менен Уулдун ортосундагы сүйүү жөнүндө ойлонуп көргүлө. Машайактын айкаш жыгачта эмне кылганы жөнүндө ойлонуп көрүңүз, ошондо биз ошол сүйүүнү сезе алабыз. Атасы менен Уулу бири-бири менен сонун мамиледе жашашат жана Уулдун күнөөдөн арылтуучу курмандыгынын аркасында, Ыйык Рух бизге бул сүйүү мамилесине катышууга жардам берет.

Биз тринитарийлер катары Уул аркылуу Рухтагы Атага сыйынуу менен гана чектелбестен, Атага, Уулга жана Рухка сыйынсак болот. Үчбирдиктин ар бир мүчөсүн даңктоо, мактоо керек, анткени алардын баары Кудай жана бирдей урматталышы керек. Тринитариандык сыйынуу - биздин куткарылышыбызда Ар Биринин ойногон ролун түшүнүү менен Ар Бир мүчөнү бирдей мактайт.

Кудуреттүү жана түбөлүктүү Кудай,<br>
Үчбирдиктин түбөлүк даңкын моюнга алуу менен,<br>
Кудайдын даңкынын күчү менен бирге сыйынышыбыз үчүн,<br>
Сен биздин кабыл алуубуз аркылуу бизге чыныгы ишенимди<br>
Ырайым кылып төктүң.<br>
Бизди ушул ишенимге бекем кыл,<br>
бардык душмандардан түбөлүккө корголушубуз үчүн:<br>
Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу,<br>
Сен жана Ыйык Рух менен жашап, падышалык кылуучу,<br>
бир Кудай, азыр жана түбөлүк. Оомийин[80].

*Студенттер төмөнкү маалымытты түшүндүрүп берсе болот.*

### Адашуудан сак болуу : Үбирдик жөнүндөгү теориялар

Биз уруктун эмне үчүн топтуракта өсөрүн, мээнин иштешин, жылдыздарды кандай күч менен кармап турганын түшүнбөйбүз. Окумуштуулар окуялар болуп жатканын көрүшөт, бирок бул нерселердин кантип жана эмне үчүн болгонун түшүндүрө алышпайт. Адамдын Үчбирдиктүү Кудай доктринасын толук түшүнбөгөндүктөн четке кагуунун мааниси жок. Кудай жөнүндөгү ар бир окутуу адамдык түшүнүктөн жогору. Мисалы, Кудай кантип бардык жерде болушун жана бүт нерсени билүүсүн эч ким түшүндүрө албайт. Үчбирдик жөнүндөгү чындыктар логикага сыйбаган нерсе эмес, алар алар адамдын тажрыйбасынан жана терминдеринен жогору. Деңиздеги балык канчалык акылдуу болсо да, ага канча жолу түшүндүрүлбөсүн, балык адам болуу кандай экенин эч качан түшүнө албайт.

---

[80] *Book of Common Prayer.*

Үчбирдиктин чындыгы - үч Инсанда бир Кудай бар экенин, Алардын табияты бир жана кудайлык сапаттары тең экенин билдирет. Адамдар аны түшүндүрүүгө аракет кылышат, бирок көбүнчө туура түшүндүрө алышпайт. Төмөндө каталардын айрым мисалдары келтирилген. Ар бир ката аты менен аталат,бирок башкача да аталышы мүмкүн.

**Моделизм** – бул Кудай бир инсан, бирок ар кандай ролду аткарат деген идея. Бул теория боюнча, асманда - Кудай Ата болгон, жерде - Ал Ыйса болгон, азыр болсо Ал - бизге Ыйык Рух катары сүйлөйт. Бирок Жакан 14-16 бөлүмдөрүндө Ыйсанын сөздөрү Анын, Атанын жана Ыйык Рухтун ортосундагы өз ара аракеттенүүнү сүрөттөйт. Эгерде Алар үч башка Инсан болбогондо, бул сүрөттөмөнүн мааниси жок болмок.

**Тритеизм** – бул Ата, Уул жана Ыйык Рух өзүнчө жандыктар деген идея. Бул теория боюнча, Алардын табияты айырмаланат. Мисалы, Атасы соттогусу келет, ал эми Уулу ырайым кылууну каалайт. Бул идея бир гана Кудай бар деген Ыйык Китептеги окутууга карама-каршы келет.

**Субордионализм** – бул Үбирдиктин бир Инсаны экинчисинен төмөн деген идея. Бул идеяга ишенген адам Атаны Кудай деп, Уулду жана Ыйык Рухту төмөн турган мүчөлөрү деп кабыл алышат. Андай адам Ыйык Рухтун жеке табиятын четке кагышы мүмкүн жана Ыйсаны Кудай колдонгон өзгөчө адам катары карашы мүмкүн. Бул жаңылыштык адамдардын Уулуна жана Ыйык Рухка Кудай катары сыйынбоосуна жана жалган Жакшы Кабарга алып келиши мүмкүн.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Кудай Үчбирдиктүү: үч Инсандан турган бир Кудай, Ата, Уул, Ыйык Рух. Үчөөнүн ролу ар башка, бирок табияты бирдей, кудайлык саппатарына Үчөөтең тең жана табынууга татыктуу.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

## Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Эврейлерге, 1:1-3, 8; Колосалыктарга, 1:12-19; Эфестиктерге, 1:17-23; Жакан, 15:26; Жакан, 17:1-5.

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, келинде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

**Басылып чыгарылган булактар**

Morey, Robert. The Trinity: Evidences and Issue. Iowa Falls, IA: Word Bible Publishers, 1996.

White, James. The Forgotten Trinity: Recovering the Heart of Christian Belief. Minneapolis: Bethany House Publishers, 1998.

**Үчбирдиктүү Кудай**
**Тесттин суроолору**

(1) Аалам Кудайдын табиятын кандайча көрсөтүп турат?
(2) Үчбирдик окутуунун негизинде турган Ыйык Китептеги үч негизги идея кайсы?
(3) Үчбирдиктеги мамилелеринин түзүлүшү кандай?
(4)Үчбирдикетеги бири-бири менен болгон мамилеси, адамдардын мамилесинде кандай чагалышы керек?
(5) Тринитариазимдеги табынуу деген эмне?
(6) Моделизимдин эмнеси туура эмес?
(7) Тринтеизмдин эмнеси туура эмес??
(8) Субордионализмдин эмнеси туура эмес?

**Үч бирдиктүү Кудай**
**Тесттин суроолоруна жооптор**

(1) Ааламдын үч жактуу түзүлүшү: мейкиндик, убакыт, материя. Ар бири өз незегинде кайра үч жактуу түзүлүшкө ээ.
(2) Бир гана Кудай бар: Ата, Уул, Ыйык Рух жана алар жеке мүнөздүү Кудай катары түбөлүк мамиледе.
(3) Уул Атага баш ийет, Ыйык Рух Атадан баштап алат. Ирети – Ата, Уул, Ыйык Рух.
(4) Үй бүлө жана Жыйын.
(5) Үчбирдиктүү Кудайдын ар бир мүчөөсү даңкка, табынууга татыктуу. Атага Уулу аркылуу рухта сыйынабыз жана ар бирине өзүнчө сыйнабыз.
(6) Кудай – бул бир инсан, бирок ар кандай кызматтарды аткарат.
(7) Ата, Уул, Ыйык Рух – ар башка Кудайлар деп ишенишет
(8) Үч бирдиктүү Кудай арасындагы инсандар тең эмес, бири-бирине баш ийет дешет. Ата-Кудай, Ыйса менен, Ыйык Рух Кудай эмес деп ишенишет.

# 4 - Сабак
# Адамзат

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Адамдагы Кудайдын бейнеси физикалык окшоштук эмес экенин кайдан билебиз?
(2) Адамдагы Кудайдын бейнесинин сегиз өзгөчөлүгү.
(3) Адамдардын Кудай менен болгон мамилеси үчүн жаратылганы.
(4) Кандай мааниде адамдарда эрк бощтондугу бар?
(5) Адамдардын жердеги жашоосундагы тажрыйбалык баалуулуктарынан да баалуу болгон түбөлүк баалуулуктардын болушу.
(6) Адамзат жөнүндө ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – студенттин Кудай менен болгон мамилеси болмоюнча адам толук жашай албайт деген түшүнүктү калыптандыруу.

## Адамзаат

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Забур 8 чогуу окуугула. Бул үзүндү бизге адам жөнүндө эмнени айтып жатат?*

� Дүйнөдөгү ар бир адамда кандай окшоштуктар бар?

Келгиле, биздин айрым инсандыгыбыз бизге эмне берери жөнүндө ойлонуп көрөлү. Чынында адам болуу деген эмнени билдирет?

Бышы Башталыш китебинде 1:26да башталат, Кудай мындай дейт: «Биздин бейнебиз боюнча (рухий жактан), Өзүбүзгө окшош окшоштуруп адам жаратaлы". Биздин табиятыбызда Кудайга окшош бир нерсе бар. Биз Кудай эмеспиз, бирок бизди башка жаныбарлар дүйнөсүнөн бөлүп турган жана уникалдуу кылган бир нерсе бар. Забур 8:6да мындай деп айтылат: "периштелердин алдында бир аз убакытка эле басынттың" жана "Ага урмат менен атак-даңкты таажы кылып кийгиздиң"- деп кубанат.

Кудай адамга жерди жана анда жашаган жандыктарды башкаруу үчүн өзгөчө жоопкерчиликти берген [81]. Адамдар тирүү жандыктардын жоголуп кетпеши үчүн, жерди кылдаттык менен башкарып, ресурстарды туура пайдаланып, келечек муунга жакшы абалда калтырышы керек. Адамзатка болгон мындай жогорку көз караш эволюциянын теориясына караганда, өзүбүзгө болгон сый-урматыбыз үчүн, албетте, жакшыраак! Эволюция теориясы боюнча, адам жашоосунда баалуулугу жок, максаты жок, мааниси жок, адам болуу өзгөчөлүгү жок.

Кээ бир байыркы уламыштарга караганда, адамдар кокустан, максатсыз жана Жараткандын сүйүүсү жок жаралган.

Бирок Ыйык Китеп бизди «Кудайдын бейнесинде» жаратылган өзгөчө жаратуулар экенибизди үйрөтөт. Бул эмнени түшүндүрөт?

� Адамдагы Кудайдын бейнеси физикалык окшоштук эмес экенин кайдан билебиз?

Адамдагы Кудайдын бейнеси физикалык окшоштук эмес.

**(1) Кудай - рух**. Сулайман асман менен жердин баары Кудайды камтый албасын түшүнгөн[82]. Кудай Өзүн каалаган сүрөттөлүштө көрсөтө алат, бирок Кудайдын кандай экенин айта турган бир сүрөттөлүш жок. Бул сыйынуу үчүн Кудайдын сүрөттөрүн жасабашыбыздын бир себеби.

**(2) Ыйык Китепте Кудайын сүрөтүн адам кейпинде жасоо бурканга табынуу деп аталат**[83].

**(3) Адам физикалык жактан жер бетинде жашоо үчүн жаратылган:** буту менен басып, колу менен нерселерди кыймылдатып, көрүү жана угуу органдары менен кабылдоо үчүн. Бирок Кудай бүт ааламда жашайт. Ал Өз сөзү менен нерселерди жаратып, кыймылдата алат. Ал бизде эч кандай чектөөлөр жок. Анын адам сыяктуу физикалык формасы бар деп ойлоого эч кандай негиз жок.

## Адамзатка берилген Кудайдын бейнесинин элементтери

� Кудайдын бейнесин чагылдырган адамдын айрым өзгөчөлүктөрү кайсылар?

### Чыгармачылык жөндөмдүүлүгү

[81] Башт. 1:26; Забур 8:5-6.
[82] 1 Падышалар 8:27.
[83] Римдиктерге 1:23.

Биздин ичибизде Кудайдын бейнесинен келип чыккан жаратуу жөндөмдүүлүктөрүбүз бар. Жаратканыбыз бизди жаратман кылып жараткан! Кээде жаныбарларды белгилүү бир белгилерди көрсөтүүгө үйрөтүшөт жана адамдар муну искусство деп аташат. Бирок бул адамдын фантазиясынан келип чыккан искусстводон таптакыр башкача. Үңкүрлөрдөн байыркы сүрөттөр табылган. Биз аларды тарткан адамдар жөнүндө көп биле албайбыз, бирок аларды жаныбарлар эмес, адамдар жасаганынан эч ким күмөн санабайт.

Чыгармачылык музыкада да байкалат. Музыка биздин ойлорубузду жана сезимдерибизди билдирүү үчүн укмуштуудай жөндөмгө ээ. Музыка аркылуу ойду айтуу жөндөмү биздеги Кудайдын бейнесинен келип чыгат.

### Ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү

Ой жүгүртүү жөндөмү дагы бир "Кудайга окшош" жөндөм. Жаныбарлардын да мээси бар, бирок биз айта алабыз, жаныбарлардын мээнин активдүүлүгү негизги инстинкт жана интуиция деңгээлинен жогору көтөрүлбөйт. Адам гана маалыматты талдап, баалап, тууралап, көрсөтүп, анан ишенимдүү жеткире алат.

Ойлонуп эле тим болбостон, ой жүгүртүү жөнүндө да ойлоно алабыз. Биз ой процесстерин талдай алабыз. Биз логикалык жактан гана эмес, логика жөнүндө да ойлоно алабыз.

### Баарлашуу жөндөмдүүлүгү

Адамдардын баарлашуу жөндөмү бар. Бул тилдерди колдонуу аркылуу көрүнүп турат. Башкалар түшүнүшү үчүн, биз ойлорубузду үндөр же символдор аркылуу билдиребиз. Ит, канаттуулар сыяктуу жаныбарлар үн аркылуу «сүйлөй» алышат, бирок жаныбарлардын арасында адамдын тилинин татаалдыгына жакын эч нерсе жок. Жаныбарлар башкаларды коркутуп, өз аймактарын белгилеп, тамак-аш менен бөлүшө алышат, бирок алар жашоонун мааниси жөнүндө сүйлөшпөйт.

Пикир алышуу ой жүгүртүү жөндөмүнөн көз каранды. Пикир алышуу ой жүгүртүү жөндөмүнөн көз каранды.

### Коомдук жандык

Адам коомдук жандык. Биз башка адамдар менен өз ара аракеттенүү үчүн жаралганбыз, башка адамдарга милдеттүү жана көз каранды болууга муктажбыз. Биз жашоону башкаларга толугу менен көз каранды кылып баштайбыз жана бала чоңоюш үчүн бир нече жыл талап кылынат. Себеби Кудай үчүн мамиле маанилүү.

Кудай жашоону адамдар күнүмдүк муктаждыктарын канаагаттандыруу үчүн биргелешип иштеши үчүн жараткан. Бир адам башка бирөөнүн жардамысыз тамак-аш таба алган күндө да, башка адамдар менен болгон мамиледе гана канаагаттандырыла турган маанилүү муктаждыктарына ээ болмок. Адамдын социалдык табияты Кудайдын бейнесинин чагылышы. Кудай Үчбирдиктүү жана табияты боюнча түбөлүктүү мамиледе.

> « Адам Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жана Жаратканыбыз ыйык болгондой эле, биз да ыйыкталганбыз. Кудай сүйүү болгондуктан, сүйүү менен жашаган адам Кудай менен, Кудай аны менен жакын мамиледе болот. Кудай таза жана күнөөсүз. Ал эч кандай жамандыкты билбеген, бирок сыртынан да, ичинен да күнөөсүз болчу. Ал «Кудай-Теңирин бүт жүрөгү менен, бүт акылы, бүт жаны жана күчү менен сүйгөн».
> - Джон Уэлли, "Ишеним менен актоо" насаатынан.

Адамдардын мамилелеринде көптөгөн көйгөйлөр бар. Ушул маселелерден улам кээ бир адамдар көз карандысыз болуш керек деп ойлошот. Эч кимге көз каранды болбой жалгыз жашагысы келет. Бирок жалгыз жашоо чечим эмес жана бул биздин жашообузга карата Кудайдын планына туура келбейт. Тескерисинче, биз мамилебизди жетектөө үчүн Кудай бизге берген принциптерди карманышыбыз керек. Ал эми көйгөйлөрдүн көбү Кудайды укпаганыбызда пайда болот.

### Моралдык жана этикалык түшүнүк

Биздин табиятыбыздын бир бөлүгү болгон моралдык сезимибиз бар. Абийирибиз кандай иш-аракеттер туура, эмне туура эмес экенин айтып берет[84]. Биздин иш-аракеттерибиз качан туура, качан туура эмес экенин билебиз. Адам ата менен Обо эне ыйык жаратылган жана Кудайдын эркин аткаруу үчүн жеткилең мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон.

Адамзат күнөөгө батып, негизги адеп-ахлак түшүнүгүн бузгандыктан, бул түшүнүк азыр туура эмес. Бирок ошентсе да, ар бирибизде эмне туура, эмне туура эмес экенин түшүнүү жөндөмүбүз бар.

Бизде адеп-ахлактык сезим бар болгондуктан, биз туура иш кылуунун зарылдыгын сезебиз жана күнөө кылганыбызда өзүбүздү күнөөлүү сезебиз. Биз инстинктибизге баш ийип, күнөөнүү сезбеген айбандардай эмеспиз.

[84] Римдиктерге 1:20; 2:15.

## Эркин эрк жөндөмдүүлүгү

Эрк, же тандоо жөндөмү адамдарга мүнөздүү. Жаныбарларда тандоо көз ирмемдик импульс жана инстинкт деңгээлинде болот. Жаныбарлар өз аракеттеринин этикалык жана практикалык кесепеттерин эске алуу менен салмактуу чечимдерди кабыл алышпайт. Ал эми адамдар ойлонуу жана натыйжалуу тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ[85].

� Эмне үчүн эрк эркиндиги адамзаттын маанилүү аспектиси болуп саналат?

Чыныгы тандоолорду жасагандыктан, кылган иштерибиз үчүн Кудайдын алдында жооп беребиз. Ал күнөөкөрлөрдү соттойт, адил адамдарды көтөрөт.[86].

Биз күнөөкөр табият менен төрөлгөндүктөн, Кудайды даңктоо үчүн эрк боштондугубузду колдонбойбуз. Табиятынан адам туура иштерди кылууга жөндөмсүз – «күнөөнүн кулу»[87], бирок Кудайдын ырайымы ар бир адамга төгүлүп, ага Жакшы Кабарды кабыл алуу каалоосун жана жөндөмүн берет. Демек, адам тобо кылып, Жакшы Кабардын чакырыгына жооп бере алат[88].

## Өлбөстүк

Өлбөстүк — Кудайдын бейнесинин ажырагыс бөлүгү. Бизде болгон эмес, бирок ар бир адам төрөлгөндөн түбөлүккө чейин жашайт. Биз физикалык гана жандыктарбыз эмес, түбөлүктүү рухтарбыз, жада калса денебиз да түбөлүккө тирилет[89]. Кудай ар бирибизди түбөлүктүү максат үчүн жараткан. Өлбөстүк биздин чечимдерибизди түбөлүктүү маанилүү кылат, анткени биз же бейиште же тозокто түбөлүк жашайбыз.

## Сүйүү жөндөмдүүлүгү

Сүйүү жөндөмдүүлүгү Кудайдын бейнесинин бир бөлүгү болуп саналат. Жаныбарлардын ортосундагы мамилелер абдан чектелген жана көбүнчө инстинкт тарабынан башкарылат. Башка өзгөчөлүктөр бул жөндөмгө ээ болуу үчүн маанилүү. Сүйүү бизде баарлашуу, өзүбүз сүйгөн адамдарыбызды тандап алуу жана аларга милдеттенме алуу жөндөмүбүз жана башкалардан сүйүү алганыбызда түшүнүү менен жооп бере алуу жөндөмүбүз болбосо, көп деле мааниге ээ болмок эмес.

---

[85] Жашыя 24:15.
[86] Аян 20:12-13.
[87] Рим. 6:16-17, Эф. 2:1-3.
[88] Марк 1:15.
[89] 1 Кор. 15:16-22; 52-54.

Адамдын сүйүүсү мамиледен, убада берүүдөн жана аны аткаруудан, курмандык чалууда жана кызмат кылуудан, кечиримдүүлүктөн кубаныч менен чагылдырылат. Булардын баары Кудайдын сүйүүсүн чагылдырат.

### Даңктоо жөндөмдүүлүгү

Өтө маанилүү бир өзгөчөлүк – бул биздин даңктоо жөндөмдүүлүгүбүз. Сүйүктүү гимндериңизди же данктоо ырларыңызды ойлоп көрүңүз. «Кудай кудуреттүү» деп ырдайбыз. "Теңир Улуу" терең сыйынуунун түбөлүктүү гимни. Забурчу:«Менин жаным Теңирди даңкта; Менин бүт ички дүйнөм, Анын ыйык ысымын даңкта!»[90] деп жарыялайт. Бул даңктоо сөздөрү биздеги «Кудайдын элеси» Кудайды таанып, бизди Анын бейнеси боюнча жараткан Атага жооп бергендиктен гана мүмкүн.

## Адамзаттагы Кудайдын бейнесинин максаты

Бир аз токтоп, эмне үчүн Кудай бизди Өзүнүн окшоштугунда жана бейнесинде жаратканы жөнүндө ойлонгула. Эмне үчүн биз башка жандыктардан айырмаланабыз? Жообу - анткени биз Кудай менен мамиледе болуу жана Ага сыйынуу үчүн атайын жаратылганбыз.

Ыйык Китепте жалпысынан жаратуу Кудайга даңк алып келери айтылат. Биз Кудайдын улуулугун анын жараткан нерселеринен көрөбүз. Ал эми башка макулуктар түшүнбөй туруп, Кудайды даңктап жатышат. Алар Кудайдын кандай экенин түшүнө алышпайт, анткени аларда Ага тиешелүү болгон табият жок.

Биз Кудайдын чексиз жаратмандыгына суктана алабыз, анткени бизде жаратмандык менен ойлонуу жөндөмү бар. Биз Анын ыйыктыгын жана адилеттүүлүгүн даңктай алабыз, анткени бизде туура жана туура эмес деген сезим бар. Биз Анын түбөлүктүү сүйүүсүн баалай алабыз, анткени бизде сүйүү жөндөмдүүлүгү бар.

Биз Кудайды акыл-эс менен гана эмес, мамилелер аркылуу да тааныган сайын, Аны ошончолук сүйүп, ага сыйынабыз. Кудай менен болгон мамилебизден кубаныч жана канаага ттануу табабыз, анткени Ал бизди ошол мамиле үчүн жараткан.

## Башка маанилүү ойлор

**Ар бир адамда Кудайдын бейнеси бар.** Психикалык чектөөлөрдөн улам ойлоно албаган, өзүн чыгармачылык менен көрсөтө албаган, эркин

[90] Забур 8:6.

аткара албаган адамдар бар. Кудайдын бейнеси аларда жаратылган, бирок бул алардын жердеги жашоосунда ишке ашпай калышы мүмкүн.

**Ар бир адамдын өмүрү түбөлүктүү жана чексиз баалуулукка ээ.** Кээде биз адамдын практикалык баалуулугун, анын интеллекти, билими, таланты же күчү сыяктуу нерселерди байкайбыз. Бирок ар бир адамда анын практикалык баалуулугунан маанилүүрөөк баалуугу бар - бул ал Кудайдын бейнесиндеги баалуулугу. Демек, анын ичинде адамга практикалык баа бере турган эч нерсе жок болсо да, ал жаман болсо да, ар бир адам урматтоого татыктуу. Анткени ар бир баланын ичинде Кудайдын бейнеси бар, алар Кудай алдында кымбат. Ошондуктан бойдон алдыруу коркунучтуу күнөө болуп саналат.

**Периштелер уникалдуу жаратылган.** Периштелер да өзгөчө жандыктар. Аларда жогорку интеллект, ой жүгүртүү жөндөмү, баарлашуу жөндөмү жана даңктоо жөндөмү бар. Демек, алар Кудайдын бейнесинин кээ бир жактарына ээ жана Ыйык Жазмада «Кудайдын уулдары»[91] деп аталат. Азыр биз периштелерден күчүбүз боюнча төмөнбүз[92], бирок алар бизге кызмат кылышат[93]. Түбөлүктүүлүктө биз периштелерден жогору болуп, Машайак менен бирге башкарабыз. Бул адамдардын периштелерге караганда толугураак Кудайдын бейнеси боюнча жаратылганын билдирет[94].

**Дүйнө өзүнүн баштапкы абалындай эмес.** Өтө таланттуу сүрөтчү тарткан кооз сүрөттү элестетиңиз. Сүрөт жерге ыргытылып, адамдар кир бут кийимдери менен басышты. Сүрөттү алып, карап көрсөң, аны тарткан талант дагы деле көрүнүп турат, бирок кайра боёгондон кийин картина оңолбойт. Жаратылыш да ушундай абалда. Муну Кудай каалаган эмес, бирок Анын даңкы дагы эле көрүнүп турат.

**Күнөө - адамдын "Кудайга окшош" жөндөмдөрүн бурмалаган.** Көркөм жөндөмдүүлүктөр Кудайдын белеги болгону менен, ал жаман жүрөктө көрүнүп, шайтандын куралы болушу мүмкүн. Бирок Кудайдын ырайымы менен күнөө биздеги Кудайдын бейнесин толугу менен жок кыла алган жок. Ал эми биздеги Кудайдын бейнеси Анын ырайымы менен жаңыланып, өнүгүп, Жараткандын даңкы үчүн колдонулушу мүмкүн![95]

**Биздеги Кудайдын бейнеси биз үчүн эң маанилүү нерсе.** Биздеги Кудайдын бейнеси бизге Жакшы Кабарга жооп берүүгө мүмкүнчүлүк

[91] Аюб 1:6.
[92] Забур 8:9.
[93] Евреям 1:14.
[94] 1 Корунттуктарга 6:3.
[95] Кол. 3:10; Эф. 4:22-24; 2 Кор. 3:18.

берет. Биздин адеп-ахлактык сезимибиз Кудайдын ырайымы биздин абийирибизди ойготуп, күнөөлөрүбүздү ашкерелейт. Ырайым менен калыбына келтирилген эрк бизде иштеп жатат, бул бизге «кимге кызмат кылаарыбызды» тандоого мүмкүнчүлүгүн берет. Биз чыгармачылык аркылуу Кудайды даңктап, мактай алабыз. Акылыбызды колдонуу менен биз Кудайды жана Анын жолдорун жарым-жартылай түшүнө алабыз. Кудайды түшүнүүгө болгон изденүү сыйынууга айланат, анткени биз Жаратуучубуздун абсолюттук кереметтүүлүгү менен «бизге даңк жана урмат-сый тажысын кийгизген!»

## Адашуудан сак болуу керек

Кээде адамдар Кудай менен болгон мамиле өлгөндөн кийинки жашоо үчүн гана маанилүү деп ойлошот. Эгерде адам жер бетинде жакшы жашаса, анда ал машайакчы болобу же жокпу, баары бир деп ойлойт. Бирок биз адамзаттын Кудай менен мамиледе болуу үчүн жаратылганын билебиз. Демек, адам Кудайды тааныбаса, өмүрү текке кеткенин түшүнөбүз. Бизди жетектеп, мүмкүнчүлүктөрүбүздү ишке ашыруу үчүн жана бардык иш-аракеттерибизге түбөлүктүү келечекти берүү үчүн Кудайдын Рухуна муктажбыз.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Адамдар Кудайды сүйүү жана ага сыйынуу максатында Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган. Ушул ой-ниет ишке ашыруу үчүн, Кудай бизди ой жүгүртүү, баарлашуу жана сүйүү жөндөмдүүлүгү менен жараткан. Адамда моралдык сезим, жеке эрк, өлбөс рух болот. Кудайдын ырайымы адамга эркин чечим чыгарууга күч берет. Ар бир адамдын өмүрү түбөлүктүү жана чексиз баалуулукка ээ.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Жакып, 1:12-15; Римдиктер, 6:12-23; 1 Тесалоникалыктар, 5:23; Римдиктер, 8:22-26; Жашыя, 24:14-18; Башталыш, 3:1-6; Эфестиктер, 2:1-9.

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, railкеминде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

**Басылып чыгарылган булактар**

Purkiser, W. T., ed. Exploring Our Christian Faith
Kansas City, MO: Beacon Hill, 1978.
See chapter 10: “What is Man?”

**Адамзаат**
**Тесттин суроолору**

(1) Машайакчылардын адамга болгон көз карашы башкалардан эмнеси менен айырмаланат?
(2) Адамдагы Кудайдын бейнеси физикалык окшоштук эмес экенин кайдан билебиз?
(3) Адамдагы Кудайдын бейнесинин тогуз элементин санап бергиле.
(4) Эмне үчүн биз Кудайдын бейнеси боюнча жаратылганбыз?
(5) Адеп-ахлактык сезиминен кандай жөндөмдүүлүк келип чыгат?
(6) Кудайга жагуу үчүн эрк боштондугубузду колдоно алышыбыз үчүн, эмне үчүн бизге Кудайдын ырайымы керек?

**Адамзаат**
**Тесттин суроолоруна жооптор**

(1) Адамда Кудайдын бейнеси өтө маанилүү экендигин Машайакчы билет.
(2) Кудай – рух. Адамды Кудайдын ордуна коюу бул – бутка табынуу деп аталат. Адам жерде жашоо үчүн жаратылган.
(3) Чыгармачылык, ой-жүгүртүү, баарлашуу, коомдук мүнөзү, абийири, эркин тандоосу, түбөлүк өмүрү, сүйүү жана табынуу.
(4) Кудай менен сүйүү жана табынуу мамилесинде болуу үчүн, адамды Өзүнө окшош кылып жаратты.
(5) Абийир адамды жакшы жаманды ажырата билүүгө үйрөтөт.
(6) Күнөө эркибизди баш ийдирип алган соң, Кудайдын ыраймы жок, биз күнөөнүн кулу болчубуз.

# 5 Сабак
# Күнөө

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Күнөө кайдан келгендигин түшүнүү эмне үчүн маанилүү.
(2) Адамда тандоо эркиндиги болгон үчүн күнөө кирген, бирок күнөөнү Кудай жараткан эмес.
(3) Тукумдалган күнөөкөр табияттын аныктамасы жана сүрөттөлүшү.
(4) Ыктыярдуу күнөөнү Ыйык Китеп кантип түшүндүрөт.
(5) Адамдык адашуулардын аныктамасы жана Машайакчынын өсүү процессине болгон туура мамиле.
(6) Адамдын алсыздыгын аныктоо жана анын күнөөдөн айырмасы.
(7) Күнөө жөнүндө ишенимдин ырастоосу.

Сабактын тажрыбалык максаттарынын бири – бул билип жасалган күнөөгө так аныктама берүү менен студенттерге терең түшүнүүгө жарадам берүү.

## Күнөө

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Башталыш 3тү чогуу окугула. Күнөө жөнүндө бул аят эмне дейт?*

### Эмне үчүн күнөө эмне экендигин билүү зарыл?

� Күнөөнүн эмне экендигин түшүнүү зарылчылыгы кандай?

Ыйык Китепте адамдардын азап чечишине күнөө себеп болгону айтылат. Күнөө аркылуу дүйнөгө өлүм кирди[96]. Күнөөнүн каргышынан улам азыр оору, карылык жана азап бар. Көрө албастык, жек көрүү, бой көтөрүү, өзүмчүлдүккө, кечирбестикке адамдардын жүрөгү толсо, анда калп айтуу, урдоо, киши өлтүрүү, ойноштук кылуу, мушташуу, аракечтик, эзүү сыяктуу күнөөнүн иштерин жасоого толук мүмкүн болот.

---

[96] Римдиктерге 5:12.

Күнөө эмне экендигин билишибиз керек, (1) Дүйнөнүн абалына Кудай биз күткөндөй кийлигишпейт, ошондуктан дүйнө эмнени артык көрүп жаткандыгын. Биз түшүнүшүбүз керек, дүйнөнүн абалын түшүнүү үчүн, (2) биз күнөөнүн эмне экендигин билишибиз керек.

> «Бул абалдагы адамдын акылы караңгылыкта, Кудайдын куткаруучу билиминен ажыратылган жана элчинин айтымында, Кудайдын Рухунун эркине ылайык иш кыла албайт.» - Иаков Арминий, *Жыйырма беш*

Кудай адамдын күнөөсүнө ырайым жана куткарылуу менен жооп берди. Биз күнөөнүн аныктамасын так билишибиз керек, (3) ырайым менен куткарылууну түшүнүү үчүн.

Күнөөкөр болуу – Кудайды таанууга жана ыйыктыкка каршы. Ыйык болуу үчүн, адам күнөөдөн бөлүнүшү керек. Биз күнөө эмне экендигин түшүнүү үчүн, (4) ыйыктык эмне экендигин түшүнүү керек.

**Күнөөнүн баштапкы булагы**

Кудайдын жаратканы жеткилең жана кемчиликсиз болгон. "Кудай Өзү эмнени жаратса, ошонун бардыгы абдан жакшы экенин көрдү"[97]. Демек, күнөө Кудайдын айыбы эмес экенин көрдүк. Адам ата менен Обо эне Кудай менен баарлашып, Кудайга жазууну каалашкан.

Шайтан Обо энени азгырып, аны туура эмес иш кылууга мажбур кылган. Демек, күнөө ааламда болгонун билебиз. Шайтан күнөөгө баткан эле, бирок күнөө адамга жана ал жашаган чөйрөгө келе элек болчу.

Адам ата жана Обо эненин эрки бош болгондуктан, тандоо мүмкүнчүлүгү бар эле, ошондуктан күнөө кирүүгө жол тапкан. Адам тил албастык кылды, ал аркылуу күнөө кирди

Биринчи күнөө адамзатты Кудайдан бөлгөн жана адамдын табиятын бурмалады[98]. Андан кийин төрөлгөн балдардын бардыгы ушул таза эмес табиятты мурасташат. "Дүйнөгө бир адам аркылуу күнөө кирди, күнөө аркылуу өлүм кирди. Ошентип, өлүм бардык адамдарга өттү. Себеби бардыгы күнөө кетиришти"[99].

Күнөө бүт жаратылгандарга каргыш алып келди[100]. Күнөө үчүн жашоо өзгөрдү. Дүйнөгө оору, карылык, өлүм келди[101]. Эмгек жана жашоо кыйын

---

[97] Башталыш 1:31.
[98] Забур 50:5
[99] Римдиктерге 5:12, 14, 18-19.
[100] Башталыш 3:16-19.
[101] 1 Корунттуктарга 15:22

«Адам табиятынан ар кандай жамандыкка толгонбу? Ал бардык жакшылыктан куру калдыбы? Ал толугу менен жыгылдыбы? Анын жаны толугу менен бузулганбы? Же, текстке кайтып келе турган болсок"адамдын бардык ойлору анын жүрөгүндө чексиз жамандыкка толгонбу? Муну моюнга ал, сен машайакчысың. Аны тан, сен дагы эле бутпарастарсың».». - Джон Уэсли, "Алгачкы күнөө окутуусу."

болуп калды. Адамдардын мамилелери чырчатактарга толду. Адамдар жер бетинде көбөйгөн сайын, күнөө да көбөйдү.

**Тукумдалган күнөөкөр табият**

� Тукумдалган күнөөкөр табиятты кантип мүнөздөйсүңөр?

Тукумдалган күнөөкөр табият – бул абийринин караңгылашы, ниеттернин же төрөлгөндөн баштап эле эркинин күнөөгө баш ийиши. Кээде аны «баштапкы күнөө» дешет. Адамдар Адам ата Обо эненин тил албастыгынын натыйжасынан күнөөкөр табият менен төрөлүшөт.

«Жүрөгүңөрдө мыйзамсыздык кылып жатасыңар, жерде колуңар менен кылган кыянат иштерди таразага коюп жатасыңар»[102]. Адамдын табияты күнөө менен бурмаланды. Адам тандоо жасай баштаганда эле анын айлана-чөйрөсүндө үйрөнгөн нерсе эмес.

Дөөт айткан: «Мен бойго бүткөндөн тартып эле күнөөкөрмүн, энемден күнөкөр болуп төрөлгөм»[103]. Ал апасынын туура эмес иш кылгандыгын билдирген эмес. Ал ымыркай курсагында кезинде эле, анын табияты күнөө менен булганган дегенди билдирген.

Күнөөкөр табия үчүн адамдын ичиндеги Кудайдын бейнеси бурмаланды: ал өзүмчүл, тил албас, күнөөгө жакын болду[104]. Туура иштерди тандоодо биздин эркибиз эркин эмес, ошондуктан биз Кудайдын ырайымына, каалоосуна, күчүнө муктажбыз 🕮[105].

Тукумдалган күнөөкөр табият бой көтөрүү, көрө албастык, жек көрүү, кечирбестик өңдүү ички күнөөлөргө жана күнөө иштерди жасоого да түрткү берет.

[102] Забур 57:3
[103] Забур 50:7.
[104] Филипиликтерге 3:19.
[105] Римдиктерге 6:16-17.

Адамдар, албетте, Кудайдын бийлигине каршы козголоңчул маанайда болушат жана анын мыйзамына ачууланышат. Күнөөкөрлөр күнөө иш-аракеттери үчүн гана эмес, Кудайга каршы чыкканы үчүн соттолушат [106].

Күнөөкөр табиятчан адам өтө өзүмчүл. Ал өзүнүн оюн жогору коюп, Кудайга жана башкаларга ишенгиси келбейт. Ал Кудайга жагууну ойлобойт, өзүнүн каалосун аткаргысы келет.

Адамдар жакшы менен жаманды так ажырата алышпайт, анткени алардын акылы караңгы болуп калган [107]. Алардын табияты козголоңчул, дүйнөнүн артынан ээрчишет; ошентип алар Кудайдын каарын өзүнө чакырышат[108]. Алардын табигый каалоосу күн сайын күнөөгө ыктайт [109].

Тукумдалган күнөөкөр табияттын деңгээлин теологияда толук бузулуу деп мүнөздөшөт. Кудайдын ырайымы жок адам; жакшы эч нерсе жасай албайт, тобо кылып, Кудайды издей да албайт[110]. Ал "кылмыштарынын жана күнөөлөрүнүн айынан өлгөн" деп сыпатталат[111].

Тукумдалган күнөөкөр табиятка Кудайдын ырайымы таасир берет. Биринчиден Кудайдын күчү Жакшы Кабарда көрүнүп, адашкан адамга каалоо жана тобо кылуу мүмкүнчүлүгүн берет [112]. Андан кийин адам куткарылса, ал күнөөнүн кулчулугунан бошонот[113], бирок тукумдалган күнөөкөр табият толук өзгөрүп кетпейт.

Бул таасир ар кандай шартаарда көрүнөт.

1. Азгырык учурунда машайакчы өз эрки менен күрөшөт.
2. Жаңы ишенген машайакчы туура эмес ниетине каршылык көрсөтүшү керек.
3. Жаңы ишенген машайакчы туура эмес реакцияларга жана көзкараштарга байкабай калганда ээ болот.

Жаңы ишенген машайакчы ишенимин таштабашы үчүн бекемдөөгө муктаж. Ушул учурда жүрөгүндөгү ниеттерди көрүп, куткарылгандыгы тууралуу күмөн санашы мүмкүн.

Жыйын башчысы жаңы ишенген машайакчыларга чыдамдуу болуш керек жана лардын сүйлөгөнү жана кылган иштери туруктуу машайакчыларга

---

[106] **Окугула.** Жүйүт 15.
[107] **Окугула.** Эфестиктергк 4:17-18.
[108] **Окугула.** Эфестиктерге 2:2-3.
[109] Башталыш 6:5.
[110] **Окугула.** Жакан 6:44.
[111] Эфестиктерге 2:1.
[112] **Окугула.** Римдиктерге 1:16.
[113] Римдиктерге 6:11-14.

бат эле окшош болбогонун түшүнүшү керек. Жаңы эле ишенген адам өз көйгөйүн көрө албашы мүмкүн. Алардын көңүлүн көтөрүп, тукумдалган күнөкөр табиятынан тазаланышы үчүн сыйнып, бирок аларды түшүнүү үчүн убакыт керек.

## Билип туруп жасалган күнөө

�Билип туруп жасалган күнөө деген эмне?

Билип туруп жасалган күнөө – бул Кудайдын эркин билип туруп бузуу[114]. Туура эмес экендигин билип туруп жасоо же туура нерсени билет бирок жасабаганы, бул адамдын толук түшүнүп туруп өз эрки менен тандап алуусу.

Күнөөкөр табият Ыйса Машайактан башкасынын баарын күнөөгө батырды[115]. Жашоосунда күнөө кылбаган бир да адам жок[116].

Римдиктерге 3:10-19 өз табиятын ээрчигендердин, ырайым менен өзгөрүлбөгөн адамдардын жашосунун сүрөттөмөсүн көрөбүз. Алардын жашоосу козголоңго, жек көрүүгө жана кыйроолорго толгон.

Мындай адамдар бар: жаман деп да айталбайсын, бузуку адамдаргда окшош эмес. Башкаларга эч кыйратуучу жана зыяндуу каршылыгы жок адамдар. Бирок ал адамдар да күнөөкөр, анткени алар Кудайга баш түйүнүн ордуна, өз жолу менен жашоону тандап алган. Ыйык Китеп ушундай адамдар өз жолу менен адашып жүргөн койлордой экендигин айтат [117].

Адам тандоо укугусу бар экенин жарыялап, Жараткандын укугун четке кагуу- бул күнөөнүн маңызы. Бул Кудайдын бийлигине каршы чыгуу. Дал ушул күнөөгө Адам ата жана Обо энеазгырылышкан. Кудайдан муктаж болбой, өздөрүнө өзү кудай болгусу келген.

Акыры сотто күнөөкөрлөр күнөө иш-аракеттери үчүн соттолот жана күйүп турган көлгө ыргытылат[118].

Тобо кылып, Жакшы Кабарга ишенген күнөөкөр билип туруп жасалган күнөөнү жеңип жашай баштайт. Эгерде ал азгырылып күнөө кетирсе, анда

---

114 **Окугула.** 1 Жакан 3:4; Жакып 4:17.
115 **Окугула.** Римдиктерге 3:23.
116 **Окугула.** 1 Жакан 1:10.
117 Ышайа 53:6.
118 Аян 20:12-14.

тобо кылып кечирим ала алат, бирок ишенгендердин күндөлүк жашоосу - бул күнөөнү жеңүү [119].

**Билбестиктен кеткен каталар**

Кээде адам кокустан же билбей туруп, Кудайдын мыйзамын бузат.

Лебилер китебинде 4:2-3тө адам туура эмес иш кылганын билгенде курмандык чалышып керектигин көрөбүз. Ыйса Машайактын курмандыгы Эски Келишимдеги бардык курмандыктардын ордун басат, ошондуктан биз машайакчылар билбестиктен кеткен каталарыбыз кетирилгенин билебиз.

Билбестиктен кеткең каталарды Кудайдын бүтүндөй болгон үлгүсүнө туура келбегендиктен , ошол мааниде күнөө деп айтсак болот. Бирок башында Ыйык Китепте бул күнөө деп аталган эмес. Буларды күнөө деп эсептеген адамга, кокустан жасап алган же Кудайдын эркин билип туруп бузганбы айрмалап айта албайт. Башка жагынан ал адамдын жоопкерчилигин туура өлчөп, калыс болалбайт. Кудай билбестиктен кеткен каталарды эмес, күнөөнү айыптады.

Түшүнүгүбүз чектелүү кезде, каталар сөзсүз болот. Мындай каталар Кудай менен болгон мамилебизди бузушпайт, анткени Кудайга болгон сүйүүбүзгө каршы келишпейт. Ким Кудайды чын жүрөгү менен сүйсө, ал Анын бардык талаптарын аткарган адам[120]. Биз билбеген нерсе үчүн жооп бербейбиз[121].

(Биз билген чындыкка ылайык) жарыкта жүрүп, баардык күнөөлөрдөн тазаланабыз [122]. Биз билбей туруп кетирген каталардан, коркпошубуз керек, анткени күнөөдөн арылтуучу Машайактын курмандыгына ишенебиз.

Девизи китебинен билбестиктен кеткен каталар жөнүндө дагы эмнени билебиз? Эгер биз катабызды түшүнсөк, анда тобо кылып, Кудайдан кечирим сурап, Кудай каалагандай жашообузду оңдошубуз керек.

Биз Ыйык Китепти изилдеп, Ыйык Рухту ээрчип, ишенгендер менен баарлашып, руханий өсүп, Кудайдын мыйзамын билбестик менен бузган жүрүм-турумдарыбызды өзгөртүшүбүз керек.

---

[119] **Окугула.** 1 Жакан 2:1-6; 3:3-10.
[120] **Окугула.** Мт. 22: 37-40; Рим. 13:8-10.
[121] **Окугула.** Жакып 4:17.
[122] **Окугула.** 1 Жакан 1:7.

**?** Эмне үчүн биз Кудайдын эркин жакшыраак билип, аны аткарууну каалайбыз?

Кудайдын эркин жакшыраак түшүнүп, ага толугу менен баш ийишибиздин бир нече себептери бар:

1. биз Кудайга жакпаган эч нерсе кылгыбыз келбейт.
2. туура эмес иш-аракеттердин жаман кесепеттери бар, билбестиктен жасалган болсо да.
3. биз машайакчылыктын мыкты үлгүсүн көрсөтө алышыбыз керек.
4. эгер биз Кудайдын каалоосунан алыс болууга аракет кылсак, анда атайылап күнөө кылган болобуз.

Кудайдын эрки жөнүндө түшүнүгүбүз өскөн сайын, кээде жашообуздагы туура эмес иштерди байкайбыз. Эгер биз жасаган бир нерсе туура эмес экендигин байкасак, бирок аны баары бир жасай берсек, бул билбестиктен кетирилген ката эмес. Өзгөрүлбөстөн уланта берсек, анда бул күнөө экени шексиз.

## Алсыздыктар

Алсыздыктар - бул физикалык же акыл-эс жагынан чектөөлөр же кемчиликтер. Ар бир адамдын адамдык алсыздыгы бар. Адам Атанын күнөөсү үчүн, адамзат дайыма күнөөгө жакын болгондуктан, биз алгач жаратылганыбызга караганда денелик, эмоционалдык жагынан алсызыраак болуп калганбыз.

Биз билебиз, алсыздык күнөө эмес, анткени Ыйсанын да алсыз жактары болгон, бирок Анын ичинде күнөө болгон эмес [123]. Ыйса денедеги адамзаттын чектөөлөрүн кабыл алып, биз сыяктуу эле, бардык нерсеге азгырылды. Ыйык Жазууда Ыйсанын ачка болуп, чарчаганы жана кыйналганы жөнүндө айтылат. Ыйса биздин адамдык чектөөлөрдү кабыл алганына карабастан, ал эч качан Атасына жакпаган нерселерди кылган эмес, анткени Ыйсада Кудайдын табияты болгон жана Ыйык Рух жетектеген.

Элчи Пабыл өзүнүн алсыз жактары Кудайдын күчүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бергенине кубанган. Бирок биз билебиз, ал күнөө жөнүндө айткан эмес, анткени жашоосундагы уланып жаткан күнөөгө кубанмак эмес [124].

---

[123] **Окугула.** Эврейлерге 4:15.
[124] **Окугула.** 2 Корунттуктарга 12:9-10.

Биз өлө турган денедебиз ага чейин бизде алсыздыктар болот. Адам сөзсүз түрдө ката жасайт, анткени биздин түшүнүгүбүз чектелген. Алсыздыктар билип туруп жасалган күнөө жаратпайт. Эгерде биз күнөө кылууну тандасак, анда өзүбүз күнөөлүүбүз жана адамдык табиятыбызды күнөөлөй албайбыз. Кудай бизди адам деп эмес, тескерисинче, ага каршы эркибизди койгонубуз үчүн соттойт.

**?** Билип туруп жасалган күнөө жана билбестиктен кеткен каталардын айырмасын билүү, эмне үчүн маанилүү?

## Адашуудан сак болуу: билип туруп жасалган күнөөнүн түшүнүксүз аныктамасы

Кээ бир адамдар билип туруп жасалган күнөнү, тукумдалган күнөөкөр табиятты, билбестиктен кеткен каталарды, алсыздыктарды бир деңгээлге коюп, күнөө деп аташат.

Күнөөкөр, күнөөсүн таштоого даяр болгондо, ушунчалык тобо кылып өкүнөт. Демек, ал билип туруп жасалган күнөө үчүн тобо кылат, анткени Кудайдын күчү менен өзгөрүлө турган нерсе ушул.

Эгер билип туруп жасаган күнөөнү башка күнөөлөрдөн айырмаласак, анда күнөөнү жеңүү деген эмне экендигин түшүнөбүз. Айырмасын көрбөгөн адам күнөөсүз жашоо мүмкүнчүлүгүнө ишенбеген адам.

Ыйык Жазуудагы куткарылуу ошондо гана мааниге ээ болот, качан гана алдамдын көз-караш абалын айырмалыгын эске алганда. Куткарылууну түшүнүү үчүн, күнөөнү туура аныкташыбыз керек.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

А дегенде Адам ата менен Обо эне эркиндикке ээ болуп, Кудайга баш ийбөөнү туура көрүштү, бул күнөнүн натыйжасы болду. Ыйса Машайактан башка бардык адамдар Адам атанын бузуктугун тукум кууп өткөн жана ошондой эле күнөө иш-аракеттери үчүн күнөөлүү. Адамдардын каталары Кудайдын мыйзамын бузушу мүмкүн, бирок Кудай менен болгон мамилебизди бузбайт. Ар бир күнөөкөр, сот алдында Кудайдан кечирим таппаса, акыры айыпталат.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

**Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар**
Галатиялыктарга, 5:16-21; Эфестиктерге, 5:1-8; Титке, 1:10-16; Жакып, 4:1-4; 2 Петир, 2:9-17, Римдиктерге, 1:21-32, Римдиктерге, 3:10-20.

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, кеминде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

**Басылып чыгарылган булактар**


Lewis, C. S. *The Screwtape Letters*. New York:
Macmillian Co., 1968.

Wesley, John. “Satan’s Devices.” Wesley’s 52
Standard Sermons. Salem, OH: Schmul Publishing, 1988.

**Күнөө**
**Тестин суроолору**

(1) Күнөөнүн аныктамасын түшүнүүгө кандай төрт себеп бар?
(2) Күнөө Кудайдын күнөөсү эмес экенин кайдан билебиз??
(3) Төмөнкү түшүнүктөргө ар бирие бир сүйлөм менен аныктама бериңиз: тукумдалган күнөөкөр табият, билип туруп жасалган күнөө, билбестиктен кеткен каталар жана алсыздыктар.
(4) Эмне үчүн биз Кудайдын эркин билип, аны аткарышыбыз керек??
(5) Алсыздыктар күнөө эмес экендигин кайдан билебиз?

**Күнөө**
**Тесттин суроолоруна жооптор**

(1) Дүйнөнүн абалын түшүнүү, дүйнөдөгү Кудайдын артыкчылыгын түшүнүү, ырайым менен куткарылууну түшүнүү жана ыйыктыкты түшүнүү.
(2) Кудай бардыгын кемчиликсиз кылып жараткан.
(3) *Тукумдалган күнөөкөр табият* - бул адам төрөлгөндөн баштап күнөөгө түрткөн адеп-ахлактык табияттын бузулушу; *билип туруп жасалган күнөө* - бул Кудайдын белгилүү эркин бузуу; *билбестиктен кеткен каталар* – бул кокусунан же билбестиктен Кудайдын Сөзүн бузган иш-аракеттер; *алсыздыктар* - бул физикалык же акыл-эс жагынан чектөөлөр же кемчиликтер.
(4) Биз Кудайга жакпаган нерсени жасагыбыз келбейт. Туура эмес иш болсо дагы, анын жаман кесепеттери бар. Ыйсанын жолдоочулары катары биз жакшы үлгү болушубуз керек. Эгер биз Кудайдын каалоосунан алыс болууга аракет кылсак, анда биз күнөө кылган болобуз.
(5) Ыйсанын алсыздыгы болгон, бирок күнөөсү болгон эмес.

# 6-сабак
# Рухтар

**Сабактын максаты**
Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Периштелердин табияты жөнүндө кээ бир маалымат.
(2) Ишенгендердин жашоосуна периштелердин катышуусу.
(3) Шайтандын жана башка жаман рухтардын кулашы.
(4) Рух дүйнөсүндө болгон руханий кагылышуу.
(5) Кудайдын акыркы жеңиши жана ишенгендердин караңгы күчтөрдүн үстүнөн жеңишке ээ болусу.
(6) Рухтар жөнүндө ишенимдин билдирүүсү.

Сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – студентке рух дүйнөсүнө кооптуу кызыгуудан сак болууга жардам берүү.

## Рухтар

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Матай 4: 1-11ди чогуу окугула. Бул үзүндү жаман рухтар жөнүндө эмнени билдирет?*

Адамдар периштелер жөнүндө сүйлөшкөндө, алардын келбетин билгилери келишет. Көптөгөн сүрөтчүлөр аларды тартууга аракет кылышкан.

**?** Периштелердин келбети кандай?

Периштелердин канаттары барбы? Ышаая көргөн серафимдин алты канаты болгон [125]. Кудай Мусага Келишим сандыгына жайгаштырууну буйруган керуптун да канаттары болгон [126]. Жезекиел көргөн керуптун төрт канаты болгон [127].

Периштелердин канаттары бар-жогун билбейбиз. Аларга саякаттоо үчүн канаттардын кереги жок, анткени алар рухтар жана канаттар менен учканга караганда алда канча көп ылдамдыкта саякатташат. Рухтар

[125] Ышайа 6:2.
[126] Мисирден чыгуу 25:20.
[127] Жезекиел 1:6; 10:15.

болгондуктан, алардын физикалык денеси жок, ошондуктан аларга канаттардын кереги жок.

Биз көргөн сүрөттөрдө периштелер балдарга же аялдарга окшош, бирок Ыйык Китепте окшош деп эч качан айтылган эмес. Алар эркектердин түрү менен пайда болушкан, бирок адамдык мааниде жынысы жок. Аларда үйлөнүү же үй-бүлөлүк байланыш сыяктуу эч нерсе жок. [128] Ар бири өзүнчө бар болуш үчүн жаратылган.

Адатта, периштелер адамдарга көрүнбөйт, бирок алар зарыл болгон учурда пайда болушу мүмкүн. Кээде, периште пайда болгондо, алгач аны жөнөкөй адам катары кабыл алышкан. [129] Башка учурларда периштелер ушунчалык жаркырап көрүнгөн үчүн, адамдар коркуп катып калышчу.[130] Периште адамдарга кабар алып келгенде «корпо» деген сөз менен баштаган.[131]

Периштелер - рухтар[132], бирок алар көп деле реалдуу эмес экен деп ойлобошубуз керек. Анткени Ыйык Китепте рухтар физикалык нерселерден да күчтүрөөк деп айтылат [133].

Периштелер Кудайдын уулдары деп аталышат[134] жана аларда Кудайдын табиятынан бир нерсе бар, бирок адамдардыкындай эмес. Азыр периштелер күч жана акыл жагынан адамдардан алда канча жогору, бирок адам периштелерден жогору турган күн келет [135].

Башталыш китебинде периштелердин жаратылышы жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Алар жер жарала электе эле жаратылып жана Кудай жерди жаратканда кубанышкан[136].

Периштелер – өлбөс[137]. Алардын жерге чейин жаратылышы, бардык периштелердин миңдеген жылдар бою жашап келгендигин билдирет жана адамзаттын бүткүл тарыхын байкап келишкен.

---

[128] **Окугула.** Матай 22:30.
[129] Башталыш 19:1-2.
[130] Матай 28:2-4.
[131] **Окугула.** Лука 1:13; 1:30; 2:10.
[132] Эвр. 1:14; Мат. 8:16; 12:45; Элч. иш 19:12 - жана башка аяттарда жиндер рухтар деп да аталат.
[133] **Окугула.** Ышайа 31:3.
[134] Аюб 1:6.
[135] **Окугула.** 1 Корунттуктарга 6:3.
[136] Аюб 38:4-7.
[137] Лука 20:36.

Периштелер – жеке мүнөзгө ээ. Алар сүйлөй алышат  жана бааралашу жүргүзө алышат [138]. Алар Кудайга табынышат, демек, алар Анын табиятынан бир нерсени түшүнүп Кудайды урматташат[139]. Күнөөкөр тообо кылганда, алар кубанат, бул алардын сезимдери бар экендигин көрсөтөт [140]. Алар куткарылуу планын түшүнүүгө аябай кызыгышат, бул алардын интеллектуалдык жөндөмгө ээ экендигин көрсөтөт [141]. Ыйса Машайак төрөлгөндө алар зор кубанычка бөлөнүшкөн[142].

Периштелер бирдей эмес, анткени алардын айрымдары керубим жана серафим деп аталат. Периштелердин деңгээлдери дагы бар, анткени Ыйык Китепте периштелер жана жок дегенде бир жолу башкы периште жөнүндө, ошондой эле “шайтан жана анын жин-периштелери” жөнүндө айтылат[143]. Алардын арасында бийлик структурасы: тактылар, үстөмдүктөр, башкаруучуулар, бийликтегилер деп аталган система бар.

Периштелер жөнүндө жүйүттөрдүн жана машайакчылардын каада-салттарында , Ыйык Жазуудан билгенибизден көп жазылган.

Ыйык Жазууда периштелердин ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө көп нерсе айтылбайт. Башкы периште деген термин Ыйык Китепте эки жолу гана колдонулган. Михаел башкы периште деп аталат жана Ыйсанын кайтып келишинде башкы периштенин үнү угулат [144]. Архангел деген сөз түзмө-түз "башкы периште" дегенди билдирет. Канча башкы периштелер бар экендигин билбейбиз.

Ыйык Китепте Сераптар жөнүндө Ышайа 6да гана эскертилет. Алардын алты канаты болгон. Канаттарынан тышкары, алардын бети, колдору жана буттары болгондуктан, алар адамдарга окшош болушкан.

Адам ата менен Обо эне куулгандан кийин, Эйден багына оттуу кылыч менен керуп коюлган [145]. Бул бакчаны кол жеткис кылуу үчүн болгон. Жезекиел көргөн керуптун сүрөттөлүшү белгилүү жаратуулардан таптакыр башкача. Алардын төрт канаты, төрт башка жүзү, бир нече колдору болгон. От аларды аралап жүрдү, оттон жаркыроо жана чагылган чыгып турган жана чагылгандын ылдамдыгы менен тез жылып жүрүшчү[146].

---

[138] Лука 1:18-20.
[139] Эврейлерге 1:6.
[140] **Окугула.** Лука 15:10.
[141] **Окугула.** 1 Петир 1:12.
[142] Лука 2:13-14.
[143] **Окугула.** Кол. 1:16; Эф. 6:12.
[144] Жүй. 1:9; 1 Тес. 4:16.
[145] Башталыш 3:24
[146] Жезекиел 1:5-14; 10:15.

Эки керуптун сүрөттөрү мыйзам салынган сандыгынын учтарына жайгаштырылып, алардын ортосунда Келишим сандыгы орун алган. Ыйык Китепте кеминде сегиз жолу керуптардын үстүндө отурган Кудай деп айтат [147]. Бул Аны Ысрайылдын Кудайы катары жана ийбадатканада Кудайга сыйынгандыгын, ошондой эле Кудай көрсөткөн жолдор менен гана Кудайга жакындаса болот экендигин көрсөтөт.

Кудайдын кудурети жана улуулугу анын кулдарынан байкалат. Адамдар аларды Кудай деп кабыл алып, аларга сыйынууну каалашкан, бирок алар бир гана Кудайдын кулдары болушкан.

Кудайга ушунчалык көп периштелердин катышуусу анын Улуулугун көрсөтүп турат. Элчи Жакан Кудайдын тактысынын айланасында периштелерди көрүп, аларды «миң-миңдеп, миң-түмөндөн саналат экен» деп сүрөттөгөн[148].

Периштелердин күчү чексиз эмес, анткени алардын бири Даниелге кабар алып бара жатып кармалганын окуйбуз[149]. Бирок Кудай аларга кандай тапшырма берсе, ошончолук көп күч бере алат, мисалы, бир периште 185000 жоокерди өлтүргөндөй. [150].

Албетте, Кудай периштелерге тапшырма берет. Ыйык Китепте Кудай аларды куткарылгандарга кызмат кылуу үчүн жиберилгени айтылат [151]. Кудайга кызмат кылган адамдарды периштелер курчап, коргоп турушат[152]. Бизди көптөгөн периштелер курчап турат деп ойлошубуз мүмкүн. Ыйса балдарга периштелер дайындалган деп айткан[153]. Башкы периште Михаел Ысрайыл элин коргогон улуу төрө деп аталат. [154].

Ыйык Китепте биз периштелерге сыйынышыбыз керек деп эч качан айтылбайт. Жада калса, алар менен баарлашууга аракет кылышыбыз керек деп айтылган эмес. Алар Кудай менен биздин ортобуздагы болгон өкүл эмес. Ыйык Китеп периштелерге сыйынып, рухий дүйнөгө аралашкан адамдарга эскертүү берет[155]. Эгер биз Кудай каалабаган жол менен периштелер менен алектенүүгө аракет кылсак, анда Кудайдын периштелеринин ордуна жиндер бизге жооп беришет.

---

[147] Заб. 98:1; Ыш. 37:16; 2 Пад. 19:15.
[148] Аян 5:11.
[149] **Окугула.** Даниел 10:12-13.
[150] 2 Падышалар 2 19:35.
[151] **Окугула.** Эврейлерге 1:14.
[152] Забур 33:8.
[153] **Окугула.** Матай 18:10.
[154] Даниел 12:1.
[155] **Окугула.** Колосалыктарга 2:18.

## Шайтан жана кулаган периштелер

► Жин-перилер эмнеден келип чыккан?

Жаман рухтар - бул Кудайга каршы чыккан периштелер. Бул адам жарала электе эле болгон жана Ыйык Китепте ал жөнүндө көп нерсе айтылбайт.

Бардык периштелер алгач жакшы жана ыйык болуп жаратылган жана Ыйык Китеп аларды «ыйык периштелер» деп атаган.[156].

Шайтан козголоңдун башчысы болгон жана периштелердин үчтөн бири анын артынан ээрчишкен [157]. Жүйүт баштапкы ордун таштап кеткен периштелер жөнүндө сөз кылат [158]. Алар буга чейин Кудай тарабынан соттолгон [159].

Пайгамбарлар шайтандын кулашы жөнүндө айтылган эки жер бар (Ышайа 14: 12-17 жана Жезекиел 28: 12-19). Ар бир үзүндүдө адам жана жердеги падыша жөнүндө сөз болот, андан кийин адам падышасынан башка көп нерселерди айтып жаткандай сезилет. Алар падышанын кулашын шайтандын кулашына салыштырып жатышкандыр.

Шайтан текеберденип, Кудайдан көзкарандысыз болгусу келген окшойт. Элчи Пабыл адам текеберденип, шайтанга окшоп соттолушу мүмкүн деп эскерткен [160]. Бул шайтан Адам ата менен Обо энени: "Сен кудайдай болосуң", - деп сунуш кылган азгырык эле. Бул Кудайдын бийлигин четке кагуу жана өзү кудай болуу азгырыгы.

► Шайтан жөнүндө эмнелерди билебиз?

Кудайга каршы чыккан козголоңду шайтан дагы эле жетектөөдө. Ал «абада бийлик кылып жаткан төрө» деп аталат[161]. Шайтан «бул дүйнөнүн төрөсү» деп аталат, анткени бул дүйнөдөгү адамдар негизинен Кудайга каршы чыгышкан[162]. Ал өзүн дүйнөлүк падышачылыктын башкаруучусу деп жарыялап, каалаган адамына убактылуу бийлик сунуштайт[163]. Ал күнөөкөрлөрдүн Жакшы Кабарды кабыл алышына жол бербөө үчүн

---

[156] Матай 25:31.
[157] Аян 12:4.
[158] Жүйүт 6.
[159] **Окугула.** Жакан 16:11; 2 Петир 2:4.
[160] **Окугула.** 1 Тиметей 3:6.
[161] Эфестиктерге 2:2
[162] Жакан 12:31.
[163] Лука 4:4-6.

алардын акылын сокур кылат [164]. Чындыгында, күнөөкөрлөр анын туткундары [165]. Сөз таасир бербеши үчүн, шайтан адамдардын жүрөгүнө себилген үйрөндү уурдап кетет[166]. Ал Ананиа менен Сафиранын жүрөгүнө жыйынга жана Ыйык Рухка калп айтуу каалоосун берген [167], жана Жүйүттү Ыйсага чыккынчылык кылууга ой берди[168]. Ал туура эмес диний окууларды ойлоп табат, аны Кудай Сөзү «жиндердин окуулары» деп атаган, жана адамдарды ушул окууларды жайылтууга үндөйт [169].

«Шайтан өзүн күнөөкөрдүн жүрөгүнө, көзүнө жана тилине кожоюн кылат. Анын жүрөгү күнөө сүйүүсүнө толот; адамды күтүп жаткан күнөө менен өлүмдү көрбөш үчүн көзүн сокур кылат; жана сыйынууда тилин кармайт"»
- Адам Кларк, Машайакчылык теологиясы,
«Жакшы жана жаман периштелер».

Шайтан Кудайды жек көрөт, ошондуктан ал Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жана Кудайдын сүйүктүүсү болгон адамды да жек көрөт. Ал мүмкүн болушунча көп адамдарды Кудайга каршы чыгууга түрткү берет, ошентип шайтан менен кошо көптөр соттолушат.

Шайтанга билип туруп кызмат кылган адам дүйнөдөгү эң алданган адам. Ушундай адам жеңилүүгө учураган согушка катышып жатат, а анын кожоюну болсо баш ийгендерди жок кылууганга гана кызыгат. Шайтан убадаларын аткара албай тургандыгын алдын-ала билип, убада берет.

Башкалары болсо, күнөө менен жашоону тандап, шайтанды аңсыздык менен ээрчишет. Ошондуктан шайтан азгырыкка жана алдамчылыкка көп убактысын жана күчүн жумшайт. Ал адамдарды Кудайга сыйынуунун ордуна, буркандарды жасап, Кудайга болгон ишенимин четке кагышын каалайт. Анын азгырыгы – бул алдоо, Кудай жараткан нерсени бурмалоодон башка эч нерсеси жок. Кудай жараткан кубаныч, ырахатты шайтан бузуку түрдө адамдарга алдоо, сооротуу аркылуу сунуштайт.

Айрым жин-перилер белгилүү бир географиялык аймактарга жана адамдардын топторуна басым жасашат. Башкы периште Михаел Ысрайылды коргогон төрө деп атагандай эле, Персия менен Грециянын төрө жин-перилерди болгон[170]. Айрым рухтар элдердин кудайлары болуп калган.

[164] **Окугула.** 2 Корунттуктарга 4:4.
[165] 2 Тиметей 2:26.
[166] **Окугула.** Марк 4:15.
[167] Элчилердин иштери 5:3.
[168] Лука 22:3.
[169] **Окугула.** 1 Тиметей 4:1.
[170] Даниел 10:13, 20.

Шайтан өзүнө табындырууну каалайт[171]. Жин-перилер жалган диндер аркылуу иштешет. Ыйык Китепте адамдар буркандарга сыйынганда жиндерге сыйынгандыгы жөнүндө айтылат [172]. Жиндер эмне сыйынарын билбеген адамдардын сыйынуусуна жооп беришет. Кудайга сыйынган адам Кудайга көбүрөөк окшош болуп, ыйыктыкты жактырган сыяктуу эле, жаман рухтарга табынган адам ачууга толуп, каардуулуктан кубат алат. Адамдардын өз балдарын жиндерге курмандыкка чалган учур - эң жаман табынуунун түрү болгон [173].

Шайтан жана башка жин-перилер адамдардын акылын жана жүрүм-турумун толугу менен көзөмөлгө алууга аракет кылышат. Бул «жин ээлеп» алган деп аталат. Кээ бир адамдар мындай ээлеп алган аң-сезимдерге берилип кетишкен, башкалар болсо балким эмне кылып жатышканын байкабай туруп жол беришкен. Айрым адамдар өз каалорун көздөп, руханий күчкө ээ болуп жатам деп ойлоп, кадам артынан кадам жасап, ошол абалга келген. Шайтандын максаты – жин ээлеп алган адамды кул кылып, өзүн-өзү жок кылууга жана акыл-эс, сезимдер жагынан азап чегүүгө түртөт [174]. Бул кулчулуктан Ыйса гана куткара алат.

## Кудайдын Жеңиши

Жакшы Кабар кеңири таратылган өлкөлөрдө, жин-перилердин иштери жашырылган. Таң калыштуусу, бул "цивилизациялуу" өлкөлөрдө светтик адамдар табияттан тыш бардык нерсени шылдыңдашат жана рухтардын бар экендигин четке кагышат. Мындай чөйрөдө жин-перилер ачык иш-аракет жасашпайт, анткени алар Жакшы Кабарды уккан адамдарды коркутса, анда көрккөн адамдардые көпчүлүгү куткарылуу жана коргонуу үчүн Кудайга кайрылышмак.

Жакшы Кабарды аз уккан өлкөлөрдө жиндер ачык иштешет. Ал жерде адамдар куткарылуу үчүн Машаякка кайрыла ала тургандыгын билишпейт, ошондуктан шайтандын күчтөрү аларды коркутуп жана баш ийдирип алган. Адамдар рухтарга эркин жана кубаныч менен эмес, коркуп кызмат кылышат. Жакшы Кабар аларга боштондуктун жана эркиндиктин кереметтүү билдирүүсү катары келет.

---

[171] **Окугула.** Матай 4:9.
[172] **Окугула.** Мыйз. 32:17; 1 Кор. 10:20-21.
[173] **Окугула.** Забур 105:37.
[174] **Окугула.** Марк 5:2-5.

Шайтандын тынымсыз кол салуусунан улам, биз рухий согушта жүрөбүз. Биздин согуш физикалык душмандарга эмес, руханий күчтөргө каршы экендигин унутпашыбыз керек [175]. Бардыгын жеңип, туруштук бере алышыбыз үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын алышыбыз керек[176]. Биз жеңишке толук ишенсек болот, анткени шайтан биздеги Кудайдын күчүнө туруштук бере албайт жана биз шайтанга каршы турганда, ал бизден качып чыгат [177].

► Шайтан Кудай менен атаандаша алабы?

Адамдардын азыркы өлүм абалын карасак, шайтан адамдарга караганда көбүрөөк күчкө ээ. Бирок Кудайдын күчүнө салыштырууга мүмкүн эмес. Аны Кудайга карама-каршы, күчү боюнча тең деп ойлоонун кажети жок. Айрым философтор дүйнөдөгү жакшылык менен жамандыктын күчтөрү бирдей деп ойлошот. Бул пикир чындыктан алыс. Шайтан бардык жерде жок, бардыгын билбейт жана ката кетирет. Кудай рухтарды жараткан жана алар Аны жеңе алышпайт. Адамдар үчүн сыноо убактысы бүткөндөн кийин, бардык жин-перилер күнөөкөр адамдар менен кошо айыпталып, камалып, жазаланат.

Шайтан жеңилет деп эчак эле убада кылынган. Кудай жыландын башын жанчыш үчүн Куткаруучу жиберем деп убада кылган [178]. Ыйса Машайак шайтандын иштерин талкалаш үчүн келген жана бизге күнөөнүн үстүнөн жеңиш берген[179]. Ыйса, өлүмү жана тирилүүсү менен, Шайтандын өлүмдүн үстүнөн бийлик жүргүзүшүнө жол бербейт [180]. Шайтандын жана анын жиндеринин акыркы жана түбөлүк тагдыры - бул от көлү [181].

Кудай буга чейин эле шайтандын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп койгон [182]. Демек, Шайтан бизге зыян келтирет деп коркпошубуз керек. Кудай жол бербесе, эч нерсе болбойт жана биздин канча көтөрө аларыбызды билет.

> «Эгер каршылык көрсөтө берсең, шайтан сени жеңе албайт. Ал канчалык күчтүү болсо да, Кудай шайтанга каршылык көрсөткөн адамды жеңүүгө эч качан жол бербейт. Ал адамдын эркин мажбурлай албайт».
> - Адам Кларк, Машайакчылык теологиясы, "Жакшы жана жаман периштелер".

175 **Окугула.** Эфестиктерге 6:12
176 Эфестиктерге 6:13.
177 Жакып 4:7.
178 Башталыш 3:15.
179 **Окугула.** 1 Жакан 3:8.
180 Эвр. 2:14; Аян 1:18.
181 **Окугула.** Матай 25:41.
182 Аюб 1:12, 2:6.

Биз коопсуз гана болбостон, шайтандын бийлигине каршы туруп, Асман Падышачылыгын кеңейтүүгө Ыйык Рухтун күчү менен майланганбыз. Ыйса элчилерге гана эмес, бүткүл шакирттерине жиндерди кубалоо үчүн бийлик берген [183]. Жакшы Кабарды таратып жатканда, Кудай Өзүнүн Чындыгына күч берет жана Жакшы Кабарды кабыл алгандарга шайтандын колунан куткарат.

*Бир студент блоктун ичиндеги маалыматты түшүндүрүп берсе болот.*

## Адашуудан сак болуу керек: руханий дүйнөгө болгон туура эмес кызыгуу.

Кээ бир адамдарды руханий дүйнө абдан кызыктырат. Алар периштелерди изилдей башташат жана алар менен байланышка чыккылары келет. Ыйык Китепте периштелерге сыйынуу же алар менен мамиле түзүүгө аракет кылуу жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Ыйык Китеп, бизди периштелерге табынбагыла жана көрбөгөн нерселерге кызыкпагыла деп эскертет[184].

Эгер адам жин-перилерге өтө эле кызыгып кетсе, бул андан да коркунучтуу. Кээ бир адамдар жин-перилердин күчүнө жана жасаган ишине суктанышат. Арбактар менен байланышкан оюндар бар. Жиндерден керектүү маалымат алуу үчүн адамдар колдонгон ыкмалар бар. Биз рухий дүйнөгө кандайдыр бир жол менен аралашпашыбыз керек, бирок аларга Кудайдын күчү менен гана туруштук беришибиз керек.

Айрым адамдар руханий дүйнөнү ийне-жибине чейин түшүндүрүп беришкен, бирок Ыйык Китеп бизге көп нерсени ачып бере албайт. Кудай бизге билишибиз керек болгон нерселерди гана ачып берди.

## Ишеним билдирүүсү

*Жок дегенде эки жолу студенттер ишеним ырастоосун чогуу окушу керек.*

Кудай бардык рухтарды жараткан. Ыйык периштелер Кудайга табынышып, ишенгендерди коргошот. Периштелер - өлбөс, сүйлөй турган, сыйына турган жана ой жүгүртө алган жеке жандыктар. Алар адеп-ахлактык жактан чечим кыла алышат. Шайтан жана башка периштелер күнөө кетирип, Кудайдын душманы болуп калышты. Кудай Шайтандын күчүн чектеп, аны түбөлүк жазага тарткан.

---

[183] **Окугула.** Лука 10:17.
[184] Колосалыктарга 2:18.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

**Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар**

1 Петир,5:8-9; Элчилердин иштери,12:7-11; Матай,12:43-45; 2 Корунттуктарга,11:13-15; Луки, 8:27-35.

*Жок дегенде жети жолу, курсту бүткүчө, бул сабакты же айрым бир бөлүгүн башка топторго өтүүлөрү керектигин жана ар бир өтүлгөн сабак тууралуу мугалимге отчёт берүүнү студенттерге эскертүү керек.*

**Басылып чыгарылган булактар**


Lewis, C. S. *The Screwtape Letters.* New York:

Macmillan Co., 1968.

Wesley, John. «Satan's Devices.» *Wesley's 52 Standard Sermons*. Salem, OH:

Schmul Publishing, 1988.

**Рухтар**

**Тестин суроолору**

(1) Периштелер качан жаратылган?
(2) Периштелер канча жашашат?
(3) Периштелерде адатта физикалык денелер жок экендигин кайдан билебиз?
(4) Периштелер жеке мүнөздүү экендигин кайдан билебиз?
(5) Ыйык Китепте периштелерди атоо үчүн кандай сөздөр колдонулат?
(6) Периштелер ишенгендер үчүн эмне кылышат?
(7) Жин-перилер эмнеден келип чыккан?
(8) Бурканга сыйынган адам эмнеге чындап сыйынат?
(9) Шайтан менен жин-перилердин акыркы тагдыры кандай?

**Рухтар**
**Тестик суроолорго жооптор**

(1) Жер жаратыла электе эле периштелер бар болчу.
(2) Периштелер эч качан өлбөйт.
(3) Периштелер – рухтар.
(4) Периштелердин акыл-эси, аң-сезими бар, баалалаша жана табына алышат.
(5) Керуптар, серафимдер, башкы периштелер, рухтар.
(6) Алар коргойт.
(7) Алар күнөөгө баткан периштелер.
(8) Шайтанга/жин-перилерге.
(9) Оттуу көл.

# 7-сабак
# Машайак

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Ыйсанын Машайак дегенде бул эмнени билдирет.
(2«Ыйса Машайак Теңир» деген сөз ишеним билдирүүсүндө.
(3) Ыйсанын адам болуп келгендигинин далили жана мааниси.
(4) Ыйсанын Кудай экендигинин далили жана мааниси.
(5) Күнөөнүн кечирилиши үчүн, Машаяктын өлүмүнүн жетиштүүлүгү.
(6) Машайакчылык ишеним үчүн тирилүүнүн мааниси.
(7) Машайакчылардын Машайак жөнүндөгү ишеним билдирүүсүндө.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири - башка диндердин өкүлдөрү Машаяк жөнүндө эмне деп айтышканын билүү.

## Машайак

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Аян 5:11-14тү чогуу окугула. Бул үзүндү Ыйса жөнүндө эмнени билдирет?*

## Жалган машайакчылар

Ыйык Китепте акыркы күндөрдө жалган машайакчылар жана жалган пайгамбарлар көпчүлүктү алдайт деп алдын ала айтылган. Көптөгөн адамдар өздөрүн сактап кала албаган жалган жана жасалма машайакчыларга ишенишет. Булар Мормондор жана Жахабанын Күбөлөрү, ушул эки жалган машайакчылар тууралуу сиздер уксаңыздар керек.

## Мормондордогу Ыйса

Эгер мормондор бир күнү эшигиңерди каккылап келсе, анда алар Люсифердин рухий бир тууганы Ыйса болгон деп айтып берет. "Асмандагы Атабыз" менен "Асмандагы Апабыз" ааламда бар деп ойлошот, алардын миллиарддаган рухий наристелеринин бири бул Ыйса деп ойлошот. Мормон окуулары боюнча, Ыйса жерде жашаган кезде, анын бир нече аялы болгон, алардын бири Магдалык Марийам болгон. Өлүп, кайра

тирилгенден кийин, Америкага барып, индиялыктарга кабар айткан кеткен деп айтышат.

### Жахабанын Күбөлөрүндөгү Ыйса

Ыйса – бул башкы периште Микаел, болчу деп Жахабанын күбөлөрү айтышат. Биринчи жаратылганда, ал адам болгон бирок ал айкаш жыгачка кадалган эмес, устунга кадалып каза болгон деп айтышат. Андан кийин рух болуп чоңоюп, денеси бууга айлангандан кийин кайрадан башкы периште Микаел болуп калган.

### Чыныгы Ыйса

Бул культтардагы Ыйса, Ыйык Китептеги Ыйсадан таптакыр башкача өзгөчөлүгү бар экендигин тааный аласыз деп ишенем, бирок Ыйык Китептеги чыныгы Ыйсаны сүрөттөп бере аласызбы? Көптөгөн америкалыктар срөттөп бере албайт. Жакында жүргүзүлгөн сурамжылоо көрсөткөндөй, америкалыктардын 80%ы Ыйсаны Кудайдын уулу деп аташат , анын 40% ы гана аны Кудай деп эсептесе, 40% ы гана аны күнөөсүз деп эсептешкен. Бул миллиондогон адамдар Машайак жөнүндө жалган түшүнүккө ээ экендигин, Анын аларды куткара аларына ишенбей тургандыгын көрсөтөт.

Алданып калбаш үчүн жана Ыйса Машайакты элдерге туура жеткире алышыбыз үчүн, өзүбүздүн Машайакка болгон ишенимибизди бекем кармоо маанилүү.

*Ыйса жөнүндө башка диндер эмнени окутары жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн, сабактын аягындагы "Башка диндер эмне дейт" бөлүмүн караңыз.*

### Ыйса - Машайак

► Ыйык Китепте Машайак жөнүндө кандай божомолдор бар?

Ыйса Ысрайылдын күтүлгөн Машайагы катары төрт Жакшы Кабар көрсөтөт. Машайак жөнүндө бир нече нерсе алдын ала айтылган. Ал Дөөт падышанын тукумунан болот, ошондуктан падыша кызматына татыктуу болот. Ал өз элин кулчулуктан жана кишенден бошотот. Ал өзүнүн тапшырмасын аткаруу үчүн Кудай тарабынан атайын майланган. Машайак деген сөз "Майланган" дегенди билдирет.

Эски Келишимдеги Машайак жөнүндөгү эң маанилүү айрым маалыматтар Жаңы Келишим жазылганга чейин так түшүндүрүлгөн эмес. Машайактын

биринчи кезектеги милдети - өз элин күнөөдөн куткаруу[185].Анын Падышалыгы жерде эмес, рухий жана асманда болгон,[186] бирок акыры, анын Падышачылыгы жер жүзүнө жайылат.[187].

Машайак деген сөз еврей тилинен келген. Грекче маанилеш сөзү – бул *Christos*, ушул сөздөн орус тилинде Христос деген сөз пайда болгон. «Ыйса Машайак» - демек бул «майланган» дегенди ырастайт.

## Ыйса – Теңир

Алгачкы жыйын Ыйсаны эң жогорку күч деп айтуу үчүн «Теңир» деген терминди колдонгон. Алар "Ыйса Теңир" деп айтканда, ал баардык нерсенин Теңири, ааламдын Жаратуучусу жана Кудай экендигин билдирген. Бул ишенимдин негизги бөлүгү болгон, мындай ишеним Ыйсанын жолдочуларын айырмалап турчу, анткени алар Ыйса адам болуп жерде басып жүрүп, ошол эле убакыта Ал баарын бириккен Кудай болгона ишенишкен.

Слова «Ыйса Машайак - Теңир» –бул эң сонун сөздөр. Бул сөздөр Ыйса Машайак жана Ал дагы Кудай деп айтат. Үч сөз тең Филипиликтерге 2: 10-11де колдонулган. Бул аяттар, дүйнөдөгү ар бир адам Ыйса Машайак Теңирибиз экендигин моюнубузга алган убакыт келерин айтат.

## Үч өзгөчө күн

Ыйса жөнүндөгү негизги ишенимдерибизди, үч топко бөлсөк болот, алар биз белгилеп жаткан үч өзгөчө күнгө байланыштуу.

### Ыйсанын туулган күнүн денеде болгон үчүн белгилейбиз

Ыйсанын туулган күнүдө биз, эркек көрбөгөн Мариям Ыйык Рухтан кош бойлуу болуп Ыйсаны төрөгөнүн белгилейбиз[188]. Ыйса адам болгон, анткени аялдан төрөлгөн, аны менен бирге Кудай болгон, бул дүйнөнү жараткан Өзү да бул дүйнөгө келген. Бул таң калыштуу, , бирок чындык: ымыркай Ыйсаны, Ал жараткан энеси Мариям кучагына алган.

*Кудайдын Уулу* деген термин ишенгендер жана периштелер үчүн колдонулат [189] бирок Ыйса өзгөчө Кудайдын Уулу [190]. Ал Атасынын

---

[185] **Окугула.** Мат. 1:21; Лука 1:74-75.
[186] **Окугула.** Жакан 18:36.
[187] Фил. 2:10-11; Аян 19:11-16; Аян 20:6.
[188] **Окугула.** Лука 1:34-35.
[189] Жкн. 1:12; Аюб 1:6.
[190] Жакан 3:16.

табиятын толук бөлүшкөн жалгыз адам. Ал 100% Кудайдын элеси болгондуктан, Ал Атасындай эле Кудай. [191]

Кудайдын табияты жана адамдын табияты Ыйсанын ичинде бириккен. Бул «жаңы денеге айлануу» деп аталат, Кудай адам денесине өтүп, адам болуп калган. Ошондуктан Ыйса гана бизди куткара алат, анткени Ал ааламдагы жалгыз жан Кудай жана Адам болгон.

**Ыйса адам**

Жаңы Келишимдеги Ыйсаны чыныгы адам деп таануу бул оңой. Ал эненин курсагында боюна бүтүп, бой жетип, билим алып, инсан катары өнүккөн.[192]. Ал чарчаган, уктаган, азгырылган жана күнөөдөн башка бардык иштерин кылган. Ал тургай каза болуп калды. Ал чындыгында адамзатка окшош болуп, биздин бири болуп калды [193].

► Ыйсанын адам болгону эмне үчүн маанилүү?

Ыйса адам болгондуктан:

**(1) Ал азап чегип, курмандык катары өлө алды.**

**(2) Анын адил жашоосу биздин күнөөкөр жашообуздун ордун ээлей алат**. Алгач Адам ата жалпы адамзаттын өкүлү болгон. Ал күнөө кылып, өзүн Кудайдан бөлгөндө, ал бардык адамдарга өлүм алып келген. Ыйса күнөөсүз өмүр сүрүп, Кудайдын бардык талаптарын аткарган. Ал Өзүн тааныгандардын баарына түбөлүк өмүр берет. Ал Ыйык Жазууда акыркы Адам деп аталат[194].

**(3) Ал бизди Кудайга көрсөткөн ыйык кызматчыбыз боло алат**. Биздин ортомчу катары, Ал биз үчүн Кудай менен байланышпайт, Ал биздин өкүлүбүз, биздин бири болуп саналат. Ал бизди Кудай менен элдештирүү үчүн адам болушу керек.[195]. Анын ыйык кызматчы катары аткарган кызматы биздин түбөлүк куткарылуубузду камсыз кылат [196]. Ыйсанын адам болгондугу – Жакшы Кабардын маанилүү бөлүгү. [197].

[191] **Окугула.** Эврейлерге 1:2-3.
[192] **Окугула.** Лука 2:52.
[193] **Окугула.** Жакан 1:14.
[194] 1 Кор. 15:22, 45-49; Рим. 5:17-19.
[195] **Окугула.** Эврейлерге 2:17.
[196] Эврейлерге 10:5-7.
[197] **Окугула.** 1 Жакан 5:1.

*Ыйсанын адам болгонун толук билүү үчүн, ушул сабактын аягындагы “Ыйсанын адам болгондугу жөнүндөгү Ыйык Китептеги далилдер” бөлүмүн караңыз.*

**Ыйса – Кудай**

***Ыйса Өзүн Кудаймын деп жарыялаган***

Ыйык Китептеги Ыйса жөн эле адам эмес. Ал ошондой эле ааламдын чексиз (түгөнбөс) Кудайы. Иисус Сам сделал такое заявление. Ал: "Мен жана Атам бирбиз" деп айткан[198]. Ал муну айткандан кийин, жүйүттөр Ал Өзүн Кудайга теңеп жатат деп түшүнүп, Аны таш бараңга алгысы келишти. Ыйса аларга “Жок, силер мени түшүнгөн жоксуңар. Чындыгында, мен Кудай эмесмин» -деп жооп бердиби. Жок, Ыйса  ушул сөзгө болгон алардын түшүндүрүсүн кабыл алды.

Ыйса: " Мен Ыбрайымдан мурун эле бар болчумун"[199], - деп айтканда, Ал Чыгуудан 3: 14төн «Мен Бар Болуп Туруучумун» деп жарыялаганда[200]. Бул билдирүү үчүн да жүйүттөр Аны таш бараңга алууга аракет кылышкан[201].

**Ыйса жерде жүргөндө Кудайдын иштерин жасаган.**

Ыйса жерде жүргөндө Кудайга жаккан иш-аракеттерди жасаган. Ал түбөлүк өмүр берген[202]. Ал күнөөлөрүн кечирген[203]. Буларды бир гана Кудай жасай алат.

«Мен жалгыз Кудайга...,
Теңир Ыйса Машайакка,
Кудайдын Уулуна; бардык
ааламдын алдында Атасынан
төрөлгөн, Кудайдын Кудайы,
Жарыктын Жарыгы, чыныгы
Кудайдын чыныгы Кудайы,
төрөлгөн, жаратылган эмес;
Ата менен табияты бир
турган; Ал аркылуу бардык
нерселер жаратылган»
- Никей ишеним белгиси.

Ыйса шал оорулуу адамдын күнөөлөрүн кечиргенде, Ал "жер үстүндө күнөөлөрдү кечирүгө бийлиги бар"[204] экенин көрсөтүү үчүн айыктырган.  Ыйсанын бир иш-аракети башка аракетин далилдечи, Ал жөн гана Кудайдын майланган пайгамбары болгондуктан бул кереметтерди жасаган эмес. Ыйсада кечирүү үчүн жана айыктыруу үчүн Кудайдын күчү жана бийлиги болгон.

---

198 Жакан 10:30.
199 Жакан 8:58.
200 Мисирден чыгуу 3:14.
201 Жакан 8:59.
202 **Окугула.** Жакан 10:28.
203 Марк 2:10.
204 Марк 2:10-12.

Ыйса «Мен тирилүүмүн жана өмүрмүн»[205] дегенден кийин Лазарды тирилткен. Бул дагы бир Кудайдын билдирүүсү менен коштолгон Кудайдын керемети болчу. Кудай гана «Мен тирүлүүмүн» деп айтууга укуктуу, анткени ар бир адамды өлгөндөрдүн арасынан тирилте турган Кудайдын күчү гана. Ыйса «өмүр берүүчүмүн» деп айтканда, Лазар тирилтип, Ыйса ким экенин көрсөттү. Бул окуяда, өлгөндөрдүн арасынан тирилткен пайгамбарлардан жана элчилерден Ыйса айырмаланып турган. Алар жөн гана Кудайдын куралдары болгон. Жакан 5:21 де Ыйса Атасындай эле, өлгөндөрдүн арасынан тирилте тургандыгын айткан.

Ыйса өзүнүн кереметтерин жасаганда, «Өзүнүн даңкын»[206], «Атанын жалгыз Уулунун, ырайымдуулук менен акыйкаткка толгон даңкын» көрсөттү.[207]. Бул кереметтер Кудайдын Уулу экендигин далилдеп, Аны Кудайдын экендигин көрсөткөн.

***Ыйса Жаратуучу жана Колдоочу.***

Элчилер Жакан менен Пабылдын айтымында, Ыйса бардыгын жараткан жана бардыгын бириктирип турат, бардыгы Андан жана Ал үчүн бар[208]. Албетте, муну Кудай жөнүндө гана айтууга болот.

► Ыйсанын Кудай экенин билүү биз үчүн эмне үчүн маанилүү?

Ыйса Кудай болгондуктан,

(1) Анын айкаш жыгачтагы курмандыгы чексиз баалуу жана дүйнөнүн күнөөлөрүнүн кечирилиши үчүн жетиштүү.
(2) Анын бизди куткара турган күчү бар; Ал - жол, чындык жана жашоо.
(3) Биз Кудай Атабызга сыйынгандай эле да Ага сыйынсак болот.

Эгерде биз Ыйсаны Кудай катары көрө албасак, анда биз аны Кудай катары урматтабайбыз. Сөзсүз түрдө Ыйсаны Кудай катары сыйлашыбыз керек. Ыйса айткан: «Атасын урматташкандай эле, Уулун да баары урматташы керек»[209]. Эгерде Уулду да, Атаны да сыйлабасак, биз куткарыла албайбыз.

Машайакчылык Ыйсанын окууларына жана иш-аракеттерине гана эмес, Ыйсанын кайталангыс уникалдуу инсандыгына негизделген. Ал

[205] Жакан 11:25.
[206] Жакан 2:11.
[207] Жакан 1:14.
[208] **Окугула.** Жкн. 1:3; Кол. 1:17**.**
[209] Жакан 5:23.

куткарылуу жөнүндөгү кабарды окутуучу гана эмес. Ал өзү Куткаруучу жана ал гана - Кудай адам - Куткаруучу боло алат.

*Ыйсанын Кудай болгонун толук билүү үчүн, ушул сабактын аягындагы "Ыйсанын Кудай болгондугу жөнүндөгү Ыйык Китептеги далилдер" бөлүмүн караңыз.*

## Ыйса бир инсан

Ыйсада Кудайдын жана Адамдын табияты бар болсо да, Ал эки инсандын аралашмасы эмес. Анын ичиндеги эки табият толук гармониядагы бир инсанды жаратат. Ыйса жалгыз Кудай-адам, Ыйсанын жарыктагы ар бир иш-аракети толук адамдай жана толук Кудай болонун түшүнүшүбүз керек.

Жыйын Ыйсанын эки табиятын бири-биринен бөлүп кароого болбойт деп үйрөтүп келген, бирок, ар бир табияттын мүнөздөрүнүн өзгөчөлүгүн жоготпогондой байланышкан [210].

Ыйсанын табияты менен Ыйык Жазуунун мүнөзүн салыштыруу пайдалуу болушу мүмкүн. Ыйсага окшоп, Ыйык Китеп толугу менен Кудайга таандык жана адамга толук таандык. Адамдар жазган китеп болгондуктан, ал жердеги башка китептердин өзгөчөлүктөрүнө ээ, болгону андагы каталар жок. Ыйык Китеп Кудайдан болгондуктан, ал башка эч бир китептин колунан келбеген өзгөчөлүктөрдү көрсөтөт. Ошол сыяктуу эле, Ыйса - Кудай да, адам да. Ыйык Китепте Кудайдын өзгөчөлүктөрү чагылдырылгандыгы аны адамдар китебинен кем кылбайт. Ошо сыяктуу эле, Ыйсанын Кудай болуп иш алып барышы Аны адамдан кем кылбайт. Жана Ыйсанын адам болуп иш алып баргандыгы аны Кудайдан кем кылбайт.

## Бул доктринанын жалпы каталары

Адамдар Машайак жөнүндө сүйлөшкөндө эң көп тараган каталар:

(1) Ыйсанын Кудай экендигин четке кагуу
(2) Ыйсанын Адам экендигин четке кагуу
(3) Анын Кудайлык табиятына жана адамдык табиятына маани бербөө.
(4) Машайактын инсандыгынын биримдигин четке кагуу

---

[210] Халкидондук ишеним (451 жылы б.з.ч) Теңир бир гана жаралган, эки табиятта таанылышы үчүн, өзгөрбөс, бөлүнгүс, ажырагыс жөнүндө айтат.

Ушул каталардын ар бири – Кудайдын денеде келгенин четке кагат. Денеде келген Кудай биздин куткарылуубуз үчүн керек болчу, демек, Кудай денеде келгендигин четке каккан адам, жалган Жакшы Кабарга жана куткарылуунун жалган маанисине ишенет.

*Класс жетекчисине эскертүү: блокто камтылган төмөнкү маалыматты түшүндүрүп берүү үчүн класстын бир студентин тандаса болот.*

## Башка диндер Машайак жөнүндө

Жахабанын күбөлөрү Ыйса адам болгон деп айтышат. Алар аны эң улуу адам болгон деп эсептешет, бирок ошентсе да ал жөн гана адам болгон деп айтышат. Ошондуктан Анын курмандыгы биздин куткарылышыбыз үчүн жетишсиз деп эсептешет. Аларда иштер аркылуу куткарылуу жөнүндөгү Жакшы Кабар бар. Алар өздөрүн машайакчыларбыз деп эсептешет, бирок алар башка дин.

Мормондор Ыйсаны Люсифердин бир тууганы деп эсептешет. Ыйса башында Кудай жараткан рух болгон, Кудай жерге жиберип, Ыйса болуп төрөлгөн деп ишенишет. Бирок Машайактын Кудай болгонуна ишенишпейт.

Мусулмандар Ыйсаны Кудай жиберген пайгамбар деп эсептешет. Алар анын Кудай экенине жана Үч бирдиктүү болгонуна ишенишпейт. Алар Анын айкаш жыгачка кадалып, тирилгенине ишенишпейт.

Индустар жана буддисттер Ыйсаны кереметтерди жасаган ыйык адам деп эсептешет. Ыйса алардын дини үчүн маанилүү эмес. Алар Жараткан жана Теңир болгон Кудайга ишенишпейт, ошондуктан денедеги Ыйсанын Кудай экенине ишенишпейт.

## Биз азаптуу бешинчи күндү күнөбүз кечирилген үчүн белгилейбиз

Азаптуу бешинчи күнү Ыйсанын айкаш жыгачка кадалган күнү. Ушул коркунучтуу жана кереметтүү күнү Ыйса айкаш жыгачта биздин күнөөлөрүбүздү өзүнө алды. Ал биздин куткарылышыбыз үчүн, биздин күнөөлөрүбүз үчүн курмандык катары курман болгон.

### Курмандык чалуу керек болчу

Кудай бизди кечирип, адилеттүү жана ыйык бойдон калышы үчүн, курмандык чалуу керек болчу. Бул мыйзам Байыркы Келишимде

окутулган: Кудай талап кылган курмандыктар аркылуу кечирим алуу [211]. Эгер Кудай күнөөнү себепсиз жөн эле кечирсе, анда Кудай адилеттүү эместигин жана күнөнүн маанилүү эмес экендигин көрсөтөт. Бирок эч ким Ыйсанын айкаш жыгачка кадалып өлгөнүн карап, күнөө олуттуу эмес деп айта алган жок. Анын курмандыгы биздин кечиримдүүлүгүбүзгө негиз болгон.

## Бир гана Ыйса жетиштүү курмандык болушу мүмкүн

► Эмне үчүн Ыйса гана биздин күнөөлөрүбүздүн курмандыгы боло алат?

Кудайдын адилеттүүлүгү жана күнөөнүн олуттуулугу жаратылган нерселердин баарынан чоң курмандыкты талап кылган [212].Түбөлүк Кудайга каршы күнөө кылгандыгыбыз үчүн, биз түбөлүккө күнөлүбүз. Ошондуктан, Ыйса гана биздин күнөөлөрүбүздүн курмандыгы боло алат. Ал Кудай жана адам болгондуктан, ылайыктуу курмандык болгон. Ал күнөөсүз болгон жана анын курмандыгы чексиз баалуу болгон, анткени Ал Кудай болчу. Ал биздин өкүлүбүз болгондуктан, биздин ордубузга өлгөн, анткени Ал адам болчу.

## Ыйсанын каны анын курмандык өлүмүн билдирет

Кудай адамдарга курмандык чалуу менен күнөөдөн арылуу жөнүндө үйрөткөн. Ыйык кызмат кылуучулар жаныбарларды өлтүрүп, алардын канын курмандык катары чалышкан. Эврейлер китебинде кансыз күнөөлөр кечирилбейт деп айтылат [213].

Кудай канга өзгөчө мамиле кылууну буюрган, анткени ал жандыктын жашоосун билдирген [214]."Кан төгүү" өлтүрүү дегенди билдирет [215]. Ибадатканада кан колдонулгандыктан, жаныбар өлтүрүлдү дегенди билдирчү.

Машайактын өлүмү эң акыркы курмандык болгондуктан, куткарылуу бардык адамдарга жана бардык мезгилдерге жеткиликтүү болгон[216]. Ал Өзүнүн канын асманда тартуулады, ошентип курмандык өлүмүн көрсөттү[217]. Ыйсанын каны бизге куткарууну берет, анткени ал бизди куткарып алышыбыз үчүн, курмандык катары курман болгон.

---

[211] Эврейлерге 9:22.
[212] **Окугула.** Эврейлерге 10:4.
[213] Эврейлерге 9:18-22.
[214] Лебилер 17:11, 14.
[215] Башталыш 9:5-6.
[216] **Окугула.** Эврейлерге 10:4, 12.
[217] **Окугула.** Эврейлерге 9:12, 24

Эмне үчүн Ыйса айкаш жыгачта өлгөн, башка жол менен эмес? Эски Келишимдин убагында, жыгачка асылган адам Кудайдын алдында карнгышка калганын билдирчү[218]. Элчи Пабыл айткан : « Ыйса айкаш жыгачка кадалышы менен, Кудайдын каргышын Өзүнө алганын көрсөткөн.

## Ыйса Кудай менен Адамды бириктирген

Ыйса бөлүнгөн эки тарапты - Кудай менен адамды элдештирүү үчүн келген. Ортомчу болгондуктан, Ыйса бир эле учурда эки тараптын өкүлү болушу керек эле. Кудай катары ал Кудайды адамдарга билдирген. Адам катары, ал адамды Кудайга билдирген. Ыйса эки тарапты тең толук чагылдырып, адам менен Кудайды жакындатты. Ал элдешүү үчүн эки тарап эмне кылышы керек болсо, ошону жасады.

## Пасах майрамын тирилүү болгон үчүн белгилейбиз

Пасах майрамын белгилөөнүн көптөгөн салттуу жолдору бар, бирок көптөгөн адамдар жасап жаткан иштеринин маанисин түшүнүшпөйт жана Ыйсанын тирилгени үчүн эмне маанилүү экендигин билишпейт. Пасах күнү эртең менен, Ыйса айкаш жыгачка кадалгандан кийин, үчүнчү күнү тирилген. Ал күнөөнүн, өлүмдүн жана шайтандын үстүнөн бийлиги бар экендигин көрсөттү. Ал биздин өлүмүбүздү Өзүнө гана алып койбостон, аны өмүр менен жеңип алды. Ал жеңгендиктен, биз дагы жеңе алабыз!

## Ыйса денеде тирилди

Ыйса бир жолу жүйүттөргө: "Бул ибадаткананы бузгула, мен үч күндүн ичинде аны тургузам", - деп айткан. Жүйүттөр аны Ирод курган ибадаткананы айтып жатат деп ойлошсо да, Жакан жазган Жакшы Кабарда Ыйса чындыгында Өзүнүн денеси жөнүндө айткан деп түшүндүрөт.[219]. Төрт Жакшы Кабарда тең Ыйсанын мүрзөгө койгондон үч күндөн кийин бош калгандыгын жазган. Ыйса тирилгенден кийин шакирттерине көрүнүп, мындай деди: «Мага колуңарды тийгизип көргүлө, элестин денеси да, сөөгү да болбойт, бирок өзүңөр көрүп тургандай, Менде бар»[220]. Ал денеде тирилгенин далилдеди.

► Эгер Ыйса тирилбесе, эмне болмок?

---

[218] Мыйзам кайталоо 21:23.
[219] Жакан 2:19-21.
[220] Лука 24:39.

(1) Ыйсанын денеде тирилгени күнөөнү жана өлүмдү толугу менен жеңгендигин көрсөттү [221].

(2) Ыйсанын денедеги тирилүүсү ал Өзү айткандай болгонун далилдеди[222]. Ошондой эле ал Жакшы Кабардын далили болуп калды. Ыйсанын тирилгенин четке каккан адамдар Жакшы Кабарды да четке кагышат [223].

(3) Ыйсанын тирилгени биздин да өлгөндөрдүн арасынан тирилишибиздм ынандырат. Ыйса өлгөндөрдү тирилте тургандыгын убада кылган, бирок эгер Ал Өзү тирилбесе, анда Ага ишенүү кыйын болмок[224]. Биз тирилип, Ыйсанын жаңыланган денеси сыяктуу денелерге ээ болобуз[225].

### Ыйса дагы деле адам

Ыйса тирилгенден кийин, Анын дененде түбөлүк тирилгендигин көрсөтөт. Ыйса ар дайым адам жана ар дайым Кудай. Кудай Өзүнүн жаратуулары менен сүйүү мамилесин калыбына келтирүү үчүн түбөлүккө Өзүнүн табиятына адам мүнөзүн кошту. Ыйса, дагы деле Кудай-адам, биз үчүн Атабыздын алдында арачылык кылат[226]жана бизди асманга алып кетүү үчүн бир күнү кайтып келет[227].

**Биз Ыйсанын ким экендигин жана эмне кылгандыгын билгендигибиз үчүн Ага баш ийебиз.**

Ишенгендер катары, биз Машайак менен күнүмдүк мамиледе жашайбыз. Ал тарыхта болгон жөн гана адам эмес, асманда болгон жөн Кудай эмес, бирок Ал биз менен ар дайым. Ал шакирттери менен ар дайым бирге болом деп убада  берген [228].

Ал өзгөчө жол менен жыйында катышат. Ал жыйындын башчысы. Жыйын Анын денеси деп аталат [229]. Ал жыйынды жетектейт, бириктирет жана керектүү нерселердин бардыгын камсыз кылат.[230].

Ыйса жөнүндө биз айткан чындыктарды кабыл алган адамга, бул

[221] **Окугула.** Аян 1:17-18; Кол. 2:14-15.
[222] Жкн. 2:18-21; Мат. 17:22-23.
[223] **Окугула.** 1 Корунттуктарга 15:17.
[224] Жакан 5:28-29.
[225] **Окугула.** 1 Жакан 3:2.
[226] Римдиктерге 8:34.
[227] 1 Тесалоникалыктарга 4:16-17.
[228] Матай 28:20.
[229] **Окугула.** Эфестиктерге 1:22-23.
[230] Колосалыктарга 2:19.

чындыкка ишеним жана баш ийүү менен жооп бериши керектигин, биз түшүндүрүп беришибиз керек. Төмөнкүдөй сыйнуу менен башкаларга ишенимдүү болууга жардам бере аласыз..

> Ата, сиз Мени ушунчалык сүйгөнүңүз үчүн, мен үчүн Уулуңуз Ыйсаны бул дүйнөгө жибергениңиз үчүн терең ыраазымын. Мен Ыйсанын күнөөсүз Кудай экенине жана өлүп, кайра тирилгенине ишенем, ошондо менин күнөөлөрүм кечирилип, Сиз менен мамилемди калыбына келтирдим. Мен жасаган күнөөлөрүм үчүн аябай өкүнөм. Менин күнөөлөрүм үчүн Ыйса айкаш жыгачка кадалганын билем. Азыр мен туура эмес нерселерден бардыгынан баш тартып, Ыйсаны менин Теңирим жана Куткаруучум катары кабыл алам. Ыйса Ата мени мындан ары жетелеп, алып бар. Мен сен үчүн түбөлүк жашайм! Мени кечиргениңиз үчүн рахмат. Мен сени сүйөм. Оомин

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Ыйса Машайак жана баардыгынын Теңири, бүтүндөй адам табияты жана Кудайдын табияты менен бир адамда болгон, кыз Мариямдан төрөлгөн Кудайдын Уулу. Ал күнөөсүз өмүр сүрүп, биздин күнөөлөрүбүз кечирилиши үчүн, курмандык катары курман болгон. Ал өлгөндөрдүн арасынан тирилген жана кайтып келгенден кийин бардык ишенгендерди тирилтет. Анын Падышачылыгы ааламдык жана чексиз.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

## Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Марк,1:1-12; Жакан,5:19-26; Жакан,6:44-51; Жакан,8:51-59; Аян,1:12-18; Элчилердин иштери,2:22-36.

*Жок дегенде жети жолу, курсту бүткүчө, бул сабакты же айрым бир бөлүгүн башка топторго өтүүлөрү керектигин жана ар бир өтүлгөн сабак тууралуу мугалимге отчёт берүүнү студенттерге эскертүү керек.*

*Класс жетекчисине эскертүү: Төмөнкү эки бөлүк ("Ыйсанын адам болгондугу жөнүндөгү Ыйык Жазуудагы далилдер" жана "Ыйсанын Кудай болгондугу жөнүндө Ыйык Жазуудагы далилдер"). Эгер студенттер ушул пункттар боюнча Ыйык Китептен далилдерди алгысы келсе, анда өтсөңүз болот.*

## ***Ыйсанын адам болгондугу жөнүндөгү Ыйык Жазуудагы далилдер***

Ыйса Обо эненин тукумунан болгон (Башталыш, 3:15), Ыбрайымдын тукуму (Башталыш 22:18 - Элчилер 3:25 менен салыштыргыла), аялдан төрөлгөн (Галатиялыктар 4: 4), Мариямдан төрөлгөн (Матай 1:21-25), Адам Уулу (Матай 13:37) деп аталып, кадимки чоңоюп жетилүү процессинен өткөн (Лука 2:40, 52).

Ал өзүнүн туулуп өскөн жерине келгенде, адамдардын мамилеси, бизге анын балалыгы кадимкидей, башка балдардыкындай эле өткөнүн көрсөтөт (Матай, 13:54-56).

Анын денеси бар болчу, анкени адамдай Ал Кудайга тил алчаак болушу үчүн (Эврейлерге, 10:5-9); Ал эт жана канга айланган (Эврейлерге 2:14); Ал биз сыяктуу эле жаратылган, биз сыяктуу азап чегиши үчүн (Эврейлерге, 2:10-18); Ал азап чегүү аркылуу жеткилең болгон (Эврейлерге 2:9-10); жана Ал адамдардар сыяктуу бардык жагынан сыналган (Эврейлерге 4:15).

Ыйса адам кейпин кийди (Филипиликтерге 2: 6-8).

Ал Кудайдын түбөлүктүү Сөзү болгон жана адам болуп, жерде жашады (Жакан 1:14).

Адам болуп келген Ыйса машайакчылык ишенимдин негизин түзөт (1 Жакан 1:14, 4: 2-3).

## ***Ыйсанын Кудай болгондугу жөнүндө Ыйык Жазуудагы далилдер***

Ыйсанын Кудай экени далилденген үч жол бар:
(1) Ыйса Кудай деп аталат.
(2) Ыйсада Кудайдын мүнөзү бар экени көрсөтүлгөн.
(3) Ыйса Кудайдын иш-аракетене ээ болгон.

### **Ыйса Кудай деп аталат**

- Жакан 1: 1, 14тө түбөлүк Сөз Кудай болгон деп айтылат.

- Жакан 12:41 де Ышайа Исаны көргөн деп айтылат.
- Элчилер 20:28де Кудайдын Жыйыны Өз канын төгүп сатып алын деп айтылат.
- Римдиктер 9:5те Машайак келген, Ага түбөлүккө Кудай батасын берген.
- Тит 2: 13тө биздин Кудайыбыз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайак деп айтылат.
- Ышайа 7: 14тө Ыйсанын аты «Кудай биз менен» дегенди билдирет.
- Ышая 9:6да Ыйсанын аты Кереметтүү Кудай деп атала тургаңы айтылат.
- 1 Тиметей 3:16 Кудай адам болуп келди, элдер арасында жар салынды, даңк менен жогору көтөрүлдү деп айтылат.
- Жакан 10:30, 33тө Ыйса Атасы менен деп айтылат.
- Жүйүттөр билишкен, Ыйса Кудай менен тең экендигин, бул Жакан 5: 17-18де айтылган.
- Жакан 14: 9да " Мени көргөн адам Атамды да көрдү " деп жазылган.
- Жакан 20: 28де Томас мыктын тагын көрүп: «Теңирим менин! Кудайым менин!» деп айткан, ал эми Ыйса ишенгендерге батасын берди.
- Жакан 8:58де Ыйса Өзүн « Мен Бар Болуп Туруучумун» деп атады, жүйүттөр болсо бул Кудаймын деп жарыялаганын билишти.
- Аян 1: 8, 11, 17-18де Ыйса Өзүн Башымын жана Аягымын деп ырастаган жана Кудайды белгилөө үчүн бул сөз берилгендигин Ышайа 44:6да айтылат.
- Эврейлерге 1: 2-3, Ыйсада Атанын толук бейнеси бар экендигин билдирет.
- Эврейлерге 1: 8де Ыйсага Кудай деп кайрылышкан.

**Ыйсада Кудайдын мүнөзү бар экени көрсөтүлгөн.**

**Баардык жерде болгон.** Матай 18: 20да Ыйса эки же үч ишенген адам чогулуп калса, анда Ал алардын арасындамын деп айткан. Матай 28: 20да Ыйса ар дайым ишенгендер менен болом деп убада кылган.

**Кудуреттүү.** Эврейлерге 1:3тө Ал бардык нерсени Өзүнүн күчү менен кармайт деп айтылат. Филипиликтер 3:21 де айтылгандай, Ал баарын багындырат Өзүнүн кудуреттүү күчү менен.

**Түбөлүк.** Эврейлерге 13:8де Ыйса түбөлүктүү деп айтылат. Эврейлерге 1:12де дагы бир жолу Анын аягы жок деп айтат, Забур 102: 25—27 аяттарда Кудайды сүрөттөйт.

**Баарын билген**. Жакан 2: 24-25те Ыйса бардык адамдардын кандай экендигин жана алардын жүрөктөрүндө эмне бар экендигин билгендиги жөнүндө айтылат. Жакан 10: 15те Ал Атасын билгендей эле, Атасы Аны билет деп ырастаган.

**Ыйса Кудайдын иш-ракетене ээ болгон**.

- Ыйса - Жаратуучу (Колосалыктар 1:16; Эврейлерге 1:10).
- Ыйса күнөөлөрүн кечирди (Лука 5: 20-24; Марк 2:10; 7:48).
- Акыркы сотто Ыйса сот болот (Матай 25: 31-46; 2 Корунттуктар 5:10).
- Кудайга табынгандай, Ыйсага табынышат (Жакан 5: 22-23; Эврейлерге 1: 6; Аян 5: 12-13).

**Басылып чыгарылган булактар**

Strobel, Lee. The Case for Christ. Grand Rapids: Zondervan, 1998.

Zacharias, Ravi. Jesus Among Other Gods, Nashville: Word Publishing, 2000.

## Машайак

## Тестин суроолору

(1) Машайактын максаты эмнеде болгон?
(2) Алгачкы жыйындар "Ыйса Теңир" деп айтканда, бул эмнени билдирген?
(3) Ыйса Кудайдын Уулу болгондуктан, эмнеси менен өзгөчө?
(4) Ыйсанын денеде келиши эмнени билдирет?
(5) Эмнеге биз үчүн, Ыйса – адам экендиги маанилүү? ( Үч себеп бар)
(6) Эмнеге биз үчүн, Ыйса – Кудай экенин түшүнүү маанилүү?
(7) Эмне үчүн курмандыкка баруу керек эле?
(8) Эмне үчүн Ыйса айкаш жыгачта өлгөн, башка жол менен эмес?
(9) Ыйсанын тирилгенинин мааниси эмнеде?

## Машайак

**Тестик суроолорго жооптор**

(1) Машайактын келген максаты - Өз элин күнөөдөн куткаруу.
(2) Алгачкы жыйындар "Ыйса Теңир" дегенде, бардыгынын Теңири деп түшүнгөн.
(3) Ыйса Атасынын табиятын толугу менен бөлүшөт.
(4) Машайак – денеде келген Кудай. Кудай денеде келип адам болгон.
(5) Ыйса гана биз үчүн өлмөк, биздин ордубуз үчүн. Ал биздин өкүлүбүз болду.
(6) Анын курмандыгы чексиз баалуу. Ыйса гана куткара турган күчкө ээ жана биз Ага сыйынышыбыз керек.
(7) Кудай адилеттүү бойдон калышы үчүн; ошол эле убакыта күнөөнү маанисиз калтырбаш үчүн; курмандык чалынып, адам кечирилиши керек болчу.
(8) Бул Ыйса Кудайдын каргышына калганын көрсөттү.
(9) Бул Ыйсанын күнөө менен өлүмдү жеңгенин көрсөттү, Ыйса ким экендигин далилдеди жана Анын бизди тирилте аларын көрсөтүп турат.

# 8-сабак
# Куткарылуу

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Эмне үчүн айкаш көптөгөн адамдар үчүн кемсинтүү болуп саналат.
(2) Күнөөкөрдүн абалы.
(3) Куткарылуу үчүн кечиримдүүлүктүн зарылчылыгы.
(4) Тообо кылуу мааниси.
(5) Куткара ала турган ишенимдин негиздери.
(6) Бардык адамдардын күнөөсү үчүн төлөнгөн кун эмне себептен жеткилең?
(7) Куткарылуунун жеке ишенимдүүлүктүн борбору.
(8) Бардык жаратылгандардын куну.
(9) Куткарылуу ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – куткарылууну түшүнүүдө диндердин кетирген каталарын түшүнүү.

## Куткарылуу

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Забур-84тү чогуу окугула. Бул үзүндү куткарылуу жөнүндө эмне деп айтат?*

## Айкаш жыгач

Машайакчылардын эң негизги белгиси – бул айкаш жыгач. Айкаш жыгач бүткүл тарыхтын өзөгүн түзгөн өтө маанилүү окуяларды билдирет. Бул машайакчылардын дини башка диндерден айырмасын көрсөтөт.

Айкаш жыгач көптөгөн адамдар үчүн табышмак. Алар Ыйса эмне үчүн өлгөнүн түшүнүшпөйт. Ал бизди сүйгөндүктөн жана бизди куткаргысы келгендиктен

> Ар бир адам үчүн маанилүү суроо: «Күнөөкөр Кудай алдында кантип акталат?» Эгер адам Кудайдын душманы болсо, анда кантип бүгүнбү же түбөлүктө болоб чыныгы кубанычты жана тынчтыкты сезе алат. Бирок ушул эң маанилүү суроо өтө түшүнүксүз! Бул тууралуу көп адамдарда эмне деген чырмалышкан ойлор бар!»
> - Джон Уэсли, насаат сөз «Ишеним аркылуу куткарылуу»

өлгөнүн укса дагы, эмне үчүн айкаш чыгач керек болгонун түшүнүшпөйт. Алар: "Эгер Кудай бизди куткаргысы келсе, анда эмне үчүн жөн эле куткарган жок?" деп ойлошот.

Ыйсанын алгачкы жолдоочулары Жакшы Кабарды жарыялай баштаганда, айкаш жыгач жөнүндө башаламандык башталган[231]. Жүйүттөр Кудай өзүн күч менен көрсөтөт деп ойлошкон. Алар куткарылуу кысымчылыктан бошотот деп ойлошкон, бирок айкаш жыгач алар үчүн алсыздык менен ийгиликсиздикти көрсөткөндөй болду.

Гректер Кудай өзүн акылмандык менен көрсөтөт деп ойлошкон. Жашоодон эң жакшы нерселерин таап алуу, бул керек болгон куткарылуунун түшүндүрүүсү деп ойлошкон. Ошондуктан алар үчүн айкаш чыгач акылсыздык жана ийгиликсиздик сыяктуу сезилген.

► Эмне үчүн айкаш көптөгөн адамдар үчүн кемсинтүү болуп саналат?

Айкаш жыгач - көптөгөн адамдар үчүн кемсинтүү. Көптөгөн адамдар динчил болууга макул. Алар айрым нерселерге ишенүүгө, диний иш-аракеттерди жасоого жана кеңеш алууга даяр. Бирок аларга: - Силер ушунчалык күнөөкөр болгондуктан, айкаш жыгач силердин кечирилишиңер үчүн керек, - деп айтканда, алар ачууланып баштайт. Алар Кудай биздин иш-аракетибизге же мүнөзүбүзгө каршы болбошу керек деп ойлошот [232]. Айкаш жыгач аларды капа кылат, анткени бул алардын күнөөкөр экендигин жана куткарылышы керектигин эскертет.

Ыйсанын айкаш жыгачта курмандыкка чалынганын түшүнүү үчүн, күнөөкөр адамдын абалы жана Кудайдын ыйык табияты туура келбегенин түшүнүшүбүз керек. Кун төлөнүү бул Кудай бизди кечиргенге жол ачканын түшүнүшүбүз керек.

## Адамдын абалы

Адам атанын күнөөсү үчүн, ар бир адам төрөлгөндө, Кудайдан бөлүнүп калган [233]. Демек, ар бир адам өзүмчүл, өз жолу менен жүрөт.

Адам чечим чыгара баштаганда, күнөө кыла баштайт. **Ар бир күнөөкөр көптөгөн күнөөлөргө күнөөлүү** [234].

---

[231] **Окугула.** 1 Корунттуктарга 1:22-23.
[232] **Окугула.** Лука 18:10-14.
[233] Римдиктерге 5:12.
[234] **Окугула.** Римдиктерге 3:23.

Күнөө - бул Кудайдын мыйзамын бузуу [235]. Кудай адилеттүү болгондуктан, ал күнөөнү кечирбейт, ошондуктан ар бир адам кылган иши үчүн соттолот.[236]. Адамдын күнөөкөр экенине жана айыпталганына эч кандай шек жок[237].

**Күнөөкөр адам - Кудайдын душманы.**[238]. Күнөөкөр күнөөлөрүн жуумайынча, Кудай менен мамиледе боло албайт.

Күнөөкөрдүн абалы аны Кудай менен мамиле түзүүгө жараксыз кылат. **Күнөөкөр өз каалоолору менен бузулган** [239]. Ал күнөөнүн кулу болгондуктан, **ал өз абалын өзгөртүүгө алсыз**.[240].

Демек, күнөөкөр адамга кандай куткарылуу керек? Күнөөкөр күнөөлүү болгондуктан, куткарылуу кечиримдүүлүктү билдирет. Ал Кудайдын душманы болгондуктан, куткарылуу элдешүүнү билдирет. Ал бузулгандыктан, куткарылуу тазаланууну билдирет. Ал күчсүз болгондуктан, куткарылуу бошонууну билдирет. Бул күнөөкөргө керек болгон куткарылуунун бир нече гана жагы.

### Эки кыйын абалдын бирин тандоо (дилемма)

Адам өзүнүн күнөөсү үчүн төлөй алган жок. Мунун бир себеби - колубузда болгон нерселердин бардыгы Кудайга тиешелүү. Андан да маанилүүсү, түбөлүктүү Кудайга каршы күнөө жасадык, жана адамда мынчалык төлөй турган эч нерсеси жок.

Адам өзүнүн муктаждыгы боюнча эч нерсе кыла алган жок. Ошондуктан, адам өзү куткарылууну ишке ашыра турган эч кандай талап коюлган эмес.[241]. Эгер адам өзү актана алса, анда Машайактын айкаш жыгачта өлүшүнүн кажети жок болмок.[242].

► Эгер Кудай кечиргиси келсе, анда эмне үчүн айкаш жыгачсыз жөн эле кечирген жок??

Кудай ыйык болгондуктан, ал чындык жана адилеттик боюнча сот жүргүзүшү керек [243].

---

[235] 1 Жакан 3:4; Жакып 2:10-11.
[236] 2 Корунттуктарга 5:10; Аян 20:12-13.
[237] **Окугула.** Жакан 3:18-19.
[238] Римдиктерге 5:10.
[239] Эфестиктерге 2:3.
[240] **Окугула.** Римдиктерге 5:20, 7:23.
[241] **Окугула.** Галатиялыктарга, 3:21.
[242] **Окугула.** Галатиялыктарга 2:21.
[243] Римдиктерге 2:5-6.

Элестетип көрсөңүз, Машайактын курмандыгы болгон жок. Кудай күнөөлөрдү кун төлөбөй эле кечирсе кандай болмок?

Эгер Кудай күнөөнү кун төлөбөй эле кечирсе, анда күнөө маанилүү эместей сезилмек. Кудай адилетсиз, ал тургай, ыйык эместей сезилмек. Кудайдын көз алдында адам туура иш кылып жатабы же жаман иш кылабы айырмасы жоктой сезилмек.

Эгер кечиримди кун төлөнбөй эле алып алсак, анда Кудайды адилеттүү жана ыйык Кудай деп тобо кыла албайт элек. Кунсуз кечирүү акыры Кудайды урматтоонун ордуна, Кудайдын абийирин кетирмек.

Бирок Кудай бизди сүйөт жана кечирүүнү каалайт. Ал адамзатты күнөөкөр абалда калтырып жана түбөлүк өлүм кетишин каалаган жок, мунун баарына татыктуу болсок дагы.

Ыйсанын айкаш жыгачтагы курмандыгы түбөлүк баалуу курмандыкты берди, анткени **Ыйса (1) күнөөсүз болгон**[244] (күнөсүз дегенде кемчиликсиз жана Ыйса куткарылууга муктаж эмес экендигин билдирет); **(2) Ыйса Кудай да, адам да болгон.**

Кечирим үчүн эң башкысы бул кун төлөп куткарылуу. Кылган күнөсүнө өкүнүп, Кудайдын убадасына ишенген адамды Кудай кечире алат. Ким айкаш жыгачтын курмандыгына ишенсе, күнөө олуттуу эмес деп айта албайт.

Түбөлүк куткарылуу аркылуу күнөөкөр адам Кудайдын убадасына ишенип, Кудай аны адил деп эсептей алат[245]. Римдиктер 3: 20-26 кун төлөп куткарылуу кандайча иштээрин логикалык жактан түшүндүрүп берет.

Ыйык Китепте жазылган, Кудай биз үчүн берген куткарылууну бир жол менен гана алсак болот. Бул ырайымдын негизинде, Ыйса Машайака ишенүү аркылуу. Эгерде адам муну четке какса, анда ал куткарыла албайт[246].

Ушул себептен куткарылуу жөнүндөгү окуутуну (доктринаны) бир гана ырайым менен, ишеним аркылуу кабыл алууну билүү маанилүү. Куткарылуу бир гана ырайымдын негизи менен, анткени куткарылууну иштеп табалбайбыз жана ал үчүн татыктуу эч нерсе кыла албайбыз.

[244] 2 Корунттуктарга 5:21.
[245] **Окугула.** Римдиктерге 3:26.
[246] **Окугула.** Марк 16:15-16; Элч.иш. 4:12; Эвр. 2:3.

Куткарылуу ишеним аркылуу гана болот, анткени ага жетүү үчүн биз эч нерсе кыла албайбыз. Биз Кудайдын убадасына гана ишене алабыз.

> «Көп жылдар мурун, кун төлөнүү окуясы боло электе, Кудайдын ырайымын сүрөттөгөн кооз үзүндү бар болчу. Бул 84-Забур. Ал жерде Кудай күнөөнү кантип кечирерин жана Анын ачуусу аягына келгени жөнүндө сүрөттөлөнөт. Андан кийин абдан кызыктуу билдирүүгө келет: «Ырайым менен чындык жолугушат, адилеттик менен тынчтык өбүшөт». Бул кун төлөө аркылуу куткарылуунун укмуштай сүрөттөлүшү. Кун болбосо Кудайдын ырайымы биздин күнөөлүү экенибиз менен чектелмек. Кудайдын адилдиги тынчтыкка жол берүүнүн ордуна бизди Анын душманы кылмак».

► Адамдын куткарылышына биринчи кадамды ким жасайт, Кудайбы же адам өзүбү?

## Биринчи ырайым

Кудай күнөөкөрдү куткаруу үчүн биринчи кадамдарды жасады. Ал Ыйсанын айкаш жыгачтагы курмандыгын берүү менен кечирүүгө даяр экендигин көрсөттү. ми Кудайдын ырайымы күнөөкөрдүн жүрөгүн козгоп, анын ичиндеги кечиримдүүлүк каалоосун ойготот.[247]. Кудайдын жардамы болбосо, күнөөкөр күнөөсүн таштай албайт эле[248]. Кудай күнөөкөргө Жакшы Кабарга жооп берүү мүмкүнчүлүгүн берет. Эгер адам куткарылбаса, анда анын ырайымы жок болгондугу үчүн эмес, Кудай ага берген ырайымына жооп бербегени үчүн.

Ыйса бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн өлгөн жана Кудай ар бир адамдын куткарылышын каалайт.[249]. Кудайдын ырайымы ар бир адамга жооп берүү мүмкүнчүлүгүн берет, бирок ал эч кимди мажбурлабайт. Ошондуктан, Кудай күнөөкөрдү тандоого жана тобо кылууга чакырат.[250].

## Тообо кылуу

► Тообо кылуу деген эмне?

Тообо кылуу - бул күнөөкөр өзүнүн күнөөсүн түшүнүп, жазага татыктуу экендигин түшүнгөндүгүн билдирет, ошондуктан ал күнөөлөрүн таштоого даяр болот.

---

[247] **Окугула.** Тит 2:11; Жкн. 1:9; Рим. 1:20.
[248] Жакан 6:44.
[249] **Окугула.** 2 Пет. 3:9; 1 Жкн. 2:2; 1 Тим. 4:10.
[250] Марк 1:15.

«Күнөөкөр өз жолун, мыйзамсыз жаман ойлорун таштап, Теңирге кайрылсын. Ошондо Ал ага ырайым кылат, биздин Кудайга кайрылсын, анткени Ал өтө ырайымдуу» (Ышайа, 55:7).

Тообо кылуу- бул Кудай аны кечириш үчүн, күнөөкөр адам өз жашоосун оңдоп, адил адам болуп дегенди билдирбейт. Бул мүмкүн эмес. Күнөдөн Кудай гана аркалуу бошонууга, күнөкөр адам аракет кылыш керек.

► Эгерде куткарылуу ырайым менен алынган болсо, анда эмне себептен куткарылуу үчүн тообо кылуу керек?

Кечиримдүүлүктүн бир эле талабы – бул ишеним, бирок тобо кылмайынча куткара ала турган ишеним жок. Эгер адам тобо кылгысы келбесе, анда ал күнөөдөн кутулгусу келбейт.

Эгерде Кудай күнөө кыла берген жана тобо кылбаган адамдарды кечирсе, анда ал жердин адилеттүү соту катары аброюна шек келтирмек.

Тообо кылуу керек, анткени адам тообо кылбаса, күнөө жаман экендигин мойнуна албайт. Эгерде ал эмне үчүн күнөөнү токтотуш керектигин түшүнбөсө, анда эмне үчүн кечиримге муктаж экендигин түшүнбөйт.

Эгерде адам өзүнүн күнөөсүн көрбөсө, анда эч кандай кечирим суроо жок болсо, ал жазага татыктуу экендигин көрбөсө, анда ал тообо кылган эмес. Эгер ал күнөөкөр экендигин мойнуна алып, бирок күнөөнү улантууга мүмкүнчүлүк бере турган динди каалаcа, анда ал тообо кылган эмес, анткени ал күнөө жараткан иштерди жасай бергиси келет.

**Куткара ала турган ишеним**

► Эгерде адамда куткара турган ишеним бар болсо, анда ушул куткара турган ишеним эмнени билдирет?

**(1) Ал өзүн актоо үчүн эч нерсе кыла албастыгын түшүнөт**.

«Силер ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу куткарылдыңар, бул силерден эмес, бул – Кудайдын белеги: эч ким мактанбашы үчүн, бул кылган иштерден да эмес» (Эфестиктерге, 2:8-9).

Ал жарым-жартылай болсо да, куткарылууга татыктуу эч нерсе (иш) кыла албастыгын түшүнөт.

**(2) Кечирим алуу үчүн Машайактын курмандыгы жетиштүү деп ишенет**.

«Ал – биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрү үчүн чалынган ырайым курмандыгы» (1 Жакан, 2:2).

*Чалынган* деген сөз бул курмандык, биздин кечиримдүүлүгүбүзгө жол ачкан. Биздин куткарылуубуз үчүн, Машайактын курмандыгынан башка эч нерсе талап кылынбайт.

**(3) Мындай адам, Ыйса өлүп тирилгенине жана күнөө менен өлүмдү жеңгенине ишенет.**

«Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың» (Римдиктерге, 10:9).

Күнөө менен өлүмдү жеңүүнүн бир гана жолу болгон - бул Ыйсанын тирилиши. Ыйса тирилип, экөөнү тең толук жеңгенин далилдеди.

**(4)Кудай ишенимдин негизинде гана кечирерине ишенет.**

«Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт» (1 Жакан, 1:9)

Бирок эгерде адам, кечирим алыш үчүн дагы башка шарттар бар деп ойлосо, кандайдыр бир иштерден күтөт. Толугу ырайымдан куткарылуушун күтпөйт.

**Кепилдик**

► Адам өзүнүн куткарылгандыгын, кантип биле алат?

Кээ бир адамдар өз сезимдерине таянат, бирок сезимдер туруксуз жана адаштырышы мүмкүн.

Ыйык Китепте биз куткарылгандыгыбыз жөнүндө так билсек болот деп айтылат. Кудай бизди кабыл алганына толук ишенсек болот. Биз коркуу менен жашоонун кажети жок, анткени Кудайдын Руху бизди Кудайдын балдары экенибизге ынандырат.[251]

[251] Римдиктерге 8:15-16.

Бул кепилдик ушунчалык толук болгондуктан, биз Сот күнүнөн коркпошубуз керек.[252]. Кээ бир адамдар асманга кабыл болушат деп үмүттөнүшөт, бирок биз ага караганда ишенимдүү түрдө айта алабыз. Куткарылуу жалпы адамзатка сунушталат деп ишенүү жетишсиз; адам өзү куткарылганын билиши керек.

Өзгөрүлгөн жашоо -бул адамдын куткарылганы, мындай далилдер Кудайга кайрылганда эле көрүнө калбайт. Демек, тобо кылуунун биринчи баскычында өзгөрүлүү көрүнбөшү мүмкүн. Тобо кылып жаткан учурда, өзгөрүлгөн жашоосу кепилдикке негиз боло албайт, анкени убакыт керек.

Ишенген адам куткарылууга Ыйык Китеп аркылуу жол менен баргандыгын билип, өзүнүн куткарыларына толук ишенсе болот. Эгер адам чындап тобо кылса жана Ыйык Китепте айтылгандарына ишенсе, анда Кудай аны кечирди деп ишенүүгө укуктуу. Адам Ыйсага ишенип, күнөө үчүн тобо кылса, анда Кудай сөзсүз Рухун берип, Кудайдын баласы болгондугун күбөлөндүроөт.

Эгер адам өзүн куткарылгандай сезгенге аракет кылса, бирок өкүнүп тобо кылбаса, өзүн өзү алдашы мүмкүн.

Эгер адам (1) чындап тобо кылса, (2) Ыйык Жазуудагы Кудайдын убадасына ишенсе жана (3) Рухтун күбөлүгүн алса, анда ал алданбайт. Бул кепилдик толугу менен ишенимдүү болгон Кудайдын Сөзүнө негизделген. Кудай ар дайым өзүнүн убадаларын аткарат.

### Куткарылууга байланыштуу 10 сөз

**Элдешүү**: Бул сөз душман болгондор кайрадан тынчтык келишимине келгенин түшүндүрөт. Куткарылууда биз Кудай менен тынчтыкка келебиз[253].

**Өчүрүү**: Бул сөз жазуу тазаланганын билдирет. Куткарылуу менен, биздин күнөөлөрүбүздүн тарыхы өчүрүлөт[254].

**Чалынган ырайым курмандыгы**: Бул сөз бирөөнүн ачуусун басуу үчүн бир нерсе бергендигин билдирет. Куткарылууда Ыйсанын курмандыгы бизге каршы болгон Кудайдын адилеттүү каарын токтотот [255].

**Бошотуу**: Бул сөз кимдир бирөөнүн күчүнөн куткарылганын билдирет.

[252] **Окугула.** 1 Жакан 4:17.
[253] **Окугула.** 2 Кор. 5:19; Рим. 5:1 (Бул аяттар актоо жана элдешүү жөнүндө айтылат).
[254] **Окугула.** Эврейлерге 8:12.
[255] **Окугула.** 1 Жакан 2:2.

Куткарылышыбыз менен, биз Шайтандын жана күнөөнүн бийлигинен алындык[256].

**Кун төлөп куткарылуу**: Бул сөз бирөөнү бошотуу үчүн баанын төлөнгөндүгүн билдирет. Куткарылуу менен, Ыйсанын өлүмү күнөөнүн кулчулугунан жана жазасынан куткаруубуздун баасы болгон [257].

**Актоо**: Бул сөз кимдир бирөөнүн адил же күнөөсүз деп жарыялангандыгын билдирет. Ыйса күнөөкөр адамдын ордуна азап тартканы үчүн, күнөө кылган күнөөкөр адил деп эсептелет. [258].

**Ыйык болуу**: Бул сөз кимдир бирөөнүн ыйык болгонун билдирет. Куткарылуу аркылуу күнөөкөр Кудайдын ыйык баласы болуп өзгөрүлөт[259].

**Асырап алуу**: Бул сөз кимдир бирөөнүн мыйзамдуу баласы болуп калгандыгын билдирет. Куткарылуу менен биз Кудайдын балдары болобуз[260].

**Кайра жаралуу / Жаңы төрөлү**: Бул сөз кимдир бирөө жашоону кайрадан баштайт дегенди билдирет. Куткарылуу менен ишенген адам жаңы жашоону баштайт [261].

**Мөөрлөнүү**: Бул сөз кимге таандык экендигин көрсөтүү үчүн бир нерсе белгиленгенин билдирет. Куткарылуу менен, биздеги Ыйык Рух бизди Кудайга таандык адам катары аныктайт [262].

*Класс жетекчисине эскертүү: Төмөнкү маалымат бөлүмүн түшүндүрүп берүү үчүн бир студентти тандаса болот.*

## Адашуудан сак болуу керек: Тобосуз дин

Куткарылууну ырайымдын негизинде, ишеним аркылуу алат деп укканда, кээ бир адамдар куткарылдым деп, өзүлөрүн оңой эле ишендиришет. Ал чындыгында эле тобо кылган жок, анткени ал тобого муктаж экендигин көрө алган жок. Ал эч качан өзүн Кудайдын сотуна татыктуу күнөөкөр катары көргөн эмес. Ырайым ага өзү каалагандай жашаганга укук берет деп ойлойт.  Ал өзүн машайакчымын деп эсептейт, машайкчылык динин

[256] **Окугула.** Лука 1:74; Рим. 6:6, 12-18.
[257] **Окугула.** Эф. 1:7; Тит. 2:14.
[258] **Окугула.** 2 Кор. 5:19; Рим. 5:1 (Бул аяттар актоо жана элдешүү жөнүндө айтылат).
[259] **Окугула.** Көптөгөн каттарда ишенүүчүлөр «ыйыктар» деп аталат**.** (Эф. 1:1; Кол. 1:1; Фил. 1:1).
[260] **Окугула.** Жкн 1:12; Рим. 8:15.
[261] **Окугула.** Эф. 2:1; Жкн. 7:38-39; Гал. 4:29; Жкн. 3:5.
[262] **Окугула.** Эфестиктерге 1:13.

кабыл алат, бирок жеке өзгөрүүлөрдү башынан өткөргөн эмес. Ал Кудайга баш ийген жок, Кудайды жөн гана жашоосунун бир бөлүгү катары кабыл алды жана өз эркине ылайык жашады. Ыйык Китепте айтылгандай, бул бизди Кудай менен куткара ала турган мамилебиздин башталышы эмес.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Бүт дүйнөнүн күнөөсү үчүн Ыйса Машайак өмүрү, өлүмү жана тирүлүүсү аркылуу кун төлөдү. Ар бир адам күнөөсү үчүн күнөөлүү жана өзүн өзү куткара албайт. Тобо кылган ар бир күнөөкөр ишеним аркылуу Кудайдын ырайымын ала алат. Ишенген адам кечирилет жана күнөөнүн күчүнөн да, жазадан да куткарылат. Ыйык Рух күнөөкөрдү Кудайга табынган ыйык адам кылып өзгөртөт. Куткаруунун башка жолу жок. Кудай кун төлөө менен адамзатты калыбына келтирет.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Эфестиктерге, 2:1-10; Ышайа, 1:11-18; Забур, 50; Римдиктерге, 8:19-25; Римдиктерге, 3:20-26.

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, keминде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

*Класс жетекчисине эскертүү: Төмөнкү эки маалыматты ("Байыркы Келишимдеги Куткарылуу" жана "Бардык Жаратылуунун Куткарылышы") студенттер окуганы милдеттүү эмес.  Эгерде студенттер бул темаларга кызыкса, анда өтсөңүз болот.*

### Басылып чыгарылган булактар

Purkiser, W.T., ed. *Exploring Our Christian Faith*. Kansas City, MO: Beacon Hill Press, 1960.
Especially see chapter XI, “Man’s Predicament” and XII, “The Doctrine of Atonement.”

Wilcox, Leslie. *Profiles in Wesleyan Theology*. Salem, OH: Schmul Publishing, 1985. Especially see chapters 9-10: “Atonement” and “Conditions of Reconcilliation,” 171214.

Wiley, H. Orton and Culbertson, Paul T. Introduction to Christian Theology. Kansas City, MO: Beacon Hill Press, 1946.

## Байыркы Келишимдеги куткарылуу

Эски Келишимде Кудай сыйынуу тутумун курмандыктар менен камсыз кылган. Бул Курмандыктар Ыйсага окшоп куткарылууга мүмкүнчүлүк берген жок. Ыйык Китепте «торпоктордун менен кочкорлордун каны күнөөлөрдү жок кыла албайт»[263] деп айтылат. Анда эмне үчүн курмандыктар чалынган? Бул тобо кылган бир түрү болчу, келечекте боло турган Машайактын курмандыгын билдирген[264].

Бул Жаңы Келишимге чейин куткарылууга мүмкүнчүлүк болгон эмес дегенди билдирбейт. Элчи Пабыл ишеним менен актоо доктринасын түшүндүргөндө, бул жаңы идея эмес экендигин көрсөтүү үчүн Ыбрайым менен Дөөттүн мисалдарын колдонгон[265]. Ыйса Никедимге жогорудан төрөлүү жөнүндө мурунтан эле билиши керектигин айткан, анткени ал Байыркы Келишимдин окутуучусу болгон.[266]. Пабыл Тиметейге Эски Келишимдин жазуулары аны куткарууда акылдуу кылышы мүмкүн деп айткан.[267]. Ошондуктан, Жакшы Кабар Эски Келишимдин убагында болгон.

Байыркы Келишимде адамдар Кудайдын ырайымын түшүнүшкөн. Алар күнөөдөн арылуунун майда-чүйдөсүн жана анын кандайча иштей тургандыгын билишкен эмес, бирок Кудай кандайдыр бир жол менен куткарылууга негиз берет деп ишенишкен. Бүгүнкү күндө бизде сыйынуунун түрлөрү болгондой эле, ошол курмандыктар ишенимди билдирүүнүн көрүнүшү болгон (бүгүңкү Кечки тамак сыяктуу). Ошол учурда адамдар курмандыгын ишеним жана баш ийүү менен алып келбесе, анда курмандыктардын пайдасы жок болмок. Азыркы убактай эле, биздин тобо кылганыбыз жүрөгүбүздүн жана жашообуздун Кудайга берилгендигин көрсөтпөсө, анда тобо кылганыбыз пайдасыз.

[263] Эврейлерге 10:4
[264] Эврейлерге 10:1.
[265] Римдиктерге 4:1-8.
[266] Жакан 3:10.
[267] 2 Тиметей 3:15.

Тобо кылуу жана ишеним Эски Келишим мезгилдеринде маанилүү болгонун жана сыйынуучунун кечирим сурап, тазаланышы керектигин көрсөткөн эки аят: Забур 50 жана Ышайа 1: 11-18.

## Бардык Жаратылуунун Куткарылышы

Алгачкы адамдар күнөө кылганда, жаратылгандардын баарына каргыш тийди[268]. Куткарылуу аяктаганда, жаратуу калыбына келет, бирок али боло элек.

Куткарылуу руханий жаңылануудан башталат. Ишенгендер күнөөдөн куткарылып, Кудайдын батасында жашашат. Бирок алар күнөөнүн каргышынын физикалык жактарынан кутула элек. Ошондуктан дене жагынан карып, өлүү процессине баш ийет.

Жаратылыш дагы деле күнөөнүн каргышында. Кудай аны кандай жараткан болсо, биз аны баштапкы абалында көрө алган жокпуз. Зыяндуу жандыктарга толгон жаратылышты жана бири-бирине карама-каршы келген жандыктарды көрөбүз. Биздин дүйнөдө башкалар жашашы үчүн көптөгөн жандыктар өлүшү керек. Бардык жаратуулар жаңылана турган убак келет.[269].

Төмөнкү үзүндүдө дагы деле күнөөнүн каргышына калган дүйнөдөгү машайакчылардын үмүтү сүрөттөлөт: Римлянам, 8:19-25.

[268] Башталыш 3:17.
[269] Аян 21:1; Эвр. 1:10-12.

**Куткарылуу**
**Тестин суроолору**

(1) Эмне үчүн айкаш көптөгөн адамдар үчүн кемсинтүү болуп саналат?
(2) Күнөөкөрдүн абалы кандай төрт жагдайдан турат?
(3) Эмне үчүн кун төлөбөгөн кечиримдүлүк, Кудайды жаманатты кылат?
(4) Тообо кылуу деген эмне?
(5) Эгерде адамда куткара турган ишеним бар болсо, анда ушул куткара турган ишеним эмнени билдирет?
(6) Ыйса кайсы эки жол менен курмандык чалууга өзгөчө жөндөмдүү болгон?
(7) Адам өзүнүн куткарылганын кайдан билет?
(8) Куткарылуу үчүн колдонулган сөздөрдү туура байланыштыргыла:

| | |
|---|---|
| ___ (1) баасын төлөнгөн | (А) Кун төлөп куткарылуу |
| ___ (2) адил деп эсептелди | (Б) Ыйык болуу |
| ___ (3) белгиленди | (В) Өчүрүү |
| ___ (4) тынчтык | (Г) Бошотуу |
| ___ (5) каарын токтотуу | (Д) Мөөрлөнүү |
| ___ (6) күнөлөр тазаланды | (Е) Элдешүү |
| ___ (7) куткарылды | (Ё) Чалынган ырайым курмандыгы |
| ___ (8) ыйыкталды | (Ж) Асырап алуу |
| ___ (9) улуу/кызы болду | (З) Кайра жаралуу / Жаңы төрөлү |
| ___ (10) жаңы жашоо | (И) Актоо |

**Куткарылуу**

**Тестик суроолорго жооптор**

(1) Себеби бул алардын күнөөкөр экендигин жана кечирилиши керектигин билдирет
(2) Ал көптөгөн күнөөлөргө күнөөлүү. Ал Кудайдын душманы. Ал өзүнүн каалоолору менен бузулган. Ал өзүнүн абалын өзгөртүүгө алсыз.
(3) Кудай Өзүн адилетсиз жана ыйык эместей сезмек.
(4) Бул күнөөкөр өзүнүн күнөөсүн түшүнүп, жазага татыктуу экендигин түшүнгөндүгүн билдирет, ошондуктан ал күнөөлөрүн таштоого даяр болот.
(5) Ал өзүн актоо үчүн эч нерсе кыла албашы, Машайактын курмандыгы анын кечирилиши үчүн жетиштүү жана Кудай аны ишенимдин шартында гана кечирет экендигин билдирет.
(6) Ыйса күнөөсүз болчу. Ал Кудай-адам болгон.
(7) (1)чындап тобо кылса, (2) Ыйык Жазуудагы Кудайдын убадасына ишенсе жана (3) Рухтун күбөлүгүн алса.
(8) Кун төлөп куткарылуу - баасын төлөнгөн
Ыйык болуу – ыйыкталды
Өчүрүү - күнөлөр тазаланды
Бошотуу – куткарылды
Мөөрлөнүү – белгиленди
Элдешүү – тынчтык
Чалынган ырайым курмандыгы - каарын токтотуу
Асырап алуу - улуу/кызы болду
Кайра жаралуу / Жаңы төрөлү - жаңы жашоо
Актоо - адил деп эсептелди

# 9 - Сабак
# Куткарылуу жөнүндө болгон суроолор

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Ишенүүчүнүн күнөөсүн жеңүүсүнүн артыкчылыгы жана мааниси.
(2) Жеңиштүү жашоо үчүн берилген Кудайдын ырайымы.
(3) Машайак менен болгон мамиледен келип чыккан руханий жашоо.
(4) Ыйык Жазуудагы «ырайымдан түшүү» жөнүндөгү эскертүүлөр.
(5) Куткарылуу жөнүндө ишеним билдүүрүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – бул студентке күнөөлөрдү жеңүүгө жана анын жашоо деңгээлин көтөрүүгө жардам берүү.

## Куткарылуу маселелери

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Римдиктер 6 бапты чогуу окугула. Бул үзүндү куткарылуунун натыйжалары жөнүндө эмне дейт?*

## Куткаруу далилдери

Куткарылууну жеке кепилдиги - 1 Жакандын катындагы негизги темалардын бири: «Кудайдын Уулуна ишенүү аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болгонуңарды билишиңер үчүн, мен муну силерге – Кудайдын Уулуна ишенгендерге жаздым» (5:13).

► Адам өзүнүн куткарыларына шектенсе, эмне кылышы керек?

Адам куткарылуунун кепилдигине муктаж болгон учурлар болорун элчи Жакан билген. Ал ишенген адам ишенимин бекемдөө үчүн далилдерди издөө туура экендигин айтат. Катта ал "биз ушуну билебиз" деп бир нече

далилдүү мисалдарды келтирген[270]. Анын айтымында, ишенгендер бул далилдерди жүрөктөрүн ынандыруу үчүн колдоно алышат[271].

1 Жакандын каттында ишенген адамдын бардык жерде белгиленген өзгөчөлүгү – бул күнөөнү жеңүү. Ишенген адамдын абалы адатта – бул билип туруп жасаган күнөдөн алыс жашоо. Элчи Жакан айткандай: «Балдарым, мен муну силерге күнөө кылбасын деп жазып жатам» (2:1). Бул билдирүүсү менен элчи ишенген адам атайылап күнөө кылбай жашашы керектигин көрсөтүп, аларга жеңиш менен жашоонун маанилүүлүгүн көрсөтүү үчүн жазып жаткандыгын айтты.

«…эгерде ким күнөө кылса, Атанын алдында адил Арачыбыз Ыйса Машайак бар. Ал биздин күнөөлөрүбүз үчүн, биздин гана эмес, бүт дүйнөнүн күнөөлөрүн үчүн чалынган ырайым курмандыгы » (2:16-2).

Бул жерде ал сөзсүз түрдө болбосо да, күнөө болушу мүмкүн экендигин мойнуна алат. Ал бизди ишенген адам күнөө кылса, анда Машаяктын курмандыгы ошол күнөөнү кечире алат деп ишендирет. Бул ишенген адам кайрадан күнөөгө батып, тобо кылбай өзүнөн өзү эле кечирилет дегенди билдирбейт. Бул аятта курмандык бар экендиги жана ал бүтүндөй дүйнө үчүн деп айтылган. Бүткүл дүйнө кокустан куткарылбаганын билебиз. Тобо кылуу күнөөнүн кечирилиши үчүн керек, күнөөкөр күнөө жасаганда ишенген же ишенбеген болобу. Эгер ишенген адам күнөө кылса, анда Кудай менен болгон мамилеси үчүн тообо кылышы керек.

1 Жакандын төмөнкү аяттары ишенген адамдын эң чоң айырмачылыгы - билип туруп жасалган күнөөнү жеңүү экендигин көрсөтүп турат. Кашаанын ичиндеги фразаларга комментарийлер кошулган.

> «Осуяттардан аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз [Кудайга баш ийбеген адам, далил катары бул сөздөргө таяналбайт.]. Ким: «Мен Кудайды таанып билдим», десе, бирок Анын осуяттарын аткарбаса, ал жалганчы, анын ичинде чындык жок» (2:3-4).
>
> «Ким күнөө кылса, ал мыйзамсыздык кылган болот. Күнөө – бул мыйзамсыздык Машайак бизди күнөөлөрдөн арылтыш үчүн келгенин жана Анда эч кандай күнөө болбогондугун билесиңер. Машайактын ичинде жашап жаткан адам күнөө кылбайт. Ал эми күнөө кылган адам Аны көрө элек, Аны таанып биле да элек» (3:4-6).

[270] 2:3, 2:5, 2:29, 3:10, 3:14, 3:19, 3:24, 5:2, 5:18.
[271] 1 Жакан 1:9.

«Балдарым, силерди эч ким алдабасын: адил иш кылган адам [күнөө кылып жатып, жон эле адил деп саналбайт.], Машайак сыяктуу адил. Күнөө кылып жаткан адам шайтандан, анткени шайтан башынан бери күнөө кылып келе жатат. Кудайдын Уулу шайтандын иштерин талкалаш үчүн келген» (3:7-8).

«Кудайдан туулган адам күнөө кылбайт, анткени анын ичинде Кудайдын уругу жашайт. Ал күнөө кыла албайт, анткени Кудайдан туулган» (3:9).

«Ким Кудайдын осуяттарын аткарса, ал Кудайдын ичинде болот жана Кудай ал адамдын ичинде болот [Эгерде адам Машайак менен болгонун токтотсо анда ал күнөө кылып баштайт. Эгерде адам күнөө кылып жатса, анда ал Машайак менен жашоону токтоткон.] Анын биздин ичибизде экенин бизге берген Руху боюнча билебиз»(3:24).

«Күнөө бул сөздүн жалпы колдонулушу боюнча сырткы күнөө: бизге берилген Кудайдын мыйзамын, бизге белгилүү болгон Кудайдын ар кандай осуяттарын атайылап бузуу. Ишеним жана сүйүү, сыйынуу жана ыраазычылык рухунда жашаган «Кудайдан төрөлгөн» ар бир адам күнөө кылбайт жана кыла албайт. Эгер ишенген адам Машайак аркылуу Кудайга ишенсе жана Аны сүйсө, ал Кудайдын осуяттарын өз каалоосу менен буза албайт».
- Джон Уэсли, "Жогорудан төрөлгөндөрдүн чоң артыкчылыгы" насаат сөзү.

«Эгерде Кудайды сүйүп, Анын осуяттарын аткарып жатсак, анда Кудайдын балдарын сүйүп жатканыбызды билебиз. Кудайды сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу; [Чыныгы сүйүү тил алчаак болууга түрткү берет. Тил албастык сүйүүнүн жоктугун көрсөтөт.]» (5:2-3).

«Анткени Кудайдан туулган адам дүйнөнү [өзүнүн азгырыктарын жана рухун] жеңет, Дүйнөнүн үстүнөн жеңишке жеткирген нерсе – бул биздин ишенимибиз» (5:4).

«Кудайдан туулган адамдын күнөө кылбастыгын билебиз. Кудайдан туулган адам өзүн сактайт, ошондуктан ага амалкөй жолобойт» (5:18).

► Бул аяттарда момун адамдын айырмалоочу өзгөчөлүгү эмнеде?

Бул аяттардан көрүнүп тургандай, момун адамдын айырмалоочу өзгөчөлүгү бул Кудайга баш ийип жашагандыгы. Күнөөнүн үстүнөн жеңишке жетүү момун адамдын чоң сыймыгы [272].

## Жеңиш менен жашоо үчүн берилген Кудайдын ырайымы

Тукумдалган күнөөкөр табият үчүн жана адамдык алсыздыктын айынан жеңиш менен жашоо оңой эмес. Алардын айынан көптөгөн ишенгендер күнөөсүз жашоо мүмкүн эмес деп эсептешет. Бирок Кудайдын ырайымы эки көйгөйгө тең жооп берет.

► Тукумдалган күнөөкөр табият деген эмне?

Тукумдалган күнөөкөр табият – бул адам төрөлгөндөн баштап күнөөгө түрткөн адеп-ахлактык табияттын бузулушу. Кудайга келгенден кийин, ишенген адам күнөөгө болгон каало менен күрөшөт. Бирок Кудайдын ырайымы күнүмдүк жеңиш үчүн гана эмес, тукумдалган күнөөкөр табиятты тазалоого да ырайымын берет [273].

Биз өмүр бою күнөөкөр табият менен жашашыбыз керек эмес. Жеңиш менен жашоо үчүн, ишенген адамдын жүрөгү толугу менен Кудайга баш ийген учурга жетет. Ошол учурда Кудайды жеткилең сүйүү менен сүйө алышы үчүн, ал адамдын жүрөгүн Кудай тазалайт.

► Адамдык алсыздыктар деген эмне?

---

[272] Кээ бир убакта, билип туруп жасалган күнөөнү ишенген адам жеңип алат, дегенди четке каккан адамдар 1 Жаканга 1:8 шилтеме беришет: «Эгерде күнөөбүз жок деп жатсак, анда өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз жана бизде чындык жок». Бирок “күнөөлүү” деген эмнени билдирет? Бул ишенген адам билип туруп күнөө кыла берет дегенди билдиреби? Бул жогорудагы үчүнчү бөлүмдөгү билдирүүлөргө карама-каршы келет. Жакан муну 3-бөлүмдө айтып бере алмак беле, эгерде ал мурда: «Ар бир адам, анын ичинде ишенген адам да күнөө кыла берет» деп айткан болсо? Бул маанисиз болмок.

Контекст маанисин ачып берет. Жетинчи аятта күнөөдөн тазалануу убада кылынган. Бул тазалануу «жарыкта жүргөндөргө», башкача айтканда, чындыкка ылайык жашаган жана Кудайга баш ийгендерге берилет. Азыр Кудайга баш ийип жашагандар Машайактын каны аркылуу мурунку күнөөлөрүнөн тазаланат.

Бирок “күнөө кылган жокпуз, тазалануунун кереги жок” дегендер болушу мүмкүн. Алар: «Бизде күнөө жок» дешип, өздөрүн «алдап жатышат». Алар эч качан күнөө кылбаганын жана өз көйгөйлөрүн Машайаксыз чечкенидиги жөнүндө айтышат.

Дагы тогузунчу аятта кечирим жана тазалануу убада кылынган. Онунчу аятта элчи дагы бир жолу айтат: «Биз күнөө кылган жокпуз» дегендер Кудайдын Өзүнө каршы чыгып жатышат.

Жакан муну «Машайактын тазалануусу жана кечирилиши керексиз, куткарылышынын кереги жок» деп эсептегендердин катасын оңдоо үчүн жазган. «Ишенгендер да күнөө кыла беришет» деп айткан эмес, бул анын негизги кабарына жана түз айткандарына карама-каршы келет.

[273] 1 Тес. 5:23; 1 Жкн 1:7; Элч.иш. 15:9.

Алсыздыктар - бул физикалык же акыл-эс жагынан чектөөлөр же кемчиликтер. Адам Атанын күнөөсү үчүн, адамзат дайыма күнөөгө жакын болгондуктан, биз алгач жаратылганыбызга караганда денелик, эмоционалдык жагынан алсызыраак болуп калганбыз.

Бизде алсыздыктар бар үчүн, биз ката кетире албыз. Ар кандай кырдаалда кандайча туура иш алып барууну билбей калышыбыз мүмкүн. Айрым адамдар же этникалык топтор жөнүндө туура эмес пикирде болушубуз мүмкүн. Туура эмес ойлор куткарылгандан кийин автоматтык түрдө оңдолбойт.

Туура эмес түшүнүк туура эмес иш-аракеттерге алып келет, анткени адам эмне кылышты түшүнбөй, туура эмес иш кылышы мүмкүн.

Алсыздыктар адамды кандайдыр бир себептерден улам кыйнашы мүмкүн. Балким, ал Ыйык Жазуудагы сунуштарды колдонгонду үйрөнө элек; же ал өзүнүн эмоцияларын башкара алган тартипти сактабайт; же ишенген адамдын күчтүү болушуна жардам бере турган күнүмдүк адаттары жок; же ал Рухта жүрүүнүн маанилүүлүгүн түшүнө элек.

Башка адамдарды соттоого шашылбашыбыз керек, анткени биз алардын билип туруп күнөө жасап жаткандыгын дайыма эле биле бербейбиз. Көп учурда адамдар билимдин жетишсиздигинен же рухий жактан жетилбегендиктен туура эмес иш кылышат.

Эч ким башынан өткөрбөгөн азгырыкка кабылдым деп ойлодуңуз беле? Күнөөнү толугу менен жеңип жашоо мүмкүнбү деп ойлонуп көрдүңүз беле? Азгырык учурундагы алсыздыктардын ордун толтура турган жана бардык жерден камсыз кылган ырайымды берерин Кудай убада кылган:

«Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет» (1 Корунттуктарга, 10:13).

► Бул аяттан эмнени биле алабыз??

Бул аят бизге бир нече маанилүү нерселерди айтып берет.

(1) Азгырык биздин адам болгондугубузга байланыштуу. Демек, сиздин күрөшүңүз айрыкча гана сизге мүнөздүү эмес.

(2) Кудай биздин көтөрө алган чегибизди билет. Канчалык чыдай турганыбызды биз билбейбиз, бирок Ал билет.

(3) Кудай бизге келген азгырыкты чектейт. Ал биздин жеңиш менен жашообузду каалайт. Бул аятка ылайык, жеңиш ар дайым мүмкүн.

(4) Кудай бизди жеңиш үчүн эмне керек болсо, ошону камсыз кылат. Бул сизге "качып кетүүгө" мүмкүнчүлүк берет. Кудай биздин жеңиш менен жашообузду каалайт. Ал жеңиштүү жашоо үчүн ырайым берет.

## Рухтагы жашоо

*Студенттер Римдиктерге 8 ачып, ушул бөлүмдө колдонулган аяттарды карашы керек.*

Римдиктер китеби 8-бөлүмүндө ишенген адамдын жашоосундагы Рухтун иштерин таңкалыштуу сүрөттөмөсүн берет. Ыйык Китепте биз чындыгында кантип туура сыйнууну билбейбиз, бирок Ыйык Рух биз аркылуу сыйынат деп айтылат.

Бул бөлүмдө жеңиш менен кантип жашоо керектиги айтылат. Дененин ордуна Рухтун жетеги менен жүрсөк, бизди айыпташпайт (1-аят). Кудай бизден күткөн адилдикти аткара алабыз, анткени Рухтун күчү бизде иштейт (4-аят).

Күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашаган болсо, анда ал Кудайга жага албайт (8-аят), ал айыпталып (1-аят) жана Кудай тарабынан соттолот (13-аятта "өлөт").

Бирок Ыйык Рухтун күчү жана жетекчилиги менен биз күнөөкөр табияттын иштерин токтото алабыз (13-14-аяттар).

## Күнөөнү жеңүүнү тездетиш керек

Кээде төмөнкүдөй суроолор берилет:

(1) Машайакчылар күнөөнү жеңип жашашы керекпи?
(2) Ишенген адам азгырыкка алдырып койсо, Кудай менен болгон мамилеси кандай болот?
(3) Адам куткарылууну алгандан кийин аны жоготуп алышы мүмкүнбү?

Алгачкы жыйын, эгер адам Кудайга жакпаган иш-аракеттерди жасаса, куткарылуусун жоготот деп ырастаган. Бул жыйындын башчылары өз

элдерине ишенимдүү жеңиш менен жашоону улантууну эскерткен, анткени Ыйык Китепте мындай эскертүүлөр көп.

Күнөөкөр Кудайга кайрылганда, ал кылган күнөөсү үчүн тобо кылат. Кудай менен жашап жатып, дагы эмнени өзгөртүү керектигин көрөт. Бул Кудайга жакпаган иш-аракеттер, адаттар, көңүл ачуулар, ар кандай сөздөр болушу мүмкүн. Ыйык Китепте: «денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы»[274].

Эгер ишенген адам жашоосундагы туура эмес иштерди өзгөрткүсү келбесе эмне болот? Адам тобо кылганда таштаган күнөөлөрүнө кайтып келсе эмне болот?

Кээде адамдар мындай сөздөрдү айтышат:

1. Эгерде түбөлүк жашоо чындыгында түбөлүктүү болсо, анда аны жоготууга болбойт.
2. Эгерде биз кылган ишибиз менен эмес, ырайым менен куткарылсак, анда эч нерседен куткарылуубузду жоготуп албайбыз.
3. Адашкан уул алыста болуп, атасына каршы чыкса дагы, уул бойдон калган.
4. Кудай куткарууну бекер белек кылгандыктан, аны эч качан алып кетпейт.

Мындай ой жүгүртүү көптөгөн адамдарды куткарылгандан кийин, күнөөгө кайтып келишине шарт түзгөн жана күнөөнү жеңбей аман-эсен кутулдук деп ойлоого мүмкүнчүлүк берген. Ишенген адамдын коопсуздугу жөнүндө Ыйык Китепте эмне деп айтылганын түшүнүү маанилүү.

### Машаяктагы жашоо

Жакан 15: 2-10до жүзүм сабагы жана бутактар жөнүндө белгилүү метафора(салыштыруу) жазылган. Ал маанилүү суроолорго жооп берет.

Кантип биз Машайакта жашайбыз? «Ошол сыяктуу эле Менин осуяттарымды аткарсаңар, силерде Менин сүйүүм болот» (10чу-аят). Адам Машайакта болгон жашоону токтотсо, анда ал Машайака баш ийбей калгандыгын билдирет. Анда эмне болот?

«Ким Менин ичимде болбосо, ал бутак сыяктуу сыртка ыргытылат да куурап калат; андай бутактарды чогултуп, отко ыргытышат, алар күйүп

---

[274] 2 Корунттуктарга 7:1.

кетет» (6чы-аят). Эгер адам тил албай калса, анда Машайактан четтейт да, сыртка ыргытылат. Бутактардын күйүп жаткандыгы жөнүндөгү мисал толугу менен четке кагылгандыгын көрсөтөт.

«Менин ичимде болгула, ошондо Мен силердин ичиңерде болом. Сабактан ажыраган бутак жемиш бере албайт. Ошол сыяктуу эле силер да Менин ичимде болбосоңор, жемиш бере албайсыңар» (4чү-аят). «Мендеги жемиш бербеген ар бир бутакты Ал кесип таштайт» (2чи-аят). Эгерде биз Машайакта баш ийүү менен жашабасак, анда жемиш бере албайбыз. Жемиш берүү – бул өзгөрүлүп, бата алган жана Кудайдын ырайымы менен жетектелген жашоону билдирет. Эгер адам Кудайга баш ийбесе, анда Кудай берген өмүр агымынан өзүн бөлүп алат жана мындан ары Кудайдын ырайымы менен жашай албайт. Ким жемиш бербесе, ал четке кагылат.

Спасение – бесплатный дар благодати, но это не тот дар, которым можно обладать без взаимоотношений с дающим.  Если Салли дарит книгу Вилли, книга принадлежит ему, и Вилли может делать с ней все, что захочет. Салли хочет, чтобы он прочел ее, но даже, если он не прочитает, она не может забрать ее. Он может оставить ее под дождем или порвать, убивать ею мух. Салли не может забрать ее, потому что она ее подарила. Обладание книгой не зависит от взаимоотношений с Салли. Даже если Вилли станет врагом Салли, книга все равно останется его.

Жүзүм сабагы метафорасы (салыштыруу) куткарылуу белектен айырмаланып турганын көрсөтүп турат. Белекти берген киши менен мамилебиз жок болсо да, биз белекти өзүбүздө сактай алабыз. Ошондуктан Машайак бизге өмүр берген жүзүм сабагы[275].  Куткарылууну мамиле аркылуу гана алууга болот. Ыйык Китепте эч жерде айтылган эмес, биз эмне кылбайлы куткарылууну сактай алабыз деп. Машайактан бөлүнүү - бул куткарылуудан бөлүнүү. Кудайга ишенүү жана ага баш ийүү менен биз ушул куткаруучу мамилени сактап калабыз[276].

Бүгүнкү күндө болгон мисал катары лампочка менен электр энергиясын алсак болот. Лампочкага электр кубаты агып жатканда жарык пайда болот. Электр булагынан лампочка бөлүнсө, анда жарык бере албайт. Ошо сыяктуу эле, биз Машайак менен болгон мамилебиз аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болобуз. Анын жашоосу биз агат. Андан ажырап калсак, ошол жашоону сактай албайбыз.

**Ыйык Китептеги эскертүүлөр**

---

[275] Жакан 15:6.
[276] Жакан 15:10.

Айрым адамдар өмүр китебине аты жазылган соң, аны өчүрүүгө болбойт деп айтышат. Бирок өчүрүүгө боло тургандыгы жөнүндө бир аят бар: «Ким бул пайгамбарчылыктар жазылган китептеги сөздөрдөн бир нерсе алып салса, Кудай андан өмүр дарагындагы жана ыйык шаардагы үлүшүн, ошондой эле бул китепте жазылган үлүшүн алып коет»[277].

Кээ бир адамдар аян китебинин көбүн кабыл алышпайт. Бирок, өмүр китебинен бир ысым алынып салынышы мүмкүн экендиги айтылган.

Ыйык Жазууда, бир жолу куткарылган адам, күнөө менен биротоло жеңилип калса, куткарылууну жоготушу мүмкүн деп эскертилет.
«Жеңген адам ак кийим киет жана Мен анын ысымын өмүр китебинен өчүрбөйм»[278]. Аяндагы жыйындарга көптөгөн убадалар берилген жана алардын көпчүлүгү куткарылуу жөнүндө сөз кылышат (2: 11ди караңыз), бирок убадалардын бардыгы ишенген адамдын жеңишине көз каранды. Бир жолу куткарылган адамдар күнөө менен жеңилип калса, алардын куткарылышы жоголот.

Тесалоникадагы жаңы ишенгендер ишенимин таштап кетет деп Пабыл тынчсызданган. Эгер андай болгон болсо, анда аларга Жакшы Кабарды жарыялаган эмгеги текке кетет деп айткан[279]. Бул ишенген адам толугу менен өзүнүн ишениминен кулап кетиши мүмкүн жана баштапкы тообо пайдасыз экендигин көрсөтөт.

2 Петир 2:18-21де айрым ишенгендерди алдаган жалган окутуучулар бар болгонун көрөбүз, «алар ооз көптүрүп сүйлөп, туура эмес жолдон араң кайткандарды бузуктуктук торуна түшүрүшөт». Бул ишенгендер «Теңир жана Куткаруучу Ыйса Машайакты таанып билишкен» бирок алар аны таштап кетишкен. Бул жерде, алар үчүн күнөөкөр жашоосуна кайтып келгенден көрө, адилдиктин жолун билбеген жакшы болмок. Бул күнөөгө кайтуу менен куткарылууну жоготууга болорун көрсөтөт. Эгерде адамга куткарылуу мүмкүнчүлүгүн жоготуу мүмкүн болбосо, анда адам эч качан куткарылгандан мурункудан да жаман абалда калмак эмес.

Уулчулукту өзгөртсө болот. Биз бир кезде шайтандын баласы[280] жана каардын балдары болгонбуз[281], но это сыновство изменилось, бирок Кудай бизди кабыл алганда, уулдук өзгөрүлдү. Адашкан уул атасынан алыс

[277] Аян 22:19.
[278] Аян 3:5.
[279] 1 Тесалоникалыктарга 3:5.
[280] Жакан 8:44.
[281] Эфестиктерге 2:2.

жүргөндө уулдук артыкчылыгынан ажыраган. Кайра кайтып келгенде, атасы аны өлүк эле деп айткан.[282].

Кудай ишенген адамдарды өздөрүн коопсуз сезишин каалайт. Бирок чыныгы коркунучка алып келген, жалган ишеним аркылуу эмес. Кудай убада кылбаган нерсени биз ишенгендерге убада кылбашыбыз керек. Ал күнөө кетирсек, куткарылышыбызды жоготпойбуз деп убада кылган эмес. Ал күнөөнү жеңип жашоо үчүн, бизге жетекчиликти жана күчтү убада кылган. Коркпошубуз үчүн, бул биз үчүн жетиштүү кепилдик болуп саналат.

> «Ишенимден түшүп кетиши мүмкүн деп эсептеген жана анын кулап кетишине корккон адам, өзүнө керектүү соронучту жоготпойт жана акыл-эси жагынан тынчсыздануу менен кыйналбайт. Анткени сооронуп, тынчтыкта болуш үчүн, муну билүү жетиштүү: азгырыкка өз ыктыяры менен моюн сунбаса; куткарылган жашоосун абийрдүү түрдө өткөрүнү унутпаса; шайтандын күчү аны күнөөгө, дүйнөгө, дененин алсыздыгына алып келбей аларын билгенде. Адам өзү билип туруп, өз каалосу менен азгырыкка берилгенде гана ишенимден кете алат»
> - Джейкоб Арминий, «Куткарвылгандыгы тууралуу ынануу»

Кээде ишенгендер куткарылгандыгы тууралуу олку-солку ойлор келиши мүмкүн. Алар бир жолу куткарылганына толук ишенсе да, Кудай менен дагы деле куткаруучу мамиледе экенине күмөн санашат. Ыйык Китеп бизди ушул маанилүү суроого күмөн санатпайт. Кудайдын каалоосу боюнча, ишенген адам өзүнүн куткарылышына ушунчалык бекем ишенгендиктен, Кудайдын сот сынагынан өтөбү же өтпөйбү деп ойлонбостон, «сот боло турган күнү кайраттуулукка ээ болот»[283].

Бир жолу куткарылганына байланыштуу ишенген адам күмөндөрүн көрмөксөнгө салбашы керек. «Өзүңөрдү ишеним жолунда экениңерди текшерип көргөнүңөр туура болот»[284]. Эгерде адам Ыйык Китептеги куткарылуу кадамдарын аткарып, куткарылгандыгын жана Кудайга баш ийгендиктен Машайактын жүрөгүн билсе, анда ал рухий жактан тирүү экенине толук ишенсе болот.

*Класс жетекчисине эскертүү: Үч бөлүктөгү маалыматты түшүндүрүп берүү үчүн студенттерди тандаса болот.*

[282] Лука 15:32.
[283] Жакан 4:17.
[284] 2 Коруунттуктарга 13:5.

## Ката кетирүүдөн сак болуу: жеңишке жетүү оор деп ойлоо

Күнөөнүн үстүнөн жеңишке жетүү адамдарга эки себептен мүмкүн эмес болуп көрүнөт: бул алсыздык жана тукумдалган күнөөкөр табият. Кудай бизди адамдык алсыздыктар үчүн айыптабаарын унутпашыбыз керек. Кудайдын эркин аткара алышыбыз үчүн, Кудай бизге Руху аркылуу күч берет. Адамдык алсыздык – күнөө эмес, бирок бул күнөө үчүн себеп болбошу керек.

Тукумдалган күнөөкөр табияттын таасири өзгөргөндөн кийин да улана берет, бирок Кудай тазалануу үчүн ырайым берет. Бул табият менен төрөлгөнүбүз үчүн Кудай бизди күнөөлөбөйт, бирок биз аны менен жашай берсек күнөөлүү болобуз. Күнөөнү жеңип, такыба жашоо үчүн биздин адамдык алсыздыктар жана тукумдалган күнөөкөр табият үмүтсүздүккө түртпөшү керек.

Машайакка болгон ишеним аркылуу биз аны менен биригебиз. Анын өлүмү жана тирилүүсү менен биз Ага таандыкпыз, анткени бул күнөө үчүн өлүп, жаңы жашоого тирилгенибизди билдирет. Ал бизде жана биз Анын ичиндебиз. Машайакчынын жашоосу Анын үлгүсүн ээрчип, колубуздан келгенди кылууга аракет кылуу менен гана чектелбейт. Машайакчынын жашоосу Машаяктын ичинде жашайт. Ал жерде жүргөндө күнөөнү жеңген жана ал дагы эле биздин ичибизде жеңиш менен жашайт.

## Бул эмне үчүн маанилүү

Жыртылып самсаалаган кийим кийинген аял бир чоң шаардын жолдун четинде отурган эле. Анын чачтары чакчылекей болуп жуулбаган, бети-колу кир эле. Анын жүзүнөн үмүтсүз, айласыз жашоо көрүнүп турду. Күтүлбөгөн жерден жолдо ызы-чуу болуп, улуу ханзаада сарай кызматчылары менен бурчту көздөй айдап жөнөдү.  Ал сулуу, күчтүү жана боорукер ханзада болуптур. Анын арабасы тиги аялдын жанынан өтүп бара жатканда, ханзаада арабакече: «Токто!» - деп кыйкырды.

Араба токтоду, ханзаада кызматчыларына: «Мен бул аялга үйлөнгүм келет!» деди

Эми көрүнүш таакыр өзгөрдү. Биз үйлөнүү тоюнда хан сарайда турабыз. Эмнени көрүп жатабыз? Ыплас аял майлуу чачы жалтыраган, дагы эле самсаалаган кийим менен турганын көрөбүз. Тегерегинде тойго даярдык көрүлүп жатат. Колуктуга керектүү нерселер даяр. Арасынан бир аял: «Мырзайым тойго камынууну каалайсызбы?» деди. Колукту болсо: «Мырза мага үйлөнүүнү каалаганда ушундай эле болчумун, ошондуктан менин азыр кандай болушум маанилүү эмес окшойт» деп жооп берет.

Биз мындай мамилеге таң калмакпыз. Ханзаада аны жакшы көрөт, ошондуктан анын бул абалда калуусун каалабайт. Ханзаада аны сүйкүмдүү эмес кезинде жакшы көргөндүктөн, ал ага эң жакшы көрүнгүсү келиши керек.

Биз күнөөкөр кезде эле Кудай бизди сүйдү, бирок бул күнөөнүн мааниси жок дегенди билдирбейт. Бизди сүйгөндүктөн, биздин абалыбыздын өзгөрүлүшүн каалайт. Ошол себептен Кудайга жагуу үчүн биз Ага окшош болууну каалашыбыз керек.

## Жеңиш менен жашоо үчүн тажрыйба бере турган насаат

Дүйнө жүзү боюнча машайакчылар акыйкаты ырым-жырым менен айландырып салган учурлар кездешет. Күнөөнү жеңүү үчүн кээ бирөөлөр ар кандай жолдорду үйрөтүшөт булар: кечке бир сыйынууну кайталоо, сезим деңгээлиндеги абалдар (ыйлоо, күлүү), жиндерди урушуу (күнөөлөрдүн себеби деп эсептешет), өзүн-өзү кыйноо, тумар тагуу, үйгө руханий деп эсптелген нерселерди кою, денени атайын май менен майлоо. Бул «руханий сыйкырчылык» аркалуу жеңиш издөө болуп саналат!

Башкалар болсо күнөөнү жеңүү үчүн жөнөкөй жол бар деп үйрөтүшөт. Алар куткарылуунун тажрыйбасы жана Рухтун толугтугу күнөнүн күчүн биротоло жок кылат деп айтышат. Алар руханий жактан өсүү, тартипке жана ар дайым сергек болууга көп көп көңүл бурушпайт.

Дүйнөнү жана күнөөнү жеңе албай жаткандар чын жүрөктөн төмөнкү суроолорду өзүнө бериши керек:

### 1. Чын эле кайра төрөлдүмбү?

Мен эски жашоом үчүн өлдүмбү; тообо кылып, аны таштадымбы? Менде Машайактын жаңы жашоосу барбы – жаңы көз карашатар, жаңы каалоолор, Кудайдын нерселерине суусап турамбы (2 Кор., 5:17)? Машайак Ыйык Рух аркылуу жүрөгүмдөн орун алды беле? Күнөөнү жеңүү үчүн адамдын эрки жетет деп аракет кылып жатамбы же менин жанымда жашаган Кудайдын күчүнө таянамбы (Галатиялыктарга, 2:20)?

### 2. Кудайдын сөзү жүрөгүмдө орун алды беле?

Забурчу мындай дейт: «Сенин алдыңда күнөө кылбаш үчүн, мен Сенин сөзүңдү жүрөгүмө катып алдым» (Забур 118:11). Жаңы төрөлгөн наристе ачка болуп энесинин сүтүн эмгендей, бизда Кудайдын сөзүн угушубуз керек (1 Петир, 2:2).

**3. Мен өзүмдү күнөө үчүн өлүп, Кудай үчүн тирүү деп эсептейимби?**

«Силер да өзүңөрдү күнөө үчүн өлүкпүз, Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу Кудай үчүн тирүүбүз деп эсептегиле» (Римдикитерге, 6:11). Менин үстүмдө күнөөнүн күчү жок деп, азгырылган учурда бекем тура аламбы?

**4. Мен жеңишке жетүү үчүн Кудайга таянамбы?**

Элчи Жакан *«Кудайдын үй-бүлөсүндө төрөлгөн адам дүйнөнү жеңген. Бул дүйнөнү жеңген жеңиш – биздин ишенимибиз деп айткан»* (1 Жакан, 5:4). Элчи Пабыл Ыйсанын айкаш жыгачынан башка эч нерсе менен мактангым келбейт деп айткан, анткени мен бул дүйнө үчүн, бул дүйнө мен үчүн айкаш жыгачка кадалган (Галатиялыктарга, 6:14). Эгерде биз бардык адилдиктин булагы болгон Ыйсаны унутуп койсок, биз жеңишке жетүү үчүн жашай албайбыз.

**5. Мен күн сайын Теңирим Ыйсанын ишенимин кийип, күнөө үчүн эч кандай жеңилдик бербей жатамбы?**

Машайакчынын жашоосунун кайсы баскычында турбайлы, жеңиш эч качан өзүнөн өзү пайда болбойт. Мен Ыйсанын күнөөгө болгон мамилесин аң-сезимдүү түрдө кабыл алышым жана Анын үлгүсүн ээрчишим керек (Римдиктер, 13:14; Эфестиктерге, 4:24).

**6. Мен Кудайдын рухий курал-жарагын кийип жатамбы?**

Шайтандын айла-амалдарына каршы тура алуу үчүн, Кудайдын бардык куралжарагын кийгиле (Эфестиктерге, 6:11).

**7. Мен өзүмдү өзүм кармай билүү тартибин машыгып жатамбы?**

Ишенимибизге канчалык жетилгенибизге карабастан, дайыма өзүн өзү тарбиялоого муктаждык болот. Мен денемди машыктырып жатамбы жана тартипке келтирип жатамбы? Кудай берген табигый каалоолорду (тамакка, уйкуга же жыныстык каалоолор сыяктуу) көзөмөлдөш керек, эски табияттын каалосун канагаттандырбай жаңы адамдын максатын көздөш керек. Анткени менин денем күнөө менен бузулгандыктан, анын каалоолору тең салмактуу эмес. Дене бизди башкарууга жол бербешибиз керек; дене рухка кызмат кылышы керек. Пабыл денесин тартипкке салып, «өзүм жараксыз болуп калабашым үчүн, денемди зордоп кулга айландырып жатам (1 Корунттуктарга, 9:25-27). Бул тартип ар бир машайакчы үчүн зарыл.

**8. Мен Кудайга баш ийүү менен жашап жатамбы?**

Асманга бара турган жолдо көптөгөн тузактар, мүдүрлүүчү ташатар жана коркунучтуу жерлер бар болгондуктан, биз ар дайым Кудайдын сөзүн бутубузга шам, жолубузга жарык кылышыбыз керек (Забур 108:105) жана Ыйык Рухтун катышуусу менен жүрүшүбүз керек (Жакан 14:26) Тил алчаактык - Ыйсанын каны бизди таза сактайт деген убаданы камтыйт. Жарыкта жашагысы келбегендер, караңылыкта жыгылууга андан кийин өлүмгө дуушар болот.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Күнөөнү жеңүү менен жашоо ар бир машайакчынын сыймыгы жана милдети. Ишенген адам Ыйса Машайакта болгон мамилесинде өмүргө ээ. Кудайдын каалоосун четке кагып, күнөөгө кайткан адам, Кудай менен болгон куткаруучу мамилесин бузат. Кудай күч-кубат берүүчү ыраймды берет, ошондуктан ишенгендер ар бир азгырыкты жеңе алат.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

2 Петир, 1:1-11; Эврейлерге, 10:23-39; Аян, 3:14-22; Жакып, 1:21-27; Матай, 13:18-23.

*Жок дегенде жети жолу, курсту бүткүчө, бул сабакты же айрым бир бөлүгүн башка топторго өтүүлөрү керектигин жана ар бир өтүлгөн сабак тууралуу мугалимге отчёт берүүнү студенттерге эскертүү керек.*

#### Басылып чыгарылган булактар

Shank, Robert. Life in the Son. Bethany House Publishers, Minneapolis.

Wiley, H. Orton and Culbertson, Paul T. Introduction to Christian Theology, Kansas City, MO: Beacon Hill Press, 1946.

**Куткарылуу жөнүндө болгон сууролор**
**Тестин суроолору**

(1) Жакандын биринчи каттыынын негизги темасы эмнеде?
(2) Элчи Жакан ишенгендердин кайсы мүнөзүнө өзгөчө көңүл бурган?
(3) 1 Корунттуктарга, 10:13 бизге төрт маанилүү нерсе келтирген, алар эмне?
(4) Ишенген адам кантип Машайакта жашоону уланта берет?
(5) Куткарылууну жоготуп албаш үчүн эмне кылышыбыз керек?

**Куткарылуу жөнүндө болгон сууролор**
**Тестик суроолорго жооптор**

(1) Куткарылгандыгы тууралуу жеке күбөлөндүрүүсү.
(2) Күнөөнү жеңүү.
(3) Азгырыктар адамдык алсыздыктан келет. Кудай биздин чегибизди билет, ошондуктан азгырыкты чектейт. Кудай бизге жеңиш үчүн керектүү нерселерди берет.
(4) Машайактын осуяттарын аткаруу менен.
(5) Машайак менен тыгыз мамиледе болуу керек.

# 10 – Сабак
# Ыйык Рух

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Ыйык Рухтун инсан экенин көрсөткөн өзгөчөлүктөрү.
(2) Ыйык Рухтун инсан жана Кудай экени жөнүндө Ыйык Китептеги далилдери.
(3) Эмне үчүн Ыйык Рухтун инсандыгы жана Кудай болгонуу маанилүү окутуу(доктрина) болуп эсептелет?
(4) Ыйык Рухтун тарыхтагы жана бүгүнкү күндөгү иштери.
(5) Ыйык Рухтун ишенген адам менен болгон мамилесинин тажрыйбалык жагдайлары.
(6) Ыйык Рух жөнүндө ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – бул Ыйык Рухтун белектерин колдоно билүү боюнча айрым ыкмалар.

## Куткарылуу маселелери

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*138 Забурду чогуу окугула. Бул үзүндү бизге Кудайдын Руху жөнүндө эмне деп айтканын талкуулагыла.*

Кээ бир адамдар Ыйык Рухтун инсандыгы жок, жөн эле күч деп ойлошот. Мисалы, Жахабанын күбөлөрү: « Ыйык Рух инсан эмес жана Үчбирдиктүү Кудайдын бир бөлүгү эмес. Ыйык Рух – бул Кудайдын эркин аткаруу үчүн колдонгон жандуу күч. Аны электр энергиясына окшоштурууга болот»[285] деп айтышат.

► Жахабанын күбөлөрүнүн Ыйык Рух жөнүндөгү түшүнүгүндө эмнеде жаңылышат?

[285] *Үчбирдикке ишенишибиз керекпи??* Нью-Йорк: Сторожевая башня., 1989.

Жахабанын күбөлөрү Ыйык Рухту инсансыз күч катары көрүшөт. Алар Ыйык Китептеги Кудай жөнүндө түшүнүгү жок болгондуктан, алар Кудай менен туура мамиледе боло алышпайт.

> «Мен Теңир жана Өмүр Берүүчү, Ата менен Уулдан чыккан; Ата менен Уулу менен чогуу бирге сыйынган жана даңктаган; пайгамбарлар аркылуу сүйлөгөн Ыйык Рухка ишенем»
> - Нике ишеним билдирүүсү, б.з 325 .

Биз Ыйык Рух жөнүндө баарын түшүнөалабыз деп ойлобошубуз керек. Анткени " Ыйык Рухтун иши шамал сыяктуу, анын үнүн угасын, бирок кайдан келип, кайда кетерин билбейсиң[286] деп Ыйса айткан. Бирок биз Ыйык Рух жөнүндө биле ала турган нерселер бар жана алар Кудай менен болгон мамилебиз үчүн маанилүү.

Ыйык Рух менен жыйындын ортосундагы өз ара аракеттенүү Элчилер китебинде баяндалат. Ал жерде эң башында жыйын Ыйык Рухка кандай мамиле кылганын көрөбүз.

1. Алар Ыйык Рух Кудай болгонун урматташты[287].
2. Жыйын Ыйык Рухтун катышуусун, иш аракетин жана жетегин билишкен[288].
3. Кудайдын Рухуна муктаж экенин билишкен жана жоопкерчиликти сезишкен[289].

Ыйык Рух менен ушундай мамиледе болушубуз үчүн, биз Анын инсан экенин жана Кудай экенин түшүнүшүбүз керек. Ошондо биз Ыйык Рух менен мамиле түзүүгө жагдайларды издей алабыз.

## Ыйык Рух – бул Инсан

Ыйык Рухтун Ыйсадай денеси жок, бирок Ал Инсан. Адамдай эле, Ыйык Рухтун инсандык сапатары бар: акыл-ээ, эрки жана сезимдер.
Ыйык Рухтун эрки барбы? Ал машайакчыларга «өзү каалагандай» руханий белектерди таратат [290].
Ыйык Рухтун акылы барбы? «Рух бардыгын, Кудайдын улуу сырларын да билет»[291].
Ыйык Рухтун сезимдери барбы? Бизге «Кудайдын Ыйык Рухун капа кылбагыла» деп айтылган[292]. Эгер Ыйык Рух капаланаса, анда Анын

[286] Жакан 3:8.
[287] **Окугула.** Элчилердин иштери 5:3-4.
[288] **Окугула.** Элчилердин иштери 15:28.
[289] **Окугула.** Элчилердин иштери 4:24, 31.
[290] 1 Корунттуктарга 12:11.
[291] 1 Корунттуктарга 2:10.
[292] Эфестиктерге 4:30.

сезими бар. Ыйык Рухтун акылы, эрки жана сезимдери бар болгондуктан Ал инсан экенин билебиз.

► Ыйык Рухтун инсан экенин билүү эмне үчүн маанилүү?

Эгер биз Ыйык Рухту инсандыгы жок күч деп эсептесек анда Аны менен мамиле түзө алат белек. Кээ бир адамдар Ыйык Рух алардын сезимдерин козгой турган нерсе, же алар колдоно алган күч деп ойлошот.

Адам инсан болгондуктан башкалар менен мамиле түзүүгө жөндөмдүү. Филипптиктерге, 2:1ге ылайык Ыйык Рух биз менен шериктеш боло алат. 2 Корунттуктарга, 13:14кө ылайык Ыйык Рух биз менен баарлашууда боло алат. Сүйлөшө алган жана мамиледе боло алган Ыйык Рух – Инсан.

*Для дальнейшего библейского доказательства Личности Духа Святого смотрите информацию в конце этого урока под заглавием «Библейские доказательства личностности Духа Святого».*

«Биз мыйзам аркылуу сүйлөгөн, пайгамбарларды үйрөткөн, Иорданга түшкөн, элчилерге сүйлөгөн жана ыйктарда жашаган Рухка ишенебиз; Ал Ыйык Рух, Кудайдын Руху, кемчиликсиз Рух, Сооротучу, жаратылбаган, Атадан келип чыккан жана ишенген Уулду кабыл алган Ыйык Рухка ишенебиз.»
- Эпифан ишеним билдирүүсү, б.з 374.

## Ыйык Рух - Кудай

Ыйык Рух баарын билип турган, баарын көрүп турган, бир эле убакта баардык жерде боло алган Кудай. Anания менен Сафиранын окуясы эсиңердеби? Анания жыгылардын алдында, Петир ага мындай деп айткан: «Эмне үчүн шайтанга жүрөгүңдөн орун берип, Ыйык Рухту алдадың ?... Сен адамдарды эмес, Кудайды алдадың»[293] Бул окуя бизге Ыйык Рухка жалган айтуу Кудайга жалган айтуу менен барабар экендигин көрсөтөт. Ошол себептен Ыйык Рух – Кудай.

Ыйык Рух баарын билет. Биз 1 Корунттуктарга, 2:10-11де Ыйык Рух Кудай жөнүндө бардыгын билерин көрөбүз. Барын билиш үчүн акыл керек. Ал Байыркы Келишимдин китептерин, анын ичиндеги пайгамбарларды жетектеген, бул баарын билип турганын көрсөтөт [294]. Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган [295], бул Ыйык Рухтун Кудай экенин көрсөтөт.

[293] Элчилердин иштери 5:3-4.
[294] **Окугула.** 2 Петра, 1:21.
[295] 2 Тиметей 3:16.

Ыйык Рух бардык жерде. Забур, 138:7де Кудайдын Рухунан качып кете турган эч ким жок деп айтылат. Ыйык Рух ар бир ишенген адамда бар, анткени Ыйык Китепте эгер адамда Машайактын Руху жок болсо, анда ал Машайакка таандык эмес деп айтылат. Бул бизге Ыйык Рух – бул Машайактын Руху экендигин көрсөтүп турат.

Ыйык Рух баардык күчкө ээ. Ал бир гана Кудай кыла турган иштерди кылат. Ал келип, бул дүйнөнүн күнөөсүн ашкере адилдик жана келечектеги сот жөнүндө билдирет [296]. Бул үчүн, Ыйык Рух ар бир адамдын абийрине жетиши керек, негизги чындыктарга ишендирген үчүн[297]. Ал ошондой эле ар бир ишенгенге ички күч бере алат. Рухтун жемиши бул сүйүү, кубаныч, тынчтык жана башкалар [298]. Мунун баарын адамдын жашоосуна жана өзгөчө дүйнөнүн бардык бурчундагы ишенүүчүлөргө Кудайдын күчү гана кыла алат. Дагы бизге Лука 12:10до Ыйык Рухка каршы сөз айткан жөнүндө эскертилет; бул Кудайга акарат келтирсе кечирилбейт дегенди билдирет. Ыйык Рух - түбөлүктү[299]. Биздин денебиз Кудайдын ийбадатканасы деп айтылат, анткени Ыйык Рух ал жерде жашайт[300]. Ыйык Китептеги далилдеринен биз Ыйык Рухтун Кудай экенин билебиз жана Ал Үчбирдиктүү Кудайдын Үчүнчү инсаны.

► Эмне үчүн Ыйык Рух – Кудай деп ишенүү маанилүү?

Ыйык Рух Кудай деп ишенүүгө маанилүү, анткени Ал Кудай экенин билгенде, Ага татыктуу урмат-сыйды көрсөтө алабыз. Кудай деп Аны таанып багандыктан, Ыйык Рухка сыйнбоо олуттуу ката болмок. Ыйык Рух адамдарды куткарылууга алып келгенге аракет кылат, бирө эле куткарылам деп Анын Кудай болгонун четке какса, ал адам куткарылды деп айтууга кыйын болот.

## Ыйык Рух Ата менен Уулдан айырмаланат

Ыйык Рух Ата менен Уулдан айырмаланат деп айтканда, Алар адамдар сыяктуу ар башка дегеди билдирбейт. Үчбирдиктүү мүчөлөр бири-бири менен бирге болуп, бир болушат. Айырмаланат дегенде бул: бири-бири менен баарлашканда, бири-бири сүйгөндө жана жеке мамиледе бири-бири менен жана биз менен болгондо толугу айырмаланат дегенди билдирет.

Ыйык Жазуу Үч Бирдиктүү Кудайдын ичиндеги инсандарынын айырмачылыгы бар деп окуутат. Мисалы, Жакан 14-16 бөлүмдөрүндө

[296] Жакан 16:8.
[297] **Окугула.** Эфестиктерге 3:16.
[298] **Окугула.** Галатиялыктарга 5:22.
[299] Эврейлерге 9:14.
[300] 1 Коринттуктарга 3:16.

Ыйса Сооротуучу жөнүндө айтат, Сооротуучу жиберилгенде Ыйса Атасына кетет[301]. Чындык Руху шакирттерге жол көрсөтүп, аларды үйрөтөт. Эгерде Ыйса менен Ыйык Рух бир инсан болсо, анда Машайактын Сооротуучу жөнүндө сөздөрүндө мааниси жок болмок. Ыйса Андан айырмаланган, башка бирөө жөнүндө айткан.

Ыйса Ыйык Рух Өз атынан сүйлөбөрүн, бирок Машайак жөнүндө жана Машайак Атасынан алган нерселерин ачып берет деп айткан [302]. Эгерде Ыйса менен Ата, Ыйык Рух сыяктуу бир инсан болболсо, анда бул сөздүн мааниси жок болмок.

Ыйса
суууга чөмүлдүрүүлгөндө, асмандан «Сен Менин сүйүктүү Уулумсуң» деген үндү угуп жана Рухтун көгүчкөн сыяктуу Ага түшүп келе жатканын көрдү[303]. Үч Бирдиктүү Кудайдын, үч мүчөсү тең бир убакта бул жерде көрсөк болот, бирок алар бири-биринен айырмаланганы анык.

Ыйык Рух жеке инсан катары түбөлүктөн бери Ата жана Уул менен сүйүү мамилесинде жашаган. Кудай бизди ушундай мамилеге катышуу үчүн жараткан. Биз Кудай менен баарлашканда кубаныч алшыбызды каалайт[304], анткени дүйнө жарала электе Үч Бирдиктин ар бир мүчөсү мамилешүүдөн кубаныч алчуу[305].

## Ыйык Рухтун иш-аракеттери

Жер жаратылып баштаганда Ыйык Рух активдүү болгон. Ыйык Рух жерди жаратууга катышкан жана Ал жерде бар болгон[306]. Ал белгилүү бир ишке чакырылган адамдарга өзгөчө жөндөмдүүлүктөрүн берген[307]. Ал пайгамбарларга кабар берген[308]. Ыйык Рух Ыйык Жазууну Өзүнүн жетеги менен жетектеген[309]. Байыркы Келишим убагында Ал адамдардын жүрөгүндө иштеп, аларды Кудайга жакындатканга аракет кылган[310]. Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен сүйө ала тургандай, ырайым ишин Ыйык Рух сунуштайт[311].

[301] **Окугула.** Жакан 14:16-17, 26, 15:26, 16:7, 13-15.
[302] Жакан 16:13-15
[303] Марк 1:10-11.
[304] 1 Жакан 1:4.
[305] **Окугула.** Жакан 17:22-23.
[306] Башталыш 1:3.
[307] Башк. 3:9-10; Башк. 15:14-15; Исход, 35:30-31.
[308] Ышайа 61:1.
[309] 2 Петир 1:21.
[310] Элчилердин иштери 7:51.
[311] **Окугула.** Мыйзам кайталоо 30:6.

Ал Өмүр Руху деп аталат; Ал бизди жараткан жана өмүр берген Рух. Эгерде Ыйык Рух бул дүйнөдөн кете турган болсо, анда бардык жашоо токтоп, адам кайра топуракка айланмак[312].

Жаңы Келишим Ыйык Рухту жаңы жагынан ачты. Чөмүлдүрүүчү Жакан Ыйса адамдарды Ыйык Рухка чөмүлдүрөт деп айткан[313]. Ыйса шакирттерине «Атанын убадасын» күтүүсүн айтканда, ошол убада Элүүнчү күн майрамында Ыйык Рухка толгондо аткарылган[314]. Бул иш-чарада көптөгөн кубулуштар көрүнгөнү менен, кийинчерээк Петир эң негизги нерсе – бул алардын жүрөктөрү тазалангандыгын айткан[315].

Ыйса шакирттерине Ыйык Рух алар менен болорун; аларга Ыйсанын үйрөткөндөрүн эске саларын; Ыйык Рух аларды чындыкка алып барарын убада кылган[316].

Машайак Ыйык Рух – *Сооротучуу* деп айткан[317]. Бул сөз Ыйык Рух биз менен болот, жардам берет жана шыктандырат дегенди билдирет. Ошондой эле бул сөз Арачы(өкүл) дегенди билдирет. Ыйсанын алдында Арачыбыз Ыйык Рух, бизге Ыйсанын сөздөрүн эске салат[318].

► Ыйык Рух кандай иштерди аткарат?

Ыйык Рухтун дүйнөдөгү ишин толук түшүндүрүп берүүгө болбойт, бирок бул жерде Анын кээ бир иш-аракеттеринин тизмеси келтирилген.

1. Ал күнөөнү ашкерелейт[319] (болбосо, адам тобо кылуу жана кечирилиши керек экенин түшүнүшү мүмкүн эмес болмок).
2. Ал бизди жаңылантат, күнөө үчүн өлгөндөргө өмүр берет[320].
3. Ал ар бир ишенүүчүгө куткарылгандыгына жеке күбөлөндүрү берет[321].
4. Ал ар бир ишенүүчүдө жашайт (ар бир куткарылган адамда Ыйык Рух бар)[322].
5. Ал Кудайдын чындыгын түшүнүүгө жардам берет[323].

---

[312] **Окугула.** Рим. 8:2; Аюб 33:4; Аюб 34:14.
[313] Матай 3:11.
[314] Элчилердин иштери 1:4-5, 8.
[315] **Окугула.** Элчилердин иштери 15:8-9.
[316] Жакан 14:26, 16:13.
[317] Жакан 14:16, 26, 15:26, 16:7.
[318] Бул сөз 1 Жакан 2:1де Ыйса Атанын алдында Арачыбыз экенин айтканда колдонулат.
[319] Жкн. 16:8; 1 Кор. 2:4; 1 Тес. 1:5.
[320] Тит. 3:5; Эф. 2:1; Жкн 7:38-39; Гал. 4:29; Жкн. 3:5.
[321] Римдиктерге 8:16.
[322] Элч.иш 2:4; 1 Кор. 6:19; Рим. 8:9.
[323] 1 Кор. 2:9-10, 13-14; Эф. 6:17; 2 Кор. 3:14-17.

6. Ал адамдарды айрым казматтарга чакырат жана ошол кызматтардын чечимдерин жетектейт[324].
7. Ал ишенгендерди ыйыктайт жана алардын жүрөктөрүн тазалайт[325].
8. Ал күнөөнү жеңип жашоого күч берет[326].
9. Ал ишенгендердин жашоосунда Рухтун жемишиш берет[327].
10. Ал кызмат үчүн Рухтун белектерин берет[328].
11. Ал кызмат үчүн атайын бийлике майлайт[329].
12. Ал Кудайдын эрки менен сыйынууга жардам берет[330].
13. Ал жыйында баарлашуу жана биримдик жаратат[331].

*Класс жетекчисине эскертүү: Төмөнкү маалымат бөлүмүн ("Ыйык Рухтун белектери жөнүндө кээ бир көз карашатар") түшүндүрүп берүү үчүн бир студенттин тандап алса болот.*

## Ыйык Рухтун белектери жөнүндө кээ бир көз караштар

1. Ыйык Рух ар түрдөгү жөндөмдүүлүктөр, кызматтар, иштер аркылуу иштейт (1 Корунттуктарга, 12:4-6).
2. Рухий белектер адамдын диний акыл-ойюна жараша эмес, Кудайдын каалоосу боюнча бөлүштүрүлөт (1 Корунттуктарга, 12:11, 4:7).
3. Ар бир адамда Ыйык Рух берген жөндөмдүүлүгү бар (1 Корунттуктарга, 12:7).
4. Белгилүү бир рухий жөндөмдүүлүк, ар бир ишенүүчүдөн күтүлбөйт (1 Корунттуктарга, 12:8-11, 14-30).
5. Белектер ар дайым Кудайдын даңкы үчүн башкаларга кызмат кылуу үчүн колдонулушу керек (1 Корунттуктарга, 12:21-22, 25; 1 Петир, 4:10-11).

## Ыйык Рухтун ишенген адам менен болгон мамилеси

Эгер Кудай менен мамилеңер бар болсо, анда Ыйык Рух менен мамилеңер бар, анткени Үч Бирдиктүү Кудайдын бирөөсүн гана билүүгө мүмкүн эмес[332].

Адам куткарылганга чейин Ыйык Рух жөнүндө болгон окуутуну жакшы билгендиги кереги жок: Ыйсанын шакирттери Рух жөнүндө көп нерсени

---

[324] Элчилердин иштери 13:2-4, 15:28, 16:6-10.
[325] 1 Пет.1:2; Элч.иш. 15:8-9; 1 Тес. 5:23.
[326] Рим. 8:1, 5, 13; Гал. 5:16
[327] Галатиялыктарга 5:22-23.
[328] 1 Кор. 12:4-10, 28-30; Рим. 12:6-8.
[329] Элч.иш. 1:8, 13:9; Гал. 3:5; 1 Пет. 2:12.
[330] Рим. 8:26-27; Эф. 6:18.
[331] Эф. 2:2, 4:3; 1 Кор. 12:13.
[332] **Окугула.** Эф. 2:18, Жкн. 6:44.

билишчү эмес, бирок Ыйса аларга Рухту билерин жана Ал алар менен мурунтан эле болгонун айткан[333].

Ыйык Рух жөнүндөгү туура окуутуну билүү бизге Аны менен туура мамиледе болууга жардам берет жана Ага биздин жашообузда дагы көп нерселерди кылууга мүмкүндүк берет.

Ыйык Рух Инсан экенин билүү бизге Аны менен мамиле түзө аларыбызды түшүндүрөт. Биз Ыйык Рух менен сүйлөшө алабыз, Ал бизге сүйлөйт. Ал, адатта, биз менен уккулуктуу үн менен сүйлөшпөйт, бирок Ал Кудайдын эркин жана Кудайдын сүйүүсүн түшүнүүгө жардам берет. Эгерде биз чындап эле Кудайдын эркин аткаргыбыз келсе, Ыйык Рух бизди дайыма жетектейт, бизге сезилбесе да.

Ыйык Рух Инсан экенин билүү, биз жөн гана күч же сезим сыяктуу мамиле кылбайбыз дегенди билдирет. Биз Кудайга сыйынганда, Анын ким экенин жана кандай экенин ойлонобуз, жөн гана маанисиз күчкө ээ болуу үчүн сыйнбайбыз. Биз сыйынганда, башка диндеги адамдардай сыйкырдуу сөздөрдөн үмүттөнбөйбүз, биз акыл-эсибизди колдонуп жана Кудай бизге эмнени көрсөткүсү келгенин түшүнүүгө аракет кылабыз.

Ыйык Рухтун Кудай экенин билүү бизге урматтаган сыйынуу мамилесин ойготушу керек. Биз сыйынып, Анын жетекчилигин сезип жатып, Кудай бизди сүйгөнүн, бизди абдан жакшы билгенин жана келечегибизди билген Кудай экенин эстен чыгарбашыбыз керек. Ал ошондой эле ар бир адам баш ийиши керек болгон жүз процентик бийлик.

Ал ар дайым биз менен. Ыйык Жазууда биз Рухта жашайбыз жана Рухтун жетеги менен жүрөлүү деп айтылат.[334]. Биз дайыма Анын жанында экендигибизди унутпашыбыз керек, Анын алдына жыйында гана келебиз деп ойлобошубуз керек.  Ыйык Рух биздин жаныбызда гана эмес, Ал биздин ичибизде жашайт, демек биз таза жашоодо жашашыбыз керек.[335].

Биз күнөөбүздү жеңип, жүрөгүбүздүн тазаланганы – бул Ыйык Рухтун эң негизги максаты[336]. Анын негизги максатына жол бербей туруп, башка нерселер жөнүндө тиленбешибиз керек. «Биздин жүрөктөрдү тазала, бизди толугу менен ыйык кыл» - деп сыйнышыбыз керек[337].

---

[333] **Окугула.** Жакан 14:17.
[334] Галатиялыктарга 5:25.
[335] **Окугула.** 1 Корунттуктарга 6:19.
[336] Рим. 8:13; Гал. 5:16; Элч.иш. 15:8-9.
[337] **Окугула.** 1 Тес. 5:23.

Башыбызга кыйынчылык түшкөндө Ал күч-кубат берет[338]. Ал бизди жана биздин абалыбызды түшүнгөндүктөн, бизге керектүү нерселерди бере алат.

Ал Өзүнүн Сөзүнө Өзү күч берет, кызмат кылганда Анын жетегине жана башкалардын жүрөгүндө рухий натыйжаларды ишке ашырганда Ыйык Рухка гана таянышыбыз керек. Адамдын эч кандай жөндөмү Рухтун ишин алмаштыра албайт.

Биз Ыйык Рухка чөмүлгөн болсок да, бизди күнүгө толтуруп турган Ыйык Рух менен мамиледе болуу өтө зарыл. «Рухка толугула» деген буйрук, грекче «тынымсыз аракеттенгиле» дегенди билдирет.[339] Биз дайыма Рухка толуп турушубуз керек жана бул Аны менен болгон мамилебиз аркылуу болот.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Ыйык Рух - бул Үч Бирдиктүү Кудайдын үчүнчү Инсаны, Ата жана Уул сыяктуу толугу менен Кудай. Ал күнөөнү ашкерелейт, жаңылантат, Ал ар бир ишенүүчүдө жашайт, күнөөнүн үстүнөн жеңиш берип, жүрөктү тазалайт. Кудайдын Руху жыйыдын биримдигин бекемдейт, Ал кызмат үчүн рухий белектерди берет, ишенгендердин жашоосуна Рухтун жемиштери менен баталайт.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Элчилердин иштери, 1:4-8; 1 Корунттуктарга, 2:9-16; Римдиктерге, 8:1-14; 1 Корунттуктарга, 12:1-13; Галатиялыктарга 5:22-26.

*Жок дегенде жети жолу, курсту бүткүчө, бул сабакты же айрым бир бөлүгүн башка топторго өтүүлөрү керектигин жана ар бир өтүлгөн сабак тууралуу мугалимге отчёт берүүнү студенттерге эскертүү керек.*

*Класс жетекчисине эскертүү: Төмөнкү маалыматты («Ыйык Рух инсан болгондугу жөнүндө Ыйык Жазуудагы далилдер») студенттер окууганы*

[338] Эфестиктерге 3:16.
[339] **Окугула.** Эфестиктерге 5:18.

*милдетүү эмес. Эгерде студенттер бул темаларга кызыкса, анда өтсөңүз болот.*

### Ыйык Рух инсан болгондугу жөнүндө Ыйык Жазуудагы далилдер

Матай 28:19да Ыйса Ата, Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга чөмүлдүргүлө деген буйрукту берет, бул Үчөө тең бийликке ээ экендигин билдирет.

- 2 Корунттукктарга 13:13тө Ыйык Рухтун баарлашуусу жөнүндө айтылат, бул эстүү баарлашууну билдирет.
- Марк 13:11де куугунтук учурунда Ыйык Рух ишенгендер аркылуу сүйлөөрүн убада кылынган.
- Жакан 14:17, 26да Ыйык Рух чындыктын Руху деп аталат. Ал бизди үйрөтөт жана сөздөрүн баарын эсибизге салат.
- Жакан 16:7-11де Ыйса: «Ыйык Рух бул дүйнөнүн күнөөсүн ашкере кылат, адилдик жана келечектеги сот жөнүндө билдирет” – деп убада берген. Мунун баары аң-сезимдүү баарлашууну талап кылат.
- Жакан 16:13-15те Ыйык Рух Өзүнүн атынан сүйлөбөйт, бирок Машайактын иштери жөнүндө билдирет.
- 1 Корунттуктар 12:11ге ылайык, Ыйык Рух рухий белектерди кантип берүүнү Өзү чечет.
- Биздин рухубузга Кудайдын балдары экенибизди күбөлөндүрөт (Римдиктерге 8:16).
- Ал биз үчүн Атабызга арачылык кылат жана Анда Кудайдын эркин түшүнө алган акыл бар (Римдиктерге 8:26-27).
- Эфестиктер 4:30га ылайык, Ал капа болушу мүмкүн, бул биздин жоопторубузду түшүнөрүн жана сезимдери бар экенин билдирет.
- Ага калп айтсаңар, Ал биздин алдаганыбызды түшүнөт (Элчилердин иштери 5:3).
- Ал сүйлөйт, буйрук берет жана Анын эрки бар, адамдар ишин аткарууга (Элчилердин иштери 13:2-4).
- Ал элчилерди миссионердик сапарларына жетектеп, саякаттары Кудадын эркине жакпаганда аларды токтоткон (Элчилердин иштери 16:6).

Кээ бир адамдар Ыйык Рухтун инсандыгын четке кагат да, Ал электр энергиясы же тартылуу күчү сыяктуу күч деп айтышат. Бирок, Ыйык Китеп Ыйык Рухту сүрөттөгөндөй, инсансыз күчтү сүрөттөө мүмкүн эмес. Электр энергия сүйлөбөйт жана ойлобойт. Тартылуу күчүн алдоого болбойт. Акылсыз күч Кудайдын эркин түшүнө албайт.

Башкалар болсо, бул аяттарды жөн гана адамдык сапатка жетүү үчүн мисалдар жана жеке эмес нерселер жөнүндө айтып жатышат, деп

айтышат. Бирок, Ыйык Жазууда көбүнчө Рух жөнүндө жеке сөздөр айтылат жана адамдар Ага Инсан катары жооп беришкен. Бир нече жерлерде Рух зат катары каймана мааниде айтылат, мисалы, Ыйык Китепте Рухтун " төгүлөөрү" айтылат ( Элчилердин иштери 2:17) . Мындай үзүндүлөрдү каймана мааниде караш керек, анткени Ыйык Китепте көбүнчө Рух Инсан катары айтылат.

## Басылып чыгарылган булактар


Murray, Andrew. Andrew Murray on yhe Holy Spirit. New Kesington, PA: Whitaker House, 1998.

Carter, Charles. The Person and Ministry of the Holy Spirit: A Wesleyan Perspective. Grand Rapids: Baker Book House, 1974.


## Ыйык Рух
## Тесттин суроолору

1. Алгачкы жыйындын Ыйык Рухка кандай көз-карашы болгон? (үч мүнөздөмөсүн келтиргиле)
2. Кайсы өзгөчүлүктөр Ыйык Рухтун инсандыгын көрсөтөт?
3. Сороотучу деген сөз эмнени билдирет?
4. Ыйык Рух кандай иштерди аткарат? Берилген тизмедеги 13түн, 9ун айтып бергиле.
5. Ыйык Рухтун биздин жашообуздагы эң негизги максаты эмнеде?

## Ыйык Рух
## Тесттик суроолорго жооптор

1. Алар Ыйык Рух Кудай болгонуна урматташкан. Жыйын Ыйык Рухтун катышуусун, иш-аракетин жана жетегин билишкен. Кудайдын Рухуна муктаж экенин билишкен жана жоопкерчиликти сезишкен.
2. Анын акылы, эрки жана сезимдери бар.
3. Сороотучу деген сөз – биз менен болот, жардам берет, өкүлүбүз, шыктандырат дегенди билдирет.
4. Ал күнөөнү ашкерелейт. Ал бизди жаңылантат, күнөө үчүн өлгөндөргө өмүр берет. Ал ар бир ишенүүчүгө куткарылгандыгына жеке күбөлөндүрү берет. Ал ар бир ишенүүчүдө жашайт (ар бир куткарылган адамда Ыйык Рух бар). Ал Кудайдын чындыгын түшүнүүгө жардам берет. Ал адамдарды айрым казматтарга чакырат жана ошол кызматтардын чечимдерин жетектейт. Ал ишенгендерди

ыйыктайт жана алардын жүрөктөрүн тазалайт. Ал күнөөнү жеңип жашоого күч берет. Ал ишенгендердин жашоосунда Рухтун жемишиш берет. Ал кызмат үчүн Рухтун белектерин берет. Ал кызмат үчүн атайын бийлике майлайт. Ал Кудайдын эрки менен сыйынууга жардам берет. Ал жыйында баарлашуу жана биримдик жаратат.

5. Ыйык Рухтун негизги максаты, биздин жүрөгүбүздү тазалап, бизди толугу менен ыйык кылуу.

## 11-сабак
## Машайакчылыктагы ыйыктык

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Кудайдын ыйыктыгы машайакчылыктагы ыйыктыктын фундаменти.
(2) Табынууда жана Кудай менен болгон мамиледе ыйыктыктын мааниси.
(3) Тукумдалган күнөөкөр табияттын ишенгендердин жашоосуна тийгизген таасири.
(4) Ишенген адамдын ыйыкталуу процесси.
(5) Ыйык Китептеги ыйыктоо тажрыйбасынын мисалдары.
(6) Толук «ыйык болуу» деген түшүнүктүн аныктамасы.
(7) «Ыйык Рухка чөмүлүү» жөнүндө Ыйык Китептеги түшүнүк.
(8) Машайакчынын ыйыктыгы тууралуу ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири - студенттерди дүйнөдө ыйык кыла ала турган Кудайдын ырайымын болгон ишенимин бекемдөө.

### Машайакчылыктагы ыйыктык

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*118:33-40 Забурду чогуу окугула. Кудай ишенген адамды кантип өзгөртө алат?*

Кудай Өзүн ача баштаганда Анын биринчи максаты анык кандай Кудай экенин көрсөтүү болгон. Ыйыктык (kadosh-кадош) деген еврей сөзү Байыркы Келишимде 600дөн ашык жолу кездешет. Мисалы, Ышая Кудайга “Ысрайылдын Ыйыгы” деп көп кайрылган.

Кудайдын ыйыктыгы табынуунун темасы болгон:

«Сенин улуу жана коркунучтуу ысымыңды даңкташсын Ал ыйык!». «Кудай-Теңирибизди даңазалагыла, Анын бут алдында келип, таазим кылгыла. Ал ыйык»[340].

[340] Забур, 98:3, 5.

Ыйык Кудай адамдардын ыйык болушун каалайт.  Ал ыйык болгондуктан, Ага келгендерди да ыйык болууга чакырат. «Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын» деп айткан[341].

Ысрайылдын Кудайы бутпарастардын жалган кудайларынан айырмаланып, башкача табынууну талап кылган.

«Ким Теңирдин тоосуна чыга алат? Же ким Анын ыйык жеринде тура алат? Колу жамандыкка барбаган, жүрөгү таза, жанын жеп карганбаган, жалган ант бербеген адам гана Теңирдин батасын алат»[342].

Бул жерде суроо: «Кудай кимдин табынуусун кабыл алат?» Сыягы, баары эле Кудайга табынуучу катары кабыл алынбайт.

Кудай күткөн ыйыктык жөн эле салтанаттуу же жасалма эмес; бул чыныгы ыйыктык. Кудайга табынуучулар үчүн ыйыктыктын стандарты Жаңы Келишимде кайталанат «Бардык жүрүм-турумуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык"; себеби Ыйык Жазууда жазылгандай: "Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын"[343].  «Жүрүм-турумуңар» деген сөз иш-аракетке жана жалпы жашоо образына тиешелүү сөз. Кудай табынуучуларынан салтанаттуу түрдө ыйык болушун же жасалма, ыйык болбосо да ыйык деп аталышын сурабайт. Ал табынуучулардан ыйык жашоону күтөт.

Биз күнөөкөр болсок да, Машайактын курмандыгы үчүн, ырайым менен куткарылдык, ошол үчүн Кудай бизди кабыл алат. Ал бизди күнөөкөр катары кабыл алат, бирок биз күнөөкөр бойдон калбайбыз. Күнөө – бул Кудайга каршы кылмыш, а биз болсо Кудайга жагууну каалайбыз.

► Ыйыктыктын табынуу менен кандай байланышы бар?

Ыйыктыктын табынуу менен байланышы бар, анткени (1) биз Кудайды сүйөбүз жана Ага жагууну калайбыз.
Эгерде Кудайга табынуу деген эмне экенин түшүнсөк, анда Анын талабы бизди таң калтырбайт. Биз Кудайга, Андан корккондуктан же баталары үчүн гана табынбайбыз.

Кудайга табынуу – бул Ал эң сонун, бүт нерседен жогору тургандыгын көрүү. Табынуу – бул Кудай кандай болсо, ошондой Кудайга таазим

---

[341] Лебилер 11:44-45, 19:2, 20:26, 21:8.
[342] Забур 23:3-4.
[343] 1 Петир 1:15-16.

кылуу. Табынуу – бул суктануу жана Анын табиятынын өзгөчөлүктөрүн баалоо.

Кудайдын табияты негизинен ыйык, ошондуктан эгер биз чындап эле Кудайдын табиятына табынсак, биз күнөөнү жана ыпластыкты жек көрүшүбүз керек, өзүбүздүн ичибизде ыйык болгонубузду көрсөк да. Ыйыктыктын табынуу менен байланышы бар, анткени (2) биз Кудайды сүйөбүз жана Ага окшош болууну каалайбыз.

Кудай менен биринчи жолу кездешкенибизде, күнөө Аны менен болгон мамилеге тоскоолдук кылат. Ошол үчүн Кудай менен болгон мамилебиз тобо кылып, кечирилмейинче жана жаңы жүрөк берилмейинче башталышы мүмкүн эмес.

Биз Кудай менен элдешкенде, ошол эле учурда биз өзгөрүлөбүз. Руханий жактан биз жаңы табиятка ээ болобуз. Биз күнөөнүн күчүнөн кутулуп, Кудайга жагууну каалайбыз. Машайакчылыктагы ыйыктык адам куткарылганда башталат.

Ыйык Китеп бизге куткарылуу дароо ыйык жашоого алып барарын үйрөтөт,« Анткени Кудайдын бардык адамдарды куткара турган ырайымы айкын болду. Бул ырайым бизди кудайсыздык менен бул дүйнөнүн кумарларын четке кагууга, акыркы мезгилде адеп-ахлактуулук менен, адилеттүү жана такыбаа жашоого үйрөтүп жатат»[344]. Куткарылуунун максаты – күнөөдөн арылуу жана бизди ыйык кылуу, ошондуктан биз Кудай менен болгон мамиледе жашай алабыз[345].

Кудай менен болгон мамиледе жашап жатып, биз анын чындыгын терең түшүнгөн сайын ыйыктыкта өсө беребиз. «Жарыкта жүрүү» - бул Анын чындыгын көбүрөөк билген сайын Кудайга баш ийүүнү улантуу дегенди билдирет[346]. Кудайга жакканды жана жакпаганды жакшыраак түшүнгөнүбүздө, биз Анын чындыгы жана ичибиздеги Ыйык Рухтун күчү менен өзгөрөбүз. Бул руханий өсүнүн аспекти.

Кудайды сүйгөн адам толугу менен ыйык боолууну каалайт. Ал өзүнүн иш-аракеттерин гана эмес, ниетин да таза кылгысы келет. Дөөт күнөөнү толугу менен жеңип жашаш үчүн сыйынган, андан кийин Дөөтүн сөздөрү жана ал тургай жүрөгүнүн ой жүгүртүүсү Кудайга жагуу үчүн сыйынган.[347]

---

[344] Титке 2:11-12.
[345] Куткарылуунун максаты — Кудайга күн сайын ыйыктыкта кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу (Лука 1:74—75). Ишенгендер катары биз күнөө үчүн өлдүк жана күнөөкөр жашоодо жашай албайбыз (Римдиктерге 6:2, 11-16).
[346] 1 Жакан 1:7.
[347] Заб., 18:12-14. Ошондой эле Забур 118:7, 34, 36, 69, 80 жана 112-аяттарды караңыздар

Бирок ишенгендердин ыйыктыкта өсүү процессине, дагы бир нерсе керек. Ишенгендер жүрөгүндө калган катуулуктарды сезишет жана бара -бара өсүү менен аны алып салуу мүмкүн эмес. Алар куткарылып, Кудайга баш ийүү менен жашап жатышса да, кээде алар кайра күнөөгө кайтууну каалашат.

Тукумдалган күнөөкөр табият – бул адамдын моралдык табиятынын бузулушу, ал төрөлгөндөн баштап адамды күнөөгө түртөт. Теологтор кээде муну «түпкү күнөө» деп аташат, анткени Адам атанын күнөөсүнүн айынан, биз төрөлгөнүбүздө табиятыбыз күнөөкөрлүү.

Ар бир адам өзүмчүл жана күнөөгө ийилген көз караш менен төрөлөт[348]. Кудай бизге каалоо жана күч бермейинче, биздин эркибиз туура иш-аракеттерди тандай албайт[349]. Тукумдалган күнөөкөр табият – бузукулук, көрөалбастык, жек көрүү жана кечиримсиздик сыяктуу ички күнөөлөргө түрткү берет.

► Адам куткарылганда тукумдалган күнөөкөр табияттан бошоно алабы?

Куткарылган адам мындан ары тукумдалган күнөөкөр табиятын көзөмөлүндө болбойт. Ал дагы эле күнөөкөр табияттын көзөмөлүндө болсо, анда күнөө менен жашап, куткарылмак эмес. Ыйык Китепте «күнөөкөр табияттын каалоосу менен» башкарылган адам, соттолот деп айтылат[350]. Куткарылган адам тукумдалган күнөөкөр табияттын көзөмөлүндө эмес, Ыйык Рухтун күчү менен күнөөнү жеңип жашай алат[351].

Бирок тукумдалган күнөөкөр табият куткарылган адамга, аны тазаланмайынча таасир этет. Пабыл корунттуктарга: «Силер дагы эле дененин каалосун аткарып жашаган адамдарсыңар» жана куткарылганына карабай «дүйнөнүн адамдары» катары мамилеге ээ экенин айткан[352]. Ал атүгүл жаңы машайакчынын мындай абалда болушу кадимки нерсе экенин айткан, анткени «дененин каалосун аткарып жашаган адам» бул «Машайакта төрөлгөн наристедей» болуу деп айткан.

[348] Филипиликтерге 3:19.
[349] Римдиктерге 6:16-17.
[350] Римдиктерге 8:6-8, 13.
[351] Римдиктерге 8:1, 9, 13.
[352] **Окугула.** 1 Корунттуктарга 3:1-3.

Бул абалда ишенген адам Кудайды сүйөт, бирок Кудайды толук жүрөгү, жан дили, акылы жана күчү менен сүйө албайт. Ал адам Пабылдай, бир гана каалоом – бул Кудайдын чакырыгы деп айта албайт [353]. Жүрөгүндөгү кээ бир ойлору Кудайга жакпаарын ал билет.

Жакшы Кабардын доору башталгандан баштап, толугу менен Жакшы Кабарды Кудайдын чексиз убадасы башкарган: «Мен мыйзамдарымды алардын акылына салып, жүрөктөрүнө жазам». Бул сөз бардык буйруктарды убадага айлантат, анын ичинде бул да убада бар: «Ал эми бизде Машайактын акылы болсун». Бул буйрук убадага барабар жана Ал бизден эмнени талап кылса, ошонун ичинде Кудай иштейт деп күтүүгө негиз берет.
- Джон Уэсли, насаат сөз «Машайакчылыктагы жеткилеңдик жөнүндө»

Кудай бизди мындай абалда калтырбайт. Анткени, байыркы убакта, Кудай Ысрайыл элине ырайым иши аркылуу алардын жүрөгүн Аны чын жүрөгү менен сүйө алган жөндөмдүк берет, деп убада берген[354].

Дөөт кечиримден тышкары ырайымдын өзгөчө таасири үчүн сыйынган. Ал күнөөгө баткан жана анын тамыры жүрөгүндөгү көйгөйдөн улам болгонун түшүнгөн. «Мен бойго бүткөндөн тартып эле күнөөкөрмүн… бирок Сен жүрөктөгү чындыкты сүйөсүң» деп Кудайга сыйынган. Дөөт күнөө анын табиятында экенин билген, бирок Кудай аны талап кылат деп эсептеген. Ал толугу менен тазаланышы үчүн сыйынган[355].

Жаңы Келишимдеги ишенгендер тобо кылгандан кийин, дагы бир өзгөчө окуяга чакырылган. Тесалоникадагы ишенүүчүлөр ишеним жолунда эң мыкты болушкан. Алар Жакшы Кабарды кабыл алышкан, буркандардан баш тарткан, куугунтукка чыдаган, Ыйык Рухта кубанган жана Ыйсанын келишин күтүшкөн[356]. Бирок алардын ишениминде дагы эле бир нерсе жетишпей жатты. Ошол жетишпеген нерсени өмүр бою же өлүм учурунда бериле турган нерсе эмес, анткени Пабыл жетишпеген нерсени сапары учурунда толуктасак экен деп, сыйынган[357] «Кудай Өзү силерди толугу менен ыйык кылсын. Рухуңар, жаныңар жана денеңер Теңирибиз Ыйса Машайак келгенге чейин эч кемчиликсиз толук сакталсын» деп Пабыл сыйынган[358].

Ыйсанын шакирттери Элүүнчү күн майрамында өзгөчө ырайымга ээ болушкан. Биз билебиз, алар буга чейин эле куткарылгандыгын, анткени Ыйса мындай деп айткан: "Алар бул дүйнөдөн эмес, алар Мага жана Атама

[353] Филипиликтерге 3:13-15.
[354] **Окугула.** Мыйзам кайталоо 30:6.
[355] **Окугула.** Забур 50:5-10.
[356] 1 Тесалоникалыктарга 1:6-10.
[357] **Окугула.** 1 Тесалоникалыктарга 3:10.
[358] **Окугула.** 1 Тесалоникалыктарга 5:23.

таандык жана алардын ысымдары асманда жазылган”[359]. Шакирттер мурунтан эле Ыйык Рухка ээ болчу[360], бирок Элүүнчү күн майрамында Ыйык Рух аларды толтуруп, алардын ичинде өзгөчө бир нерсе жасады. Кийинчерээк Петир Ыйык Рух менен болгон маанилүү нерсе, бул алардын жүрөктөрүнүн тазаланганын айткан[361]. Алар буга чейин куткарылган болсо да, дароо жүрөгүнүн тазаланышына муктаж болушту[362].
Куткарылган адам менен болгон бул өзгөчө окуяны «толук ыйыкталуу» деп атоого болот. Толук ыйкталуу – бул тукумдалган күнөөкөр табияттан тазалануу, Ыйык Рухтун катышуусу менен, ал ишенген адам тобо кылгандан кийин ишке ашат.

Ишенген адам Кудайдын бул ишин ишеним аркылуу алат. Петир алардын жүрөктөрү «ишеним аркылуу тазаланганын» айткан. Элчи Пабыл тесалоникалыктардын толук ыйыкталуусуна сыйынгандан кийин: «Силерди чакырып алган Кудай ишенимдүү, Ал ишке ашырат» деп айткан[363].

Жыйынтыктап айтканда:
1. Тукумдалган күнөөкөр табият тобо кылгандан кийин да ишенгенде калат.
2. Кудай бизди толугу менен ыйык болууга чакырат.
3. Кудай тукумдалган күнөөкөр табиятты тазалоону камсыз кылат.
4. Ишенгендер толук ыйыктоону ишеним аркылуу алышат.

Ар бир ишенген адам жүрөгүнүн тазаланышына дагы эле муктаж болсо, анда Кудайдан аны көрсөтүүсүн сурап, толугу менен ыйыкталышы үчүн ишеним менен сыйынышы керек. Ар бир жыйын башчысы(пастор) бул ырайымга жетүү үчүн өз жыйынга келгендерге айтып берип, кеңеш бериши керек.

*Класс жетекчисине эскертүү: Төмөнкү маалыматты бир студент түшүндүрүп берсе болот.*

## Рухта чөмүлүү

Чөмүлдүүрүчү Жакан Ыйсанын Ыйык Рух менен чөмүлтөөрүн алдына ала айткан (Матай, 3:11, Марка, 1:8, Лука, 3:16, Жакан, 1:33). Ыйса Машайак бул пайгамбарчылыкты, Элүүнчү күн майрамы менен байланыштырган

[359] Жкн. 17:14; Жкн. 17:9-10; Лк. 10:20.
[360] **Окугула.** Жакан 14:17.
[361] Элчилердин иштери 15:8-9.
[362] **Окугула.** Мр. 9:33-34; Мр. 10:35-41; Лк. 9:54-55.
[363] 1 Тесалоникалыктарга 5:24.

(Элч.иш., 1:5), а Элчилер китебинде 2чи бөлүмүндө болсо, "Ыйык Рухка толгон" деген сөз колдонулат.

Ыйык Рух кээ бир жактарда «төгүлгөн» (Ышайа, 32:15; Жоел, 2:28-29); «төгүлгөн күч» (Элч. иш., 2:33) жана «үстүбүзгө түшкөн» (Элч. иш., 11:15). Бул терминдер Элүүнчү күн майрамын сүрөттөйт, бирок ар дайым «толук ыйыкталууну билдирбейт»; бул сөздөр жыйындын жашоосунда жана кызматында Ыйык Рухтун башка ишмердүүлүгүн мүнөздөй алышат[364]. Бирок «Ыйык Рухка чөмүүлү» деген термин толук ыйыкталууну башынан өткөрүү тажрыйбасы экенин түшүндүрөт.

Чөмүлүү – бул руханий жашоонун жаңы түрүнө кирүүнүн белгиси. Мисалы прозелиттер (Жаңы Осуятта иудаизмге өткөн бутпарастар ушинтип аталат) алар иудаизмге чөмүлдүрүшөт; машайакчылар жаңы ишенгендерди чөмүлдүрүшөт жана алар жыйындын бир бөлүгү болуп калышат.

«Чөмүлүү» деп аталган окуя, адам Ыйсага ишенгенде пайда болушу керек, анткени бул башталыштын белгиси да, - деп кээ бир адамдар ойлошот. Ыйсаны кабыл алганда «Рухка чөмүлүү» деп атала турган бир нерсе болот (1 Корунтуктарга, 12:13). Бирок Ыйсанын шакиртери мурунтадан эле Ыйсага ишенген болсо да, Рухка чөмүлүүсүн күтүп атканын айткан.

Чөмүлдүрүүнүн ар кандай түрү барбы? Эфестиктерге, 4:5те мындай деп айтылат, бир эле чөмүлүү бар жана контекттен биз бир гана жыйын бар дегенди көрөбүз. Ар бир чыныгы машайакчы Рухка чөмүлүп, ошол эле жыйындын бир бөлүгү болуп калат, Ыйса башка ишенгендер менен руханий биримдик менен байланышкан. Ошондуктан Эфестиктерге 4:5те бир гана машайакчылар ишеними бар деп айтылат, бирок чөмүлүүнүн башка түрүсү жок деп айтылбайт.

Чөмүлдүрүүчү Жакан чөмүлүүнүн эки түрү жөнүндө айткан (Матай, 3:11). Биз сууга чөмүлдүрү бул отко чөмүлдүрүнүн белгиси деп айта албайбыз, анткени адамдар тобо кылышы керек болчу. Албетте чыныгы тобо кылганда жана сууга чөмүлгөндөн кийин, Ыйык Рухтун дагы бир өзгөчө аракети бар.

Рухка чөмүлүү – бул, ишенгендердин жашоосундагы экинчи эң жогорку этапы болуп саналат, ал толугу менен ыйыкталып жана тукумдалган күнөөкөр табияттан тазаланганда. Бул ишенгендердин жашоосунда Ыйык

[364] Мисалы, Элч.иш 4:31де Рухка толуунун дагы бир мисалы бар, бирок ал ошол эле адамдар катышкан. 4:8 жана 13:9да Рухтун келиши, кыязы, ошол кырдаалды чечүүгө дароо жардам берген. Ошондой эле, рухий жашоону уланткан жана толтурган Ыйык Рухтун бир түрү бар. Эфестиктерге 5:18де «толгула» деген сөз, грек тилинен которгондо үзгүлтүксүз иш-аракет дегенди билдирет.

Рухтун ишинин башталышы эмес, бирок бактылуу жашоонун башталышы. Андан кийин Ыйык Рухтун күчү менен кызматка майланат, бирок «Рухка чөмүлүү» дегенде рухий белектердин болушу зарыл эмес.

## Тилдерде сүйлө белеги

Машайакчылар тилдерде сүйлөө белеги жөнүндө баарын эле кабыл алышпайт. Тилдерде сүйлө жөнүндө пикир, кээ бир кызматтарда бирге иштөөгө тоскоол болушу мүмкүн, бирок кимдир бирөөнү машайакчы катары четке кагууга себеп болбошу керек. Тилдерде сүйлө доктринасы(окуутусу) баарлашууга тоскоолдук болбошу керек. Кээ бир адамдар, тобо кылган адамда тилдерде сүйлөө белеги жок болсо анда ал тилдерде сүйлөө белеги жок болсо анда ал Ыйык Рухка толгон эмес деп эсептешет.
Төмөнкү пункттар тилдердин белеги Ыйык Рухта чөмүлүү дегендин далили эместигин көрсөтөт.

1. Ыйык Китеп эч качан тилдерде сүйлөө белеги Ыйык Рухтун далили деп айтпайт. Элчилер китебинде бир нече жолу адамдар Рухка толгон кез болгон. Бирок бул тилдерде сүйлөө керек өзгөчүлүк болушу керектигин далилдөө үчүн жетишсиз.

2. Ыйык Жазууга ылайык айтылгандай, бул ар бир адам күтө турган белек эмес, бирок баары Ыйык Рухка толушу керек. Кудай Өзү чечет кантип белектерди бөлүштүрүүнү жана адамдарга ар кандай рухий жөндөмдүүлүктөрдү берет (1 Корунттуктарга, 12:4-11). Баарына «жок» деп жооп бериши керек болгон 1 Корунттуктарга 12:29-30да берилген риторикалык суроолорго, ар бир ишенген адам кандайдыр бир руханий белек күтүлбөгөнүн көрсөтөт.

3. Ар бир ишенген адамда Кудайдын руху бар (Римдиктерге, 8:9), демек рухий белектерге ээ боло алат. Корунттагы ишенгендер жүрөктүн тазалануусуна муктаж болсо да, бирок рухий белектерде мыкты болушкан (1 Корунттуктарга, 1:7, 3:3).

4. Ыйык Жазууда айтылгандай, тилдерде сүйлөө белеги ишенгендер үчүн руханий жетишкендиктин белгиси эмес, бирок ишенбегендерге Жакшы Кабарды таратууга жардам катары берилген (1 Корунттуктарга, 14:22). Бир нерсени далилдөө үчүн белектерди колдонуу алдамчылыкка жана башаламандыкка алып келет.

(5) Тилдерде сүйлөө белеги муктаждыктар менен байланыштуу эмес. Ыйык Рухта чөмүүлү максаты – бул ишенген адамды тазалоо жана кызмат кылууга күч берүү. Кереги жок болгон шарттарда, бул максат тилдерде

сүйлөө белеги менен кандай байланышы бар? Бул Ыйык Рухтун иши, Ал руханий жеңиш берет жана кызмат үчүн майлайт.
Биз руханий тажрыйбаны адам тобо кылгып аткан нерсеге салыштырсак болот. Ыйык Жазууда куткарылуу убада кылынган. Куткарылуу ишеним аркылуу болот, муну Ыйык Рух тастыктайт; ишенген адам муктаждыктары ишеним аркылуу аткарылгандыгын билет. Рухка чөмүлүү жөнүндө да ушуну айтууга болот.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Машайактагы ыйыктык күнөөкөр тобо кылып, Кудайдын ырайымы менен өзгөрүлгөндө башталат. Ишенген адам руханий жактан өсөт, анткени ал Кудайдын эркин түшүнөт жана баш ийүүнү улантат. Толук ыйкталуу – бул Кудайдын иш-аракетти, бир аз убакытан кийин ишенген адамды тукумдалган күнөөкөр табияттан Кудай тазалайт.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Элчилердин иштери 2:1-18; 1 Тесалоникалыктарга 5:14-24; Титке 2:11-14; 1 Коринттуктарга 10:1-13.

### Машайакчылыктагы ыйыктык
### Тесттин суроолору

1. Табынуунун негизги темасы кайсы?
2. Эмне үчүн ыйыктык табынуу менен байланыштуу?
3. Машайакчылыктагы ыйыктык качан башталат?
4. Жарыкта жүрүү деген эмнени билдирет?
5. Пабыл тесалоникалыктар үчүн эмне деп сыйынган?
6. Элүүнчү күн майрамында болгон эң маанилүү нерсе эмне болгон?
7. Тукумдалган күнөөкөр табият деген эмне?
8. Толук ыйыкталуу деген эмне?

**Машайакчылыктагы ыйыктык**
**Тесттик суроолорго жооптор**

1. Кудайдын ыйыктыгы.
2. Биз Кудайды сүйөбүз , Ага жагууну каалайбыз жана Ага окшош болгубуз келет.
3. Адам куткарылганда.
4. Кудайдын чындыгын көбүрөөк билүү жана Кудайга баш ийүүнү улантууну билдирет.
5. Тесалоникалыктар толугу менен ыйык болушу үчүн жана Машайак кайтып келгенде аларды ыйык деп табуу үчүн.
6. Алардын жүрөктөрү тазаланган.
7. Адамдын адеп -ахлагынын бузулушу, аны төрөлгөндөн баштап күнөөгө түрткөн бузулган табият.
8. Бул тукумдалган күнөөкөр табияттан тазалануу, Ыйык Рухтун катышуусу менен, ал ишенген адам тобо кылгандан кийин ишке ашат.

# 12 - Сабак
# Жыйын

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Жыйындын келип чыгышы.
(2) Жыйын тирүү институт катары.
(3) Жергиликтүү жыйын тирүү организм катары.
(4) Дүйнөлүк жыйындын биримдигинин негиздери.
(5) Жергилүүктүү жыйындын биримдигинин негиздери.
(6) Жыйындын ишеним сырлары.
(7) Жыйындын максаттары.
(8) Жыйын жөнүндө ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – студенттерге жергиликтүү жыйынга өзүн арноо жоопкерчилигин түшүндүрүүгө жардам берүү.

## Жыйын

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Эфестиктер 3:3-10ду чогуу окугула. Бул үзүндү бизге жыйын жөнүндө эмне деп жатат?*

## Жыйындын келип чыгышы

Жаңы Келишимге чейинки кылымдар бою жыйын толук ачыла элек сыр болчу[365]. Ал жерде Кудайдын ырайымын сезген жана Аны менен мамиледе жашаган адамдар болгон[366], бирок Кудай ойлогон жыйын түзүлө элек болчу.

► Жыйын качан башталган?

Ыйысанын жашоосу жана кызматы жыйындын башталышы болгон жана жыйын Ал берген куткарылуунун негизинде курулган[367].

---

[365] **Окугула.** Эфестиктерге 3:3-10.
[366] Римдиктерге 4:1-8.
[367] Матай 16:16-18.

Жыйындын доору Элүүнчү күн майрамында башталган. Ошол күндөн баштап, Машайактын жердеги физикалык жана көрүнүктүү жетекчилиги жок, жыйын Ыйык Рухтун күчү менен иштеп баштайт[368].

Ыйса шакирттерине Өзүнүн доктриналарын(окууларын) дүйнө жүзү боюнча жайылтууга жана орнотууга бийлик берген[369] жана Ыйык Рух аларды чындык менен жетектээрин убада кылган[370]. Жыйынды «элчилердин жыйыны» деп атоого болот, анткени элчилердин окутуусу – жыйындын фундаменталдык доктриналары (окуутулары) болгон. Бул негизги доктриналарга карма-каршы келген ар кандай ишенимдер машайакчылар деп аталбашы керек.

Жыйын бул нерселерден келип чыккан (1) Ыйсанын кызматы; (2) Машайак аркылуу алынган куткарылуу; (3) Элүүнчү күн майрамында болгон окуя жана (4) элчилерлин доктринасынын ( окуутусунун) өнүгүшү.

### Жыйын тирүү институт катары

Жыйынды үй-бүлөгө салыштырат, Кудай бул Атабыз, ал эми жыйындын мүчөлөрү бир туугандар[371]. Жыйын эч кандай расасы же табигый теги жок уруу деп аталат[372]. Жыйын физикалык денеге салыштырылат, анын башы Машайак мүчөлөрү чогуу иштешет жана бири-бирине кам көрүшөт[373].

Ар бир ишенген адам жыйындын мүчөсү. Ыйык Китепте жыйын Машайактын денеси, машайакчылар Ыйсанын этинен жана сөөгүнөн жаратылган, Анын дене мүчөлөрү, - деп айтылган[374]. Жыйындан өзүнчө болуу – бул Машайак жерде кылып жаткан кызматына тиешелуу болбогонду билдирет. Жыйынды урматабасака жана сүйбөсөк – бул Машайакты урматабаганыбызды жана сүйбөгөнүбүздү көрсөтөт.

Дене мүчө катары «жыйындан көз карандымын» деген мамилени ишенген адам кылбашы керек. Анткени ал адам башка мүчөлөргө керек жана алар ага керек[375]. Руханий жактан жыйынсыз, өзүн өзү камсыздай алган ишенген адамдын жашоосу тура эмес.

### Жергиликтүү жыйын тирүү организм катары

---

368 Жакан 16:7.
369 Матай 28:18-20.
370 Жакан 14:26.
371 Эф. 3:15; Гал. 6:10.
372 1 Петир 2:9-10.
373 1 Корунттуктарга 12:14, 26.
374 Эфестиктерге 5:30.
375 1 Корунттуктарга 12:21.

Ааламдык жыйын – бул дүйнө жүзү боюнча Ыйса Машайакка ишенгендерин баарынан турат, бирок жергиликтүү жыйын да жергиликтүү жерде болушу керек. Дененин мүчөлөрү чогуу бир жерде болбой калса, иштей албайт. Пабыл корунттуктарга «Силер Ыйсанын денесин түзөсүңөр» деп жазган[376], бул жергиликтүү жыйын турган жеринде Машайактын денесин чагылдырат дегенди билдирет.

Кудай жергиликтүү жыйынды ишенимдин үй-бүлөсү, рухии белектери менен иштеген дене катары жана жыйын муктаждыктарын чечүү үчүн, Кудайга таандык ресурстарды издеп, жашоонун баардык тармактарында Кудайдын акылмандыгын дүйнөгө көрсөтүү үчүн кылып жараткан. Жергиликтүү жыйындын милдети – бул куткарылбагандарды, куткарууга чакыруу жана жыйындын үй-бүлөсүнө чакыруу.

Чыныгы жыйын мүчөлөрүнүн муктаждыктарына кам көрөт, ошондуктан каражат маселелери бар[377]. Машайакта жүргөн бир туугандын муктаждыгы бул жыйындын жоопкерчилиги, эгерде ал адам жыйындын жашоосуна катышып жана жоопкерчиликтүү болсо.

Жергиликтүү жыйынды түзүү жана бекемдөө үчүн, Кудай рухий белектерди жана кызмат үчүн өзгөчө чакырыктарды берет[378].

Жергиликтүү жыйын – жыйын коомчулугуна кызмат кылат. Артыкча руханий нерсе – бул Жакшы Кабарды таратуу жана бардык маселелерде чындыкты коргоо. Жыйын материалдык муктаждыктарга кам көрөт, бирок жыйындын руханий чөйрөсүндөгү жүргөн адамдарга артыкчылык берет.

**Жыйындын кемчиликсиздиги**

Жыйынды ыйык жана кемчиликсиз кылуу үчүн Ыйса Өзүн берген[379].

Жыйын күнөөгө орун бербеши керек, бирок кечирүүгө даяр болушу керек. Жетекчилер ыйык жашоонун үлгүсү болушу керек[380]. Жыйндын мүчөсү күнөө кылса, эгер ал тообо кылбаса, анда анын күнөөсүн ашкерелеп, жамаатан бөлүп салуу керек[381].

► Эмне үчүн жыйын жеткилең эмес?

---

376 1 Корунттуктарга 12:27.
377 Жакып 2:15-16, 1:27.
378 Эфестиктерге 4:11-12.
379 Эфестиктерге 5:27.
380 1 Тиметей 3:2-3.
381 1 Корунттуктарга 5:11-13.

Жыйындын адамдары бардык жагынан кемчиликсиз болбойт, анткени Жакшы Кабар таратканда тобо кыла элек адамдар да жыйынга келиши мүмкүн. Куткарылгандардын арасында да, жашоосунда карама-каршылыктар болот, анткени алар чындыкты жашоосунда бардык жагынан ишеним менен кантип колдонууну али түшүнө элек. Жеткилең машайакчылардын арасында да карама-каршылыктар жана туура эмес көз караштар болушу мүмкүн, анткени жеткилең машайакчы дагы деле рухий жактан өсүү процессинде.

Жыйындын башкы максаты – Кудай Сөзүн үзгүлтүксүз окутуу жана турмушта колдонуу, адамдарды руханий жеткилеңдикке жеткирүү[382].

**Жыйындын аныктамасы**

Бул бөлүмдө ааламдык жана жергиликтүү жыйындардын аныктамасын карайбыз.

Кыскача аныктама: Ааламдык жыйын – бул баардык убакта болгон жана бүт дүйнө жүзүндөгү болгон машайакчылардын биримдиги. Ал кээде «көрүнбөгөн» жыйын деп аталат, анткени ааламдык жыйынды башкарган же анын мүчөлөрүнүн тизмесин билген жердеги уюм жок.

Кыскача аныктама: Жергиликтүү жыйын – бул жыйындын баардык максаттарын аткаруу үчүн чогулган машайакчылар тобу. Кыска максаттарды көздөгөн топтор жыйын деп саналбайт.

Бул жерде жергиликтүү жыйынды башка топтордон айрмалоого жардам берген кеңири түшүнүк бар: «Жергиликтүү жыйын – бул чөмүлгөн ишенгендер тобо кылганга, кызмат кылганга, мамиле түзгөнгө жана Жакшы Кабар таратканга чогуулган топ. Ал руханий жетекчиликти кабыл алат, ар түрдүү руханий белектери аркылуу коомдун бардык катмарына кызмат кылууга даяр болот жана ишеним сырларын аткарат»[383].

382 1 Тиметей 3:16.
383 David Dockery.

## Бүткүл ааламдык жыйын биримдиги

Бардык жерде, бардык убакытта бир жыйын бар болгон. Ыйса айткан: «Мен жыйын курам», «жыйындарды» деген эмес. Элчи Пабыл бир Кудай, бир ишеним жана бир чөмүлүү болгондой эле, бир дене, бир Рух жана бир үмүт бар деп айткан[384].

Алгачкы машайакчылардын ишеним символдору «католик жыйыны» деп айтылган. «Католик» деген сөз Рим-католик жыйынына гана эмес, бүткүл дүйнөлүк жыйындардагы чыныгы машайакчыларга карата айтылган сөз.

«Мен Машайактын элчилери аркылуу Ыйса Өзүнө жыйынды чогулткандыгына ишенем; Ал жыйыга куткарыла тургандарды дайыма кошуп келет; бул католик же ааламдык жыйын бардык элдерге жана бардык курактарга жайылтылат; жыйын Кудай Ата, Уул жана Ыйык Рух менен болгон мамиледе бардык мүчөлөрү үчүн ыйык»
- Джон Уэсли, «Рим-католикке кат»

Ааламдык жыйын биримдиги, бир борбордук уюмдун башкаруусунан турбайт. Машайак кайтып келмейинче андай болушу мүмкүн эмес. Кээ бир адамдар чындап эле ушундай болушун каалашат, бирок сыягы бул Кудайдын эрки болгон эмес. Шакирттери: “Бизден башка кызмат кылбашы керек” деп ойлогондо Ыйса аларды оңдогон[385]. Эгерде Ыйса бүткүл ааламдык жыйынды бир жерден башкаргысы келсе, анда Ал аны жетектөө үчүн физикалык бойдон жерде калмак. Эгерде жерде ааламдык жыйндын бир башкарган борбору болсо, анда Ыйык Рух бүткүл дүйнө жүзү боюнча ар кандай иштери, керек эмес болмок.

► Бүткүл ааламдык биримдиги эмнеге негизделген?

Бүткүл ааламдык жыйын биримдиги (1) элчилердин доктриналарына (окуутуларына) жана (2) Машайак менен болгон мамиледе өзгөрүүгөө негизделген.

Доктриналык биримдик машайакчылар бардык нерселерге, атүгүл бардык маанилүү доктриналарга макул дегенди билдирбейт. Доктриналык биримдик бул Кудай жана Машайактын табияты жөнүндөгү негизги окуутуларын, Жакшы Кабардын негиздерин бөлүшөт дегенди билдирет. Бул негизги окуутулары жок алар бир Кудайга сыйынып же Анын ырайымын сезе алышпайт.

Машайакчылар биримдиги үчүн доктрина керек болгон жалгыз нерсе эмес. Машайакчылар Машайак менен болгон мамилесинен

---

[384] Эфестиктерге 4:4-6.
[385] Лука 9:49-50.

өзгөрүлгөндүктөн, машайакчылар бири-бири менен байланышта болушат. Күнөөлөр үчүн тобо кылган үчүн, Машайакка ишенишкен үчүн, алар бир-бири менен өзгөчө мамиледе. Ишенүүчүлөр айырмачылыктарына карабастан дүйнө жүзүндө бири-бирин таанышат.

«Эгер сенин жүрөгүң мага туура болсо, менин жүрөгүм сенин жүрөгүң менен болгондой, анда мени бир туугандан да назик дос катары; Машайактын бир тууганы катары; Жаңы Иерусалимдин жараны катары; бир куткаруучу Капитанга баш ийген аскердин жоокери катары сүй. Мени бир Падышачылыктын жараны катары, боорукер жана чыдамдуу сүйүү менен, Анын даңкынын мураскери катары сүй. »
- Джон Уэсли, насаат сөз «Биримдик Руху»

**Жергиликтүү жыйындын биримдиги**

Ыйсанын жолдочулары катары, биз негизги машайакчылардын окууларын кармагандарды жана Машайак менен болгон мамиледе өзгөрүүдө көрүнгөндөрдү баарын кабыл алабыз. Бирок жергиликтүү жыйындын доктриналдык макулдуулугу алда канча деталдуу болушу керек.

Жергиликтүү жыйын – бул чогуу сыйынганга, Жакшы Кабарды таратканга, шакирттердин жана жаштардын, ошондой эле машайакчылардын жашоосунда практикалык деталдарын үйрөтүүгө умтулган адамдардын тобу. Адамдар бул максатка жетүү үчүн биргелешип иштеши үчүн, алар доктринанын көптөгөн майда-чүйдөсүнө чейин макулдашышы керек.

Мисалы, жергиликтүү жыйында бир адам жаңы тобо кылгандарды тилдер белеги үчүн сыйынгыла деп чакырат. Бирок ошол эле жыйындын башка лидерлери тилдер белеги ар бир ишенүүчүгө убада кылынгандыгына ишенишпейт. Анткени адамдар Кудайдын эркине туура келбеген нерсени жасоого аракет кылышса, руханий башаламандыкка дуушар болушат деп алар кооптонушат. Албетте, бул адамдар жергиликтүү жыйында чогуу иштей алышпайт. Жетекчилер адамды машайакчы деп эсептесе дагы, ага зыяндуу окуутуларды үйрөтүүсүнө жол бербеши керек.

Жергиликтүү жыйын, жыйын чогуу жашоого жана кызмат кылуусуна таасир этүүчү доктриналарды макулдашы керек. Демек жыйын үчүн алар бөлүшкөн окуутуларды жазуу жүзүндө билдирүүсү болгондугуна туура келет. Бул алар менен макул болбогондордун баарын машайакчы эмес деп саноону билдирбейт. Бирок жазылгае доктриналык билдирүүлөрдүн максаты – бул ишенгендерге кызматта болуу үчүн зарыл болгон доктриналарды көрсөтүү.

## Жыйындын ишеним сырлары

Эки ишеним сырларын Ыйса жыйынга берген. Аларды ырым-жырымдар же аземдер деп да атоого болот.

Чөмүлдүрүү – бул Машайактын өлүмүнүн жана кайра тирилишинин символу[386]. Чөмүлдүрүү – бул ишенген адам Машайакка окшош экенин, күнөө үчүн өлгөндүгүн жана Машайактагы жаңы жашоону башынан өткөргөндүгүн күбөлөндүрөт. Чөмүлдүүрүү – бул адам машайакчы болуп жаткан учур эмес, бирок буга чейин тобо кылып, жогорудан төрөлгөндүгүн ачык күбөлөндүрүүсү[387].

Теңирдин Кечки тамагы Ыйса айкаш жыгачка кадалганга чейин шакирттери менен акыркы кечки тамак учурунда белгиленген[388]. Нан менен шарап бизди куткаруу үчүн курмандык болгон Ыйсанын денеси менен канын билдирет. Биз физикалык жашоо үчүн тамак жеген сыяктуу эле, руханий жашообуз үчүн Анын курмандыгына көз карандыбыз [389].

Ушул ишеним сырларын «ырайымдын каражаттары» деп атоого болот. Ишеним сырлары ишенимсиз жана баш ийбестик менен аткарылса, ырайым алып келбейт. Булар бизге Кудай тарабынан берилген практикалык көнүгүүлөрү, эгер ишеним менен аткарылса, алар Кудайдын ырайымына ээ боло турган каражаттар.

► Жыйындын кандай максаттары бар?

## Жаңы Келишимде табылган жергиликтүү жыйындын кээ бир максаттары

1. Жакшы Кабар айтуу (Матай, 28:18-20).
2. Жыйында чогуу табынуу (1 Корунттуктарага, 3:16).
3. Доктринаны(окутууну) сактоо (1 Тиметей, 3:15; Жүйүт, 3).
4. Жыйын жетекчилерине каржылык колдо көрсөтүү (1 Тиметей, 5:17-18).
5. Миссионерлерди жөнөтүү жана колдоо (Элч.иш., 13:2-4; Римдиктерге, 15:24).
6. Муктаж болгондорго жардам берүү (1 Тиметей, 5:3).
7. Күнөө кылган мүчөлөрдүү тарбиялоо (1 Корунттуктарга, 5:9-13).
8. Чөмүлдүрүү жана кечки тамак өткөрүү (Матай, 28:19; 1 Корунттуктарга, 11:23-26).

---

386 Римдиктерге 6:3-4.
387 Жакан 3:7-8.
388 1 Корунттуктарга 11:23-25.
389 Жакан 6:53-58.

9. Ишенгендерди шакиртөө (Эфестиктерге, 4:12-13).

Бул иштердин көбү бир адамдын колунан келбейт. Бул иштерди аткаруу үчүн ишенгендердин тобу жана жыйындагы кызматчыларына көз каранды.

Кудай ар бир ишенгенди жергиликтүү жыйынга кызмат кылууга жана дүйнөдө өз жыйынын тапшырмасын ишке ашырууга жардам берүүгө чакырат. Эгер жыйын мүчөсү жыйында кызмат кылбаса, анда ал Машайактын денеси катары өзүнүн максатын аткарбайт.

*Төмөнкү маалыматты бир студент түшүндүрүп берсе болот.*

**Ката кетирүүдөн сак болуу: Руханий Индивидуализм**

Кээ бир адамдар эч качан өзүн жергиликтүү жыйынга арнашпайт. Алар өздөрүн эркин сезгиси келгендиктен каалаган жекшемби күнү, каалаган жыйынга барып катышат. Мындай машайакчылар, бул сабакта айтылган жыйындын максаттарына жетүүгө жардам бере албайт, анткени жыйын аларга таяна албайт. Аларда руханий жоопкерчилик мамилеси жок жана башкаларга жоопкерчиликтүү болгону жардам бере албайт. Эгерде бардык ишенүүчүлөр ушундай болсо, анда жыйындар болмок эмес.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Машайак жергиликтүү жыйындар аркылуу Машайактын денеси катары чагылдырылган, бир ыйык, ааламдык жыйынды курган. Жыйын элчилердин доктриналарын (окуутуларын) карманат жана бардык коргойт. Жыйын Кудайдын үй-бүлөсү катары бири-биринин муктаждыктарына кызмат кылышат. Жыйын Кудайга табынат, дүйнө жүзүнө Жакшы Кабарды таратат жана шакиртчилик кылат.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

## Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

1 Корунттуктарга, 12:14-31; Жакып, 2:1-9; Эфестиктерге, 4:11-16; 1 Корунттуктарга, 6:1-8; 1 Корунттуктарга, 5:1-13.

*Студент бул сабакты же сабактын бир бөлүгүн курстан тышкары адамдарга, кеминде жети жолу үйрөтүшү керек. Бул сабакты жыйын топтордо, үй топторунун чогулуштарында же башка шарттарда өтсө болот. Мындай мүмкүнчүлүктөрдү издөө үчүн студент жооптуу.*

**Басылып чыгарылган булактар**

Noll, Mark. *Turning Points.* Grand Rapids, MI: Baker Academic, 1997.

Oden, Thomas. *Life in the Spirit*. Peabody, MA: Prince Press, 2001.

**Жыйын**
**Тесттин суроолору**

(1) Жыйындын доору качан башталган?
(2) Эмне үчүн жыйын "элчилер жыйыны" деп аталат?
(3) Жыйын кайсы төрт нерседен келип жыккан?
(4) Ааламдык жыйнга кыскача аныктама бериңиз.
(5) Жергиликтүү жыйынга кыскача аныктама бериңиз.
(6) "Католик жыйыны" деген термин башында эмнени билдирген?
(7) Кайсы эки нерсе ааламдык биримдигинин негизин түзөт?
(8) Жазылган доктриналдык макулдуулугунун максаты эмнеде?
(9) Жергиликтүү жыйындын алты максатын санап бергиле.

**Жыйын**

**Тесттик суроолорго жооптор**

1. Жыйындын доору Элүүнчү күн майрамында башталган.
2. Жыйынды «элчилердин жыйыны» деп атоого болот, анткени элчилердин окутуусу – жыйындын фундаменталдык доктриналары (окуутулары) болгон.
3. Ыйсанын кызматы; Машайак аркылуу алынган куткарылуу; Элүүнчү күн майрамында болгон окуя, элчилерлин доктринасынын ( окуутусунун) өнүгүшү.
4. Ааламдык жыйын – бул баардык убакта болгон жана бүт дүйнө жүзүндөгү болгон машайакчылардын биримдиги.
5. Жергиликтүү жыйын – бул жыйындын баардык максаттарын аткаруу үчүн чогулган машайакчылар тобу.
6. Ааламдык же бардык машайакчыларды камтыган бүткүл дүйнөлүк жыйыны дегенди билдирет.
7. Элчилердин доктриналары (окуутулары) жана Машайак менен болгон мамиледе өзгөрүү.
8. Ишенгендер тобу биргелешип иштеши үчүн зарыл болгон доктриналарды көрсөтүү.

10. Жакшы Кабар айтуу, жыйында чогуу табынуу, доктринаны(окутууну) сактоо, жыйын жетекчилерине каржылык колдо көрсөтүү, миссионерлерди жөнөтүү жана колдоо, муктаж болгондорго жардам берүү, муктаж болгондорго жардам берүү, күнөө кылган мүчөлөрдүү тарбиялоо, чөмүлдүрүү жана кечки тамак өткөрүү, ишенгендерди шакиртөө.

# 13 - Сабак
# Түбөлүктүк

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Асмандын негизги кызматы.
(2) Ыйык Жазууда көрсөтүлгөн асмандын мүнөздөмөлөрү.
(3) Ыйык Жазууда көрсөтүлгөн түбөлүк жазанын мүнөздөмөлөрү.
(4) Түбөлүк жаза фактыларын четке каккан айрым диндердин мисалдары.
(5) Түбөлүк жазанын адилеттүүлүгү.
(6) Түбөлүктүк жөнүндө ишеним билдирүсүү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – бул окуучуларга кээ бир аракеттердин түбөлүктүү кесепеттери бар экенин жана аны өзгөртүүгө мүмкүн эместигин эскертүү.

## Түбөлүктүк

### 1- бөлүм: Ишенгендердин түбөлүктөгү тагдыры

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Аян 21-ди чогуу окугула. Бул аят бизге ишенгендердин келечеги жөнүндө эмнени айтып жатат?*

Бардык жаратуулар Кудайдын даңкы үчүн жаратылган, бирок асман – бул ааламдын борбордук сахнасы, Кудай Өзүнүн бейнеси боюнча жараткан жандыктар Аны жогорку деңгээлде даңкташат [390].

Асманда Кудайдын даңкы ушунчалык толук ачылат, күнгө муктаж болбой калат, ал түбөлүк шаарды жарык кылат[391]. Ал жерде биз Кудайды таанып-билип «Анын жүзүн көрөбүз»[392].

Асмандын негизги иши бул – табынуу. Кубаныч - табынуунун бир бөлүгү. Забурчу айткан: «Сенин алдыңда – толук кубаныч, оң колуңда -түбөлүк

[390] **Окугула.** Аян 5:11-14.
[391] Аян 21:23.
[392] Аян 22:4.

жыргал»[393]. Кубаныч менен табынуу бири-бири менен тыгыз байланышта. Кудайдын табиятын түшүнө алышыбыз үчүн, Ким экени үчүн жана табыныш үчүн Ал бизди Өзүнүн бейнеси боюнча жаратты. Биздин сезимдерибиз, сүйүү жөндөмүбүз жана акылыбыз Кудайга эң жогорку дэңгээлде табынуу үчүн берилген.

> «Бул жашоодо эч нерсе канаагаттандыра албайт деген каалоом болсо, балким, мен башка жашоо үчүн жаралгандыктанбы. Жердеги жыргалдардын бири да аны канааттандыра албайт, бир гана толкундантат. Мен ошол дүйнөгө кирүүнү жана башкаларга ошол максатка жетүүгө жардам берүүнү жашоомдогу негизги максат кылып коюшум керек».
> Клайв Льюис,
> «Жөн эле машайакчылык».

Ыйса шакирттерине бул сөздөрдү айткан:

«Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле. Атамдын үйүндө орун көп. Эгерде андай болбосо, Мен силерге айтмакмын Мен силерге орун даярдаганы бара жатам. Барып, силерге орун даярдап койгондон кийин, кайтып келем да, Мен болгон жерде силер да болууңар үчүн, силерди жаныма алып кетем»[394].

Ыйсанын сөздөрү бизге асман жөнүндө кээ бир нерселерди айтып берет. Эң негизгиси бул асман Кудайдын үйү. Ыйса аны Атасынын үйү деп атаган. Дагы бир маанилүү чындык, убакыт келгенде биз ал жерде Кудай менен бирге жашайбыз.

Асман жөнүндөгү убада биздин жер бетиндеги жашообузга жетекчилик кылышы керек. Түбөлүк баалуулуктар менен жашаган адам жер бетинде эң жакшы иштерди жасайт. Асмандагы сыйлыкты күткөн адам кыйынчылыктарга туруштук берип Кудайдын эркин аткарууга аракет кылат. Ыйса куугунтукка кабылгандарга: «Кубанып шаттангыла, анткени асмандагы сыйлыгыңар чоң» - деп айткан[395].

## Асмандын өзгөчөлүктөрү

► Асман жөнүндө эмнелерди билебиз?

Кээде жер бетиндеги адамдар каалаган үйүн сатып ала алышпайт же үйүн каалагандай кура алышпайт. Бирок Кудайдын чексиз күчү жана ресурстары бар, ошондуктан Анын үйү Ал каалагандай экенин билебиз. Демек, асман Кудайдын табиятына толук шайкеш келет.

---

[393] Забур 15:11.
[394] Жакан 14:1-3.
[395] Матай 5:12.

Асман жөнүндө биз түшүнө албаган көп нерселер бар. Биз эт менен сөөктөн жаралгандыктан, Кудай Рух болгондуктан Анын табиятын толук түшүнүү оор. Кудайдын табиятын изилдеп жатып, Анын түбөлүктүү экендигин көрөбүз, Анын үйү кандай экендигине биздин акылыбыз жетпейт, бирок Ал үйүн биз үчүн даярдаганын билебиз.

Ыйык Китеп асман кайда экендигин айтпайт, бирок биз Кудай асмандан жерди караганын окуйбуз, ошондуктан асман жерде эмес экендигин билебиз.

Асманда күнөө жок. Периштелер, адамдар жана башка жандыктар толугу менен ыйык болушат[396].

Асманда күнөөнүн кесепеттери болбойт – оору, кайгы, чыр-чатактар жана коркунуч[397]. Жаратылгандарда оору, карылык, өлүм сыяктуу каргыштар болбойт[398].

Асмандын кооздугу эч нерсе тең келбейт. Бизге берилген маалыматтарда ал жердин дубалдары яспистен, дарбазалары асыл таштардан, көчөлөрү алтындан болорун айтылат[399].

Асманда миллиондогон периштелер жана куткарылган адамдар жашайт[400].

## Ким жана качан?

Асман күнөөдөн баш тартып, Ыйса Машайакка Теңир жана Куткаруучу катары ишенгендер үчүн даярдалган[401]. Кимдердин ысымдары Өмүр Китебинде жазылган болсо[402], алар асманда жашашат.

Эгер биз түбөлүк баалуулуктарга ылайык жашасак, анда асандагы түбөлүктүү жана коопсуз кенчке салым сала аларыбыз тууралуу Ыйык Китепте айтылат[403].

Адам качан асманга көтөрүлөт? Ыйса ошол күнү айкаш жыгачка каадалган кылмышкерге, алар чогуу асманда болорун айткан[404]. Пабыл денеден

---

[396] **Окугула.** Аян 21:8, 27.
[397] Аян 21:4.
[398] **Окугула.** Аян 22:3.
[399] **Окугула.** Аян 21:18-21.
[400] Аян 5:8-11.
[401] Аян 3:16.
[402] Лука 10:20; Аян 3:5; Аян 20:15.
[403] **Окугула.** Матай 6:20.
[404] Лука 23:43.

чыгуу – бул Теңир менен бирге болуу деп айткан[405]. Демек, ишенген адам өлгөндө дароо асманга кетерин билебиз. Тирүү болгон ишенүүчүлөр Ыйса кайтып келгенде өлүмдөн өтпөстөн асманга барышат[406].

## 2 - бөлүм: Ишенбегендердин түбөлүктүү тагдыры

Жер бетиндеги жазалар качандыр бир убакта бүтөт. Ал соттолгон адамдын өлүмү менен аяктайт.

Бирок Ыйса түбөлүктүү жазаны сүрөттөгөн: «Каргышка калгандар, Менин жанымдан кеткиле! Шайтан менен анын жиндери үчүн даярдалган түбөлүк отко түшкүлө… Ошентип түбөлүккө азап чегишет, адил адамдар болсо түбөлүк өмүргө ээ болушат»[407].

Ыйса жана элчилер тозок, отту көл жана түбөлүк жаза бар экенин ырасташкан. Ошондой эле Ыйса тозок жөнүндө асманга караганда көбүрөөк айткан. Ыйса бизди бул коркунучтуу жерден алыс болууга чакырган. Ыйса менен Анын шакирттеринин сөздөрүнө көңүл бургула.

> «Эгерде оң көзүң сени күнөөгө түртсө, аны оюп алып, ыргытып жибер. Он эки мүчөң бүт бойдон оттуу көлгө түшкөндөн көрө, мүчөлөрүңдүн биринен гана ажыраганың жакшы. Эгерде оң колуң сени күнөөгө түртсө, аны кесе чаап, ыргытып жибер. Он эки мүчөң бүт бойдон оттуу көлгө түшкөндөн көрө, мүчөлөрүңдүн биринен гана ажыраганың жакшы»[408].

> «Дүйнөнүн акырында да ушундай болот: периштелер келип, адилетсиздерди адилеттүүлөрдөн бөлүп алып, жалындап күйүп турган отко ыргытышат. Ал жерде ый жана тиш кычыратуу болот»[409].

Фарисейлер менен сүйлөшүп жатып, Ыйса мындай деди: «Жыландар, жылан тукумдары! Оттуу көлдөн кантип качып кутуласыңар?»[410]

> «Өлгөндөр жаткан жайда кыйналып жаткан ошол бай адам башын көтөрүп, алыстан Ыбрайымды жана анын кучагындагы Лазарды көрөт. Ошондо ал болгон күчү менен: “Ыбрайым ата, мага ырайым кылып, Лазарды жиберчи, ал бармагынын учун сууга малып,

[405] 2 Коруунттуктарга 5:8.
[406] **Окугула.** 1 Коруунттуктарга 15:51-52.
[407] Матай 25:41, 46.
[408] Матай 5:29-30.
[409] Матай 13:49-50.
[410] Матай 23:33.

> тилимди сууласын, анткени мен бул жалындаган отто азап тартып жатам”, – деп кыйкырат»[411].

Элчи Пабыл Ыйса жөнүндө мындай жазган: «кордолуп жаткан силерге жана бизге кубаныч тартуулайт. Теңир Ыйса Өзүнүн күчтүү периштелери менен, жалындаган от менен асмандан келгенде ушундай болот. Ошондо Ал Кудайды тааныбагандарды жана биздин Теңирибиз Ыйса Машайактын Жакшы Кабарына баш ийбегендерди жазалайт. Алар Теңирден жана Анын кудуретинин даңкынан ажырап, түбөлүк өлүм жазасына тартылышат»[412].

> «Эгерде Кудай күнөө кетирген периштелерди аябастан, аларды сот боло турган убакка чейин өлгөндөр жаткан жайдын караңгы туңгуюгуна түшүрүп, чынжырлап койсо…»[413].

> «Ал эми аларды азгырган шайтан күйүп жаткан күкүрттүү көлгө ыргытылды. Ал жерде жырткыч жана жалган пайгамбар бар. Алар күнү-түнү, түбөлүк кыйналышат… Ал эми ким өмүр китебине жазылбаган болсо, ал күйүп турган көлгө ыргытылды»[414].

Бул жерди сүрөттөө үчүн кандай сөздөр колдонулганына көңүл буруңуз: от, азап, кордук, караңгылык, чынжыр, сот, кыйкыруу, ый жана тиш кычыратуу.

Ыйса көзүң менен да, колуң менен да оттуу көлгө түшкөндөн көрө, оң көзүңдү оюп, оң колуң кесип салганың жакшы деп айткан. Ыйса денени бөлүктөргө бөлүүгө чакырган эмес, тозокко алып бара турган иш-аракеттерди токтотууга чакырган, бул иш-аракеттер жер бетинде канчалык баалуу болсо да.

►Кайсы диндерде тозок жөнүндө туура эмес окуулар бар?

Ыйык Китепте адамдын сыноосу өлүм менен аяктайт жана тозок: (1) түбөлүктүү, (2) кайтарылгыс жана (3) азаптуу экени айтылат. Бул Ыйык Китептеги чындыкты, өлгндөн кийин эч нерсе жок деген атеисттер жана тозок жок деген Жахабанын күбөлөрү, мормондор, универсалиттер четке кагышат. Адамдын сыноо мөөнөтү өлүм менен аяктайт деген чындыкты римдик католликтер да четке кагышат, алар адамдын абалын өлгөндөн кийин оңдоого болот дер ишенишет.

---

[411] Лука 16:23-24.
[412] 2 Тесалоникалыктарга 1:7-9.
[413] 2 Петир 2:4.
[414] Аян 20:10, 15.

Кээ бир адамдар тозокко ишенишпейт анткени бул адилетсиздик деп ойлошот. Күнөө чектелген убакытка созулса, анда ал түбөлүктүү жаза болушу мүмкүн эмес дешет. Бул аргументке Ыйык Августин кылмыш укугунун мисалы менен жооп берген. Эгерде уурулук бир нече мүнөттүн ичинде ишке ашса, анда анын жазасы бир нече мүнөттүк жаза болушу керекпи? Ал эми адамды заматта өлтүрүп койсо болот. Ыйык Жазууда биз түбөлүктүү жана чексиз Кудайга чектелүү убакытта күнөө кылсак да, түбөлүк жазага алып келерин көрөбүз.

► Эмне үчүн тозок түбөлүктүү?

Тозок түбөлүктүү анткени:

(1) чексиз Кудайга каршы чыгуу күнөө болуп саналат.

(2) күнөөкөр Кудайга түбөлүк кызмат кылуудан баш тартат.

(3) биз түбөлүк жашаган жандыктарбыз, ошондуктан биз Кудайдан бөлүнүүнү тандасак, анда бизге башка барар жерибиз жок.

Жер бетинде биз чечимдерибизди өзгөрткөндү жакшы көрөбүз. Биздин тандоолор түбөлүктүү натыйжаларга алып келиши мүмкүн деген биз үчүн абдан катаал көрүнөт. Азыр атайылап тандоо жасап жатсак да, келечекте дагы бир тандоо болот деп ойлогонду жакшы көрөбүз. Бирок Кудай биздин жердеги жашоо менен сыноолорду чектеп койгону бекеринен эмес.

Кээ бир адамдар тозокко ишенүүдөн баш тартышат, бул аяттарда айтылгандай, мээримдүү Кудай кантип адамды коркунучтуу жерге жиберет деп таң калышат. Кудай эч кимдин тозокко түшүшүн каалабашын унутпашыбыз керек. Бирок Кудай менен болуу үчүн тообо кылып, куткарылышы керек. Бул тууралуу Ыйык Китепте бир нече жерде айтылат[415]. Тозокко түшкөндөр бул коркунучтуу жерге жайгаштырган тандоону өздөрү жасашкан. Эч ким кокустан тозокко түшпөйт. Ал жакка баргандар Кудайды, адилеттикти жана куткарууну четке кагып, бул жерди өздөрү тандап алышкан.

> « Акырында тозок жок дегендерге мындай суроо берүү керек: « Кудайдан силерге дагы эмне кылып берүүсүн сурайсыңар?» Күнөөлөрүңөрдү унутуп, керкметтүү түрдө жаңылануу берсинби? Бирок Ал ушуну эбаак эле сунуштабадыбы. Кечирипби? Бирок алар кечиримдүүлүктү кабыл алышкан жок. Балким, аларды жайына коюшунбу? Аттиң, Ал ушуну кылат деп корком» (Клайв Льюис, «*Азап тартуунун көйгөйлөрү*»).

[415] **Окугула.** 1 Тим. 2:4; 2 Пет. 2:9; Элч.иш 17:30.

Бардык жакшы нерселер Кудайдан болгондуктан, Кудайды четке кагуу бардык жакшы нерселерди четке кагуу болуп саналат. Жада калса тынчтык, коркунучтан жана оорудан арылуу, жайлуу жай – мунун баары бир гана Кудай бере турган жакшы нерселер. Албетте, эгер адам Кудайды кабыл албаса, Кудайдан түбөлүккө адамга жакшылык кылууну күтүүгө болбойт. Кудайдан толук бөлүнүү – бул бардык жакшы нерселерден ажырап, тозокто болуу дегенди билдирет.

Кудайга шүгүр, биз Ыйса Машайактын куткаруу курмандыгы аркылуу «келечектеги каардан кутула алабыз». Тозокто азап тартуунун ордуна, биз куткарылуунун кубанычын жана бейиштин кереметтерин бөлүшө алабыз. Биз «Кудайга тобо кылууну жана Теңирибиз Ыйса Машайакка ишенүүнү» тандаганда, биз Асмандагы түбөлүк жашоону тандайбыз[416].

## Адашуудан сак болуу: Түбөлүктүү натыйжаларды унутуу

Жердеги жашоодо көптөгөн чечимдер акыркы болуп көрүнбөйт. Эгер убакыт болсо, көптөгөн чечимдер акыркы болуп көрүнбөйт. Эгер убакыт болсо, көптөгөн каталарды оңдоого болот. Көптөгөн чечимдердин түбөлүктүү натыйжалары бар экенин унутпашыбыз керек. Өлгөндөн кийин биздин түбөлүк тагдырыбызга таасир эткен аракеттерди, же башка адамдардын тандоосуна таасир эткен аракеттерди оңдой албайбыз.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Ар бир адам бейиште же тозокто түбөлүк болот. Асман – бул Кудайдын үйү, ал жерде ишенүүчүлөр Кудай менен жашайт жана Ага кубаныч менен тобо кылышат. Асманда күнөө жок, демек, күнөөнүн натыйжасы болгон азап-кайгы да жок. Тозок – бул Машайакка ишенбеген жана күнөөдөн куткарылбагандар үчүн түбөлүктүү, кайтарылгыс, азаптуу жазанын жери. Тозок – бул түбөлүктүү Кудайга каршы, билип туруп күнөө кылгандардын адилет жазасы.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

[416] Элчилердин иштери 20:21.

Аян, 22:1-5; Аян, 22:10-17; Лука, 16:19-31; Ышайа, 5:11-16; Матфея, 5:27-30.

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, кеминде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

**Басылып чыгарылган булактар**

Lewis, C.S. “The Weight of Glory,” in The Weight og Glory and Other Addresses. New York: Macmillian Publishing, 1980.

Purkiser, W.T. editor. Exploring Our Christian Faith. Kansas City, MO: Beacon Hill Press, 1967. Especially chapter xxviii, “The Future Life.”

Wesley, John. “The Great Assize,” in Wesley’s 52 Standard Sermons. Salem, OH: Schmul Publishing, 1988.

**Түбөлүктүк**
**Тесттин суроолору**

(1) Асмандын негизги иши эмнеде?
(2) Асманда эмне болбойт?
(3) Бейишке кимдер барат?
(4) Ишенүүчүлөр качан бейишке барышат?
(5) Ыйык Китепте тозок жөнүндө кандай үч нерсе айтылат?
(6) Ыйса адамдын колун кесип салганы жакшы деп айтканда, ал эмнени айткысы келген?
(7) Эмне үчүн тозок түбөлүктүү?

**Түбөлүктүк**

**Тесттик суроолорго жооптор**

(1) Табынуу.
(2) Бейиште күнөө жана анын кесепети жок: карылык, оору, өлүм.
(3) Өмүр китебине аты жазылган, күнөө үчүн тобо кылып, Ыйса Машайакка ишенген адамдар.
(4) Өлгөндөн кийин же Машайак келгенде.
(5) Түбөлүктүү, кайтарылгыс, азаптуу.
(6) Тозокко түшүп калбаш үчүн күнөөдөн баш тартуу.
(7) Чексиз Кудайга каршы чыгуу күнөө болуп саналат, күнөөкөр Кудайга түбөлүк кызмат кылуудан баш тартат; адам да түбөлүктүү болгондуктан Кудайдан бөлүнүүнү тандаса, анда башка барар жери жок.

# 14 - Сабак
# Акыркы убакыттагы окуялар

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Акыркы убакыттагы окуялар жөнүндөгү темаларынын маанилүүлүгү.
(2) Машайактын кайтып келиши жана Анын машайакчылардын жашоосу үчүн мааниси.
(3) Бардык адамдардын тирилүүсү жана дененин баалуулугу.
(4) Бардык адеп-ахлактуу жандыктардын акыркы соту.
(5) Кудайдын Түбөлүк Падышалыгы.
(6) Акыркы убакыттагы окуялар жөнүндө ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – бул окуучуларга жердеги жашоону түбөлүктүүлүк менен кабыл алуунун маанилүүлүгүн түшүнүүгө жардам берүү болуп саналат.

**Акыркы убакыттагы окуялар**

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*Даниел 7: 9-14тү чогуу окугула. Бул үзүндү бизге келечек жөнүндө эмнени айтып жатат?*

Жырткычтын белгиси, мүйүздүн сөздөрү, улуу азап, Машайакка каршы турган, 1000 жыл, 7 жыл, улуу ак такты, жогорудан түшкөн шаар, оттуу көл – булар Ыйык Китептеги пайгамбарлыктын темалары.

► Ыйык Китептеги пайгамбарларды изилдеп жатканыңызда кандай суроолор пайда болот?

## Бул темалардын маанилүү деңгээли

Ыйык Китептеги пайгамбарлардын китебин талкуулоодо көбүнчө маанилүү чындыктарга эмес, майда маселелерге басым жасалат. Пайгамбарлыктардагы темалар баары бирдей маанилүү эмес. Биз бул курста пайгамбарлык жөнүндө баарын камтууга аракет кылбайбыз.

Кээде адамдар жырткычтын белгиси кандай болот, Машайакка каршы турган кайдан келет жана эки күбө кимдер болот деп таң калышат. Бул суроолорго Ыйык Китеп так жооп бербейт жана алар жөнүндө талашуунун кереги жок.

Ыйык Китепте кененирээк түшүндүрүлгөн башка темалар да бар. Мисалы: Ыйса алааматтын башында, ортосунда же аягында кайтып келеби; жана миң жылдык болобу. Бирок, бул окуутулар Жакшы Кабар үчүн маанилүү эмес. Эгерде сиз бул суроолордун бири боюнча бирөөнүн пикири менен макул болбосоңуз, анда алар менен мамилени үзүүгө аракет кылбаңыз.

Ыйык Китептеги пайгамбарчылыктардын өзөгүн түзгөн, негизги чындыктар бар. Алар ушунчалык айкын болгондуктан, Ыйык Китепке ишенгендердин баары аларды кабыл алышат. Бул окуутуулар машайакчынын жашоосуна жана бүткүл машайакчылардын окуутуу системасына таасирин тийгизет.

Келгиле, акыркы убакыттагы окуялар жөнүндө Ыйык Китептеги пайгамбарчылыктарда ачылган төрт зарыл чындыкты карап көрөлү.

## Ыйсанын физикалык түрдө кайтып келиши

Ыйса жерге көзгө көрүнгөн түрдө кайтып келет. Ал азыр жердеги ишенгендер менен Рухта бар болсо да, бүт жер жүзүнүн алдында Өзүнүн даңкталган, тирилген кейпинде кайтып келет[417].

► Ыйса кайтып келгенде эмне болот?

Машайактын кайтып келиши тарыхтын туу чокусу болот. Дүйнөнүн падышалыгы Машайактын падышалыгына айланат. Ага ишенимдүү болгондор сый-урматка ээ болушат. Ага каршы чыккандар басынтылат жана Ал бардык каршылыктарды жеңе турган күчкө ээ болот[418]. Ар бир адам тизе бүгүп, ар бир тил Ыйсанын Теңир экенин моюнга алат[419].

Өтүп кеткен машайакчылар, Машайак менен бирге падышалык кылуу үчүн тирилет [420]. Алар жана тирүү ишенгендер Теңир келгенде, Аны тосуп алуу үчүн асманга көтөрүлүшөт[421].

---

[417] **Окугула.** Аян 1:7.
[418] **Окугула.** Матай 26:64.
[419] Филипиликтерге 2:10.
[420] 2 Тиметей 2:12
[421] 1 Тесалоникалыктарга 4:16-17.

Ыйсанын кайтып келиши – бул бардык машайакчылардын күткөн үмүттү болуп саналат[422]. Анын кайтып келиши биз үчүн эмени билдирерин карап көрөлү: куугунтуктун, азаптын, кайгынын аягы; ыйыктар жана машайакчы туугандар менен жолугушу; ишенимибиздин текке кетпегендигинин далили; биз Ыйсаны көрөбүз; биз асманга көтөрүлүп жана Кудай менен толук болобуз. Мунун баары Анын кайтып келүү убактысына эмес, убада кылгандай кайтып келе турганына көз каранды.

Ыйса күч жана даңк менен кайтып келерин айткан[423]. Ал келип, Өз элин Өзү менен кошо ала кетээрин убада кылган[424]. Периштелер Ал асманга көтөрүлгөндөй эле, кайра келерин айтышкан[425]. Элчилер бул дүйнөнүн акыркы планын ишке ашыруу үчүн Машайактын кайтып келишин күтүп, тобо кылууну жар салышкан[426]. Ыйсанын күч жана даңк менен кайтып келери Жаңы Келишимдеги эң көп окуутулган чындыктардын бири[427].

Ыйсанын экинчи жолу келишинин белгилери бар болсо да, биз Анын качан кайтып келерин так биле албайбыз. Ишенгендер ар дайым Ыйсанын келишин чыдамсыздык менен күтүп, ошого жараша жашашы керек[428].

► Ыйса эмне үчүн кайтып келет?

## Эмне үчүн ал келет?

Биз адамдардын көбү Кудайга каршы чыккан дүйнөдө жашап жатабыз. Бардык жаратылгандар күнөөнүн каргышынан азап тартат. Саясий иш-аракеттерден, социалдык реформалардан, билим берүүнүн өркүндөтүлүшүнөн же өнүккөн экономикадан дүйнө эч качан оңолбойт. Ыйса күтүлбөгөн жерден, оңдоп-түзөө үчүн кайтып келген падыша катары келет.

Бардык адамдар күнөөкөр, бирок алар Кудайдын падышачылыгына тобо кылуу менен кошулшса, алар келе жаткан соттон кутула алышат. Кудайдын падышалыгы тобо кылып, ишенгендердин арасында аракеттенет [429]. Бул падышалык Ыйса кайтып келгенде, толук жана ачык келет.

► Ыйсанын кайтып келерин билип туруп, кантип жашашыбыз керек?

---

[422] **Окугула.** Титке 2:13.
[423] Матай 24:30.
[424] Жакан 14:3.
[425] Элчилердин иштери 1:11.
[426] **Окугула.** Элчилердин иштери 3:19-21.
[427] I Тес. 4:15-16; II Тес.1:7, 10; Тит. 2:13; Эвр. 9:28; Жкп. 5:7-8; I Пет.1:7, 13; II Пет.1:16; 3:4, 12; I Жкн. 2:28.
[428] **Окугула.** Марк 13:33-37.
[429] Марк 1:14-15, 9:1.

Биз Ыйсанын алгачкы жолдоочуларынын баалуулуктарын унутпашыбыз керек. Биз ишенимибизди сактоого жана «аягына чейин чыдамкай болууга» чакырылганбыз. Бул дүйнөнүн ырахаттары үчүн, Машайактын келишин унутушуна жол бербөө жөнүндө эскерилген[430]. Биз түбөлүк баалуулуктар менен жашайбыз, анткени бул дүйнөдө баары убактылуу жана мунун баары өтүп кетет. Биз «сергек» болушубуз керек, бул жөн гана асманды карап, Анын көрүнүшүн күтүп отурбастан, Анын кайтып келиши бизди таң калтырбашы үчүн, рухий жактан сергек болуу дегенди билдирет[431]. Биз Ага окшош болгубуз келгендиктен тазалыкты тилеп, таза жашоону талап кылышыбыз керек[432].

Бүгүн Ал кайтып келбейт деп жашагандар, Ал келгенде даярдыгы жок болот[433]. Машайактын келиши күн күркүрөгөндөй болот[434] жана Ал келгенден кийин эч ким, эч нерсени өзгөртө албайт.

Биз Анын келишин, (1) түбөлүк баалуулуктарды сактоо менен, (2) таза жашоо менен, (3) сыйынуу аркылуу рухий жактан коргоо менен күтөбүз.

## Бардык адамдардын денеси менен тирилүүсү

Биз дененин түбөлүк баалуулугун билебиз, анткени Ыйык Китепте бардык адамдардын тирилүүсү жөнүндө айтылат.

Кайрадан тирилүү жөнүндө окуутуу маанилүү[435]. Элчи Пабыл 1 Корунттуктар 15те тирилүүнү четке кагуу, Жакшы Кабарды жокко чыгарууга барбар экенин түшүндүргөн. Эгерде тирилүү жок болсо, анда Ыйса тириле алмак эмес [436]. Эгерде Ыйса өлгөндөрдүн арасынан тирилбесе, анда Жакшы Кабар чындык боло албайт жана эч ким куткарылбайт[437].

Бардык адамдар тирилет, бирок баары бир убакта эмес. Ыйса кайтып келгенде, өлгөндөрдү тирилтет жана Ага ишенгендердин баарын алып кетет[438].

---

[430] Лука 21:34-36.

[431] Марк 13:33-37 Грек тилиндеги «сергек болуу» деген сөз бир нерсени издөө эмес, даяр болуш керек дегенди билдирет.

[432] 1 Жакан 3:3.

[433] 1 Тесалоникалыктар 5:1-6 караңгылыкта, бул дүйнө үчүн жашагандар Машаяктын кайтып келишине таң калышарын көрсөтөт. Биз үчүн Ал "уурудай" кайтып келбейт.

[434] Мат. 24:27; 1 Кор. 15:52.

[435] Муну Пабылдын «тирилүү жөнүндөгү окутууну» жактаган 58 аяттан турган үзүндү жазганы (1 Корунттуктар 15) далилдеп турат.

[436] 1 Корунттуктарга 15:3.

[437] 1 Корунттуктарга 15:17.

[438] 1 Тес. 4:16-17; Аян 20:6.

Күнөө менен өлгөндөр биринчи тирилүүдө тирилишет[439].

Ыйсанын жолдоочулары Ыйса сыяктуу даңктуу денелерде тирилишет[440]. Күнөөкөрлөр түбөлүк жаза үчүн башка формада тирилишет[441].

► Эгер адам дененин тирилүүсүнө ишенбесе, анда эмне өзгөрүлмөк?

«Оо өлүм, чаккан жериң кайда? О караңгылыктын падышалыгы, сенин жеңишиң кайда? Машайак тирилди, сен жок болдуң, жиндер куулуп чыгарылды. Машайак тирилди жана периштелер кубанып жатышат. Машайак жашоонун үстүнөн жеңиш берип, кайра тирилди. Машайак кайра тирилди жана мүрзө бош болду. Машайак кайра тирилип, баш болуп, уктап калгандарды ойготту. Ал түбөлүк даңкка жана урматка татыктуу». (Иоанн Златоуст, «Тирилүү насааты»).

Бир күнү кайра тирилебиз деген ишеним, биздин жашообузга таасир этет. Биз бул окуутуунун практикалык натыйжаларын четке каккан адамдардын мисалдарын карай алабыз. Коринттагы кээ бир адамдар адамдын денеси тирилбейт деп ишенишкен. Бул жаңылыштыкка ишенгендер, экиге бөлүнгөн. Биреөлөрү: «Дене тирилбейт, рух жана маанилүү. Демек, дене менен кылган күнөөлөрүбүз олуттуу эмес. Биз ойноштук кылсак болот, анткени дене баары бир ташталат»[442] деп ойлочу.

Башкалары: «Дене тирилбегендиктен, ал пайдасыз жана жамандыкка толгон. Биз дененин баардык каалоолорун басып, даамдуу эч нерсе жебей, үйлөнүү ырахатын албашыбыз керек» деп ойлочу.

Бул эки ката тең тирилүүнү четке кагуудан келип чыккан. Ыйсанын тирилүү жөнүндөгү окуутуусу дененин баалуулугун күбөлөндүрөт. Эң баалуу нерсе, Ыйсанын жолдоочуларынын денеси – бул кун төлөнүп, Ыйык Рух жашаган ыйык үй, Машайактын мүчөсү кайра тирилип, даңкталат[443].

Тирилүү жөнүндөгү окуутуу зарыл анткени ал (1) Ыйса өлгөндөрдүн арасынан тирилген, (2) бардык адамдар тирилет, (3) дене түбөлүк баалуулукка ээ жана, (4) Жакшы Кабар чындык экенин билдирет.

[439] Аян 20:13.
[440] 1 Жакан 3:2.
[441] Жакан 5:28-29.
[442] 1 Корунттуктар 6:13—14-аяттарды карагыла. Алардын айрымдары «Тамак кардың үчүн, кардың тамак үчүн» деген ураан бар окшойт, демек, дененин каалоону канаагаттандыруудан башка пайдасы жок. Апостол денени кыянаттык менен пайдалануу үчүн сот жөнүндө айтып: «Кудай тигини да, муну да жок кылат» деген. Анан мындай дейт: «дене Теңир үчүн . . . Теңирди тирилткен Кудай Өз кудурети менен бизди да тирилтет».
[443] **Окугула.** 1 Корунттуктарга 6:14, 15, 19, 20.

## Сот

Өмүр китебинде ысымдары жок адамдар үчүн акыркы сот болот. Бул алардын жашоосунун аягы эмес, бирок бул тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүнүн аягы. Алар үчүн түбөлүккө өзгөртүүгө мүмкүн болбогон чечимдердин чексиз натыйжасы болот, аны мындан ары өзгөртүүгө болбойт.

Сот – биздин чечимдерибиз дароо натыйжа бербесе да, аларды ойлонуу менен кабыл алууга түрткү берет. Кээ бир адамдар өз иш-аракеттеринин натыйжаларын көзөмөлдөй алса эле, тынчсыздана турган эч нерсе жок деп ойлошот. Алар күнөө эч кимге зыян келтирбесе, жаман нерсе эмес деп эсептешет. Бирок чындыгында ар бир күнөөнүн өзүнүн зыяны бар, зыяны тийбесе дагы, күнөөнүн өкүмү бар, ага көңүл бурбай коюуга болбойт. Кудайдын Сөзүндө адамдар кылган иштерине жараша соттолот деп айтылат[444].

Сотто кээ бирөөлөр түбөлүк жазага тартылса, башкалары түбөлүк сыйлык алышат. Ыйык Жазууда өздөрүнүн иштерине жараша соттолушу үчүн тирилишкен күнөөкөрлөрдүн сотунун көрүнүшү сүрөттөлөт[445]. Ыйсанын жолдоочулары үчүн дагы бир сот болот, алар татыктуу, туруктуу натыйжаларга ээ болгон иштери үчүн сыйлык алышат[446].

Соттун болушу күнөөнүн бир күнү жок болорун көрсөтүп турат. Күнөөсүз дүйнөнү элестетүү кыйын, бирок Кудайга каршы чыгуу токтой турган күн келет.

Кудай биздин дайыма коркуу менен жашашыбызды жана коркуп жашоого аракет кылышыбызды каалабайт. Бирок, алдыдагы сот жөнүндөгү билимибиз бизге жашообузду жетектөө үчүн жоопкерчилик сезимин берет.

Биз (1) күнөөнүн олуттуулугун, (2) Кудайдын алдындагы жоопкерчилигибизди, (3) тандоолорубуздун маанилүүгүн жана (4) күнөөнүн аягы эмне болорун түшүнүү үчүн сот жөнүндө билишибиз керек.

## Кудайдын Түбөлүк Падышалыгы

Кээ бир философтордун жана диндердин өкүмдөрүнө ылайык, убакытын башталышы да, аягы да жок, ар кандай циклдер менен түбөлүк уланат жана эч бир окуя, нерсени түбөлүккө өзгөртө албайт деп ишенишет.

---

444 **Окугула.** 2 Кор. 5:10; Рим. 2:6-11.
445 Аян китебин караңыздар 20:11-15.
446 **Окугула.** 1 Корунттуктарга 3:14-15.

Бирок Ыйык Китепке ылайык, убакыттын башталышы бар жана аяктап бараткан окуялардын тизмеси бар. Ыйык Китепте жаратуу, кийин адамдын кулашы, андан кийин Кудайдын адамзат тарыхынын бардык кылымдарындагы куткаруу планы сүрөттөлөт.

> «Миң жыл түбөлүктүү Кудай үчүн бир күн сыяктуу. Ошондуктан «Ал бизди чыдамдуулук менен карайт»: Ал бизге Өзүнө ыңгайсыздык жаратпай, тообо кылууга убакыт берет. Башкача айтканда, Кудайдын убактысы Анын эркине ылайык, жай же тез жылышы мүмкүн. Ар нерсенин акырын тездетүүгө же кечиктирүүгө эч кандай себеп жана муктаждык болушу мүмкүн эмес» (Джон Уэсли, *Жаңы Келишим боюнча эскертүүлөр, 2 Петир боюнча эскертүүлөр, 3-бөлүм*).

Башталыш китебинде биз күнөөнүн кантип пайда болгонун көрөбүз жана Аян китебинде Кудайдын түбөлүк шаарында эч кандай күнөө жок деп айтылат. [447]. Башталыш китебинде өмүр дарагын жоготуп, ал үчүн өлүм жазасын көрөбүз, ал эми Аян китебинде биз өмүр дарагынын калыбына келтирилишин, өмүр китебиндеги ысымдарды жана өмүр суусунун дарыясына чыкырууну көрөбүз[448].

Кудайдын акыр заманда бизге билдирген планы ишке ашарын билебиз. Бул Кудайдын толук жана Түбөлүктүү Падышалыгын орнотуу болот.

Кудай ар дайым ааламдын Падышасы болгон, бирок адам кулагандан бери адамдардын көбү Кудайдын Падышалыгына каршы чыккан. Бул күтүлбөгөн жерден бүтөт жана Кудай түбөлүктүү, жалгыз башкаруучу болот. Дүйнө Кудай каалагандай, Асман сыяктуу кемчиликсиз болот.

## Адашуудан сак болуу: Жердеги жашоого көңүл буруу

Адамдар жер бетиндеги жашоо түбөлүккө созула тургандай жашоого умтулушат. Шартыбызды жакшыртууга, көйгөйлөрүбүздү чечүүгө, бизди канагаттандырган чөйрөнү түзүүгө аракет кылабыз. Биз чатырларда жашап, тынымсыз көчүп-конуп, түбөлүк үйдү күткөн Ыбрайымдай болушубуз керек (Эврейлерге, 11:8-10, 14-16). Биз куруп жаткан нерселер, бизде бар нерселер жана биз түзгөн шарттар убактылуу экенин унутпашыбыз керек. Биз түбөлүк баалуулук үчүн аракет кылышыбыз керек.

---

[447] Аян 21:27.
[448] Аян 22:1, 2, 19.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Ыйса убада кылгандай кайтып келет, өтүп кеткен ишенгендерди тирилтет жана бардык ишенгендерди Өзүнүн Падышачылыгында падышалык кылууга алат. Ар би радам кылган иштери үчүн соттолот, өлгөндөрдүн арасынан тирилет, андан кийин же түбөлүк сыйлык алат, же түбөлүк жазаланат. Кудайдын Падышалыгы толугу менен орнолот жана Кудай түбөлүккө падышалык кылат.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

### Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Матфей, 25:31-46; 2 Петр, 3:1-14; 1 Корунттуктар, 15:51-58; Аян, 20:11-15; Даниел, 2:31-45.

*Бул курс бүткүчүктү ар бир студент ушул сабакты же айрым бир бөлүгүн, кеминде жети жолу башка топторго: жыйынга, үй жыйынга же башка топторго өтүшү керек. Мындай мүмкүнчүлүктү издөө студенттин милдети.*

### Басылып чыгарылган булактар

Ladd, George Eldon. *The Blessed Hope.* Grand Rapids, MI: Eerdmans, 1992.

Wiley, H. Orton & Culbertson, Paul T. Introduction to Christian Theology. Kansas City, MO: Beacon Hill Press, 1949.

**Акыркы убакыттагы окуялар**
**Тесттин суроолору**

(1) Ыйык Китептеги пайгамбарлардын китебин ачып берген төрт маанилүү чындыкты атап чыккыла.
(2) Машайак кайтып келгенде, машайакчылар менен эмне болот?
(3) Машаяктын кайтып келишин кантип күтүшүбүз керек?
(4) Тирилүү жөнүндөгү окутуу эмне үчүн маанилүү?
(5) Сот жөнүндө билүү эмне үчүн маанилүү?

**Акыркы убакыттагы окуялар**
**Тесттик суроолорго жооптор**

(1) Ыйсанын физикалык түрдө кайтып келиши, бардык адамдардын денелик тирилүүсү, сот жана Кудайдын түбөлүк Падышалыгы.
(2) Өлгөндөр кайра тирилишет. Бардык машайакчылар Теңирди тосуп алуу үчүн тирилишет.
(3) Биз Анын келишин, (1) түбөлүк баалуулуктарды сактоо менен, (2) таза жашоо менен, (3) сыйынуу аркылуу рухий жактан коргоо менен күтөбүз.
(4) Тирилүү жөнүндөгү окуутуу зарыл анткени ал (1) Ыйса өлгөндөрдүн арасынан тирилген, (2) бардык адамдар тирилет, (3) дене түбөлүк баалуулукка ээ жана, (4) Жакшы Кабар чындык экенин билдирет.
(5) Биз (1) күнөөнүн олуттуулугун, (2) Кудайдын алдындагы жоопкерчилигибизди, (3) тандоолорубуздун маанилүүгүн жана (4) күнөөнүн аягы эмне болорун түшүнүү үчүн сот жөнүндө билишибиз керек.

# 15 - Сабак
# Байыркы ишеним белгилери

**Сабактын максаты**

Бул сабактын аягында студент төмөнкүлөрдү билүүгө милдетүү:

(1) Ишеним белгилеринин максаты жана пайдасы, ишенимди билдирүү катары.
(2) Ыйык Китептеги ишеним белгилеринин мисалдары.
(3) Үч тарыхый ишеним билдирүнүн келип чыгышы жана мазмуну.
(4) Эмне үчүн азыркы машайакчылар тарыхый машайакчылыкты карманышы керек.
(5) Ишеним жөнүндө ишеним билдирүүсү.

Бул сабактын тажрыйбалык максаттарынын бири – бул алгачкы жыйындын түпкү ишеним билдирүүлөрүн баалоого окуучуларды чакыруу.

## Байыркы ишеним белгилери

*Тест жазгандан кийин, мурунку сабактын максаттарын пайдаланып, өткөн сабакты кайталагыла, андан кийин берилген аяттарды окугула.*

*2 Жаканды чогуу окугула. Бул үзүндү жыйындын алгачкы окутууларынын маанилүүлүгү жөнүндө эмне дейт?*

## Ишеним белгилеринин келип чыгышы

Ишеним белгилери – бул негизги машайакчылык ишенимдеринин кыскача жыйыдысы болуп саналат. Алгачкы жыйын Ыйык Китептеги окутууларды жыйынтыктоо зарылдыгын көрүшкөн.

► Эмне себептен жыйындарга ишеним белгилери керек болгон? Ыйык Китеп жетишсиз болдубу?

Ар мезгилде Ыйык Китепке ишенгендигин билдирген, бирок ага карама-каршы келген окутууларды үйрөткөн адамдар болгон. Ошондуктан жыйын чыныгы машайакчылыкты жалган машайакчылыктан айырмалаган Ыйык Китептеги окутуулардын жыйындысын иштеп чыккан.

Ошондуктан алгачкы сөздөрдүн бири: «Теңир - Ыйса» деген сөз болгон, бул Ыйса – Кудай дегенди билдирет. «Теңир Ыйса Машайак» деген сөздөр да Ыйса Машайак (*Christos*) жана Ал Кудай экенин билдирет. Ыйсаны Теңирибиз деп айтуудан же «Теңирибиз Ыйса Машайак» деген сөздөрдү колдонуудан баш тарткан адам чыныгы машайакчы деп эсептелген эмес.

Кийинчерээк өздөрүн машайакчыбыз деп ырасташкан, бирок Ыйсанын адам экенине ишенбеген адамдар болгон. Ошондуктан, 1 Жакандан биз ишеним белгисинен келген билдирүүнү көрөбүз: «Ал эми адам болуп келген Ыйса Машайакты ачык тааныбаган рух Кудайдан эмес»[449]. Ошондой эле, элчи эгерде адам Машайактын негизги окутууларын кабыл албаса, анда ал күнөө кылып жатат жана андай адам Кудайдан эмес деп айткан[450].

«Түбөлүк куткарылуу үчүн, Теңир Ыйса Машайактын адам болгонуна бекем ишенүү керек. Эгерде биз Ыйса Машайак Кудайдын Уулу, Кудай жана Адам экенине ишенсек жана моюнга алсак, бул биздин адил ишенимибиз болот.
- Афанасий ишеним белгиси.

Эң алгачкы ишеним белгилердин бир нече билдирүүлөрү 1 Тиметей, 3:16да жазылган:

> «Кудай адам болуп келди, Анын адил экендиги Рух аркылуу далилденди, Ал периштелерге көрүндү, элдер арасында жар салынды, дүйнөдө ишеним аркылуу кабыл алынды, даңк менен жогору көтөрүлдү».

1 Тиметейдеги ишеним белгиси – Ыйса Машайактын адам катары бул дүйнөгө келнгендиги, Кудай жана адам болгонун баса белгилейт.

Бул кыскача ишеним билдирүүлөрүн жазууда, бир белгилүү максат болгон. Эгерде Ыйсанын алгачкы жолдоочуларынын бири Ыйсага жана Ыйык Китепке ишенем деген адамды жолукса, Ыйсанын жолдоочусуз мындай суроо берчү: «Сен Ыйса Теңирибиз экенине ишенесиңби?» же «Сен Ыйсаны адам болуп келген Кудай экенине ишенесиңби?» Эгерде ал адам «жок» деп жооп берсе, анда Ыйсанын жолдоочусу ал адамдын Ыйык Китептин окуутуларын чындап эле билбестигин жана кабыл албай турганын түшүнгөн.

Элүүнчү күн майрамынан кийин, биринчи кылымдарда жыйын Үч бирдиктүү Кудай жөнүндө, Ыйсанын денеде келгендиги жана Ыйык Рухтун инсандыгы жөнүндө ачык-айкын билдирүүлөрдү иштеп чыгуу зарылдыгын

---

[449] 1 Жакан 4:3.
[450] 2 Жакан 9.

көргөн. Алар жаңылыштыктан сактачуу, окутуулардын стандарттарын белгилешкен. Ишеним белгилери бардык маселелерди чечкен эмес, бирок адам бул алгачкы ишеним белгилерине ишенбесе, ал машайкчы деп эсептелчү эмес.

Төмөндө алгачкы жыйындын үч ишеним белгиси бар.

### Элчилердин ишеним белгиси

Элчилердин ишеним белгиси, элчилер тарабынан жазылган эмес, ал экинчи кылымда элчилердин окутууларын түшүндүрүү үчүн жазылган.

« Мен асман менен жерди Жараткан, Кудуреттүү Атабыз Кудайга ишенем.

> Жана Ыйса Машайакка, Анын жалгыз Уулуна, биздин Теңирибизге, Ыйык Рухтан бүткөн, кыз Мариямдан төрөлгөн, Понтий Пилаттын учурунда азап чеккен, айкаш жыгачка кадалган, өлгөн жана көмүлгөн, тозокко түшүп, үчүнчү күнү өлгөндөрдүн арасынан тирилген, асманга көтөрүлүп Кудуреттүү Кудай Атанын оң жагында отурган; ошол жерден тирүүлөрдү жана өлгөндөрдү соттош үчүн келе жатканына ишенем.
>
> Ыйык Рухка, Ыйык Ааламдык жыйынга, ыйыктардын биригүүсүнө, күнөөлөрдүн кечирилишине, дененин тирилүүсүнө, түбөлүк өмүргө ишенем. Оомийин».

Кыязы, бул ишеним белгисин жазуу максаты – Ыйсанын толук адам экенин жана кыз Мариямдан төрөлгөнүн четке каккандардын каталарын көрсөтүү болгон окшойт.  Кээ бири Ыйсанын чын эле өлгөнүнө ишенбесе, кээ бири денеде тирилгенине ишенген эмес.

Элчилердин ишеним белгисинде Ыйык Рух жөнүндө өтө аз айтылат. Бул жыйын Ыйык Рух ким экенин билбегендиктен эмес, бир Ыйык Рухтун инсандыгы жөнүндө жыйында адашуулар эбак эле башталгандыктан. «Католик» деген термин «универсалдуу» дегенди билдирет, бул бир гана чыныгы жыйын бар экендигин түшүндүрөт. «Күнөлөрдүн кечирлиши» деген сөз, иштер менен же ырым-жырымдарды аткаруу эмес, бирок ырайым менен куткарылууну билдирет.

### Никей ишеним белгиси

Никей ишеним белгиси 325-жылы жыйындын кеңешинде түзүлгөн. Анын максаты – Машайактын жана Ыйык Рухтун кудайлыгы жөнүндөгү

окутууларды коргоо болгон. 381-жылы дагы бир чогулган кеңеште, бир нече бирдирүүлөр кошулган. Бул ишеним белгиси мурда көтөрүлбөгөн кээ бир маселерди камтыган.

> «Мен Жалгыз Кудайга, Кудуреттүү Атага, асман менен жерди, көрүнгөн жана көрүнбөгөн нерселердин Жаратуучусуна ишенем».
>
> Жана Жалгыз Теңир Ыйса Машайакка, Кудайдын Уулуна; бардык ааламдын алдындв Атасынан төрөлгөн, Кудайдын Кудайы, Жарыктын Жарыгы, чыныгы Кудайдын чыныгы Кудайы, төрөлгөн, жаратылган эмес; Ата менен табияты бир турган; Ал аркылуу бардык нерселер жаратылган; биз үчүн, адамдар үчүн жана биздин куткарылышыбыз үчүн, Ал асмандан түшүп, Ыйык Рухтун күчү менен кыз Мариямдын курсагында бала болуп, адам болуп төрөлгөн; Понтий Пилаттын тушунда биз үчүн айкаш жыгачка кадалган; азап чегип жана көмүлгөн; үчүнчү күнү Ыйык Жазуу боюнча тирилген; асманга көтөрүлүп, Кудайдын оң жагында отурган; Ал өлгөндөрдү да, тирүүлөрдү да соттош үчүн кайрадан даңк менен келет деп ишенем.
>
> Мен Ыйык Рухка,
> Атадан жана Уулдан келген, Теңир жана өмүр Берүүчү болгон; Ал, Ата жана Уул менен бирге сыйынышат жана даңкталат; Ал пайгамбарлар аркылуу сүйлөгөн; жана бирдиктүү Католик жана Апостолдук жыйынга; күнөөлөрдүн кечирилиши үчүн бир чөмүлүүгө; өлгөндөрдүн тирилүүсүнө жана түбөлүк өмүргө ишенем. Оомийин».

► Сиз бул ишеним белгисинде, элчилер ишеним белгисинде болбогон кандай нерселерди көрдүңүз?

Бул жерде Үч Бирдиктүү Кудайдын, Үч инсан жөнүндө, кеңири айтылган сөздөрдү көрөбүз. Ыйсаны Кудай экенине ишенип, бирок ошол эле учурда Анын кудайлыгын төмөндөтүп жаткандарга эскертүү катары, Машайактын толук кудайлыгына басым жасалат. Ал түбөлүктүү («ал төрөлө электе эле бар болгон»), жаратылган эмес, Ата менен табияты бир. Атасы Кудай деп аталса, Ыйса да Кудай деп аталат.

Ошондой эле, биз Атага жана Уулга сыйынгандай Ыйык Рухка сыйынышыбыз керек. Бул Анын Кудай экенин далилдейт.

### Халкидондук ишеним белгиси

Халкидондук ишеним белгиси 451-жылы жазылган. Анын максаты

Машайактын денеде келгендиги жөнүндө окутууну коргоо болгон. Анын сүйлөмдөрүн түшүнүү кыйын. Жазуучулардын максаты Машайак толугу мене Кудай жана толук адам деген окутууларды коргоо болгон, бул эки аспекти тең караш үчүн. Аягында жазуучулар бул окутууларды салттуу жана Ыйык Жазуу боюнча деп кабыл алышаарын белгилешет. Алар жаңы идеяларды иштеп чыгышкан жок, бирок жыйын ар дайым ишенип келген нерселерди гана коргошкон.

> «Ошондуктан, биз Ыйык аталарды ээричип, бардыгыбыз бир макулдук менен, адамдарга бир эле Уулду, биздин Теңирибиз Ыйса Машайакты жеткилең Кудай жана Адам болуу жагынан жеткилең, чыныгы Кудай жана чыныгы адам; аң-сезимдүү жан жана денеден турган, Ал Өзүнүн Кудайлыгы боюнча Атасы менен бир табиятка ээ жана адамдык кейпинде биз сыяктуу табиятка ээ; күнөөдөн башка бардык жагынан бизге окшош; Кудай Атадан кылымдар мурун төрөлгөн жана ушул акыркы күндөрү, биз үчүн жана биздин куткарылышыбыз үчүн, кыз Мариямдан төрөлгөн – адам; бир эле Машайакка, Уул, бир гана жаралган, эки табиятта таанылышы үчүн, өзгөрбөс, бөлүнгүс, ажырагыс – ошондуктан биримдик табияттын ортосундагы айырманы эч качан бузбайт, бирок ар бир табияттын касиети сакталып, бир Инсанга бириктирилген; биз Жалгыз Уулду, Кудайдын Сөзү болгон Теңирибиз Ыйса Машайакты таануга үйрөткөндөй жана Теңирибиз Ыйса Машайак Өзү үйрөткөндөй жана кандайдыр бир жол менен аталардын белгилерин бизге тапшырды ».

► Ушул ишеним белгисинен өзгөчө баса белгиленген бир нерсени көрө алдыңызбы?

Машайактын кудайлыгы Ыйсанын асманда болгон нерселеринен гана турбайт. Ыйсанын алгачкы жолдоочулары Анын адам кейпиндеги Кудай экенине ишенишкен. Ал жер бетинде жашаганда Кудайдын жана адамдын бардык сапаттарына ээ болгон. Алар Машайактын бул табиятын Куткаруучунун өзгөчө касиети катары көрүшкөн.

**Бүгүнкү күндөгү ишеним белгилери**

Жыйындын түптөлгөнүнөн бери көптөгөн кылымдар өттү. Дүйнө көп жагынан өзгөрүлдү. Көптөгөн диний ишенимдер пайда болду.

Кээ бир адамдар өзгөрүлбөй турган окутуулар жок деп эсептешет. Алар өздөрү каалаган нерсеге ишенип, өздөрүн машайкчы деп эсептешет.

► Биз алгачкы ишеним белгилерине ишенишибиз керекпи?

Алгачкы ишеним белгилеринде сүрөттөлгөн Ыйык Китептин Кудайы өзгөрүлбөйт. Ыйсанын алгачкы жолдоочулары Кудай аларды Ага болгон ишенимине жооп кылып куткарганын билишкен. Ишеним белгисиндеги Кудайдын табияты жана куткарылуу жолу жөнүндөгү билдирүүлөр алгачкы машайакчылыктын пайдубалы болгон.

«Ар бир жаңы окутуу астыртан жалган, анткени бир гана баштапкы окутуу жалгыз туура болушу мүмкүн; бир дагы окутуу чындыкка дал келбейт, эгерде ал "башында эле болгонго" дал келбесе» (Джон Уэсли, насаат сөз«Ишенгендердин күнөөлөрү»).

Бул – адам бардык окутууларга туура ишенбесе, куткарыла албайт дегенди билдирбейт. Куткарылуу үчүн бардык окутууларды билүү зарыл эмес. Адам чындыкты туура көрүп жатам деп, бирок кээ бир нерселерде жаңылышы мүмкүн.

Бул сабакта берилген байыркы ишеним белгилери эң негизги окутууларды гана камтыган. Эгерде жыйындын Кудайга болгон көз карашы, бул негизги нерселерден башкача болсо, анда куткарылуунун башка жолун ойлоп табышы керек, бул болсо жалган Жакшы Кабар. Жана алар өздөрүн машайакчы деп атабашы керек, анткени алар жаңы динди ойлоп таап жатышат.

Албетте, ар ким өзү каалаган нерсеге ишене алат, бирок машайакчылык ишенимдин негиздерине ишенбесе, ал машайакчы эмес.

Биринчи кылымдарда азырындай конфессиялар болгон эмес. Бир гана жыйын болгон. Демек, бул ишеним белгилери жалпы жыйын тарабынан жактырылган. Бүгүнкү күндө Ыйык Китепти урматтап-сыйлаган жыйындар, кээ бир ойлорго макул болбосо да, ишеним белгилерин карманышат.

Алгачкы жыйын Кудай менен болгон мамиле эң манилүү экенин билген. Алар Кудай менен болгон мамилеси аркылуу куткарыларын билишкен. Ошондуктан алар үчүн Кудайдын кандай экенин билиши абдан маанилүү болгон.

Жүйүт китебинде жыйынга берилген ишенимди коргошубуз керектиги эскертилет[451]. Жакшы Кабарды таратууда, ишенгендерди шакирттөөдө кызматка чакырылгандарды окутууда жана ишенимдүү кызмат кылууда, Кудай Өзүнүн чындыгы майласын.

[451] Иуды, 3.

## Адашуудан сак болуу: эң туура конфесия

Бир уюмга бириккен жыйындардын тобу – конфессия деп аталат. Өздөрүн машайакчыбыз деп атаган миңдеген конфессиялар бар. Конфессияга кирбеген миңдеген көз карандысыз жыйындар бар. Кээде конфессия Жакшы Кабарды таратуудан келип чыгат. Эгерде кайсы бир аймакта ишенимге келгендер көп болсо жана аларга кам көрө турган конфессия жок болсо, жаңы конфессия пайда болушу мүмкүн. Ошондой эле, конфессия белгилүү бир өлкөдөгү миссионерлердин иши менен башталышы мүмкүн.

Кээде конфессия алар турган жыйындын тарабынан манилүү окутуу четке кагылган же көңүл бурулбаган деп эсептеген адамдардын тобунан келип чыгат. Алар окутуу жактан туура болуу ниети менен жаңы конфессияны башташат. Убакыттын өтүшү менен алар окутууларын өнүктүрүүнү уланта беришет. Алардын Ыйык Китептеги түшүнүктөктөрү башка топтордон айырмалангандыктан, алардын конфессиясынын окутуулары башка конфессиялардын окутуусунан айырмаланат.

Конфессиялар ошондой эле туура табынуу жана машайакчылардын жашоосунун деталдарын өнүктүрүшөт. Конфессиялар бири-биринен салттар менен айырмаланат.

Көптөгөн конфессиялар өздөрүн жалгыз чыныгы жыйын деп жарыялашпайт. Эгерде уюм өзүн жалгыз туура деп айтса, ага ишенүүгө болбойт.

Ишенбегендер машайакчылыктагы айырмачылыктарды жана ар түрдүүлүгүн көрүп, ошол үчүн кабыл алышпайт. Ишенбегендер ар кандай секталар бири-бирине карама-каршы келет деп эсептешет. Ал эми дүнөдөгү көптөгөн адамдар машайакчылардын арасында биримдик жок деп эсептешет.

Конфессия же жергиликтүү жыйын, эгерде алгачкы жыйындын ишеним белгилерине ишенсе, анда алар чынында эле чыныгы конфессия/жыйын болуп саналат. Бул бардык машайакчылык уюмдарынын ортосундагы окутуудагы биримдик. Кичинекей окутуудагы маселелерде жана салттарда ар түрдүүлүк болсо, бул айырмачылыктардан жыйынды машайакчылар эмес деп айтууга болбойт.

## Адашуудан сак болуу: Жеке ишенимди туура эмес түшүнүү

Машайакчы Кудай менен болгон мамиледе жашагадыктан, ал Ыйык Китептеги чындыктарды түшүнүп баштайт. Ал дайма эле башкалардыкындай жыйынтыкка келе бербейт. Ал дайыма эле башкалардыкындай жыйынтыкка келе бербейт. Ал күнүмдүк жашоодо чындыкты колдонгон сайын, башка машайакчылардан айырмаланган эрежелерди иштеп чыгат. Адам өзүнүн ишеними жөнүндө ойлонгондо, ал өзүн машайакчымын деп атаса, анда ал алгачкы машайакчы ишениминин негизги окутууларын кабыл алышы керек экенин түшүнүшү керек.

Машайакчы өзүнүн жыйындагы белгиленген окутууларга ишениши керек. Эгерде ал өзүнүн жыйындагы окутуулар туура эмес деп эсептесе, анда ал жыйында чындап мүчө катары бериле албайт. Жыйындагы окутуулар машайакчыны жетектейт, бирок анын жеке ишеними жыйындын башка мүчөлөрүнүн айырмаланып турат.

Жеке ишеним Ыйык Китепте түздөн-түз айтылган нерсе эмес; бул кимдир бирөөнүн Ыйык Китептеги чындыкты кандайдыр бир маселеге колдонуу аракети.

Ар бир машайакчы Ыйык Китептеги чындыкты өзүнүн жашоосунда чын жүрөктөн колдонушу керек, бирок башкаларды айыптоого шашпашы керек. Бардык машайакчылар алгачкы ишеним белгилеринин окутууларына, ал эми жыйындын мүчөлөрү жыйындагы окутууларды карманышат деп күтүү туура, бирок ар бир адам сиздин жеке ишенимиңизге макул болот деп күтүү туура эмес.

## Ишеним билдирүүсү

*Студенттер ишеним билдирүүсүн жок дегенде эки жолу чогуу окуш керек.*

Ыйык Жазуу бизди машайакчыларды баштапкы окутууларды коргоого чакырат. Ыйсанын алгачкы жолдоочулары Жакшы Кабар жана Кудай менен болгон мамилебиз үчүн маанилүү болгон ишенимдери орнотушкан. Бул окутуулар дагы эле машайакчылардын ишениминин негизги жана ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек.*

## Жазуу тапшырмасы үчүн аяттар

Тит, 1:7-14; Жүйүт, 3-13; 1 Тиметей, 4:1-7; 1 Тиметей, 3:16; 1 Жакан, 4:1-3, 14-15, и 5:12.

*Ар бир студентке шилтемедеги аяттарды сунуштоо керек. Эмки сабакка чейин, студент, ушул тема жөнүндө сунушталган аят эмне деп жаткандыгы тууралуу, ой жүгүртүү жазып келүү керек*

## Басылып чыгарылган булактар

Noll, Mark. Turning Points: Decisive Moments in the History of Christianity. Baker, Grand Rapids.

Gonzales, Justo L. The Story of Christianity, Vol. I. Harper, New York.

## Байыркы ишеним белгилери
## Тесттин суроолору

(1) Ишеним белгиси деген эмне?
(2) Ыйсанын алгачкы жолдоочулары үчүн Ыйса жөнүндө кайсы эки билдирүү зарыл болгон?
(3) Ыйык Жазуудагы бир нече билдирүүлөрдү берген алгачкы ишеним белгиси кайсы?
(4) Элчилер ишеним белгисинин болгон жазуунун максаты эмне болгон?
(5) Никей ишеним белгисинин болгон жазуунун максаты эмне болгон?
(6) Халкидондук ишеним белгисинин болгон жазуунун максаты эмне болгон?

## Байыркы ишеним белгилери

## Тесттик суроолорго жооптор

(1) Бул негизги машайакчылык ишенимдеринин кыскача жыйыдысы болуп саналат.
(2) “Ыйса -Теңир” жана “Теңир Ыйса Машайак”.
(3) 1 Тиметей 3:16
(4) Элчилердин окууларын орнотуу болгон.
(5) Машайактын кудайлыгы жана Ыйык Рухтун жөнүндөгү окутууларды коргоо.
(6) Машайактын денеде келгендиги жөнүндө окутууну коргоо болгон.

# Машайакчылык ишеним негиздери
# Тапшырмалар боюнча отчет

Студенттин аты ______________________________

| Сабак | Тест | Ыйык Жазуудагы аятты изилдөө | Педагогикалык тажрыйба | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Дата | Топтун түрү |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| 4 | | | | |
| 5 | | | | |
| 6 | | | | |
| 7 | | | | |
| 8 | | | | |
| 9 | | | | |
| 10 | | | | |
| 11 | | | | |
| 12 | | | | |
| 13 | | | | |
| 14 | | | | |
| 15 | | | | |

# Койчумандардын Дүйнөлүк Окуу Борборунун Жеткиликтүү курстары

**Ыйык Жашоонун доктринасы жана практикасы**
Бул курста - Кудай машайакчылардан күткөн жана ошого жараша күч-кубат берген ыйык жашоо сүрөттөлөт.

**Ыйсанын жашоосу жана кызматы**
Бул курс - XXI кылымда кызмат жана лидерлик үчүн үлгү катары Ыйсанын жашоосун карап чыгат.

**Машайакчылык ишеним негиздери**
Бул курс - жалпы теологияны, ошондой эле Ыйык Китеп, Кудай, адам, күнөө, Машайак, куткарылуу, Ыйык Рух, жыйын жана акыркы заман окуялары жөнүндөгү машайакчылык окутууларын көрсөтөт.

**Ыйык китеп боюнча Жакшы Кабар таратуу жана шакиртчилик**
Бул курс – Жакшы Кабардагы ыкмаларды жетектеген машайакчылык принциптерди көрсөтөт. Мындан тышкары, жакшы кабар таратуунун түрлөрү сүрөттөлөт жана жаңы ишенгендер менен шакирттик үчүн колдонула турган сабактар берилет.

**Машайакчылык коммуникация принциптери**

Бул курс - байланыш теологиясын, эффективдүү сүйлөө ыкмаларын жана Ыйык Китеп боюнча насааттарды даярдоо жана берүү ыкмаларын камтыйт.

**Жыйындын тарыхын карап чыгуу I**
Бул курста - жыйын өзүнүн миссиясын кантип аткарганын жана алгачкы жыйында Реформацияга чейинки негизги окутууларын кантип коргогондугун сүрөттөйт.

**Жыйындын тарыхын карап чыгуу II**
Бул курста - жыйын Реформация мезгилинен баштап бүгүнкү күнгө чейин кандайча таралып, кыйынчылыктарды жеңгени сүрөттөлөт.

**Жыйындын негиздери**
Бул курс - Кудайдын жыйын үчүн үлгүсүн жана планын түшүндүрөт; Мүчөлүк, чөмүлдүрүү, ондук, нан сындыруу, руханий жетектөө сыяктуу Ыйык Китептеги, маанилүү болгон маселелерди карайт.

**Дүйнөлүк диндер жана жалган окуулар**
Бул курста – Жакшы Кабарга ишенген адмадар, он сегиз диний топтун окутуулары жөнүндө түшүнүүгө жана алар менен туура диалог түзүүгө үйрөнөт.

**Апологетикага киришүү**
Бул курс - машайакчылыктын дүйнө таанымдын илимий, тарыхый жана философиялык негиздерин көрсөтөт жана машайакчылык дининин логикага жана чындыкка канчалык шайкеш келерин көрсөтөт.

**Машайакчылыктагы кеңеш берүүнүн принциптери**
Бул курс - машайакчы лидерлерин сексуалдык, көз карандылык, зордук-зомбулук, травма, кайгы жана башкалар менен байланышкан чөйрөлөрдө күрөшүп жаткан адамдарга жардам берүү үчүн даярдайт.

**Жаңы Келишим дүйнөсү**
Бул курс – Жаңы Келишимдеги 27 китептин негизги окутууларын жана мазмунун карайт.

**Байркы Келишим дүйнөсү**
Бул курс – Байыркы Келишимдеги 39 китептин негизги мазмунун жана ошол убакта болгон окутууларын камтыйт.

**Ыйык Китепти чечмелөөнүн принциптери**
Бул курс - биздин жашообузду жана Кудай менен болгон мамилебизди жетектөө үчүн Ыйык Китепти туура чечмелөөнүн принциптерин жана ыкмаларын үйрөтөт.

**Римдиктерге жазылган кат**
Бул курс - Римдиктерде сүрөттөлгөн куткарылуу жана кызмат теологиясын изилдейт, ошондой эле жыйнда болгон бир нече талаштуу маселелерди талкуулайт.

**Машайкчылыктагы табынууга киришүү**
Бул курс - табынуу ишенгендердин жашоосунун бардык тармактарына кандайча таасир этээрин түшүндүрөт жана жеке жана жамааттык сыйынуу тажрыйбаларын жетектөө үчүн принциптерди берет.

**Эсхатология**
Бул курс -  Даниелдин жана Аяндын китептерин, пайгамбарчылык жазуулардан үзүндүлөрдү изилдеп, Машайактын кайтып келиши, Акыркы Сот жана Кудайдын түбөлүк Падышалыгы сыяктуу негизги окутууларга басым жасайт.

**Кызмат кылган лидерлик**
Бул курска - багытталган лидерлердин машайакчылыктагы жүрүм-туруму; ошол эле учурда лидерлерге баалуулуктарды түзүү, негизги максатты түшүнүү, жалпы максаттарды жана милдеттерди коюу, стратегияны пландаштыруу жана ишке ашыруу, андан кийин жетишкендиктерди майрамдоо аркылуу уюмдун ишмердүүлүгүн кантип багыттоого үйрөтөт.

**Руханий калыптануу**
Бул курста - студенттер Ыйсанын бардык нерсеге карата көз карашын үйрөнүшөт: асмандагы Атасы менен болгон мамиле, момундук, руханий жана жеке тартипти практикалоо, кыйынчылыктарды жеңүү жана Ыйса негиздеген машайакчылык коомчулугуна катышуу.

**Машайакчылыктагы практикалык жашоосу**
Бул курста – Ыйык Китеп принциптери боюнча акчаны кандай башкарууга, айлана-чөйрөнө менен кандай мамиледе болууну, өкмөт менен болгон мамилелерди, адам укуктарын жана практикалык жашоодо колдонууну үйрөтөт.